Мусакожоев Ш. М

# ЭКОНОМИКА I



УДК 330
ББК 65.01 я 73
М 92

*Рецензиялагандар:*
*Атышов Көбөгөн Атышович* – экономика илимдеринин доктору, профессор
*Мейманов Бакыт Каттоевич* – экономика илимдеринин доктору

**Мусакожоев Ш.М.**
М 92 Экономика. Экономикага киришүү. Макроэкономиканын негиздери. Жогорку окуу жайлары үчүн окуу китеби. – Б.: 2017. – 272 б.

ISBN 978-9967-31-629-4

Бул окуу китебинде жогорку окуу жайларындагы программага ылайык экономикалык теория боюнча, экономиканын мааниси, чектелгендик жана тандап алуу маселелери, өндүрүш ресурстары, өндүрүштүн мүмкүнчүлүгүнүн чектери, экономиканын негизги маселелери жана алардын чечилиши баяндалат. Ошону менен катар экономикалык система боюнча теориялык чечмелер берилген.

Экинчи бөлүмүндө: экономикалык өнүгүү, макроэкономикалык саясаттын негизги багыттары (акча-кредит, салык-бюджет, инновациялык-инвестиция, мамлекеттин социалдык жана эл кирешеси боюнча саясаттары, тышкы экономикалык саясат) берилген. Ошону менен катар дүйнөлүк экономика жана дүйнөдөгү глобалдуу маселелер дагы баяндалат.

Үчүнчү бөлүмүндө: микроэкономика жана бизнес, бизнести ишке ашыруу шарты, инновациялык долбоор жана бизнес-план, бизнес этикасы сыяктуу жаңы маселелер каралган.

Төртүнчү бөлүмүндө дүйнөлүк жана Кыргызстандык экономикалык ойчулдар тарыхынан маалымат келтирилди.

**М 0602000000-17**

**УДК 330**
**ББК 65.01 я 73**

ISBN 978-9967-31-629-4

© Мусакожоев Ш.М., 2017
© КР билим берүү жана илим министрлиги, 2017

## КИРИШҮҮ

Бул китеп студенттердин экономикалык теория боюнча түшүнүк алып Кыргызстанда жүргүзүлүп жаткан иш чараларга өз алдынча баа бере билүүсүнө багытталган.

Окуу материалдары студенттерди эркин ой жүгүртүп изденүүгө, экономикалык проблемаларды чечүүнүн жолун табууга, умтулууга үйрөтүүгө тийиш. Ошондуктан окуу китеби экономика дегенибиз эмне, аны эмне үчүн окуп үйрөнүү керек, азыркы кыргыз экономикалык системасы кайсы типке таандык, мүнөзү кандай? – деген суроолорго жооп берүү менен башталат.

Мында: чектелгендик жана тандап алуу; өндүрүш жана анын факторлору, өндүрүштүк мүмкүнчүлүктүн чектери; «Эмне» өндүрүү, «Кандай» өндүрүү жана «Ким үчүн» өндүрүү керек деген маселелер өзгөчө маанилүү болуп саналат.

Ошону менен катар экономикалык системанын маңызы, анын түрлөрү, агенттери (үй чарбасы, фирмалар менен өкмөт), Кыргызстандын экономикалык системасынын аныктамасы, анын негизги принциптери жана максаты берилет. Экономика деген эмне, аны эмне үчүн окуп үйрөнүш керек, экономикалык системалардын түрлөрү кандай болот деген маселелерди окуп үйрөнгөндөн кийин, силер биздин өлкөнүн салттык экономикадан рыноктук, борборлошкон пландуу жана азыркы аралашма (конвергенттүү) экономикалык системага кандай жол басып өткөндүгүн, инфляция менен баанын, жумушсуздук менен эркин ишкердүүлүктүн катнаштарын билишиңер абзел.

Андан кийин китептин экинчи бөлүмүндө экономикалык өнүгүү маселелери, тактап айтканда, экономикалык өнүгүүнүн аныктамасы, экономикалык өсүштүн циклдери каралат.

Бул бөлүмдө Кыргыз Республикасындагы макроэкономикалык саясаттын негизги багыттары (акча-кредит, салык-бюджет, инновациялык-инвестиция, мамлекеттин социалдык жана эл киреше сая-

саттары, тышкы экономикалык саясат) берилген. Ошону менен катар дүйнөлүк экономика жана дүйнөдөгү глобалдуу маселелер дагы баяндалат.

Китептин үчүнчү бөлүмү микроэкономика жана бизнеске арналган.

Микроэкономиканын негиздери боюнча: рыноктук механизмдин иш аракетинин жалпы мүнөздөмөсү, суроо-талап жана сунуштун ийкемдүүлүгү, керектөө суроо-талап теориясынын негиздери, рынок экономикасындагы өндүрүш, рыноктун ички түзүлүшү жана рыноктун алсыздыгы, убакыт аралык тандоо, каражатты жана кирешелерди дисконттоо маселелери берилди.

Ишкердик кылуу, ага аралашуу оңой-олтоң иш эмес. Анын үзүрлүү жүрүшүнө эмнелер тоскоол болушу мүмкүн? – деген суроого бул сабактан окуучулар канаттандырарлык жооп издеп, ишкер адамдын стратегиясы деген эмне, азыркы шартта аны кантип иштеп чыгуу керек экендигин өз алдынча аныктап алуулары өтө зарыл.

Жеке ишкердик тууралуу түшүнүк алгандан кийин аны баштоонун жана жүргүзүүнүн эң зарыл шарттары катары каражат маселесине токтолуу туура. Аны үчүн Кыргызстандын **банктары, инновациялык, венчурдук (тобокелчил), ж.б. фонддору** бизнести каржылоо тартиби кандай деген суроо сабактын орчундуу темасы катары эсептелет. Мамлекеттин микроэкономикадагы, венчурдук, инновациялык (жаңыланган) саясаты кандай, инновациялык долбоор жөнүндө кандай жобо бар, чакан бизнес ачуу боюнча, чакан илимий-инновациялык бизнести түзүү жөнүндө кандай жоболор, мыйзамдар кабыл алынган? – деген суроолорго мына ушул бөлүмдү окууда жооп ала аласыңар.

Акырында, бизнестеги иш этикасы, ишке байланыштуу болгон өз ара мамилелердин эрежелери, ыймандуулук менен иш жүргүзүү маселелери баяндалып, негизги жыйынтыктар чыгарылат.

Төртүнчү бөлүм дүйнөдөгү жана Кыргызстандагы экономикалык ойчулдар тарыхынан баян берүү менен аяктайт. Жогорку маселелерди камтыган бул окуу китеби жогорку окуу жайларынын студенттери жана аспиранттары үчүн арналган.

Бул окуу китебинин өзгөчөлүгү «Жагдайдын айкын мисалы» методдорун кеңири колдонууда турат. Бул метод билим бизнесиндеги теория менен турмуштун өзгөчө айкалышы. Ал Гарвард бизнес –

мектебинде иштелип чыгып, бүткүл дүйнөгө кеңири таралып кеткен. Анын уңгусун, окуу процессинде, иштеп жаткан компаниялардын, алардын бөлүмдөрүнүн, айрым ишкерлердин бизнес чөйрөсүндөгү тажрыйбасын баяндоону жигердүү пайдалануу түзөт.

Кылымдар алмашып, биздин коомдун маңызы, анын экономикалык түзүлүшү өзгөрүп жаткан учур. Ушундай шартта жашоонун негизи болгон экономиканы баарыбыз окуп үйрөнүүгө тийишпиз.

Урматтуу студенттер менен аспиранттар!

Бул сабак силер үчүн жаңы дүйнөгө дагы бир саякат. Турмушуңарда экономиканын толгон жагымдуу жана жагымсыз көрүнүштөрүнө кездешесиңер. Аларга маалыматтуу, туура жана так жооп табышыңарга бул китеп силерге көмөк болуп, жардам беришине тилектешпиз.

Жолуңар ачылып, ийгилик жолдосун!

## I-ГЛАВА. ЭКОНОМИКАНЫН МААНИСИ

### § 1. Экономика дегенибиз эмне? Экономиканы окуп үйрөнүүнүн зарылчылыгы

Кыргыз эли азыркы учурда өзүнүн экономикасынын эң катаал учурун башынан өткөрүп жаткан кези. Экономикабыздын мындай абалы көп кырдаалдар менен мүнөздөлөт. Алардын негизгиси биздин коомдук системабыздын жаңырышында турат. Буга чейин биз социалистик коомдук системаны курганбыз. Узак убакыт бою социализм менен капитализм ортосунда саясий жана чарбалык күрөш жүрүп келди. Азыркы мезгилде бул эки системанын өнүгүшү өз ара кошула турган сызыкчага айланып, «бир мүнөздүү дүйнөгө» багыт алды. Бул сызыкча «конвергенттүү» сызыкча деп аталып, аны негиздеген теориялык божомол чындыкка чыкты.

Демек, биз азыр куруп жаткан коомдук жаңы системаны **«конвергенттик коом»** деп атасак туура болор эле. Себеби бул система социализмдин да, капитализмдин да чарба жүргүзүүдөгү жакшы жактарын камтып, бүткүл дүйнөдөгү элдин көз карашын бир багыттагы коомдук системага бурду.

Ушундай учурда, «экономика дегенибиз эмне»? – деген суроого туура жооп табышыбыз биздин жаңы коомдук түзүлүшүбүздүн натыйжалуу өнүгүшүнө чоң көмөк берет.

Гректин улуу ойчулу Аристотель (б.з.ч. III к.) илимге «ойкономия» (грекче «ойкос» – үй чарба, «номос» – илим) деген терминди киргизген. Кийин андан «экономика» деген түшүнүк пайда болду.

Азыркы мезгилде «экономика» деген сөз бир топ мааниге ээ болушу мүмкүн:

– жеке адамдын экономикасы;
– үй-бүлөнүн экономикасы;
– мамлекеттин экономикасы;
– тармактардын экономикасы;
– экономикалык теория, ж.б.

Окуу куралдарында экономиканы ар түрлүү мүнөздөп жүрүшөт. Мисалы:

**Экономика** – бул адамдардын өндүрүш, керектөө жана бөлүштүрүү тармагындагы жалпы мамилелеринин жыйындысы.

**Экономика** – бул адамдардын коомдогу чарбалык ишкердүүлүгүнө байланышкан өндүрүштүк мамилелер (мис.: рыноктук, пландуу ж.б. экономика);

**Экономика** – бул региондордун, мамлекеттердин өз ара экономикалык кызматташтыгы (мис.: Ош облусу, Бишкек шаары, Кыргызстан жана Казакстандын кызматташтыгы);

**Экономика** – бул коомдо түзүлгөн эл чарба тармактарын изилдеген илим (мис.: өнөр жай, айыл чарба, транспорт, курулуш ж.б. экономикасы);

**Экономика** – бул адамдардын жана коомдун керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн, турмуш жыргалчылыктарын өндүрүү жана камсыз кылуу системасы.

**Экономисттер эмне иш кылышат?** Экономистер ар бир коомдун же улуттардын тарыхый өнүгүшүндөгү тандоо жана чектөө проблемалары боюнча иш жүргүзүшөт. Азыркы экономика илиминин негизи өткөн кылымдарда башталган. Ошондон бери экономисттер айрым адамдар, ишканалар жана бүткүл өлкө үчүн оорчулук келтирбеген экономикалык ресурстарды колдонууну окуп үйрөнүү жана түшүндүрүү методдорун иштеп чыгышкан. Экономисттердин жардамы менен чоң корпорациялар жумушчуларды, жабдууларды, шаймандарды, имараттарды ж.б. ресурстарды пайдалануунун натыйжалуу методдорун табууга аракеттенишет жана өздөрүнүн абалын ошол экономисттер аркылуу билип турушат. Биздин өкмөтүбүз мындай проблемаларды окуп үйрөнүшкөн жана аларды чечүү жолдорун көрсөтүшкөн экономисттерге да эмгек акыларын жакшы төлөшөт.

Экономисттер үчүн эки дүйнө бар:

**«Азыркы» жана «Болочок»**

«Азыркы дүйнөнү» – түшүндүрүүчү, негизги экономикалык принциптерди жана моделдерди экономисттер толук иштеп чыгышкан (жалпысынан бул маселе боюнча алардын пикири бирдей).

Ал эми «Болочок дүйнөнү» – божомолдоодо алардын ой-пикирлери ар башкача айрымаланышат. Ар түркүн пикирдин болушу алар пайдаланган моделдеринен келип чыгат.

**Экономикалык модель** – бул жөнөкөйлөштүрүлгөн туюнтма, диаграмма же формула. Казакстандагы түшүмдүн бир бөлүгүн үшүк алып кеткенден кийин Кыргызстандагы эгиндин баасын божомолдоо үчүн, мисалы, экономисттер суроо-талап жана сунуш мыйзамын, анын жөнөкөй экономикалык моделдерин колдоно алышат. Бааңын жогорулашын эч ким талашпайт, бирок так божомолдоо, эгиндин баасы канча сомго көтөрүлөрүн так айтуу колдонулган моделдин сапатына жараша болот.

Бул «экономика» курсун окуп бүткөнчө силер экономикадагы өзгөрүштөрдү түшүнүү жана талдоо үчүн пайдаланылуучу бир канча моделдер менен таанышасыңар. Бирок көпчүлүк учурларда экономикалык проблемалар жалаң эле теория жана моделдердин жардамы менен чечилбестен, саясий себептерди, ар-бир адамдын ой-пикирин жана баалуу сунуштарын эске алууну да талап кылат. Мисалы, жаштардын арасындагы жумушсуздукту азайтуу үчүн эмнелер жасалышы керек? – деген суроону алалы. Жумушсуздук – бул терс көрүнүш экендигинде бардык экономисттер бирдей пикирде. Ошол эле учурда, бул маселени чечүү үчүн кээ бирөө өкмөт тарабынан өспүрүмдөр үчүн жумуш орундарынын түзүлүшү керектигин сунуш кылса, башкалары ишкерлери бирдей эле жумуш оруну үчүн жогорку кесиптеги жумушчуларга караганда өспүрүмдөр аз төлөөгө уруксат берилсе, проблема чечилет дешет.

Жаштардын жумушсуздук проблемасын силер кандай чечтиңер? Минималдуу эмгек акысын өзгөрттүңөрбү? Же «үйрөнчүк балдарга атайын эмгек акыны» киргиздиңерби? Өспүрүмдөрдү ишке кабыл алуучу фирмаларга атайын жеңилдиктер бердиңерби? «Мамлекеттик жаштар кызматын» түздүңөрбү? Бул варианттардын жакшы жана жаман жактарын талдоого алгыла да, өзүңөрчө бир жыйынтыкка келгиле. Бул силердин да жарандык милдетиңер!

## Микроэкономика жана макроэкономика

Экономика илиминде жана сабагында эки ыкма бар. Бирөө макроыкма, экинчиси – микро. **Макроэкономика** – бүткүл улуттук чарба жөнүндөгү илим. **Микроэкономика** – керектөөчүлөр жана фирмалар жөнүндөгү илим. Норвегия окумуштуусу Рагнар Фриш бул түшүнүктөрдү дүйнөдө биринчи жолу 1933-жылы пайдаланган.







**Макроэкономика** – улуттук экономика кандай өнүгүп жатат деген маселелерди окуп үйрөтөт. Ал өндүрүлгөн продуктулардын көлөмү кандай, жалпы киреше канча экендигин аныктайт. Ал ишке тартылуунун жогорулашы, товарлардын жана кызмат өтөөлөрдүн көбөйүшү сыяктуу маселелердин чечилишин изилдейт.

**Микроэкономика** болсо, кайсы бир адамдардын, ишканалардын жана коомдун тандоосуна таасир эткен себеп, натыйжа байланыштарын изилдейт. Ал чектелүүчүлүк, тандоо жана альтернативдүү нарк, ошондой эле өндүрүп чыгаруу жана керектөө сыяктуу түшүнүктөр менен иш жүргүзөт. Ал бааны эсептөөгө жана анын ишкердүүлүккө тийгизген таасирине принциптүү маани берет.

**«Мен эмне үчүн экономиканы окуп үйрөнүшүм керек?»** – деген суроо бүгүн чоң-кичине дебей, ар бир адамдын алдында туруучу тийиш. Анын көп себептери бар. Биринчи себеби – силер инсан катары, өз өлкөңдүн жараны катары, өзүңөр жашап жаткан коомчулуктун алдында милдеттүүсүңөр. Экинчи себеби – силер акча таап, үй-бүлө күтүп, татыктуу турмушта жашоону камсыз кылууга милдеттүүсүңөр.

Эми түшүнүктүү болуш үчүн, экинчи себепти карайлы. Адамдын күндөлүк турмушунда тамак-аш, үй-жай, кийим-кече менен камсыз болушу, акыры келип, экономикалык күчтөрдүн таасири менен аныкталат. Экономиканы окуп үйрөнүү бул күчтөрдү жакшы өздөштүрүүгө жана базар системасынын шартында татыктуу жашооңорго мүмкүнчүлүк түзөт. Экономикалык күчтөр ошондой эле бизнес дүйнөсүндөгү чечимдерге да зор таасирин тийгизет. Чындыгында, «экономика – бул адамдар жашоо турмушуна кантип акча табышы керек экендиги жөнүндөгү окуу» – деген, эл арасындагы кеңири таралган түшүнүктү да туура десек болот. Айрыкча жаштар, өздөрүнүн ишин ачууда, бул чындыкты канчалык жакшы түшүнүшсө, анын илимий негиздерин

канчалык жакшы өздөштүрүшсө, турмушунда ошончолук зор ийгиликке жете алышат.

Экономиканы окуп үйрөнүү ошондой эле демократиялуу өлкөнүн жарандарынын өз мүмкүнчүлүктөрүн ийгиликтүү ишке ашыруусуна



жардам берет. Мамлекеттик чиновниктер же диктаторлор контролдогон башка өлкөлөрдөн айырмаланып, биздин өлкөбүз өзүнүн жарандарын өлкөнү башкарууга тартып, анын кыйынчылыгын жана жыргалчылыгын тең бөлүштүрөт. Шайлоочу катарында, көпчүлүк маселелер боюнча биздин адамдарыбыз өз ойлорун ачык айтууга тийиш. Экономиканы үйрөнүү бул маселелерди билгичтик менен чечүүгө жардам берет.

## § 2. Чектелгендик жана тандап алуу маселелери

Чектелгендик. Адам эмнени кааласа, ошонун баарына эле ээ боло бербестигин жакшы түшүнөбүз. Муну биз дүкөнгө кирген сайын учуратабыз. Каалаган 20 же 30 буюмдун ичинен бирөөнү же экөөнү гана тандап алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болобуз. Ошентип, ар бир адам өз турмушунда дайыма тандап алууга мажбур жана милдеттүү.

Чоң ийгиликке жетишкен бизнесмен же спорт жылдыздары да тандап алуу проблемаларына такай кабылышат. Биз сыяктуу эле алар да өздөрү каалаган буюмдардын бардыгын сатып ала алышпайт.

Ошондой эле өкмөт да баарын сатып ала албайт. «Салык төлөөчүлөрдүн акчасын кандайча чыгымдоо керек?» – деген маселенин тегерегинде жылыга биздин Жогорку Кеңеште кызуу талаштар. Жеке адам да, коомчулук да каалаган нерсенин баарына жете албайт. Жөнөкөй сөз менен айтканда баарыбызга биз каалаган көп буюмдар жете бербейт. Экономисттер айткандай, адамзаттын материалдык керектөөлөрүнүн ар түрдүүлүгү чексиз.

Керектөөчүлөр – булар товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жеке өзүнүн талабын канааттандырууга пайдаланган кишилер, ишканалар. Бардык керектөөчүлөрдүн өздөрүнүн үй чарбасы (чакан бизнеси) бар. Демек, «керектөөчү үй чарба» деген түшүнүк Кыргыз Республикасында жашоочу ар бир адамга тиешелүү.

Бул керектөөлөрдү канааттандыруучу ресурстардын көлөмү чектелүү. Качан бул чекке (же лимитке) жеткенде, өндүрүштүн көлөмүн дагы арттырууга болбойт. Башкача айтканда, улуттук ресурстарды (бардык заводдор, дыйкан чарбалар, фермерлер жана аларда иштеген адамдар) толук пайдаланганда, кандайдыр дагы бир продуктуну чыгаруунун жалгыз жолу – экинчи продуктунун чыгарылышын кыскартуу же токтотуу болуп эсептелет.

Айтылгандарды жыйынтыктайлы. Адамдардын керектөөсү чексиз, аларды канааттандыруу үчүн керектүү ресурстар чектелүү. Башкача айтканда ар бир коом бир эле проблема менен алек болушат – бул чектелген мүмкүнчүлүк проблемасы.

*Тандап алуу проблемасы жана альтернативдүү нарк.* Сиз компьютериңизге түстүү принтер алууга акча топтоону чечтиңиз дейли. Акча чогултуп бүткөнчө, сиз видео сюжет тартууга кызыгып калдыңыз жана бир видеокамера алууга каршы эмессиз.

Мына ошентип чектелүү ресурстарды акыл-эстүү пайдалануу үчүн алгылыктуу тандоо ар дайым керек экендигин түшүндүк. Экономисттер буга окшогон чечимдерди тандоонун жана талкуулоонун атайын жолдорун иштеп чыккан. Ар бир тандоонун пайдасы жана чыгымы болгондуктан, экономисттер ыңгайлуу жана тез талдоо үчүн **маржиналдык чыгымга** жана **маржиналдык пайдага** көңүл бөлүүнү сунуш кылышат. «Маржиналдык» деген сөз Сиздин жөнөкөй эле дагы бир кийинки товарды пайдалануу жөнүндө чечимиңизден келип чыккан кошумча чыгымды же пайданы билдирет.

Сиз же принтер, же видеокамера гана ала аласыз. Бирок экөөнү тең эмес. Ошентип, сиз тандоо алдында турасыз.



Экономисттер мындай абалды альтернативдүү нарк аркылуу чечишет.

*Альтернативдүү нарк – силер ала турган буюмдун башка бир буюм аркылуу өлчөнө турган баасы.* Ошентип, бул мисалда принтер үчүн альтернативдүү нарк видеокамеранын баасына барабар. Ишкер адамдар да тандоо проблемасына жана альтернативдүү наркка туш келишет. Айрым жарандар жана ишканалар сыяктуу, өкмөт да альтернативдүү наркты эске алууга мажбур болот. Мисалы, согуш күчүнө болгон заказдарды кыскартуу менен өкмөт жолго кеткен каражаттардын көбөйүшүн тандап алат. Жолдорду кеңейтүүгө альтернативдүү нарк кубаттуу аскер күчү болот.

Ошентип, **экономика: чектелгендик жана тандап алуу жөнүндөгү илим**. Чексиз керектөөбүз толук канааттандырылбагандан кийин, ар бир адам, фирма же мамлекет өз керектөөлөрүн тандап алууга мажбур болушат. Мында алар аз каражат чыгымдап, көбүрөөк натыйжага жетүү үчүн үнөмдөөгө аракет кылышат. Буларды эске алуу менен биз *экономиканы – керектөөлөрдү канааттандыруу үчүн чектелген ресурстар шартында адамдын тандап алуусун талдаган коомдук илим деп аныктоого болот.*

Тандоо зарылчылыгы биздин киреше жана кредит алуу мүмкүнчүлүгүбүз менен аныкталат. Ар бир үй-бүлө өзүнүн жашоо шартын кирешесинин көлөмү, сактоо каражатынын, карыз алуунун өлчөмү менен ченешет. Ошондой эле ишканалар да өндүрүштүн келечегин өздөрүнүн кирешеси, чогулган каражаттары жана кредит алуу жөндөмдүүлүгү менен, ал эми мамлекет болсо – салык алуу жана кредит алуу менен ченешет. Кирешелер, салыктар жана кредиттер элге, мекемелерге жана мамлекетке товарларды – буюмдарды сатып алууга жана акча үчүн кызмат өтөөгө мүмкүнчүлүк берет.

Ошентип ар бирибиз дуушар болуучу проблема мында турат: керектөөчү товарлардын бир тобун тандасак, экинчи тобун кыскартууга туура келет.

## § 3. Өндүрүш ресурстары жана факторлору. Өндүрүштүн мүмкүнчүлүгүнүн чектери

Өндүрүш (материалдык) – бул материалдык байлыкты жаратуу процесси; адам жашоосунун табигый шарты жана башка иш-аракеттеринин материалдык негизи. Өндүрүштүн эки жагы бар: өндүргүч күчтөр менен өндүрүш мамилелери. Алар бирдикте өндүрүш ыгын түзөт. Ал өндүрүш ыгы ошол коомдун мүнөзүн аныктайт.




Товарларды чыгарууга жана кызмат өтөөгө катышкан ресурстарды *өндүрүш факторлору* деп аташат. Аларга жаратылыш ресурстары, адам ресурстары жана ишкердик кирет. Системада ар бир фактордун өз орду жана өзүнүн конкреттүү функциясы (милдети) бар. Биздин өлкөбүздүн экономикалык системасында кызмат өтөөгө өндүрүш факторлорун киргизген же пайдаланган адамдар, эмгегинин акыбетин кайтарып алууга же сыйланууга акылуу. Бул төлөмдөр кайра жумшалуучу киреше катары экономиканын кыймылдаткычына күйүүчү отун сыяктуу кызмат кылат.

***Жаратылыш ресурстары, же «Жер».***

Жаратылыш ресурстары – товарларды өндүргөндө жана кызмат өтөөлөрдө колдонулуучу табигый байлык. Буларга жандуу жаратылыш, минералдык жана токой ресурстары, ошондой эле биз дем алып жаткан аба, ичип жаткан суу сыяктуу нерселер кирет. Кыргызстан жаратылыш ресурстарына бир топ бай. Жаратылыш ресурстарын өндүрүш фактору катарында кароодо, экономисттер көбүнчө «Жер» терминин колдонушат.

• Жерди пайдалангандыгы үчүн төлөгөн баа *рента* деп аталат. Ким жер ээси болсо, рента ошонун кирешеси.

***Адам ресурстары, же «Эмгек».***

Өндүрүш процессинде адамдар короткон акыл жана кара күч аракеттерин экономисттер **эмгек** деп аташат.

• Эмгек үчүн төлөнгөн баа аткарылган иш үчүн төлөө, же эмгек акысы – деп аталат.

***Капитал.***

Физикалык капиталды (же экономисттер айткандай, жөн гана капиталды) товарларды өндүрүп чыгаруу үчүн, кызмат өтөө үчүн адамдар өздөрү түзүшөт. Ишканалар, машиналар жана аспаптар капиталдык ресурстар болуп саналат, анткени алар башка товарларды өндүрүүгө жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн колдонулат. Ошондой эле газ өткөргүч тармак да капиталдык ресурс болуп эсептелет, анткени алар аркылуу газды сарп кылуучу станцияларга газ жеткирилет. Бизнесмендер тарабынан заводду, машиналарды жана башка ушуга окшогон өндүрүш ресурстарын сатып алууга жумшаган акча көбүнчө «капитал» деп аталат.

• Бирөөнүн акчасын же капиталын пайдалангандыгы үчүн төлөө *процент* деп аталат.

***Ишкердүүлүк.***

«Эмгек» жана «Ишкердүүлүк» бири-бирине өтө жакын түшүнүктөр. «Ишкердүүлүк» – деп, товарлар өндүрүүчү жана көмөк көрсөтүү бардык фирмалар үчүн зарыл болгон башкаруу жана уюштуруу ыкмаларын түшүнөбүз. Ишкер адам бардык аталган үч өндүрүш факторлорун пайдалана алат. Иш ийгиликтүү болсо, пайда табат, тескерисинче болсо – чыгымга учурайт.

Эгерде жер, эмгек жана капитал ээлерине тиешелүү төлөмдөрдү төлөгөндөн кийин акча каражаттары калса, бизнеске өз идеясы, аракети жана тобокелге салып барганы үчүн, ишкер адам *пайда табат.*


## Өндүрүштүк мүмкүнчүлүктүн чектери

Тандап алуунун натыйжалуулугун өндүрүштүк мүмкүнчүлүктүн чектеринен жана анын ийри сызыгынан көрүүгө болот. Мисалы өлкөнүн экономикасы көптөгөн товарларды өндүрбөстөн, калк кеңири керектөөчү сары майды гана жана алдынкы технологиянын катарына кирген өндүрүш каражаты – роботторду гана өндүрөт дейли. Буга ылайык шарттуу бир мисалды карап көрөлү. Аныкталган мезгилдин аралыгына 15 тонна сары май жана 6 миң даана өндүрүш роботтору өндүрүлгөн. Өлкөдө ресурстардын чектелишине байланыштуу, роботторду өндүрүү өсө турган болсо, анда сары майды өндүрүүнү кыскартууга туура келет жана тескерисинче. Аны таблицадан жана сүрөттөн көрүүгө болот.

*Таблица*

**Өндүрүштүн мүмкүнчүлүгү**

| Варианттар | Сары май (тонна) | Роботтор (даана) |
|---|---|---|
| 1 | 15000 | 0 |
| 2 | 12000 | 2000 |
| 3 | 10000 | 3000 |
| 4 | 6000 | 5000 |
| 5 | 3000 | 5500 |
| 6 | 0 | 6000 |




*Сүрөт.* Өндүрүштүк мүмкүнчүлүктүн ийри сызыгы.

Бул графиктен роботторду жана сары майды максималдуу өндүрүү мүмкүнчүлүгүн көрө алабыз. Мисалы, С чекитинде 10000 тонна сары май өндүрүлсө, анда 3000 даана роботторду гана өндүрүүгө мүмкүнчүлүк болот. Эгерде роботторду 5000 даанага чейин өндүрүү талабы коюлса (D чекити), анда сары майды өндүрүүнү 6000 тоннага чейин кыскартууга туура келет. Мында өлкөдө 2000 даана кошумча роботторду өндүрүү үчүн, 4000 тонна сары майды өндүрүүдөн баш тартууга мажбур болот. Бул өкмөттүн альтернативдүү нарк концепциясын чагылдыруучу мисалы боло алат, б.а. калктын керектөөсүн түзгөн альтернативдүү наркты өнөр жайындагы алдынкы технология болгон роботтор түзөт.

Дагы бир турмушка жакын мисалды карап өтөлү.

Кыргызстан менен Казакстандын ортосундагы эт, буудай соодасы ыңгайлуу болот.

Бул эки өлкөдө тең эт менен буудай өндүрүлөт дейли (табл.).


Казакстанда бир жумушчу шарттуу түрдө 1 т эт, 20 ц буудай, ал эми Кыргызстанда – 2 т эт же 10 ц буудай өндүрөт дейли. Казакстанда эт менен буудайды өндүрүүдө 400 миң, ал эми Кыргызстанда – 160 миң адам иштейт. Эки өлкөнүн президенттери экономикалык өнөктөштүк

жана эт, буудай өндүрүүдө эмгекти натыйжалуу бөлүштүрүү жөнүндө келишимге кол коюшат.

Бул эки өлкөнүн эт менен буудай өндүрүүдөгү өндүрүштүк мүмкүнчүлүктөрүнүн ийри сызыгы кандай болот? Бул суроого жооп бериш үчүн биз өндүрүштүк мүмкүнчүлүктүн үч ийри сызыгын түзүшүбүз керек:


1) Кыргызстан боюнча;
2) Казакстан боюнча;
3) Жалпы Казакстан менен Кыргызстан боюнча.

| Таблица | | | Таблица | |
|---|---|---|---|---|
| ***Өндүрүштүк мүмкүнчүлүктөр шкаласы:*** | | | | |
| **Кыргызстанда** | | | **Казакстанда** | |
| Эт, миң т | Буудай, миң т | | Эт, миң т | Буудай, миң т |
| 200 | 0 | | 400 | 0 |
| 100 | 50 | | 300 | 200 |
| 0 | 100 | | 200 | 400 |
| | | | 100 | 600 |
| | | | 0 | 800 |





*Сүрөт.* Кыргызстандын өндүрүштүк мүмкүнчүлүктөрүнүн ийри сызыгы.

Бул маалыматтардан 1 тонна этти өндүрүүнүн альтернативдүү наркы Кыргызстан үчүн 0,5 т буудайга, ал эми Казакстанда 2,0 т буудайга барабар экени аныкталат. Демек, Кыргызстанда этти, Казакстанда буудайды өндүрүү арзанга түшөт.




*Сүрөт.* Казакстандын өндүрүштүк мүмкүнчүлүктөрүнүн ийри сызыгы




*Сүрөт.* Казакстан менен Кыргызстандын ортосундагы адистештирүүдөн пайда болгон өндүрүштүн мүмкүнчүлүгүнүн ийри сызыгы

Жогорку сүрөттөрдөн жыйынтык чыгаруучу сүрөттө А точкасы өндүрүштүк мүмкүнчүлүктөрдүн чегин көрсөтүп турат.

## § 4. Экономиканын негизги маселелери жана анын чечилиши

Экономиканын негизги маселеси – бул коомдук керектөөлөрдүн чексиздигинен жана ресурстардын жетишсиздигинен келип чыккан, чектелген мүмкүнчүлүктөрдүн проблемасын чечүү жана өндүрүш факторлорун өтө натыйжалуу бөлүштүрүүнүн ыкмаларын тандоодо турат.

Ар бир коом төмөнкү үч суроого жооп табышы керек: *эмне?, кандай?* жана *ким?*

Кеңири түшүндүрсөк:

• товарлардан жана тейлөөлөрдөн *«Эмне»* жана канча санда чыгарылышы керек?

• бул товарлар жана тейлөөлөр *«Кандай»* жана кантип чыгарылышы керек?

• бул товарларды *«Ким»* алат жана ким пайдаланат?

Эми ушул экономикалык негизги суроолорго толугураак токтололук.

а) Товарлардын жана кызмат өтөөлөрдүн ичинен *эмнелер* жана *канча* санда чыгарылышы керек? – дебедикби. Ар бир адам жана коом кандайдыр бир буюмду ар кайсы жолдор менен алышат: өз алдынча өндүрүү менен; буюмдарын башкага алмашуу менен; белек катарын-

да алуу менен. Коом бардыгын ала албайт. Ошондуктан токтоосуз эмнени алууну жана кайсы бир буюмдан такыр баш тартууну аныктап алуу керек. Мисалы, айрым окумуштуулар Кыргызстанда эгин өндүрүүнүн көлөмүн жогорулатуунун кажети жок деп эсептешет. Себеби, кошуна өлкө Казакстанда эгин жетиштүү көлөмдө жана арзан өндүрүлөт. Демек, биздин бул өндүрүшкө кеткен чыгымга эгин сатып алсак балким арзан түшөөр эле дешет. Бул маселенин чындыгы бар жана көңүл буруруга татыктуу. Бирок, маселени мындай өтө эле жөнөкөйлөтүп жиберүү келечекте бизди күтүлбөгөн кыйынчылыктарга алып келиши да ыктымал. Айталык, Казакстанда түшүм начар болуп калса кантебиз, же саясий абал начарлап, нансыз калган элге башка өлкө өз кызыкчылыгын таңууласа биздин жообубуз кандай болмокчу? Ошентип тандоо маселеси кээде өтө татаал шартта чечилиши мүмкүн.

Начар өнүккөн өлкөлөрдө жакырчылык ушунчалык татаал маселе, аларда жумушчу күчтөрүнүн жасаган аракети элди кийиндирип жана тамактандырууга гана жетет. Мындай коомдо турмуш деңгээлин көтөрүш үчүн өндүрүштү өркүндөтүш зарыл.

Бирок бардык калк толук жумушчу күнүн иштесе, анда кантип коомдук өндүрүштүн деңгээлин көтөрүүгө болот? – деген суроо туулат. Келечекте өндүрүштү дүнүнөн көтөрүүнүн бир ыкмасы – *инновация* жана *модернизация*. Бул болсо, тамак-аш жана кийим-кечек продуктуларын чыгарган жумушчуларды улам көбүрөөк санда жаңыртылган имараттар, машиналар, технологиялар жана жабдуулар сыяктуу кошумча капиталды өздөштүрүүгө которуп туруу дегендикке жатат.

Мындай которуу келечекте дүң продукция чыгарууну көбөйтүү үчүн, бүгүнкү күндө тамак-аш, кийим аз чыгарылып калат дегендикке жатат.

Жакырчылыкта жашаган элдин саны көп өлкөлөр үчүн өндүрүш деңгээлин бир азга эле азайтуу массалык түрдө ачарчылыкка алып келиши ыктымал.

Бактыга жараша эл аралык уюмдар, Япониyага, АКШга окшогон берешен мамлекеттер бар, алар начар өнүккөн өлкөлөргө жашоо турмуш деңгээлин төмөндөтпөй эле инновация (жаңыртуу) жүргүзүүгө жардам кылышат.

б) Эми экинчи суроону карап көрөлү. Товарлар жана кызмат өтөө *кандай* чыгарылышы керек? Конкреттүү мектепти же үйдү, заводду же автомобилди куруунун, жер участогун пайдалануунун ар кандай

варианттары бар. Мектеп бир кабаттуу же көп кабаттуу болобу? Автомобиль жыйноочу конвейерде робот иштейби? Канча жерге жүгөрү, канчасына буудай себиш керек? Мына ушундай суроолорго так жооп табыш керек.

Көпчүлүк учурда мамлекет тарабынан курула турган мектеп имаратынан бөлөк, калган бардык курулуштар куруу чечимин жеке адамдар кабыл алышат. Дүйнөнүн башка бир өлкөлөрүндө автомобилдерди чыгаруу чечими мамлекет тарабынан кабыл алынат. Айыл чарбасында болсо, кээ бир өлкөлөрдө чечимди мамлекет чыгарат, башкаларында калыптанган салтка жараша болот, үчүнчүсүндө фермерлер өздөрү чечим кабыл алышат. Биздин өлкөдө болсо мындай суроолорго чечимди негизинен жеке адамдар, айрым учурда өкмөт кабыл алат жана ал чечимдин баасына байланыштуу болот.

в) Акырында, өлкөдө чыгарылган товарларды жана кызмат өтөөлөрдү *кимдер* пайдаланышат? – деген суроону талдайлы.

Бардык керектөөлөрдү канааттандырууга продукциялар жетпегендиктен, аларды бөлүштүрүү механизмдерин түшүнүү керек. Мисалы, кимдер лимузиндерди миниш керек, кимдер коомдук транспорттон пайдаланат, кимдерге жөө жүрүүгө туура келет? – деген суроолор туулат.

Коом бул суроолорго ар кандай жооп берет. Кээ бир өлкөлөрдө ата-бабалары ак сөөк адамдар, башкаларга караганда улуттук продуктунун көбүрөөк бөлүгүн алат. Башка бир өлкөлөрдө башкаруучу партияга тиешелүү болуш жыргалчылыкка жол ачат. Кыргыз Республикасында кимдин бай болушу, кимдин – кедей абалында калышы мындан ары *жеке менчик* жана *ишкердүүлүк* аркылуу аныкталат.

**Жыйынтыктоо**

Биз экономиканы чектелген мүмкүнчүлүктөр жана тандап алуу жөнүндөгү илим деп аныктадык. Адамдардын керектөөсү практика жүзүндө чексиз, ал эми аларды канааттандыруу үчүн талап кылынган ресурстары чектелүү болгондуктан, мүмкүнчүлүктөрдүн чектелүүсү келип чыгат.

Ресурстар, же *өндүрүш факторлору* деп аталгандар – бул жер, эмгек, капитал жана ишкердик. Ресурстардын ээлери аларды пайдалангандыгы үчүн *рента, эмгек акы, процент* жана *пайда* алышат.

Ар бир убакта белгилүү бир ресурстар чектелүү болгондуктан, товарларды жана кызмат өтөөлөрдү өндүрүүдө да мүмкүнчүлүктөрүбүз чектелет. Ошондуктан, айрым адамдар, фирмалар жана өкмөт өзүнүн керектөөлөрүн тандоого мажбур болушат, болгондо да колдо болгон ресурстарды пайдаланып, көбүрөөк пайда алууну тандоого умтулушат.

Чексиз каалоолор жана мүмкүнчүлүктөр чектелген шартта өзүнүн тандоосун жүргүзгөндө, ар бир коом жогоруда баяндалган негизги үч суроого жооп табууга тийиш:

• Бул негизги суроолорго жооптун ыңгайлуу жолдорун экономикалык система ачып берет.

*Суроолор*

1. Экономика түшүнүгү кандай пайда болгон? Экономика деген эмнени түшүндүрөт?

2. Микроэкономика жана макроэкономика деген эмне?

3. Өндүрүш мүмкүнчүлүгүнүн тандап алуу менен кандай байланышы бар?

4. Экономиканын негизги маселеси кандай суроолорго жооп издейт?

5. Өндүрүш факторлорун эмнелер түзөт?

# II-ГЛАВА. ЭКОНОМИКАЛЫК СИСТЕМА

## § 1. Экономикалык системанын маңызы, анын негиздери, жана типтери




Ар бир коом **эмне, кандай**, жана **ким** деген суроолорго жогоруда айтылгандай өздөрүнүн жоопторун иштеп чыгышкан. Бул суроолорго жооптун берилишине карата экономикалык системалар төрт типке бөлүнөт: **салттык, рыноктук, борборлошкон пландуу** жана **аралаш (конвергенттик).**

### Салттык экономика



Салттык экономикада эмне, кандай жана ким деген суроолорго берилүүчү жооптор салттарга негизделет. Салттуу экономикалык системалар, адатта дүйнөнүн алыскы райондорунда жайгашкан. Мындай системаларды обочолонгон уруулардан же бир чакан топтордон гана табууга болот. Мурдагыга караганда азыркы убакта алар өтө сейрек кездешет. Адатта, салттуу системаларда адамдар кыштактарда жашашат жана айыл чарбасы менен, же ошого окшогон балык кармоо, аң уулоо менен оокат кылышат.

Мындай коомдо өндүрүлгөн продуктулар жана кызмат көрсөтүүлөр, эреже катарында ондогон жана жүздөгөн жылдардын ичинде өзгөрүлгөн эмес. Алар ата-бабалары кандай жасашса, бардыгын ошондой жасашат. Бир сөз менен айтканда салттык экономикада эмне жана кандай өндүрүү шарты өтө жай өзгөрүлгөн салттар менен аныкталат. Мындай чарбаларда өндүрүлгөн продуктуларды кимдер алат? Аз чыгарылгандыктан элдин көпчүлүгү жашоонун эң төмөнкү чегинде жалаң, күнүмдүк жашоосуна жетерлик оокаты бар, андан башка эч

нерсеси болбойт. Кээ бир жылдары түшүм аз болуп калганда, коомдун мүчөлөрүнүн бир бөлүгү өздөрүн тойгуза албай калышат, анда алар общинадан кетишет же өлүшөт. Түшүм жакшы болгон жылдарда, жашоо турмушуна жеткиликтүү болуп, кээде ашып да калат. Мындай кошумча продуктулар болуп калганда, алар салттык жол менен бөлүштүрүлөт. Мисалы, жол башчыга же жер ээлерине берилет, калганы да салтка жараша бөлүштүрүлөт.

### Рыноктук (базар) экономикасы



Популярдуулугу артып бараткан жаш рок-группа «И так далее» (ИТД) модадан чыккан эски ковбойдун өтүгүн кийип телекөрсөтүүдө концертке чыгышкан. Кийинки эле күнү бардык дүкөндөрдө «ИТДнын» кийген өтүгү керек деген талаптар толуп кеткен. Адегенде дүкөн ээлери муну тамаша катарында кабыл алышкан, бирок бир аздан кийин абалга түшүнүштү. Көпкө чейин мындай өтүктөр бардык дүкөндөрдө сатылып жатты.

Мындай окуялар салттык жана борборлошкон экономикалык системаларда болушу мүмкүн эмес эле. Салттуу экономикада кийим-кечек акырындык менен көп жылдардын ичинде гана өзгөрүшү мүмкүн. Буйрукчул экономикада чечим кабыл алгандар коомдук пикирдин азгырыгына кирип кетиши жана ушундай бут кийимдердин чыгарылышын пландаштырышы мүмкүн, бирок бул чечимди кабыл алуу же четке кагуу пландоочулардын гана көз карандылыгында болот. Рынок экономикасында, же эркин ишкердик системасында, аларды кээде ушинтип аташат, эгерде сатып алуучу адам чын эле ушундай бут кийимдерди каалашса, анда алар дүкөндөргө чыгарылат. **Рынок экономикасы деп**, биз көпчүлүк сатып алуучулар жана сатуучулар кошулуп, **эмне, кандай** жана **ким** деген суроолорго жоопторду аныктаган чарба жүргүзүү системасын түшүнөбүз. Рынок экономикасын дагы бир нече маанилүү элементтер аныктайт. Анын бирөө **жеке менчик.**

**Жеке менчик** – бул адамдардын жана фирмалардын өндүрүш каражаттарына ээ болуу укугу. Менчик – белгилүү бир адамдарга, юриди-



калык жактарга таандык буюмдар, материалдык жана руханий байлыктар. Рыноктун элементтери салттык экономикада да, борборлошкон пландуу экономикада да орун алганы менен, негизги өндүрүш каражаттары (ишканалар, заводдор, фермалар, шахталар ж.б.) адатта коомдук менчикте болот. Бул болсо, аларга адамдардын тобу же мамлекет ээлик кылат дегендикке жатат. Рыноктук системада өндүрүш каражаттары (негизинен) – жеке адамдардын менчиги. Жеке менчик адамдар сатып ала турган жана пайда алып келүүчү товарларды чыгарууга түрткү берет. Пайданын артынан түшүү (көпчүлүк убакта пайдалуулуктун мотиви) – рыноктук системадагы экинчи маанилүү элемент. Ал өндүрүүчүлөрдү сатып алуучулардын суроо-талабына туура келген товарларды чыгарууга жана аларга рынокто өтүмдүү баа коюуга мажбур кылат. Эгерде алар өтө көп, же өтө аз чыгарышса, өтө төмөн же өтө бийик баа коюшса, анда алар пайдасыз калат, чындыгында алар көбүнчө чыгашага учурашат. Керектөөчүлөрдүн мамилеси иштин гүлдөп өсүшүнө, же анын жок болуп кетишине алып келиши мүмкүн.

Ушуга байланыштуу биз жогоруда келтирилген мисалга дагы кайрылалы. «ИТД» группасын сүйгөн жүз миңдеген адамдар дал ошондой бут кийимдерди талап кылышат. Бут кийимди чыгаргандар өздөрүнүн дүң сатып алуучуларынан суроо-талаптардын өзгөрүлгөнүн билишти да, аларды канааттандырууну чечишти, анткени алар пайданын көбөйүшүнө кызыгышат. Бул рынок системасынын кыймылдаткыч күчү жана анын мүнөзүн тактаган принциби.

## Борборлошкон пландуу экономика



Жогорку профессионалдуу деңгээлдеги инженерлерди, экономисттерди, компьютер боюнча адистерди, өнөр жайынын өкүлдөрүн камтыган – «пландоочулар» деп аталган адамдар, – борборлошкон пландуу экономика системасын түзгөн саясий лидерлерге консультация берип турушат. Эгерде тагыраак айтсак, **кайсы** товарлар өндүрүлүшү керек жана кандай кызмат көрсөтүү ыла-

йыктуу экендигин пландоочулар гана аныктайт. Эгерде аларга электр энергиясын өнүктүрүп, түстүү металл чыгарууну азайтыш керек деген ой келсе, так ошондой буйруктар иштелип чыгарылат. Эгерде тамак-аш продуктуларын көбөйтүү зарыл болсо, тракторлордун көбөйтүлүшү же батыш өлкөлөрүнөн жер семирткичтерди сатып алуу да пландаштырылат. Ошол эле пландардан бул продукцияларды ташуу жана кайра иштетүү, фермаларды кошумча жумушчу күчү, кошумча транспорттук жана кайра иштетүүчү кубаттуулук менен камсыз кылуу да мурдатан каралышы керек.

Борборлошкон пландуу экономикада товарлар *кандай* чыгарылат? Кайсы продуктулар чыгарылышы керектигин пландоочулар чечет дебедикби. Ошол эле автомобиль чыгарууда жыйноочу линияларды каякка жайгаштыруу керек жана кандай варианттарды тандоо керек экендигин да алар чечишет.



Кошумча жумушчуларды жалдаш керекпи же жаңыраак техниканы колдонуш керекпи деген маселени да алар чечишет. Саясий лидерлер жиберген, ошол эле пландоочулар, товарларды чыгарууну жана кызмат көрсөтүүнү **кимдер** аткара тургандыгын аныкташат. Эмгек акынын, пайыз нормасынын, пайданын жана рентанын деңгээлин белгилөө менен товарларды ким аларын алар түз эле айтышат. Акыркы убакытка чейин мындай экономикалык системанын өлкөлөрү мурунку СССР, Кытай, Албания ж.б. социалисттик өлкөлөр болгон.

## Аралаш (конвергенттик) экономика

Борборлошкон пландуу жана рыноктук экономикаларында мамлекеттин ролу жана жеке менчиктин ролу өтө күчтүү айырмаланат. Борборлошкон пландуу экономикада заводдор, шахталар жана башка негизги өндүрүш ресурстары мамлекетке таандык экендигин көрдүк. Мындан сырткары **эмне, кандай** жана **ким** деген негизги суроолорго жоопторду да мамлекеттик пландоо органдары аныкташат. Тескерисинче, ушул эле суроолорго жоопторду бергенде рыноктук экономи-

ка айрым сатып алуучулардын чечимдерине таянат, ал эми өндүрүш каражаттары жеке менчик ээлеринин колдорунда. Бул моделде өкмөт салыштырмалуу азыраак ролду ойнойт.

Ошондой болсо да азыркы убакта «таза рынок» экономикасы жок. Рыноктук экономикасы бар өлкөлөрдө көпчүлүк чечимдер рынок аркылуу аныкталганына карабастан, мамлекеттин ролу улам жогоруулоодо.

Рынок менен өкмөттүк күчтөрдүн мындай айкалышы жана мамлекеттин катышуусу биздин экономикалык системаны жана индустриясы өнүккөн көптөгөн башка өлкөлөрдүн экономикасын *аралаш, «конвергенттик» экономика* деп атоого мүмкүндүк берет. Аралаш экономикалык система, мурдагы рыноктук жана борборлошкон экономикалардын жакшы принциптерин өзүнө камтып, алардын табигый айкалышын камсыз кылат. Бул система негизги төрт принципке таянат: 1) эркин ишкердүүлүк; 2) эркин баа түзүү системасы; 3) эркин атаандаштык (конкуренция); 4) мамлекеттик тейлөө.

Мындай айкалыштыруу, рыноктук системанын жогорку үч принцибин *мамлекеттик тейлөө аркылуу кысымга алууга же алмаштырууга жол бербөө дегендикке жатат.* Демек, бул система экономикалык эркиндикти мамлекеттик тейлөө менен айкалыштырып, туруктуу экономикалык өнүгүүнү (кризистин таасирин төмөндөтүү менен) камсыз кылууга багытталган.

## § 2. Кыргызстандагы экономикалык системалардын өнүгүү этаптары.

### XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башындагы Кыргызстандын экономикасы *(салттык экономикалык система)*

Өзүнүн экономикалык өнүгүүсүндө Кыргызстан ар түркүн өзгөрүштөргө туш келди. Экономикалык системалардын салттык түрүнөн баштап борборлошкон пландоо экономикасына чейин жол басып өтүп, азыркы учурда аралаш (конвергенттик) экономиканы түзүүдө.

XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында Кыргызстанда экономиканын негизин мал-чарбачылыгы түзгөн. Алсак, Пишпек уездинин жергиликтүү калкынын 84,9%и, Каракол уездинин 80,7%и көчмөн мал чарбачылыгы менен кесиптенишкен. Ал эми Кыргызстандын

түштүгүндө мындай көрсөткүч бир аз төмөнүрөөк болгон. Мисалы, Ош жана Кокон уездеринде, кыргыздардын 65%инин негизги кесиби көчмөн жана жарым көчмөн мал чарбачылык болгон.

Ошол эле учурда кедей-кембагалдар дыйканчылык менен оокат кылып, отурукташа башташат. Дыйканчылыкта буудай, арпа, сулу, таруу ж.б. дан эгиндери эгилген. Ош тараптагы кыргыздар ошондой эле пахта, тамеки, күрүч жана жашылча, жер жемиштерин өздөштүрө башташкан.

1913-жылы Россиянын падыша өкмөтү жүргүзгөн каттоодо (к. Кошумча окууга тиркөө) Кыргызстанда 414 миң га сугат жерлери болуп, анын ичинде 22 миң га жерге пахта, 14 миң га картошка менен жашылча айдалган. Кыргызстандагы рынок мамилелеринин өнүгүшүнө байланыштуу айрым аймактарда дыйкандар жалаң эле өз муктаждыктары үчүн эмес, базарга сатуу үчүн да эгиндерди, жашылча-жемиштерди, мөмө дарактарды өстүрүп, бал аарыларын бага башташкан.

Кыргызстанда рынок мамилелеринин өркүндөшүнө көчүп келген орус, украин, өзбек, дунган калктарынын таасири зор болгон. 1891-жылы падыша өкмөтү тарабынан атайын «Талаа жобосу» иштелип чыккан. Ал боюнча кыргыздар көчүп-конуп жүргөн жерлердин баары мамлекеттик менчик делип эсептелген.

1916-жылдын башында Кыргызстанда 519 миң ири мүйүздүү мал, 2,5 млн кой, эчки, 708 миң жылкы жана 27 миң чочко болгон[1]. Келгин дыйкандар менен байланышуунун натыйжасында малды короолордо багуу, алар үчүн тоют даярдоо, ветеринариялык жол менен дарылоо, малдын тукумун жакшыртуу иштери жүргүзүлө баштаган. Кыргызстанда өнөр жайдын аз-аздан калыптанып өнүгө баштагандыгы байкалган. Мал чарба жана дыйканчылыктын продукцияларын үй шартында иштетүү күч алып, буюмдарды өзүлөрүнүн керектөөлөрү үчүн гана даярдабастан, сатууга даярдай баштаган.

[1] Салыштыргыла: 2009-жылдын башында 1223 миң ири мүйүздүү мал, 4,5 млн кой, эчки, 362 миң жылкы жана 63 миң чочко болгон.

**Кошумча окуу**

Кошумча окууга тиркеме.

Бул материалдар Санкт-Петербургдагы Салтыков-Щедрин атындагы китепканадан көчүрүлүп алынган. Мындай каттоолордун негизинде Орусия империясы салык салуу маселелерин чечкен.

Переселенческое управление
Министерства земледъля.
Матеріалы
по обслъдованію туземнаго и русскаго старожильческаго хозяйства и землепользованія
Въ семиръченской области,
собранные и разработанные подъ руководствомъ
П.П. Румянцева.
Томъ VII.
Пишпекскій уъездъ. – Киргизское хозяйство.
Выпускъ 1.
Таблицы.
Петроградъ.

1916.

Предисловіе.

Пишпекскій уъездъ былъ обслъедованъ по той же программе, что и другіе уъезды Семиръеченской области въ два пріема: въ 1912 г. были обследованы волости: Сусамырская, Качкинская, Каракечинская, Курмангожинская, Джумгальская, Кочкарская, Темирбулатовская, Тынаевская, Шамсинская, Булюкпаевская, Толкановская и Атекинская, въ 1913 г. остальныя волости.

Разработка собранныхъ матеріаловъ, вслъедствіе этого, могла быть произведена лишь въ 1913 и 1914 г.г. Обстоятельства военнаго времени замедлили окончаніе разработки и изданіе матеріаловъ.

Настоящій выпускъ содержитъ въ себе только таблицы. Выпускъ, содержащій текстъ, выйдетъ въ светъ отдельно.

Въ изследованій Пишиекскаго уъезда принимали участіе: въ качестве заведывающихъ отдельными отрядами – В.Ф. Измайловъ, Н.А. Полубояриновъ, Н.І. Дубенецкій, А.Ф. Яголковскій и въ качестве статистиковъ: Н.Н. Шмеманъ, А.А. Куклинъ, Н.А.Лебедевъ И.Н. Шнитниковъ, Ф.Д.Агаповъ, О.Джумабековъ, Е.М.Федоровъ, В.Э.Монтвидъ и др.

Завъедывающій статистическими работами
Переселенческаго Управленія П. Румянцевъ

XIX кылымдын аягында майда товардык кол өнөрчүлүк менен катар капиталисттик чакан жеке кайра иштетүүчү ишканалар пайда болгон. Аларга негизинен орус, украин, өзбек көпөстөрү ээлик кылышкан. Айрым тегирмендерге, май чыгаруучу чакан ишканаларга кыргыздар да ээ боло баштаган.

XIX кылымдын 90-жылдарында Кыргызстанда көмүр жана мунай кендерин изилдөө жана иштетүү жанданып, 1898-ж. Кыргызстандын тоо-кен өнөр жайынын башаты болгон Кызылкыя көмүр кени казыла баштаган. Көмүр, мунай кендери бөлөк чөлкөмдөрдө да ачылып, аз-аздан ишке киргизилген. Бирок өндүргүч күчтөрдүн жоктугу, алардагы эмгек шарттарынын татаалдыгы, төлөнгөн акынын аздыгы бул тармакты өнүктүрүүгө көп мүмкүндүк берген эмес.

1913-жылы Кыргызстанда өнөр жай ишканалары, жалданма жумушчулары бар майда мекемелерди кошкондо 569 га жеткен.

Кыргыздар адегенде Кокон хандыгына[1], кийин Орус мамлекетине салык төлөп турган. Салыктын өлчөмү түтүн башына 2 сом 75 тыйынды түзгөн. Андан сырткары жер мамлекеттик деп эсептелгендиктен, жайылган койдун туягынан 3 тыйын, жылкыдан – 30, төөдөн – 50 тыйын салык алынган.

Отурукташкан калк салыктын эки түрүн төлөгөн: хараж (эгин аянттарынан); танаптык (бак-дарак, мөмө-жемиш тигилген, жашылча өстүрүлгөн жерлерден). Хараж түшүмдүн 10% не барабар болуп, натуралай төлөнгөн. 1886-ж. танаптык салыкка киргизилген өзгөрүүлөр боюнча танаптык салык оброк салыгы делип аталып, жердин пайдаланылып же бош калгандыгына карабастан айдоо аянтынын бардыгынан салык алынган. Мындан тышкары чөп ооз, чыгым, журтчулук, союш, туяк пул сыяктуу жергиликтүү манаптар чогултуучу салыктар орун алган.

Салык саясаты элдин наразычылыгын абдан күчөткөн.

**1917-жылы Россиядагы революция Кыргызстанда да Совет бийлигин орнотууга алып келген.**

---

[1] Салыктар: түтүндүк-зыякет боз үйгө 1 кой; алал-зыякет 50 ири малдан 1 баш; дыйкандардан 3 кой алып турушкан. *Бартольд В.В.* Избранные произведения по истории кыргызов и Кыргызстана. Б.: 1996, 244. бет.

## Совет бийлигинин алгачкы жылдарындагы өнүгүү (1917–1940-ж.ж.)

Совет бийлигинин алгачкы жылдарында экономикада кыйла жылыш болгон. Совет бийлигинин «Жер жөнүндөгү» декрети кабыл алынып, ага ылайык бардык жерлер мамлекеттин менчиги делип жарыяланган.

Кыргызстанда айыл чарбасын коллективдештирүү көчмөн жана жарым көчмөн чарбаларды отурукташтыруу менен кошо бир мезгилде жүргүзүлгөн. Калкты отурукташтыруу Совет бийлигинин алгачкы жылдарында жүргүзүлгөн жер-суу реформаларынын жүрүшүндө эле башталып, 20-жылдардын аягында 42 миң чарба отурукташкан. Отурукташкандар үчүн 2,5 млн га айдоо жана жайыт аянттары бөлүнүп берилген. 4 жылда отурукташтырууга ошол мезгилдеги баа менен 34 млн сом жумшалган. Отурукташкан калк үй-жай менен негизинен камсыз болгон. Кыргыз элинин отурукташкан турмушка өтүшүнүн натыйжасында, Кыргызстанда туруктуу айыл-кыштактар, чарбалык борборлор пайда болгон. Аларда түрдүү агартуу мекемелери, мектептер, турмуш-тиричилик ишканалары курулган. Салттык экономикалык аң-сезим жаңы коомдук идеология менен алмаша баштаган.

Өлкөдө түзүлгөн комиссия, кийин *Мамлекеттик пландоо комиссиясы* (мамплан) деп аталып, экономикалык иштерди тейлей баштаган. Статистика бюросунун маалыматы боюнча *1924-жылы калктын саны 828,3 миң адамды* түзүп, анын 63,5 %ин кыргыздар, 16,8%ин орустар, 15,4%ин өзбектер, 4,3% башка улуттар түзгөн.

Кыргызстандын экономикасы бул жылдары агрардык мүнөздө кала берген. 1926-жылы республиканын эл чарбасынын дүң продукциясында өнөр жайы 2,3%ин, ал эми 97,7%ин айыл чарбасы түзгөн.

1929-жылы, жалпы союздук пландын негизинде, Республиканын Мамлекеттик пландоо комиссиясын түзгөн **биринчи беш жылдык план** кабыл алынган. Бул планды аткарууда Кыргызстанда 41 жаңы өнөр жай ишканасы ишке киргизилип, өнөр жайдын дүң продукциясы 3,5 эсеге өскөн. Бул тармактын эл чарбасындагы үлүшү 23,5%ке чейин көтөрүлгөн.

Ал эми 1935-жылы эл чарбасын өнүктүрүүнүн *экинчи беш жылдык планы* кабыл алынган. Пландын негизги максаты өнөр жайын өркүндөтүү эле. Анда жаңы технологияларды өздөштүрүүгө өзгөчө көңүл бурулган. Пландын ийгиликтүү аткарылышына байланыштуу

1940-жылы өнөр жайдын үлүшү 50,3%ке жеткен. Анын ичинен өзгөчө оор өнөр жайы, түстүү металл, машина куруу, курулуш материалдарын, электр энергиясын өндүрүү тармактары өнүккөн.

Өлкөдө отурукташкан элдин үлүшү жогорку деңгээлге жетишип, өнөр жайы жакшы өнүккөнгө байланыштуу ар түрдүү агартуу мекемелери, мектептер, турмуш-тиричилик ишканалары кеңири курула баштаган.

Кыргызстандагы болгон өзгөрүштөр, анын *борборлошкон пландоо экономикасына* толук өтүп жаткандыгын баяндай баштады.

Тилекке каршы 1941-жылдын июнь айында Германия СССРге согуш жарыялады.

## Согуш жылдарындагы Кыргызстандын экономикасы (1941–1945-ж.ж.).

Согуштун башталышында СССРдин экономикасы өнүккөн маанилүү региондорун фашисттик Германиянын басып алышы абалды өтө оордоткон. Совет өкмөтү фронттун муктаждыктарын канааттандыруу үчүн өлкөнүн четтеги республикаларын тез арада согуштук өнөр жай арсеналдарына айландыруу милдетин койгон. Бул боюнча атайын программа иштелип чыккан. Ошентип Кыргызстандын өнөр жайы согуштун керектүү деген продукцияларын өндүрүүнү камсыздай баштады. Республиканын аймагына Союздук өкмөттүн чечимине жараша 1941-жылы 28, 1942-жылы 38 ири өнөр жай ишканалары шашылыш көчүрүлгөн. Ал ишканалардын 90%и Чүй өрөөнүнө, 10%и Ош, Жалалабат жана Ысыккөл областтарына жайгаштырылган.

Өнөр жай ишканаларынын талабы өтө тез өскөндүктөн электр энергиясы жетишсиздик кылган. Ошого байланыштуу Лебединовка ГЭСи 1942-жылы ишке киргизилет. Ошондой эле Кыргызстанга көмүр өндүрүүнү кескин түрдө көбөйтүү милдети жүктөлүп, Кызыл-Кыя, Сүлүктү, Көкжаңгак, Ташкөмүр кенчилери «Кыргыз Көмүр» трестине бириктирилет. Көмүр өндүрүү кескин көбөйтүлөт.

Кыргызстандын эл чарбасында өнөр жайынын үлүшү 1940-жылы 50,2%тен, 1945-жылы 67,5%ке өскөн. 1943-жылы Кант-Рыбачье темир жолу курула баштаган. Телефон байланышы жакшырган.

Айыл чарбасы фронт үчүн өзгөчө зор кызмат жасаган. Айылда калган жаш балдар, кары-картаңдар күндүр-түндүр фронт үчүн эмгектенишип, болуп көрбөгөндөй кужурмөндүүлүктү көрсөтүшкөн.

Жогорку түшүм алууда Сокулук районунан З.Кайназарова, К.Шопокова, Чүй районунан А.Жолдошбаева, Сузак районунан И.Исмаилова ж.б. жетектеген звенолор өзгөчө айырмаланышкан. Ошол жылдардын катаал көрүнүшүн башынан өткөргөн адамдын, мыкты эл башкарган жетекчилердин эскерген эскермесинен силер кошумча окуу катары берилген, китептен алынган үзүндүдөн окуп көргүлөчү (кара 31- бет).

Айыл чарбасынын дүң жыйымы 1940–1945-жылдардын ичинде 76%ке, анын ичинде мал чарба продукциясы 71%ке төмөндөгөн. Айыл чарба эмгекчилери согуштун жеңиш менен бүтүшүнө арнап өздөрүнүн бардык мүмкүнчүлүктөрүн аябастан зор кайратмандыкты көрсөтүшкөн. Элдин кандай шартта иштеп, эмне деген кыйынчылыктарды башынан өткөрүп, согушта жүргөн уул-кыздарын кантип жөлөп-таяганын силер улуу адамдардан, ата-энелериңерден сурап билгиле, кошумча окууга берилген материалдан улам жыйынтыктап көргүлө.

**Кошумча окуу**

Китептен үзүндү.

«Мусакожо (Бабалар баяны). – Б., 2004, 217–220-беттери».

Молдокемдин арбагына арнаймын

1944-жылдын 29-апрель күнү, эрте мененки саат 10. Мен, Буйлашов, Ткаченко үчөөбүз район боюнча малдын отчетун алып жатканбыз. Тянь-Шань обкомунун 2-секретары Мамыров отчет үстүндө отурат.

Жок, аңгыча болбой «Базар-Турук» колхозунун башкармасы Бектур уулу Мусакожо, «Түгөл-Сай» колхозунун башкармасы Алапай уулу Кадыр экөө ээрчише, кирип келишти.

Буйлашов Сабыраалы: «Жолдоштор, отчет кезек менен алынат. Кезек күткүлө» – деди. Кадыр учурашкандан кийин токтобой чыгып кетти. Молдокем (Мусакожо) жай басып, Мамыровду карай келди.

Мамыров: «Жолдош Бектуров, сөзүңүз бар беле?» – деди.

Анда Молдокем:

– Улуксаат берсеңиз, бар эле – деди.

– Отур, отуруңуз – деп столду көрсөттү.

– Кана, сөзүңүздү айтыңыз.

– Мен тейлеген колхоз чакан, өтө артта калган колхоз. Ушул азыр кампада бир да центнер буудай үрөөнү жок, кош айдоого саналуу күндөр калды. Кош айдай турган унаа күчү жетишсиз, арык-торук. Соко-шайман жетишпейт. Ошондуктан элимдин, колхоздун атынан көптөн көп сураарым: Заготзернодон карыз 200 центнер буудай үрөөнүн алууга жардам берсеңиз. «Кызарт», «Жаңы-Арык», «Кара-Чий», «Кызыл-Эмгек», «Кызыл-Жар» деген колхоздорго караганда бизде кош беш күн кийин чыгат. Мен тейлеген колхоз ошол «Кызыл-Жардан» 100 гектар жер айдайт. Сизден сураарым: Ошол жогорку колхоздорго берүүчү тракторлорду 3 күнгө токтотуп, бизге берүүгө жардам берсеңиз – деди.

Мамыров мага карап:

– Чакырчы, Дүненбаевди (райкомдун 1-секретары!).

Дүненбаев кирип келгенде: «Бул кишини тааныйсызбы?» – деди.

– Тааныймын. Биздин аксакал башкарма. Таланттуу, уюштуруучу, иш үчүн жанын таштаган адам.

– Анда эмесе, Дүйшеевден (Заготзернонун башчысы) 200 центнер карыз үрөндүк буудай алып бер, «Жаңы-Арык» сельсоветине бара турган тракторлорду 3 күнгө токтотуп бер. «Кызыл-Жардагы» 100 гектар жерин айдатып алсын.

Тапшырма аткарылды.

Молдокем (Мусакожо) кыйналганына карабай, күн-түн уйкусунан кечип, бардык эгинин 2-сугаттан текши өткөрдү. Күзүндө эмгеги кайтып, буудайдын ар гектарынан 20 центнерден, арпанын ар гектарынан 20–25 центнерден түшүм алып, районго рекорд койду. Колхоз ар бир чогулуш, жыйындарда мактоого алына баштады. Ошол жылы кыш айында мамлекетке буудай төгүү компаниясы кызуу жүрүп жаткан. «Базар-Турук» колхозу биринчи болуп, 200 центнер буудайды мамлекеттин кампасына төгүп берди. Ар бир эмгек күнгө 2,5 кгдан эгин таратууга жетишти. Келээрки жылга үрөн ашыгы менен топтолду. Мал семиз чыкты. Өлүм жокко эсе болду. Эки жылдын ичинде «Базар-Турук» колхозу район боюнча 1-орунду ээледи.

Арноо, сый сөздөр Молдокемдин (Мусакожонун) адресине көп-көп айтылды.

Молдокем адамгерчиликтүү, акылдуу, чебер, адилеттүү, сыпаа, ажат ачкыч, боорукер, сезгич, баамчыл, билгич, сергек адам болгон. Адамдык касиетин таза сактаган, чынчыл, уюштургуч, иш дегенде жанын таштап койгон, күн-түн дебей уйкусунан кечкен айкөл адам болгон.

Молдокем насаатчыл, нускалуу, өткөн-кеткенди, элдин тарых-таржымалын мыкты билген даанышман адам болгон. Мен Молдокемден көп нерселерди үйрөндүм. Молдокем кайда гана болбосун акылын айтып, бүтпөй жаткан ишке жардамын аячу эмес.

Молдокемдин жаркын элеси, аталык мээрими эч убакта оюман, көз алдыман кетпейт.

Ушул бир аз билгенимди Молдокемдин (Мусакожонун) арбагына арнаймын.

*Молдокожо уулу Бузурманкул*
*27-08-1994-жыл.*

**Кыргызстандын борборлошкон пландоо экономикасы 1946–1990-ж.ж.**

Кыргызстан 1946–1950-жылдарда эл чарбасын калыбына келтирүүнүн жана өнүктүрүүнүн беш жылдык планын кабыл алган. Аны аткаруу менен алтымышынчы жылдарда жалпысынан республика жана өз-өзүнчө региондор боюнча райондук пландаштыруунун техникалык-экономикалык негиздерин иштеп чыгууну баштаган. Бул өлкөнүн өндүргүч күчтөрүн узак мөөнөттүү мезгилде өнүктүрүүнүн жана жайгаштыруунун келечектеги схемаларынын алгачкы көрүнүшү эле. Мампландын жетекчилиги менен ошол мезгилге мүнөздүү өнөр жай түйүндөрүн калыптандыруу жолдору иштелип чыгып, ишканалардын натыйжалуу иштеши экономикалык жактан негизделген. Микроэкономикалык деңгээлдеги объектилердин иштешине баа берүүнүн методдору таанылып, ошондой эле узак мөөнөттүү макроэкономикалык болжолдоолорду иштеп чыгуунун методологиясы, структурасы, методдору, жолдору калыптанган. Бул республиканын экономикасын таанып-билүүнүн, анын өнүгүшүнүн стратегиясын аныктоонун пайдалуу, ачык-айкын практикалык мектеби болгон.

Мампланда ишти уюштуруу жана иш методдору, экономикалык жана социалдык өнүгүүнүн, өндүргүч күчтөрдү Кыргызстандын ай-

магында жайгаштыруунун пландарын кеңири талкуулоону жана республиканын жергиликтүү бийлик органдары, эң көрүнүктүү окумуштуулар жана адистер менен биргелешип иштеп чыгууну камтыган, демократиялык централизимдин принциптерине негизделген. Ошол кезде райондордун тиешелүү экономикалык-географиялык абалдарын, жаратылыш, сырье, энергетика, эмгек ресурстарынын болушун, экономикалык потенциалынын өнүгүү деңгээлин жана тиешелүү инфраструктураны эске алган өнүгүүнүн артыкчылыктуу багыттары аныкталган. Өнүгүүнүн көрсөткүчтөрүн таблицадан карагыла.

*Таблица*

**Кыргызстандын экономикасынын өнүгүүсү**

*(1956–1990-ж.ж. процент менен)*

| Улуттук кирешенин өсүү темпи | | | | Ички дүң продукциянын өсүү темпи | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1960-ж. 1956-ж-га | 1965-ж. 1960-ж-га | 1970-ж. 1965-ж-га | 1975-ж. 1970-ж-га | 1980-ж. 1975-ж-га | 1985-ж. 1980-ж-га | 1990-ж. 1985-ж-га |
| 132,7 | 150,2 | 144,8 | 125,6 | 122,8 | 123,3 | 130,6 |

Экономиканын индустриялык секторун өнүктүрүүдө, эң өндүрүмдүү энергетиканы, жеңил жана тамак-аш өнөр жайын балансылаштырылган, комплекстүү өнүктүрүлгөн өндүрүштүк социалдык секторлорду түзүүдө ата мекендик *экономика илими* зор ролду ойноду.

Тилекке каршы бул жылдары экономиканы *интенсивдүү* жол менен өстүрүүгө анча көңүл бурулбай, ал мурдагыдай эле **экстенсивдүү** мүнөздө өнүккөн. Натыйжада өндүрүштүн өсүшү кошумча объектилерди ишке киргизүүнүн натыйжасында көбүрөөк камсыз болгон.

Мамлекеттик эксперттик комиссия республиканын окумуштууларынын, адистердин жана өлкөнүн алдыңкы институттарынын терең негизделген илимий иштеп чыгууларына таянып, гидроэнергетика түйүнүн курууну максатка ылайыктуу деп тапты. Бул өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшүн кыйла даражада аныктаган республиканын чоң жеңиши болгон эле. Токтогул суу-энергетика комплексин куруу процессинде ушул сейрек кездеше турган объектини жана башка станцияларды тынымсыз ырааттуу куруунун алдыңкы технологиялары өздөштүрүлдү, Нарын дарыясынын суу ресурстарын комплекстүү пайдаланууну камсыз кылуучу жаңы ГЭСтерди куруу боюнча илимий изилдөөлөр жана практикалык чаралар ишке ашырылды.

Ушул эле мезгилде гидроэнергетика комплексинин Төмөнкү-Нарын каскадына кирген Күрпсай, Ташкөмүр, Шамалдысай сыяктуу ГЭСтерди куруу ишке ашырылды.

Нарын дарыясынын күч-кубатын кеңири пайдалануу – республиканын келечектеги экономикасы үчүн зор мааниге ээ болот, анын унутулуп калышы болбойт, бул долбоорду жүзөгө ашыруу боюнча сунуштарды жаңы аралашма экономикасынын шартында энергетиканын иштеп турушунун өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен иштеп чыгуу, изилдөө иштерин уланта берүү зарыл.

**Айыл чарбасын рынок мамилелерине өткөрүү аракети**. 1986–90-ж.ж. республикада экономиканын маанилүү тармагы болгон айыл чарбасын реформалоо үчүн жерди арендага берүү, жерге карата менчик жана жерди пайдалануу жөнүндө мыйзамдар кабыл алынган.

Колхоз, совхоздор менен катар эле дыйкан чарбалары, кооперация, фермердик чарбалар пайда болуп, өздөрүнүн ишмердигин чарбалык эсептин, өзүн-өзү каржылоонун тартибинде жүргүзгөн. Продукция өндүрүүдө жана сатууда булардын ортосунда конкуренция пайда боло баштаган.

Бирок административдик-буйрукчул системанын шартында иштөөгө көнгөн эл өз алдынча чарба күтүүдөн чочулаган, чарба жетекчилери болсо арендалык бөлүктөргө ишенген эмес, планды аткаруу үчүн чарбаларды бөлбөй кармоого аракеттенишкен.

## Кыргызстандын эгемендүүлүккө ээ болгондон кийинки жаңы экономикалык системада өнүгүүсү

Кыргызстанда жаңы экономикалык системага өтүү боюнча Мыйзам 1991-ж. 7-августта кабыл алынып, анда мамлекеттик жана коммуналдык ишканаларды арендалык, мамлекеттик-акционердик жана коммерциялык коомдорго айландыруунун жолдору аныкталган.

Жаңы шартта экономиканын мааниси, принциптери жана мамлекеттик-экономикалык саясаттын багыттары түп тамырынан бери өзгөрүлүп, жаңырып кетти.

Кыргызстандын экономикасынын мурдагы чарбалык комплексинин кыйрашы жана жаңы экономикалык системага өтүшү менен байланышкан терең кризис өндүрүштүн көлөмдөрүнүн кескин төмөндөшүн пайда кылды. Бул ички дүң продукциянын (ИДПнын), өнөр

жайынын жана айыл чарбасынын дүң продуктусунун (ДП) көрсөткүчтөрүнөн көрүндү.

1992, 1993 жана 1994-жылдарда өндүрүштүн алда канчалык төмөндөп кеткендиги байкалган. Анын үстүнө төмөндөөнүн эң чоң ыкчамдашы 1995-жылга туура келген, ИДПнын көлөмү *1990-жылдагы деңгээлдин 50,3* гана процентин, өнөр жайынын ДПсы – 35% жана айыл чарбасынын ДПсы – 57% түзгөн. Бирок 1995-жылы эле ИДП бир азыраак башкача тенденцияны көрсөттү.

*Экономикалык реформаларды жүргүзүүнүн биринчи этабында товардык-рынок мамилелерин өнүктүрүү үчүн жалпы шарт түзүү зор милдети чечилди.* Жеке менчик жана ишкердик эркиндиги киргизилди. Мамлекеттик жана колхоздук ишканалардын монополиясы жоюлду. Өзүнчө жеке, акционердик, биргелешкен жана чет өлкөлүк ишканалар, дыйкан менен фермер чарбалары, айыл чарба кооперативдери, дыйкан ассоциациялары жана башка чарбачылыктын жаңы түрлөрү, кеңири атаандаштык чөйрөсүн түзүү боюнча иштер жасалды. Эки деңгээлдеги кредиттик-банк системасы ишке киргизилди. Баалар базардагыдай эркин кое берилди.

Эми суроо-талап жана сунуштоо – деген экономикалык күчтөрдүн негизинде мамлекеттик жаңы экономикалык саясаттардын, экономикалык системанын жаңы түрү – аралаш (конвергенттик) экономиканын принциптери, жаңы коомдун маанисин, маңызын түзө баштады.

Ошону менен бирге экономикалык системаны өзгөртүүдө Кыргызстан чоң катачылыктарды кетиргендигин белгилебей коюшка болбойт.

Өзгөчө белгилей турган нерсе – жерди жеке менчикке айландырып, айыл чарбасында негизинен майдаланган натуралдык дыйкан чарбаларынын түзүлүшү. Натуралдык майда чарбалар өндүрүштө жогорку деңгээлдеги агротехникалык чараларды, айыл чарба техникаларын, селекциялык жаңы сорттогу үрөөндүк иштерди жүргүзүүгө тоскоолдук болуп калды.

Азык-түлүк комплексин мамлекеттик тейлөөдөн баш тартуу, айыл чарбасына мамлекеттик субсидиялардын аз көлөмдө берилиши жана азык-түлүккө болгон бааларды тейлөө иштеринин жоктугу өлкөнүн коопсуздугуна шек келтире баштады.

Мындай ахвал өлкөдө индикативдик пландоонун, мамлекеттик тейлөөнүн зарылдыгын көрсөтө баштады.

## § 3. Экономикалык системанын агенттери: үй чарбасы, фирмалар жана өкмөт. Алардын өз ара катнашы


Бардык жеке керектөөчүлөрдүн өздөрүнүн үй чарбасы (чакан бизнеси) бар. Демек, «керектөөчү үй чарба» деген түшүнүк Кыргыз Республикасында жашоочу ар бир адамга тиешелүү (5-сүрөт).

Биз өзүбүздүн экономикалык турмушубузда буюмдарды сатып алууга акча жумшайбыз. Биз эмгегибиз менен ишкердүү фирмалардын **өндүрүш факторлорун** түзүүгө катышабыз. Ал эми ар кандай төлөөлөр (**эмгек акы**, пайда, рента, пайыз) биздин эмгегибизди ошондой эле биздин буюмдарыбызды фирмалар өндүрүш факторлору катары пайдалангандыгы үчүн бизге төлөгөн акы, киреше.


**Төмөнкү сүрөттө** өндүрүш факторлору товарларды чыгарууда жана кызмат көрсөтүүлөрдө үй чарбасынан фирмаларга өтөөрүн көрсөтүп турат. Ал эми башка багытта өндүрүш факторлору үчүн төлөө катары акча фирмалардан үй чарбаларына эмгек акы катары кирип жатат. Бул каражат керектөөчүлөрдүн товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуусун камсыз кылат.

Азыр **6-сүрөттөн** «Мамлекет» деп аталуучу базар катышуучусун карап көрөлүчү. Мамлекет ушул айланууга кошулса эмне болор экен? Чиймеден көрүнүп тургандай, экономиканын үчүнчү зарыл сектору – мамлекет тарабынан да үй чарбаларына кызмат көрсөтүүлөрдүн агымы кирип жаткандыгы байкалат. Алар мамлекеттин ар кандай иштерин жасап берип, ал үчүн эмгек акы алышат. Кайра айланууну, мамлекет өзүнүн жарандарына берүүчү кызмат көрсөтүүсүн салык менен жабат. Мамлекет өзү тараптан өзүнүн кызматкерлерине эмгек акыны өзү төлөйт.


Акчанын жана экономикалык ресурстардын ушундай эле агымдары мамлекет менен ишкер фирмалардын ортосунда да жүрүп турат. Айлануунун ичинде товарлар аны чыгаруучулардан мамлекетке жана кызмат көрсөтүүлөрдүн агымы мамлекеттен кайра товар чыгаруучуларга өтө турганын көрөбүз. **Үч – сүрөттү** кароо менен биз жалпы экономикада өз ара тыгыз байланышта болгон үч сектордун (үй чарбаларынын, мамлекет жана фирмалардын) ортосундагы тегеренип айлануулардын агымдарын көрөбүз.




*Сүрөт.* Кыргыз экономикасында үй чарбалары менен фирмалардын ортосундагы катнаштар




*Сүрөт.* Кыргыз экономикасында мамлекет менен үй чарбаларынын жана мамлекет менен фирмалардын ортосундагы катнаштар




*Сүрөт.* Кыргыз экономикасында мамлекет, үй чарбаларынын жана фирмалардын ортосундагы экономикалык катнаштар

Өлкөдө бир жылдын ичинде чыгарылган товарлар менен кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы *улуттук дүң продукт (УДП)* деп аталат. Жогорку чиймелерден биз көргөн товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр УДПны эсептеп чыгарыш үчүн да керектүү. Статистика тармагындагы эксперттер экономиканын бардык секторлорунун даяр буюмдарды сатып алууга сарптаган чыгымдарын кошушат. Бул ички дүң продуктуну (ИДП) түзөт. Экономисттер болсо УДПга тышкы соода калдыгын – экспорт менен импорттун айырмасын (сальдону) төртүнчү элемент кылып кошушат. Жүз жылдар бою төртүнчү кошулма салыштырмалуу анчалык көп деле салмак берчү эмес. Ал эми бүгүнкү күндө анын мааниси артууда. Тышкы сооданын тескери калдыгы (сальдо) маселесин кененирээк «Тышкы соода» жана «Фискалдык саясат» темаларында карайбыз.

Улуттук дүң продуктуну (УДП) төмөнкү математикалык формула аркылуу көрсөтсө болот:

**УДП+С+И+Ч**

**С** – үй чарбаларынын керектөөсүнүн чыгымдары

**И** – фирмалардын инвестициялары

**Ч** – товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга жумшаган мамлекеттик чыгымдар.

## § 4. Кыргызстандын экономикалык системасы жана анын максаты

Кыргызстандын экономикалык системасынын максаты кайсылар?

Жогоруда айтылгандай биздин өлкөнүн экономикалык **системасын аралаш, «конвергенттик» экономика** деп атайбыз.

Экономикалык системаны окуп үйрөнүүнүн эки жагы бар. Бир жагы – колдогу даяр буюмдарды бөлүштүрүү менен байланыштуу. Мисалы, бизден сурашы мүмкүн: өлкөдө чыгарылган товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы кандай, жүгүртүүдөгү акчанын көлөмүнүн чоңдугу кандай?

Экинчи жагы – чектелген мүмкүнчүлүктү эске алып, өлкө кандай максатты тандап алыш керек, андан кийин ошол максатка жетүү үчүн кандай саясатты иштеп чыгышы керек. Бул шартта мамлекеттин экономикалык саясаты кандай болуш керек? – деген суроо көп пикирлүү,

талаш-тартыштуу болуп эсептелет. Айтсак, эл кээ бир максаттарга жетишүүнүн жолдоруна тез эле макул боло койбойт. Мисалы:

• начар жашаган кедей-кембагалдарга жардам берүүгө мамлекеттин чыгымы өсүшү керекпи, же жеке менчиктүү агенттер бул жардамдын көпчүлүк бөлүгүн өзүнө алышы керекпи?

• улуттук өнөр жайдын кээ бир тармактарын коргоо үчүн тарифтердин (импорт салыгы) өсүшү керекпи?

Мындай экономикалык суроолорго элдин жооп берүүсү, алардын жеке максаттарына жараша болот. Коомдун да өзүнө ылайык максаттары болуп, аларга жетүүгө аракет жасайт. Ушундай карама-каршылыктарга карабастан кыргызстандыктардын көпчүлүгү төмөнкүдө белгиленген максаттарды кабыл алат деп эсептейли. Алар менен таанышкыла, балким силер дагы башка максаттарды кошумчалооңор мүмкүн. Демек, биздин экономикалык системанын максаттары:

• **Элди жумуш менен толук камсыз кылуу**. Жөндөмдүүлүгүнө карата, каалаган жана иштей ала турган ар бир адамга иш болуш керек.

• **Экономикалык өсүш**. Товарларды (сатууга арналган буюмдар) чыгарууну жана кызмат көрсөтүүлөрдү көбөйтүү. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр канчалык көп болсо жашоонун деңгээли ошончолук жогору болот.

• **Баанын туруктуулугу**. Бизде баалардын бардык түрү тез өскөн күндөр болгон (1992–1993-жылдары). Инфляциянын мындай көрүнүштөрү өнөр жайдын көп тармактарына тескери таасирин тийгизген. Баанын туруктуулугу экономиканын калыптанып, андан соң өсүшүнө алып келет.

• **Экономикалык эркиндик**. Биз кантип эмгек акы табабыз жана акчаны каякка сарп кылабыз – буларды тандоодо жогорку даражадагы эркиндикке жетишибиз керек. Кыргызстанда адам акчаны кантип табат жана каякка жумшайт, ал – өз иши. Демек, тандап алуу эркиндиги жогору.

• **Экономикалык коопсуздук**. Коомдо майыптар, улгайган адамдар бар. Алар өздөрүнүн жашоосун камсыз кыла алышпайт. Демек экономикалык коопсуздук деген кимде-ким толук өзүн-өзү камсыз кыла албаса, анда алар жардам алыш керек дегенди билдирет. Мындан сырткары мамлекеттин жалпы экономикалык коопсуздугун да камсыз кылуу керек.

• **Теңдүүлүк**. Бул түшүнүктү экономикага колдонгондо, коом өзүнүн мүчөлөрүнө бирдей, тең мүмкүнчүлүктөрдүн иш жүзүнө ашырылышына шарт түзүп бериши зарыл дегенди түшүндүрөт.

• **Натыйжалуулук** – бул коюлган максаттарга жетүүдөгү сарпталган чыгымдарыбыздын өлчөмү. Экономикалык натыйжалуулук жалпы улуттук максат катары, бардык экономикалык чектелген ресурстардан көбүрөөк натыйжа алуу жөндөмдүүлүгүн билдирет.

## § 5. Кыргызстандын экономикалык системасынын негизги принциптери

*1. Экономикалык эркиндик жана эркин ишкердүүлүк*

Эркин ишкердүүлүк системасы башка экономикалык системалардан өзгөчөлөнүп, өзүнүн салты жана калыптанган жүрүш-турушу менен айырмаланып турат. Азыркы кыргыз экономикалык системасы да ушундай мүнөздө болгондуктан үч түркүккө таянат. Алар: жеке менчик, эркин баа түзүү системасы жана атаандаштык (конкуренция) болуп эсептелет.



Дыйкан чарбасы

**Жеке менчик.** Башка элдердей эле, Кыргызстанда менчикти мамлекеттен ажыратуу жана жеке ээликке берүү (приватташтыруу) иштери негизинен 1991–2000-жж. өткөрүлдү. Эми биздин өлкөдө, киреше алыш үчүн менчикке ээлик кылуу, пайдалануу, тескөө мүмкүнчүлүгү бар. Кыргызстанда товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр негизинен жеке менчикке тиешелүү фирмаларда өндүрүлөт. Менчик ээлери табигый ресурстарды жана капиталды жогорку деңгээлде натыйжалуу пайдаланууга тырышышат. Эмне үчүн? Анткени алар пайда алыш үчүн, керектөөчүлөр каалаган жана баасы аларга туура келген товарды гана өндүрүш керек экендигин билишет.

*2. Эркин баа түзүү системасы*

Кыргыз экономика системасы азыркы учурда өзүнөн-өзү эле өнүгүп жаткандай ой туулат. Бул системада *эмне?, кантип?, ким?* – деген суроолорго жооп берүүчү борборлоштурулган атайын уюм жок. Ошондой болсо дагы бул суроолор жоопсуз калбайт. Баа азыркы

заманда бардыгын аныктоодо. Биз эмнени каалайбыз жана эмнени сатып ала алабыз, окууну улантабызбы же улантпай эле иш таап иштейбизби, жеке ишкананы качан жана кайсы жерге курса болот, кандай бизнес жасоо ылайыктуу, ал эми кандай бизнес ылайыксыз, же пайда бербейт?. Ушунун бардыгын баа өзү эле аныктайт. Мындай мүмкүнчүлүк 1992-жылдын январынан тартып республиканын Өкмөтү бааны боштондукка кое бергенден кийин гана пайда болду. Буюмдардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн наркынын акчалай түрү – **баа**. Ал өзүнө көп маалыматтарды камтыйт жана сатып алуучулар менен сатуучулардын карым-катнаштарына, жүрүш-турушуна катуу таасир берүүчү социалдык-экономикалык механизм. Бул баарыбызга эми түшүнүктүү болбодубу. Ошондуктан азыр экономисттер кыргыз экономикасын **баа башкаруучу система** деп аташат. Баа түзүү системасы фундаменталдуу суроолорго дагы жооп берет. Атап айтканда, товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн ичинен эмнени өндүрүү керек же болбосо эмнени сырттан алып келүү керек? Ошол товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр кандайча өндүрүлүшү, аткарылышы мүмкүн, же сырттан алынып келиниши керекпи? Ким аларды сатып ала алат же пайдаланат? – деген суроолорго баа гана канааттандырарлык жооп кайтарат.

**Эркин баа түзүү системасы Эмне?** – деген суроого кандай жооп берет. Эгер адамдар, керектөөчүлөр көп сандагы буюмдарды сатып алууну каалашса, баанын кымбаттыгына карабай төлөп, керектөөгө дапдаяр. Баа кымбаттаса жаңы өндүрүүчүлөрдү пайда кылат. Өндүрүштүн өсүшү менен, алар кошумча жумушчу күчүн жалдоого мажбур. Бул болсо эмгек акынын өсүшүнө алып келет. Эгерде өндүрүлгөн продукцияга суроо-талап төмөндөсө, анда тескерисинче болот. Баалар төмөндөсө, өндүрүүчүлөрдүн пайда алууга жөндөмү азайат. Өз ишканаларын жабууга чейин барышат. Же болбосо башка продукт өндүрүүгө өтүшөт. Мында өндүрүш керектөөчүлөрдүн суроо-талабына жараша кыскарат.

**Баа түзүү системасы Кандай?** – деген суроого кантип жооп берет. Эркин бааны түзүү системасы товар өндүрүүчүлөрдүн, товарды аз чыгым менен өндүрүп кымбатыраак сатып, көбүрөөк пайда алуусуна жардам берет. Мисалы, Ерлан гезиттерди жеткирүү кызмат көрсөтүүсүнө ээлик кылат. Ал мектепке окууга барганга чейин жана окуудан кийин велосипед менен гезиттерди таратуучу 10–15 мектеп

окуучуларын жалдайт дейлик. Кийин Ерлан эсептеп көрсө, гезиттерди таратууга 10–15 мектеп окуучуларына караганда, автоунаасы менен бир агент жалдоо арзан экен. Ерлан мектеп окуучуларын иштен чыгарып, автоунаасы бар чоң кишини жалдайт.

**Баа түзүү системасы Ким?** – деген суроого кандай жооп берет. Негизинен бул базар, суроо-талап, эмгек наркы. Жогорку билими бар адамдар акчаны көбүрөөк табышат. Мисалга алганда, врачтар, стенографист менен нөөмөтчүдөн көп акча алышат.

Ошентип, врачтар жана орто билими бар адамдар айлыгынын көптүгүнө байланыштуу, эмгек акысы аз башкаларга караганда товарларды көбүрөөк сатып алуу жана кызмат көрсөтүүлөрдү көбүрөөк пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Демек, элдин аткарып жаткан ишин баалоо менен, баа түзүү системасы **ким**? деген суроого жооп берет. Жашоодо да базардагыдай эле соода жүрөт.

*3. Эркин атаандаштык (конкуренция)*

**Атаандаштык** – сатуучулар ортосундагы, керектөөчүлөр ортосундагы эң пайдалуу, үнөмдүү шарттар үчүн күрөш, атаандаштыкты түшүндүрөт. Сатуучулар керектөөчүлөргө өз буюмдарын төмөнкү баа менен өткөрүү үчүн атаандашышат. Сатуучулар бааны төмөндөтүү менен керектөөчүлөрдү өзүнө тартпаса, анда товарларын өткөрө алышпайт. Демек, күйүп кетишет. Ушундай атаандашуучулук биздин бардыгыбызга пайдалуу. Эмне үчүн?

Анын эки себеби бар. **Биринчиден**, бул бизге пайдалуу, себеби биз кайсы товарларды керектөөнү каалаганыбызды жана алар кайсы жерде бизге керек экендигин сатуучулар эске алышат. Эгерде алар керектөөчүлөрдүн суроо-талабын канааттандырбаса, анда аны атаандашкан башка бирөөлөр канаттандырарын товар сатуучулар жакшы билишет.

**Экинчиден**, бул бизге пайдалуу, себеби өндүрүүчүлөр жана кызматчылар аргасыздан дайыма натыйжалуу иштөөгө тырышышат. Натыйжасы ресурстар үнөмдөлөт, өндүрүштүн көлөмү көбөйөт жана алардын наркынын төмөндөшү аркылуу элдин жашоо деңгээли жогорулайт.

Сатып алуучулар дагы өз ара атаандашуу күрөш абалында болушат. Алардын байыраагы сулп эт сатып алат. Ким жардыраак болсо – шорпого ылайыктуу сөөктүн этин гана сатып алат. Башкача айтканда, кымбат баалуу сулп эт албаган сатып алуучу, эттин кесиндиси үчүн күрөштө утулат.

Сизге коңшулаш дүкөндөрдүн ээлери өз ара кандай атаандаштыкта болушат? Сиз ушундан өзүңүздүн пайдаңызды аныктай аласызбы?

**Пайданын жана башка экономикалык стимулдардын ролу**. Эгерде биз жеке менчикти, эркин баа түзүү системасын, атаандаштыкты эркин ишкердүүлүк системасынын пайдубалы катары эсептесек, анда пайда жана башка экономикалык демилгелер же стимулдар, аларды бири-бирине бекем жабыштырган цемент катары кабылданышы керек.

**Экономикалык стимулдардын ролу**. Экономикалык стимулдар эмнени жана аны каяктан сатып алуу керек деген чечимдерибизге түздөн-түз таасирин тийгизишет.

Мисалы:

– Эгерде жолго кеткен убакытына жана акчасына карабай жакшы, сапаттуу буюмдарды сатып ала алса, керектөөчүлөр шаардын бир четинен экинчи четине барышат (айталы Ош базарына).

– Эгерде ишке тартуунун санын көбөйткүсү келсе, же болбосо квалификациялуу же билимдүүрөк жумушчу күчтү тарткысы келсе, иш берүүчүлөр эмгек акыны жогорулатат, же болбосо эмгек шартын жакшыртат.

– Эгерде пайдасы жогору болсо, акчанын ээлери акчаларын бир банктан экинчи банкка которууга даяр.

– Ишкер адамдар өзүлөрүнүн ишин эң жогорку пайда алыш үчүн гана жүргүзүшөт.

Азыр Кыргызстанда базар карым-катнашында көбүрөөк пайда табууга кызыгып, анын артынан сая түшүү негизги экономикалык стимул болуп калды. Муну адистер **экономикалык өзүмчүлдүк** деп аташууда. Бирок экономикалык пайда ар кандай адамдын адамкерчилигин, анын жүрүш-турушун түшүндүрө албайт. Жумушчулар башка региондорго баргысы келбей, кошумча акчадан баш тартышы мүмкүн. Фирма кайрымдуулук фондуларын жана башка коомдук уюмдарды өз пайдасынан каржылайт. Фирманын чыныгы максаты «кирешенин эң жогорку көлөмү эмес», тескерисинче фирманын бардык мүчөлөрү үчүн ыңгайлуу, «канааттандырарлык» гана чечимди кабыл алуу болуп калат деп эсептейт Г. Саймон (Нобель сыйлыгынын лауреаты, 1978-ж). Мындай пикирди экономиканын азыркы шартында биз сөзсүз эске алууга тийишпиз.

**Пайданын ролу.**

**Пайда** – бул бардык түшкөн акчанын өндүрүшкө кеткен чыгымдарды алып таштагандан кийинки суммасы. Жайдын бир күндөрү Жыргалбай үнөмдөп калган 120 сомуна лимон, шекер, бал жана бир жашик стакан сатып алды. Анан лимонад жасады да, бир стаканын 1,5 сомго сата баштады.

Жыргалбай кечинде ишинин жыйынтыгын чыгарып көрсө, сарптаган 120 сомунун ордуна 250 сом түшүптүр. Айырмасы, демек тапкан пайдасы 130 сом болду. Жыргалбайдын иши оңунан чыкты. Эгерде ал лимонаддын ордуна эки газонду кыркып, анын ар бирине 100 сомдон алса, ишине ыраазы болмок беле? Ар бир ишкер адам бир чечимге келгенде салыштырмалуу, б.а. альтернативалык наркты эсепке алышы керек.

**Пайда табууга (пайда мотиви) умтулуу – базар экономикасынын системасынын кыймылдаткыч күчү.** Эске сала кетүүчү нерсе, экономикалык системанын максаты – товар чыгаруу жана кызмат көрсөтүү үчүн ресурстарды бириктирүү. Ресурстарга эмне кирет? Булар – **жер, эмгек, капитал** жана **ишкердүүлүк**.

Ишкер адамдар жерди жана башка табигый ресурстарды сатышы же сатып алуусу мүмкүн (эгерде мындай мамилелер пайда алып келсе). Ресурстарды пайдаланууда да көбүрөөк пайда алууга умтулушат. Пайда жумушчу күчтөрүн бөлүштүрүү процессине дагы таасир тийгизет.

Пайда капиталды каякка жайгаштырууну аныктайт.

Пайдага умтулган ишкер адамдар товар чыгаруу жана кызмат көрсөтүү үчүн өзүнүн капиталын (акчасын) иштөөчү адамдарды жалдоого жана бардык керектүү буюмдарды сатып алууга тобокелдикке салып жумшайт. Пайда ушундай тобокелдикке түртөт. Ал чыгарылган буюмдардын өздүк наркын азайтууга жана атаандашкан фирмаларга караганда көбүрөөк товар сатууга умтулат. Ошентип, адамдар жана фирмалар пайдасыз жакка жылбайт. Кандай болсо да күнүгө акча табуу үчүн иштешет.

***Эркин ишкердүүлүк: теория жана чыныгы турмуш (реалдуулук)***

Базар экономикасына негиз салуучу жана анын атасы Адам Смит, экономика эч кимдин кийлигишүүсүз эле өнүгөт деген жыйынтыкка келген. Мамлекет бул жерде анчалык деле рол ойнобойт деп эсептеп, өзүнүн көз карашын далилдөө үчүн бир француз мамлекеттик ишмердин капиталистке кайрылып «Сага кандай жардам берсек болот?»

– деген суроосуна капиталисттин «Laissez noes Faire» (бизди жайыбызга койгулачы) – деп жооп берген сөзүнө таянат. Ошондон бери «Laissez Faire» деген сөз бизнеске мамлекеттин кийлигишүү укугун чектөө саясаты деген түшүнүктү билдирип келет.

Ал эми Кыргызстандын экономика системасы кандай? Кыргызстанда мамлекеттик башкаруу эки деңгээлде жүргүзүлөт: Республикалык жана муниципалдык (жер-жерлерде). Кыргызстанда эркин ишкердүүлүк өкүм сүргөнүнө карабастан, ишкер адамдар (бизнесмендер) мамлекет менен экономикалык бийликти бөлүшүүгө аргасыз. Бул жеке менчик, баа түзүүнүн системасы жана атаандаштык баарын аныктайт дегенибиз менен, кандайдыр бир эркиндикке чек койгон өкмөттүн таасири бар экендигин эч ким жокко чыгара албайт.

Мисалы өкмөт:

– региондордо электр энергиясын ким сатаарын чечет;

– кандай дарылар сатылышы мүмкүн, ага көзөмөлдүк жүргүзөт;

– бир топ ишмердүүлүккө (банктарга, чач тарач жайларга, ресторандарга, таксилерге) уруксаат (лицензия) берет;

– эмгек акынын минималдуу чегин белгилейт;

– курулуш жайларын куруунун чектерин (нормативдерин) аныктайт жана аларды көзөмөлдөйт.

**Кыргыз экономикасындагы өкмөттүн ролу.**

Экономикада өкмөт кандай роль ойнош керек? Бул маселе Кыргыз Республикасы көз каранды эместикке ээ болгон күндөн бери талкууда. Бүгүнкү күнү деле саясатчылар менен экономисттердин арасында ар кандай ойлор айтылууда. Окумуштуулардын бир бөлүгү «Laissez Faire» принцибине кайра кайрылуу менен, экономикалык турмушта мамлекеттин кийлигишүүсүн азайтууну жактайт. Башкалары – мамлекеттин активдүү ролун белгилешет. Бирок мындай карама-каршы ой-пикир, көз караштарга карабастан, жалпысынан «Бир канча экономикалык функциялар мамлекет аркылуу эң жакшы аткарылышы мүмкүн» – деген ойго кошулушат. Андай функцияларга жогоруда айтылгандан башка төмөнкүлөр да кирет:

***– базар же аралаш экономиканы коргоо;***

***– улуттук маданиятты, искусство жана элге билим берүүнү өнүктүрүү;***

***– коом пайдалануучу товарларды (сатууга чыгарылган буюм) жана кызмат көрсөтүүлөрдү камсыз кылуу;***

***– керектөөгө мажбур болгондорго жардам берүү;***

***– калктын кээ бир топторуна (карыларга, майыптарга, балдарга) жардам берүү;***

***– чек араны сактап, коргонуу маселелерин чечүү, куралдуу күчтөрдү камсыздоо;***

***– экономиканы турукташтыруу жана саясий-экономикалык коопсуздукту камсыз кылуу.***

Анда эмесе мамлекеттин экономикадагы ролуна кененирээк токтололу.

*Базар же аралаш экономиканын айрым принциптерин коргоо.*

Базар шартында майда фирмалар керектөөчүлөрдүн, сатып алуучулардын акчасы үчүн атаандашышат. Бул күрөш сатуучуларды (товар чыгаруучуларды) көпчүлүк элге керек товарларды төмөнкү баада сатып өткөрүүгө аргасыз кылат. Кайсы сатуучунун товарлары сапаттуулук шартына (же болбосо баасына) жооп бербесе, андай ишкердин сатуу көлөмү төмөн түшүп, пайда албай чыгашага учурап, ишканасы жабылуу коркунучунда калат. Ушундан улам товардын сапатын жакшыртуу жана өздүк наркын төмөндөтүү чектелген экономикалык ресурстарды натыйжалуу пайдаланууга алып келет. Атаандаштык күрөш начар болсо, же ал такыр эле жок болсо, анда иш тескерисинче болот. Эгерде керектөөчүлөрдө башка дагы бирөөдөн товар сатып алууга мүмкүнчүлүктөр болбосо, анда чыгымдарды азайтуунун жана бөөдө чыгымдарды жоюу муктажы келип чыкпайт. Мындай учурларда базар карым-катнашы жок эле буюмдарга бааларды товар чыгаруучулардын өзүлөрү аныктайт. Ошондуктан атаандаштык күрөштүн, атаандашуучулуктун начар өнүгүшү баанын кымбаттыгына, ресурстардын пайдасыз короможуга учурашына жана жашоонун кыйындашына алып келет. Анткени калк аз товар сатып алууга мажбур болот.

Базар экономикасынын мындай терс көрүнүштөрүнөн элди коргоо максатында Кыргызстандын өкмөтү жана Жогорку Кеңеш монополисттерге (жеке ээлөөчүлөргө) каршы мыйзамдарды кабыл алды. Бул мыйзамдар атаандаштыктын жоюлуп кетпешине жана монополисттерге бааны ашкере көбөйтүүгө тоскоолдук кылат. Товарларын сатууда жана кызмат көрсөтүүлөрдө бааларды өздөрү коюу максатында рынокту көзөмөлдөөгө мүмкүнчүлүгү бар фирмалар **монополисттер** деп аталат. Өкмөт атаандаштыкты көтөрүүдө да жаңы кадамдарды


жасоодо. Акыркы убактарда атаандаштыкты көтөрүү максатында өкмөт аба-жолунун, жүк ташуучу унаалардын, банктардын иш-аракеттерин жөнгө салуу үчүн жоболорду жана тарифтерди кабыл алууда.

*Жалпы коомго керектүү товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү камсыз кылуу.*

Күн сайын көптөгөн эл жумушка, кайра жумуштан үйүнө шашышат. Жолдо алар мамлекеттин экономикадагы ролу жөнүндө өз ара пикир алышат. Алар жүргөн жол, светофорлор жана жол белгилери өкмөттүн акчасына жасалган, жолду оңдогон жумушчулар да өкмөттөн айлык алышат.

Мамлекет мына ушундай керектүү товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр менен элди камсыз кылат. Анткени, жеке менчик компаниялар аны камсыз кыла алышпайт, же болбосо каалашпайт. Базар системасынын алкагында мамлекет элди чыгарылып жаткан товарлар менен камсыз кылып турууга аргасыз. Ошондуктан алар коомдун пайдалануусундагы керектүү товарлар жана кызмат көрсөтүү секторун түзөт. Буга өлкөнү коргоо күчтөрүн, согуш аэропортторун, парктарды күтүү, санитардык тазалыкты көзөмөлгө алуу, көчөлөрдүн жарыктыгын камсыз кылуу, суу түтүктөрдү куруу, ж.б. иштер кирет. Базар экономикасы мындай товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү эки себептен улам камсыз кыла албайт:

Элдин айрым бөлүгү оңой менен акы төлөбөйт, же болбосо мындай байлыкты жеке менчикке өткөрүп берүүгө болбойт (мисалы согуш аэропортун);



ЖЕР, ЭМГЕК, КАПИТАЛ
ИШКЕРДҮҮЛҮК

Мындай товарларды чыгаруудан жана кызмат көрсөтүүлөрдөн алынган пайда өндүрүшкө сарпталган жеке капиталды актабайт.

Демек, мындай учурларда мамлекеттик тейлөө гана талапка ылайыктуу болот.

**Экономиканы турукташтыруу программасы**. Тажрыйба көрсөткөндөй, мамлекет экономиканы ту-

рукташтыруу үчүн көп иш жасай алат. Өкмөт жумушсуздукту азайтууга, бааларды турукташтырууга, экономикалык өсүштү жандандырууга көмөктөшүүгө умтулат.

**Жумуш менен элди толук камсыз кылуу, баалардын туруктуулугу жана экономикалык өсүш** – бул мамлекеттин экономикалык саясатынын эң маанилүү үч максаты.

**Экономикада мамлекеттин ролу ушунчалык жогорубу?** Мамлекеттин ролу айрыкча өткөөл мезгилде чынында абдан жогору болот. Ошондуктан кыргыз экономика системасын экономисттердин **аралаш «конвергенттик» экономика** деп атагандыгы туура. Бул эмнени түшүндүрөт? Бул биздин системада эркин базар элементтери менен мамлекеттик тейлөө, пландоо системасынын элементтери айкалышып, кошулуп кеткендигин түшүндүрөт.

## Жыйынтыктоо

Фундаменталдуу Эмне?, Кандай?, Ким? деген суроолорго жооп берүүнүн ыктуу жолдорун экономикалык система ачып берет. Экономикалык системалар төрт класска: **салттык**, **рыноктук**, **пландуу** жана **аралаш** болуп бөлүнүшөт. Аты эле айтып тургандай салттык системада ресурстар калыптанган салттарга жараша, пландуу (командалык) экономикада – өкмөттөгү борбордук пландоочулар аркылуу, рыноктук экономикада талап жана сунуш мыйзамына ылайык, ал эми аралашма экономикада – пландоо менен суроо-талап жана сунуш мыйзамдарынын айкалышы аркылуу бөлүштүрүлөт.

Кыргызстандын XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башындагы өнүгүүсү **салттык экономикалык система** түрүндө өткөн. Экономиканын негизги тармактары көчмөн жана жарым көчмөн мал чарбасы менен дыйканчылык болгон. Падышалык Россияга кошулгандан кийин, ал атайын каттоо жүргүзүп, салык алып турган. Өнөр жайы абдан начар өнүккөн.

Совет бийлигинин алгачкы жылдарында Кыргызстандын экономикасы кыйла жакшырган. Беш жылдык пландардын аткарылышы, өнөр жайынын, айыл чарбасынын тез өнүгүшү элдин отурукташуусун, өлкөнүн **борборлошкон пландоо экономикалык системага** толук өткөндүгүн баяндайт.

Согуш жылдарында Кыргызстандын өнөр жай, айыл чарба, транспорт жана башка тармактары, фронттун муктаждыктарын канааттандыруу үчүн баардык мүмкүнчүлүктөрүн аябастан зор кайратмандыкты көрсөтүшкөн. Айыл чарбасынын өндүрүү көлөмү бир топ төмөндөп кеткен.

Ата Мекендик согуштун кесепетинен кыйраган эл чарбасын калыбына келтирүү беш жылдык пландардын негизинде жүргүзүлгөн. экономиканын өнүгүүсү калыптанып, Кыргызстандын аймагында жаңы өндүргүч күчтөрдү жайгаштыруунун пландары бийлик органдары тарабынан, эң көрүнүктүү окумуштуулар жана адистер менен бирдикте иштелип чыгып жаткан. Экономиканын индустриалдык сектору, энергетика, жеңил жана тамак-аш өнөр жайлары жогорку деңгээлде өнүгүүгө жетишкен. Тилекке каршы бул жылдары экономика экстенсивдүү мүнөздө өнүккөн.

Кыргызстанда жаңы экономикалык системага өтүү боюнча Мыйзам 1991-жылы кабыл алынган. Жаңы шартта экономиканын мааниси, принциптери жана мамлекеттик экономикалык саясаттын багыттары түп тамырынан бери өзгөрүлдү. Өлкөдө, чечкиндүү мамлекеттик тейлөөнүн зарылчылыгы пайда болду.

Кыргызстандагы азыр курулуп жаткан системаны аралаш (конвергенттик) экономика деп атайбыз. Анын негизги принциптери: эркин ишкердик, эркин баа, атаандаштык жана мамлекеттик тейлөө.

*Суроолор*

1. Коомдо экономикалык системанын кандай түрлөрү болот? Алар экономиканын негизги маселелерин кандайча чечет?
2. Салттык экономикалык система учурунда Кыргызстандын өнүгүүсү кандай мүнөздө болгон?
3. Совет бийлигинин Кыргызстандын экономикасына тийгизген оң таасирин белгилеп бере аласыңбы?
4. Согуш жылдарындагы Кыргызстандын өнүгүшүнүн өзгөчөлүгү эмнеде?
5. Кыргызстандагы борборлошкон пландоо экономикалык системасынын кемчиликтери эмнеде болгон?
6. Эгемендүүлүккө ээ болгондон кийинки аралаш (конвергенттик) экономикалык системадагы Кыргызстандын өнүгүү өзгөчөлүгү эмнеде?
7. Экономикалык системанын агенттерин эмнелер түзөт?
8. Кыргызстан экономикалык системасынын максатына жана негизги принциптерине эмнелер кирет?

# III-ГЛАВА. РЫНОКТОРДУ ТАЛДОО

## § 1. Рыноктордун аныктамасы

Рынок – бул сатып алуучулар менен сатуучулардын ортосундагы товар алмаштырууну камсыздоочу институттар же механизмдер. Алар ар түрлүү формада болушу мүмкүн. Көчөдөгү дүкөн, кафелер, «Дордой», «Ош», «Аламедин» базарлары – булар баарысы тең жөнөкөй рыноктор. Кыргыз фондулук биржасы, Нью-Йорк фондулук биржасы жана Чикаго эгиндик биржасы – булар болсо жогорку деңгээлдеги, өтө өнүккөн рыноктор.

Рыноктор төмөнкү класстарга бөлүнөт:

1) алмашуу объектилери боюнча – товарлардын, тейлөөлөрдүн, капиталдардын, баалуу кагаздардын, эмгектин, маалыматтардын, валюталардын рыноктору;

2) аймактарды камтуусу боюнча – дүйнөлүк, улуттук, жергиликтүү рыноктор;

3) кабыл алынган мыйзамдарга ылайыктуу – мыйзамдуу жана мыйзамсыз (көлөкөдөгү) рыноктор;

4) камсыздандырылган даражасы боюнча – тең салмактуу, тартыштуу, ашык камсыздандырылган рыноктор;

5) иш жүргүзүү механизми боюнча – теңтайлаштуу, монополдук рыноктор.

Рынок механизмин түзүүчүлөр:

1) төлөм кудурети бар суроо-талап;

2) сунуш;

3) тең салмактуу рыноктук баа (бул баа эркин рыноктун шартында, суроо-талап жана сунуштун таасири астында түзүлүп, товар өндүрүүчүгө кайсы товарды, канча көлөмдө өндүрүш керек экендиги тууралуу маалымат берет. Рынокто керектүү товар канчалык аз болсо, анын баасы ошончолук жогору болот).

Кийинки учурда рыноктун ар түркүн түрлөрүн бөлүп көрсөтүшүүдө. Мисалы: **«Букалардын рыногу»** – бааны такай жогорула-

туучу рынок (бааны жогорулатуу менен оюн жүргүзгөн биржалардын маклерлеринин образынан улам аталган). **«Аюулардын рыногу»** – бааны такай төмөндөтүүчү рынок (бааны төмөндөтүү менен оюн жүргүзгөн биржалардын маклерлеринин образынан улам аталган). **«Чачыранды рынок»** – бул негизинен майда керектөөчүлөр басымдуулук кылган рынок. **«Тең таймаштуу рынок»** – рынокко кирүүгө эч тоскоолдугу жок, экономикалык мамилелерде терс макулдашууларсыз соода жүргүзүүчү, ачык, тең таймаштуу рыноктун формасы. **«Спот рыногу»** – накта товарды тез арада жеткирүү менен соода жүргүзүүчү рыноктун түрү.

## § 2. Суроо-талап. Сунуш. Рыноктогу теңсалмактуулук

Рыноктогу кырдаал суроо-талапка жана сунушка көз каранды. Бул факторлордун негизинде рыноктук кырдаал түзүлөт.

**Суроо-талап** – бул керектөөчүнүн буюмду же кызмат көрсөтүүнү белгилүү жерде жана белгилүү убакта сатып алууну каалашы жана мүмкүнчүлүгү. Мисалы: Эгер сиз кроссовка сатып алгыңыз келсе, бирок финансы жагынан сиздин мүнкүнчүлүгүңүз болбосо, анда ал суроо-талап эмес, каалоо болуп саналат. Эгерде акчаңыз болуп кроссовканы алганга даяр болсоңуз ал суроо-талапка айланат. Суроо-талаптын негизги мүн**өздөмөсү** – ал анын **көлөмү**.

**Суроо-талап чоңдугу (көлөмү)** – бул сатып алуучу белгилүү баада, белгилүү убакытта сатып алууга даяр болгон товардын саны. Суроо-талаптын көлөмү баа жана андан тышкары факторлоруна көз каранды. Баадан тышкары факторлорго керектөөчүлөрдүн кирешеси, модалар, толуктагыч, алмаштыруучу товарлардын баасы кирет.

**Суроо-талаптын баасы** – бул эң жогорку баа, сатып алуучунун белгилүү сандагы товарларды алууга даяр болушу. Суроо-талаптын көлөмүнүн жана баасынын ортосундагы көз карандылыктан суроо-талап мыйзамы келип чыгат.

**Суроо-талап мыйзамы** – товардын баасы канчалык жогору болсо, суроо-талаптын чоңдугу азаят, баа канчалык төмөн болсо, суроо-талаптын чоңдугу өсөт. Суроо-талап мыйзамы товарлардын баасы менен көлөмүнүн ортосундагы тескери байланышты көрсөтөт.

Суроо-талаптын үч түрү бар: 1) **жекече** – бул кандайдыр бир жалгыз адамдын суроо-талабы; 2) **рыноктук** – бул азыркы рыноктогу

суроо-талап; 3) **дүң** – белгилүү бир товардын баардык рыноктордогу же даярдалып жана сатылып жаткан товарлардын баарына болгон суроо-талап. Суроо-талап адамдардын каалоолорун мүнөздөө болуп эсептелет. Ошол эле убакытта, рынок тарабынан, алардын баардык каалоолорун эсепке алат дешке болбойт. Рынок эсепке алышы үчүн ал каалоолор төлөм кудуреттүүлүгүнө ээ болууга тийиш. Башкача айтканда, конкреттүү керектөөчүнүн суроо-талабынын сапаттуу мүнөздөмөсү болуп, анын сатып алышка болгон каалоосу эмес, дал ушул убакта накта **сатып алганга жөндөмдүүлүгү эсептелет.** Көпчүлүк учурда, суроо-талап сатып алуучунун максималдуу мүнкүнчүлүгү менен же анын ошол товар үчүн **төлөөгө максималдуу даяр экендиги** менен аныкталат деп айтылат.

Жогоруда айтылган суроо-талаптын сапаттык мүнөздөмөсүнөн тышкары анын сандык мүнөздөмөсү жөнүндө да айтып кетишибиз керек. Анын чоңдугу (же көлөмү) белгилүү бир убакыттын ичинде, белгилүү шартта болгон жөндөмдүүлүгүнө байланыштуу.

*Суроо-талапка таасир берүүчү факторлор.*

1. Алмаштыргыч товарлардын баасы (мисалы: кроссовка жана туфли).
2. Толуктагыч товарлардын баасы (мисалы: автомобиль жана бензин).
3. Керектөөчүлөрдүн кирешеси.
4. Мода, табиттин өзгөрүшү.
5. Мезгилдин (сезондун) өзгөрүшү.
6. Жарнама.
7. Сатып алуучулардын күтүшү.

*Суроо-талаптын ийкемдүүлүгү* – товарларга жана кызмат көрсөтүүгө баанын түшүп кетишинен пайда болгон өзгөрүү көрсөткүчү.

*Суроо-талап функциясы* – суроо-талаптын чоңдугунун аны аныктоочу факторлорго көз карандылыгы. Суроо-талаптын математикалык формуласы:

$Q_D = F(P_A)$

$Q_D$ – Суроо-талаптын чоңдугу;

F – Товардын саны;

$P_A$ – Баасы (А продукциянын).

**Сунуш** – өндүрүүчүлөрдүн белгилүү товарды же кызмат көрсөтүүнү ар түрдүү баада сатууга даяр болушу.

Аныкталган сандагы товарды белгилүү баада сатууга даяр болушу **сунуштун чоңдугу (көлөмү)** деп аталат.


**Сунуштун баасы** – аныкталган сандагы товардын эң төмөнкү баада сатылышы.

Баа менен сунушталган товардын ортосундагы түз байланыш – **сунуш мыйзамы** деп аталат. Мисалы, баалардын өсүшү менен сунуштун көлөмү да өсөт жана тескерисинче баалардын төмөндөшү менен сунуш азаят.

*Таблица*

**Бир күндөгү картошкага болгон суроо-талап**

| 1 кг баасы, сом менен (P) | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
|---|---|---|---|---|---|
| Суроо-талаптын чоңдугу (Q), кг менен | 830 | 570 | 350 | 200 | 100 |





**Сүрөт.** Суроо-талаптын ийри сызыгы

*Таблица*

**Бир күндөгү картошканын сунушталышы**

| 1 кг басы, сом менен (P) | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
|---|---|---|---|---|---|
| Сунуштун чоңдугу (Q), кг. менен | 50 | 200 | 350 | 500 | 600 |




**Сүрөт.** Сунуштун ийри сызыгы

***Сунушка таасир берүүчү факторлор***

1. Ресурстардын баалары.
2. Өндүрүштүн технологиясы.
3. Салыктар жана дотациялар.
4. Сатуучулардын саны.
5. Алмаштыргыч (толуктагыч) товарлардын баасы.
6. Сатуучулардын күтүшү.

**Сунуштун ийкемдүүлүгү** – баанын өсүшүнө байланыштуу сунуштун көлөмүнүн өзгөрүүсүн билдирген көрсөткүчү.

**Рыноктук тең салмактуулук.**

Биз суроо-талап жана сунуш жөнүндө түшүнүккө ээ болгондон кийин аларды өз ара талдоого, б.а. өндүрүүчүнүн (сунуштун) жана керектөөчүнүн (суроо-талаптын) өз ара аракеттенишин, товардын баасын, өндүрүүчүнүн жана рынокто сатылып жаткан товардын саны кантип аныкталарын түшүнүүгө өтсөк болот.


*Таблица*

**Картошкага бир күндөгү болгон суроо-талап жана сунуш**

| 1кг, баасы сом менен | Сунуштун чоңдугу, кг | Суроо-талаптын чоңдугу, кг | Базардагы түзүлгөн абал ашыгы (+), жетпегени(–) |
|---|---|---|---|
| 5 | 600 | 100 | +500 |
| 4 | 500 | 200 | +300 |
| **3** | **350** | **350** | **теңсалмактуулук** |
| 2 | 200 | 570 | –370 |
| 1 | 50 | 830 | –780 |

Таблицада көрүнгөндөй бир килограммы 5 сом болгон картошканы, керектөөчүлөр сатууга сунуш кылышкан 600 кг ордуна 100 кг гана сатып алууну каалагандыгын билдик. Бул учурда рынокто 500 кг ашык керексиз сунуш пайда болгон. Бул конкуренттик күрөштөгү сатуучуларды ашыкча продукциядан кутулуп, керектөөчүлөрдү (сатып алуучуларды) жандандырыш үчүн бааны 4 сомго түшүрүүгө мажбурлайт. Бул баа боюнча өндүрүүчүлөр 500 кг сунуштайт, керектөөчүлөр 200 кг сатып алууну каалашат. Анын негизинде ашык продукция 300 кг чейин кыскарат. Ал эми сатуучулар (сунуштоо) ортосундагы конкуренция бааны төмөндөтөт. Бул баалар туруксуз болуп эсептелет, себеби ал жогорку баада экендигин көрсөтөт, ошондуктан картошканын баасы 4 сомдон төмөн болуш керек. Эгерде картошканын рыноктук баасы 1 сом болсо, анда суроо-талаптын чоңдугу сунуштан 780 кг ашат. Бул картошка өндүрүп жаткан фермерлердин көңүлүн калтырып,

алар ресурстарды башка өсүмдүктөрдү өндүрүүгө жумшайт. Баа төмөн болгондо ашык суроо-талап түзүлөт. Баа дайыма эле бир калыпта сакталып турабы? Жок. Анткени картошканы керектөөчүлөрдүн көбү сунуш кылынган картошканын бир бөлүгүн сатып алыш үчүн килограммына 1 сомдон эмес, андан жогору да төлөөгө даяр. Таблицада көрүнгөндөй сунуш бааны 2 сомго көтөрсө, аны менен тартыштык азаят, бирок ал толугу менен жоюлбайт. Мында атаандаштык бааны 2 сомдон көтөрүп, баа 3 сомго жеткенде керектөөчүлөр канча сатып алууга кудурети жетсе ошончолук продукцияны өндүрүүгө фермер даяр болот. Ал 350 кг картошка экен. Ошондуктан 3 сомдук баадагы картошканы рынокто сатуу ашык да, жетишсиз калган да продукцияны пайда кылбайт. Суроо-талаптын чоңдугу сунуштун чоңдугуна барабар келгендеги баа – **тең салмактуу баа** деп аталып, өндүрүүчүлөрдүн жана керектөөчүлөрдүн кызыкчылыктары төп келет.




**Сүрөт.** Суроо-талаптын жана сунуштун тең салмактуулугу

Ал сүрөттөгү суроо-талаптын жана сунуштун сызыктарынын кесилишкен (Е) точкасында болот.

## § 3. Эмгек рыногу. Жумушсуздук. Жер рыногу. Капитал рыногу

**Эмгек рыногу** – жумушчу күчүнө болгон суроо-талап жана сунуштун катнашынын салыштырмалуу чөйрөсү.

Бир катар макроэкономикалык проблемалар эмгек рыногунан келип чыгат. Бул жумушсуздуктун жана анын экономикалык ошондой эле социалдык чыгымдарынын проблемалары. Советтер Союзунун тушунда өлкөдө жумушсуздук жок деп эсептелинүүчү. Ушул себептен биздин экономикалык илимибизде жумушсуздук теориясы изилденген эмес. Өткөөл мезгилде, мурдагы социалисттик багыттагы

өлкөлөр жумушсуздуктун улам көбөйүп бараткан деңгээлинин фактысынын алдында калган кезде, иш менен камсыз кылуу теориясын түзүү жана өнүктүрүү зарыл болду. Балким, бул иш жүзүндө өткөөл мезгил жагдайына карата Батыштын экономикалык теориясынан пайдалануу экономикалык илимдин керектүү багыттарынын бири болуп калышы мүмкүн. Иш менен камсыз кылуу проблемаларын эмгек рыногунан карап чыгуу зарыл.

**Жумушсуздук** – жумушка жарактуу калктын бир бөлүгү өз жумуш күчүн колдоно албай, «ашык» калк, резерв эмгек армиясы түзүлгөндө пайда болот. Жумушсуздук капиталисттик жыйымдын жалпы мыйзамынын таасиринен келип чыгат. Экономикалык кризисте, төмөндөө жана андан кийинки депрессия мезгилинде жумушчу күчтү керектөөнүн кескин кыскарышынын натыйжасында жумушсуздук күчөйт, бул өнөр жайы өнүккөн өлкөлөрдө дайыма кайталанып турат. 2002-ж. Кыргызстанда атайын катталган маалымат боюнча толук жумушсуздардын саны 60,2 миң ал эми 2009-ж. 97,4 миң адамга жеткен.

Азыркы убакта экономикалык илим жумушсуздуктун негизги 3 түрүн бөлүп көрсөтөт:

*1. Фрикциялык жумушсуздук* – окуу жайын бүтүрүү, бир иштен экинчи ишке өтүү, көчүү, иштин сезондук мүнөзү менен байланышкан убактылуу, ыктыярдуу иштебей калуу;

*2. Структуралык жумушсуздук* – экономиканы структуралык кайра куруудан жана өндүрүштүн татаалданышынан келип чыккан аргасыз иштебей калуу.

Кээ бир экономисттер фрикциялык жана структуралык жумушсуздукту айырмалашпайт, анткени көп учурда алар орун алмашып тургандыктан, аларды айырмалоо да кыйын. Бирок, фрикциялык жумушсуздук, биринчиден, ыктыярдуу, ал эми экинчиден, өтө кыска мөөнөттүү мүнөзгө ээ экендигин белгилей кетүүгө болот. Адамдар кыска убакыт ичинде алардын квалификациясына жана каалоосуна жараша издешет.

*3. Циклдик жумушсуздук* – жалпы суроо-талаптын дефицитинен жана экономикалык циклдеги чөгүү фазасынан келип чыккан жумушсуздук.

Ошондой эле көмүскө жумушсуздукту белгилөөгө болот. Сөз өндүрүштө иштеген кызматкерлер чындыгында артык баш болгон кездеги кырдаал туурасында жүрүп жатат, анткени бул өндүрүш процесси кызматкерлердин азыраак гана санын талап кылат.

**Жумушсуздуктун деңгээли** деген түшүнүккө токтололу. Эл аралык Эмгек Уюмунун (МОТ) методикасы боюнча жумушсуздуктун деңгээли үй чарбаларына мезгил-мезгили менен жүргүзүлүп туруучу сурамжылоолордун негизинде аныкталат. Бүткүл калк категориялар боюнча институциялык жана институциялык эмес калк катары мансапка бөлүнөт.

Институциялык калк же потенциалдуу жумушчу күчү деп эсептелинбеген адамдар түзөтүү-эмгек колонияларында жана атайын мекемелерде (институттар деп аталган) турган адамдарды жана 16 жашка чейинки адамдарды камтыйт. Өз кезегинде, институттук эмес калк демилгесиз калкка (жумушчу күчүнүн курамынан чыгып кетишкен, бирок потенциалдуу жумушчу күчү деп эсептелгендер) жана демилгелүү калкка (жумушчу күчү) бөлүнөт. Жумушчу күчү иштегендерге (иш менен камсыз болгон жалпы калк) жана жумушсуздарга бөлүнөт.

Төмөнкүчө да айырмалашат:

**– иш менен камсыз болгон калк** – эмгекке жарактуу курактагы, коомдук өндүрүштүн жарандык секторунда иштеген калк. Буга толук эмес жумуш күнүндө иштегендер да кирет;

**– иш менен камсыз болгон жалпы калк** – бул иш менен камсыз болгон калк жана аскер кызматчылары.

**Жумушсуздуктун деңгээли** – бул жумушчу күчүнүн кайсы бөлүгү жумушсуздарды түзө тургандыгын көрсөтүүчү чондук, б.а.:

U,% = (U/L) × 100,

U – жумушшсуздардын саны

L – эмгекке жарамдуу калктын саны.

**Иш менен камсыз болуу деңгээли** – бул жумушчу күчүнүн кайсы бөлүгү иштеп жаткандарды түзө тургандыгын көрсөтүүчү чондук б.а.: E,%+(E/L) × 100.

E – иштеп жаткандардын саны.

Көп саясатчылар экономиканын абалын баалоо үчүн жумушсуздуктун деңгээли менен инфляциянын деңгээлинин суммасы катары «жакырчылыктын индекси» деп аталган түшүнүктү пайдаланышат. Бирок, жумушсуздуктун деңгээлин экономиканын абалынын эң талашсыз көрсөткүчү деп атоого болбойт, анткени аны аныктоонун методикасында статистикалык мүнөздөгү кээ бир каталык бар. Мисалы, иш табуудан үмүт үзүшкөн жана иш издебеген жумушчулар жумушсуздардын курамына кирбейт. Иш менен камсыз болгондордун

курамына толук эмес жумуш күнүндө иштегендер камтылган, бул да жумушсуздуктун деңгээлин азайтат. Жумушсуздуктун деңгээлинин көрсөткүчү пособие алуу максатында жумуш издеп жүрөбүз деп калп айтышкан, иш жүзүндө андай кылышпаган адамдардын эсебинен жогорулашы мүмкүн.

«Жумушсуздуктун деңгээли» деген түшүнүктөн тышкары *«жумушсуздуктун табигый деңгээли»* деген түшүнүктү айырмалап көрсөтүшөт – бул экономикалык өнүгүү мезгилдери үчүн мүнөздүү жумушсуздуктун деңгээли, мындай учурда реалдуу жана потенциалдуу УДПнын динамикасына дал келет. Ал фрикциялык жана структуралык жумушсуздуктун көрсөткүчтөрүнүн кошундусу катары эсептелинет. Жумушсуздуктун табигый деңгээли жумуш издегендердин саны бош жумуш орундарынын санына барабар болгон кезде, б.а. жумушчу күчүнүн рыноктoрунун тең салмактуу учурунда келип чыгат. Соңку убакта экономисттердин арасында ушул көрсөткүч – жумушсуздуктун табигый деңгээли пайдаланыла баштады. Бул инфляциянын туруктуу темптеринин учурундагы жумушсуздуктун деңгээлин чагылдыруучу NAIRU (Non Accelerating Rate of Unemployment) көрсөткүчү.

**Эмгек ресурстары** – өлкөдөгү калктын эл чарбасында эмгектенүүгө жарамдуу тажрыйбасы, билими бар бөлүгү.

Рынок мамилелери өнүккөн сайын, эмгекке болгон суроо-талап да өсүп, калктын көпчүлүгү жалданып иштегенге өтө баштады.

Эмгек рыногу башка товар жана тейлөө рыногундай эле түзүлөт. Азырынча эмгек рыногу жумушсуздук жана жумуш менен камсыздуулук жөнүндө сөз кылганда, буларга биз макроэкономикалык көз караш менен карайбыз.

Эмгек рыногунда сунуштоонун чоңдугун – жалданып иштеп жаткан же жумуш издеп жүргөн кишилердин саны түзөт. Анын көлөмү калктын эмгекке жарактуу бөлүгүнүн, б.а. бой жеткенден пенсияга чейинки курактагылардын санына байланыштуу.

Жалданма эмгек сунушунун чоңдугуна *демографиялык фактор* – балдардын аз же көп төрөлүшү жана калктын курамы, о.э. *социалдык фактор* – биринчи кезекте иштеген аялдардын үлүшү, таасир этет.

Жалданма эмгекке болгон суроо-талаптын чоңдугун аныктаган фактор – экономикалык өсүү экенин баамдаса болот. Фирманын продукциясына суроо-талап өсүп, муну менен катар киреше да өскөндө, фирма кошумча санда кызматчыларды жумушка алууга даяр болот,

о.э. тескерисинче экономикалык төмөндөөлөр учурунда көп адамдар жумуштан бошотулат.

Эмгек рыногунда баасы баарынан мурда *эмгек акынын өлчөмү*, б.а. саат, күн, жума, ай ж.б.у.с. үчүн төлөнүүчү эмгек акы болуп саналат. Мындан тышкары эмгек шарттары (жумушчу ордунун коопсуздугу, ыңгайлуулугу ж.б.) да эске алынат.

*Таблица*

**1999–2009-жылдарда Кыргызстандагы эмгек ресурстарынын теңдештигинин индикативдүү көрсөткүчтөрү (миң адам)**

| Көрсөткүчтөр | 1999 | 2000 | 2001 | 2002 | 2003 | 2009 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Калктын саны | 4836,8 | 4911,0 | 4994,0 | 5080,0 | 5192,0 | 5418,3 |
| Бардык эмгек ресурстары | 2613,7 | 2664,0 | 2755,0 | 2800,0 | 2848,0 | 3223,8 |
| Экономикалык жактан активдүү калк | 1901,1 | 1911,0 | 1925,0 | 1940,0 | 1960,0 | 2379,9 |
| Иштеген калк | 1764,3 | 1767,1 | 1770,0 | 1786,0 | 1823,0 | 2184,3 |

**Жер рыногу** – бул жерге ээлик кылуудагы коомдук мамилелердин жыйындысы. Анын негизи болуп жердин баасын аныктаган экономикалык рента эсептелет. Жер рыногунун субъектилери – жер ээлери жана ижарачылар. Жерди сатууда анын баасы башка эле товарлар сыяктуу суроо-талап жана сунуш аркылуу аныкталат.

Кыргызстанда жер рыногун түзүү механизимдеринин технологиясын иштеп чыгуу жана жерди сатып алууну жана сатууну жөнгө салуу үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин 2000 жылдын 13 июнундагы жарлыгы менен жер рыногун (базарын) түзүү, жерге болгон укукту каттоо жана жердин баасын аныктоо боюнча Өкмөткө тапшырма берилген. Анын негизинде «Жер кодекси», «Кыймылсыз мүлктү мамлекеттик каттоо жөнүндө» жана «Нотариат жөнүндө» мыйзамдар иштелип чыгып бекитилген. Буларда агрардык багыттагы жерлерди сатуу-алуу, конкурстук негизде узак жана кыска мөөнөткө ижарага берүү, мамлекеттин менчигиндеги жерлерди пайдалануу үчүн ижаралык төлөмдөрдү аныктоо жана жерге болгон талаш-тартыштарды карап чыгуу боюнча соттон тышкары органдарды түзүү шарттары аныкталган.

Жер рыногу өзүн-өзү жөнгө салуучу система катары негизги жети элементти камтыйт: суроо-талапты, сунушту, бааны, менеджментти, маркетингди, инфраструктураны жана ишкердик процедуралар-

ды. Республикада жер рыногунда сатуучулар, сатып алуучулар, жер боюнча адистер жана ар кайсы мамлекеттик мекемелер, уюмдар аракеттенет.

Кыргызстанда башка рыноктордой эле, жер рыногунун төмөндөгү функциялары бар:

1. жер рыногунун мүнөздөмөсү;
2. жер рыногун сегменттештирүү;
3. жерди ижарага берүү-алуу;
4. жердин наркы жана баасы.

Эми ушул жер рыногунун төрт функциясына токтололу.

1. Жер үлүштөрүнө өзгөчө мүнөздүү болгон касиеттери, тактап айтсак, баанын мезгилге ылайык өйдө-төмөндүгү, регионго жараша баанын көп дифференцияланышы, инженердик инфраструктуранын өнүгүүсү жана экологиялык шарттар, сатып алуучунун мүмкүнчүлүгү боюнча жерди айырмалоо ж. б. мүнөздөмөлөрү кирет.

2. Жерди сегменттештирүү маркетингдин маанилүү аспабы болуп эсептелет. Жер рыногун сегменттештирүү критерийлерине: сегменттин сандык көрсөткүчтөрү, анын мааниси жана пайдасы, атаандаштардын рыногуна дал келиши, тандалган сегменттин натыйжалуулугу жана конкуренттик жөндөмдүүлүгү кирет.

3. Рыноктук мамилелердин өнүгүүсү менен ишкердүүлүк чөйрөсүндө жерди келишим боюнча аныкталган мөөнөткө ижарага берүүгө же алууга жогорку маани берилет.

4. Рыноктун шартында кыймылсыз мүлктүн (жердин) бир топ наркы болот: рыноктук, керектөөчүлүк, инвестициялык, камсыздандыруу, жоюу, балансстык, салык алуу, ж. б. Жердин наркы төрт фактордун негизинде түзүлөт: суроо-талаптын, сунуштун, тартыштыктын (чектелгендиктин) жана жердин бөлүнүшү.

**Экономиканын агрардык тармагын өнүктүрүү стратегиясы төмөнкү иш-чараларды камтыйт:**

1. Жерди үлүштөргө берүүнү токтотуу.

2. Үлүштөргө берилген жерлерди каттоо системасын түзүү жана менчиктик күбөлөндүрүү.

3. Жерди сатуу-алуу боюнча аукциондорду өткөрүү шартын жана саясатын ишке ашыруу.

4. Жер рыногун өнүктүрүү үчүн ага тиешелүү мыйзамдарды иштеп чыгуу.

5. Жеке чарбалар өндүргөн продукцияларды сатып алуу, кайра иштетүү жана аны сатуу иштерин кооперациялаштыруу.

**Капиталдар рыногу** – бул ссудалык капиталдардын бир бөлүгү. Анда орточо жана узак мөөнөттөгү ссудалык капиталга суроо-талап жана сунуш мамилелери жыйынтыкталат.

**Капитал** – (нем. Kapital. – алгачкы негизги мүлк, лат. capitalis. башкы) – экономикалык категория катары – жалданма жумушчулардын эмгектенүүсүнүн натыйжасында кошумча наркты пайда кылуучу нарк. Капитал товар өндүрүшүнүн белгилүү бир баскычында, качан товар чыгаруучулар жакырданып, өндүргүч күчтөрдөн күч менен ажырап калышынын жана ал өндүргүч күчтөр капиталисттин колуна топтолушунун натыйжасында жумушчу күчү товарга айланган кезде пайда болот.

**Капиталдын алгачкы жыйымы** – көпчүлүк майда товар өндүрүүчүлөрдүн (негизинен дыйкандардын) жалданма жумушчуга айлануу процесси; бул процесс майда товар өндүрүүчүлөрдү өндүрүш каражатынан ажыратуу жана ал каражатты капиталга айландыруу жолу менен жүрөт. Тарыхый жактан капитал өндүрүш ыкмасынан мурда болуп, анын пайда болушун тездеткен. Капиталдын алгачкы жыйымы Батыш Европада 15–18-кылымда, Россияда 17–18-кылымда болгон.

**Капитал жыйымы** – кошумча нарктын капиталга айланышы. Капитал жыйымы жумушчуларды эксплуатациялоонун күчөшү, кошумча нарк үлүшүнүн (капитал жыйымына кетчү) көбөйүшү, аракеттеги капиталдын өсүшү менен аныкталат.

**Капиталдын айланышы** – капиталдын үзгүлтүксүз жаңырып турган процесси. Өнөр жай капиталы ирettүү айлануунун бардык баскычынан өткөн убакыт – анын айланыш убакытын түзөт. Жеке капиталдын айлануу ылдамдыгын өлчөө жана салыштыруу үчүн бирдик катары бир жыл кабыл алынган. Капиталдын айланышынын ылдамдашы менен кошумча нарк өндүрүү көбөйөт.

**Капиталдын борбордоштурулушу** – бир нече капиталдын биригишинин же бир капитал экинчисин өзүнө кошуп алышынын натыйжасында капитал өлчөмүнүн көбөйүшү. Капиталдын борбордоштурулушунун маанилүү формасы – акционер коому.

**Ссудалык (насыя) капиталдар рыногу** – ссуда капиталына талап жана сунуштардын пайда болуу чөйрөсү. Мында коммерция, инвестиция банктары, камсыздандыруу компаниялары, пенсия фондулары

ж. б. «сатуучунун», ал эми өкмөт, өнөр жай жана соода фирмалары, жеке адамдар «сатып алуучунун» милдетин аткарат. Ссудалык капиталдар рыногу баалуу кагаз эмиссиясына жана жалган капиталдын жумшалышына байланыштуу болот.

**Ссудалык капиталдар рыногу** ошондой эле, эркин акча каражаттарын чогултууну камсыз кылган, аларды ссудалык капиталга айландырууда жана аны кайта өндүрүү процессине катышкандардын ортосунда жаңыдан бөлүштүрүүдөгү экономикалык мамилелер системасы.

**Ссуда капиталы** (насыя капитал) – ишкердикке же мамлекетке карызга берилип, ссуда пайызы түрүндө пайда түшүрүүчү акчалай капитал. Убактылуу пайдаланылбаган акчалай капиталдын пайда болушу жана анын ссуда капиталына айланышы капиталдын ireттүү айланышынын негизинде болот. Анын ээси өндүрүшкө, аны башкарууга катышпай эле кошумча нарктын бир бөлүгүн менчиктеп алат.

**Ссуда пайызы** – насыя алган ишкер ссуда капиталын пайдалангандыгы үчүн насыя берген банкка үстөк төлөөчү бөлүгү.

## § 4. Акча рыногу. Инфляция

### Кыргызстандын акчасынын тарыхы

Кыргызстандын аймагында өзүнүн акча каражаттарынын пайда болушунун тарыхы байыркы заманга тиешелүү жана байыркы түрк каганатынын пайда болушу менен байланыштуу. VII–VIII кылымдардагы отурукташуу жана шаардык маданияттын өнүгүшүнүн негизинде Кыргызстанда өзүнүн акча каражаттарын чыгаруу зарылчылыгы пайда болгон.

Биринчи жолу, акча эмиссиясы менен Түргөш каганатынын өкмөт башчылары иш алып бара баштаган. Түргөш моненталары биринчи жолу VIII кылымдын 30-жылдары чыгарылгандыгы илимпоз-тарыхчылар тарабынан шексиз аныкталган. Монеталар, Чүй өрөөнүндөгү Краснореченка жана Акбешим шаарчаларында жана Талас өрөөнүндөгү байыркы Таразда, урандылары алиге сакталып турган Жетисуунун ири шаарларынан табылган жана ошол жерлерде чыгарылган.

«Акча» терминининин алгачкы документте чагылдырылып колдонулушу, байыркы енисей кыргыздары отурукташып турган Минусин ойдуңунан табылган жана Тан империясынын (713–748-жж. ) доорунa туура келген. Кийинчерээк Тяншанга багыт алышкан.

Кыргызстандын совет доорундагы акча жүгүртүү тарыхы Россия жана бардык союздук республикалардын акча жүгүртүүсүнө окшош. Кыргызстан союздук республика шартында СССРдин курамына киргенден кийин, 1938-жылдын үлгүсүндөгү 1, 3 жана 5 сом наркындагы советтик акча белгилеринде биринчи жолу кыргыз тилиндеги «сом» деген жазуу пайда болгон.

**Акчанын эмиссиясы жана улуттук валютаны жүгүртүүгө чыгаруу.** Ар бир өлкө өз акча бирдигине ээ. Улуттук валюта – көз карандысыз мамлекеттин атрибуттарынын бири. Мамлекет, кагаз жүзүндөгү банкноттор, казыналык билеттер жана монеталар түрүндөгү өздүк акча бирдиктерин эркин чыгаруу укугуна ээ. Акча белгилерин жүгүртүүгө чыгаруу «эмиссия» деп аталат.

«Эмиссия» түшүнүгү, акчаны жүгүртүүгө чыгаруунун ар кандай максаттарын көздөө менен байланыштуу. «Эмиссия» дегендин алдында, акча белгилерин жүгүртүүгө чыгаруу, б. а. акчаны Улуттук банктын чегинен сырткары чыгаруу дегенди түшүнүү керек.

Кыргызстанда улуттук валютанын жалгыз эмитенти болуп Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы саналат. «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндөгү» Мыйзамына ылайык, ага, акча белгилерин (банкноттор жана монеталар) жүгүртүүгө чыгаруу же андан алып салуу боюнча өзгөчө укук берилген. Сом – Кыргыз Республикасынын аймагындагы жалгыз төлөө каражаты болуп саналат, аны юридикалык жактар жана жеке адамдар чектөөсүз кабыл алышы керек.

Экономикалык реформаларды жана өз алдынча экономикалык саясат жүргүзүү Программасын жүзөгө ашыруу үчүн улуттук валютаны киргизүү зарылдыгы жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн сунушунун негизинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңештин 1993-жылдын 3-майында «Улуттук валютаны киргизүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн сунушу тууралуу» токтому кабыл алынган.

Улуттук валютаны киргизүү мөөнөттөрүн аныктоо жана аны жүгүртүүгө чыгаруу жоопкерчилиги Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө жана Улуттук банкына жүктөлгөн. 1993-жылдын 10-майында Кыргызстан өз валютасын – *кыргыз сомун* жүгүртүүгө чыгарган.

Кыргызстандын улуттук валютасы республика үчүн оор, башкалардан көз карандысыз экономикалык саясатты жүргүзүүгө аракетте-

нип жаткан учурда киргизилген. Ага чейин КМШнын башка өлкөлөрүндөй эле, төлөө каражатын «рубль» аткаруучу.

Мындай шартта улуттук валютаны киргизүү өзүмчүлдүк максат эмес эле. Сомду киргизүү Кыргызстандын көз карандысыз экономикалык саясатын жүргүзүү каражаты болгон. Мында анын башкы максаты инфляцияны оздуктоо жана кийинчерээк экономиканы структуралык жактан реформалоо программасы үчүн шарттарды камсыз кылуу болуп саналган.

**Акча** – жалпы эквивалент милдетин аткаруучу өзгөчө товар. Белгилүү тарыхый шартта (этапта) өзүнөн өзү бөлүнүп чыккан. Капитализмге чейинки формацияларда акча милдетин ар кыл товар (куну тери, эгин, мал) аткарган, бара-бара ал акча товарынын талабын толук канааттандырчу асыл металлга (алтын, күмүш) өткөн. Акчанын милдеттери: нарк чени; жүгүртүү каражаты; байлык; төлөм каражаты; дүйнөлүк акча. Акча нарк чени милдетин эң ыңгайлуу эсептелме акча катары аткарат, ага баа жана баа масштабы байланыштуу; жүгүртүү каражаты милдетин толук баалуу акча (алтын жана күмүш монета) жана аларды алмаштырчу – кем баа монета жана кагаз акча; байлык каражаты милдетин толук баалуу гана акча; төлөм каражаты милдетин толук баалуу акча жана аларды алмаштырчу – кредит акча (вексель, банк билети); дүйнөлүк акча милдетин уютунду алтын, кредит, акча (улуттук валюта куну менен) жана эл аралык кредит каражаты (мис., «атайын карыздоо укугу») аткарат.

**Акча белгиси** – алтын же күмүш акчанын ордуна жүгүртүлүүчү нарксыз кагаз акча, кем баа монета ж. б. нарк белгиси.

**Акча жүгүртүү** – жүгүртүү жана төлөм каражаты иретинде акчанын товарды алмаштырышы.

**Акча капиталы** – өнөр жай капиталынын ирettүү айланышынын баштапкы жана акыркы фазаларындагы түрү. Жүгүртүү чөйрөсүндө колдонулат. Өндүрүш каражатын жана жумушчу күчүн сатып алууга керектелет. Акча капиталынын негизги түрү – ссуда капиталы.

**Акчанын мааниси.** Акча деген эмне, ал эмне үчүн керек жана экономикада жана адамдын жашоосунда кандай ролду ойной тургандыгы көптөгөн жылдардан бери белгилүү.

Акча тууралуу саясий экономика мектебинин окулү, шотландия экономисти Адам Смит «аны башка адамдарга берип, андан бошонуу менен биз пайда ала турган бирден-бир буюм» деген оригиналдуу

пикирин айткан. Экономикалык категория катары акчага карата басымдуу жана орундуу аныктаманы төмөнкүчө берсе болот: «Акча – жалпы товардык эквивалент, алмашуунун универсалдуу каражаты». Бул аныктамада акчанын баштапкы максаты жана алардын негизги, аныктоочу сапаты, касиети чагылдырылган. Себеби, акчанын келип чыгышы, алмаштыруучу тараптар үчүн анын бирдей баалуулугун, эквиваленттүүлүгүн камсыз кылуу максатында товарларды алмашуу учурундагы керектелиши менен шартталган.

Акча бир катар функцияларды аткарат (функциясы деп алардын максатын, пайдалануу ыкмаларын аныктаган, буюмдардын касиети аталат). Аларга кеңири токтололу.

**1. Алмашуу (жүгүртүү) каражаты.**

Акчанын жардамы аркылуу адамдардын, ишкерлердин, фирмалардын жана мамлекеттердин ортосунда товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү түздөн-түз алмашуу иш жүзүнө ашырылат. Бирок жөнөкөй Т-Т (товарга товар) схемасы боюнча алмашууга караганда, Т-А-Т (товарга акча, товар) схемасы боюнча товарларды алмашуу бир кыйла жеңил болот.

Акча-жүгүртүү каражаты катары моненталар жана кагаз акчалар түрүндө колдонулат. Алгачкы монеталар биздин доорго чейин IV кылымда байыркы Римде, кагаз акчалар биринчи жолу XII кылымда Кытайда пайда болгон. Өлкөдөгү жүгүртүүгө чыгарылган акчанын саны (массасы) жүгүртүүгө керектелүүчү алтындын санына барабар болууга тийиш.

**2. Төлөм каражаты.**

Акчанын ролун алмашуу каражаты катары кароодо, акчаны товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү **төлөө** үчүн пайдалануу дегенди билебиз.

**3. Нарк өлчөмү.**

Анын жардамы менен товардын наркы өлчөнүп бири-бирине салыштырылат, б. а. товардын наркы акча аркылуу өлчөнөт. Нарктын акчалай туюнтулушу **баа** деп аталат. Товардын баасы анын наркынан жогору же төмөн болушу мүмкүн.

**4. Байлык топтоо (сактоо) каражаты катары.**

Акча байлык топтоо (сактоо) каражаты катары кызмат кылат, ошондуктан акча байлыкты билдирет. Сактоо каражаты катары, акча келечекте товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу үчүн мүмкүнчүлүк берет.

Олуттуу инфляциянын шартында акчанын реалдуу наркы төмөндөйт, ушуга байланыштуу анын ээлери аны товарга, кыймылсыз мүлккө айландырууга же акырындык менен түшүп бара жаткан инфляциялык валютага алмаштырууга умтулушат.

**5. Дүйнөлүк акча.**

Бул милдетти уютунду алтын жана эл аралык эсептешүүлөрдө таанылган акча каражаттары аткарат. Албетте бул, дүйнөнүн алдыңкы мамлекеттеринин туруктуу конвентирленүүчү валюталары.

**Акча рыногу** – ссудалык капиталдар рыногунун бир бөлүгү. Мында фирмалардын, мекемелердин, банктардын, мамлекеттин жана жеке адамдардын айланма капиталы кыска мөөнөттүү депозиттик, ссудалык операциялар жүргүзүү үчүн пайдаланылат.

Акча башка ар кандай товар сыяктуу эле рынокто сатып алынышы жана сатылышы мүмкүн, б. а. акчанын өзү эмес, бирөөнүн акчасын убактылуу пайдалана туруу мүмкүнчүлүгү. Акча рыногунун негизги сатуучулары – *жеке адамдар,* сатып алуучулары – *фирмалар, ишкер адамдар,* ал эми далдалчылар болуп *банктар* саналат.

Адамдардын жеке кирешеси эки бөлүккө бөлүнөөрүн эске салып кетүү керек. Биринчиси – жеке керектөөлөргө сарпталат, экинчиси – үнөмдөлгөн акчалар, ал белгилүү убакытка чейин сактоого (аманатка) жумшалат. Үнөмдөлгөн акчалар адамдардын же фирмалардын өзүндө да топтолуп калышы мүмкүн. Бош акчанын ээлери аны пайызга карыз берүүгө макул болушат.

Республиканын экономикасы, фирмалар өндүрүштү өнүктүрүү үчүн кошумча акча каражатына (инвестицияга) муктаж болот. Мындан биз бир жагынан бош жаткан акчанын сунушталышын, экинчи жагынан ага болгон суроо-талапты көрөбүз. Акча рыногунда бул эки тараптын кызыкчылыгын бириктирип турган далдалчылык кызматты *банктар* ишке ашырат.

**Жарандык укукта ссуда** – мүлктү убактылуу пайдалануу келишими, карыз синоними. Ал кредиттөө боюнча операцияларды белгилөө үчүн да колдонулат.


Депозит (лат. depositum – аманат буюм) – 1) мамл. мекемеге (мис., нотариат конторасына) түшүүчү жана белгилүү шартта ээсине (же анын көрсөтмөсү боюнча башка бирөөгө) берилчү мүлк (акча же баалуу кагаз). 2) Банк менен сактык кассадагы аманат.

## ИНФЛЯЦИЯ

**Инфляция** (лат. *inflatio* – ашып-ташуу) – кагаз акчаны артык баш чыгаруудан (керектүү чыныгы акчага – алтынга салыштырганда) жүгүртүү чөйрөсүндө акчанын ашып калышы. Чыгарылган кагаз акчанын саны өзгөрүүсүз турганда жүгүртүүдөгү товардын азайып кетишинин натыйжасында да инфляция болушу мүмкүн. Алтынга караганда кагаз акчанын баасы түшүп, баалар жогорулап, чыныгы эмгек акы төмөндөйт. Азыркы шартта инфляция алтындын рынок баасынан, турмуш наркынын көтөрүлүшүнөн, валютанын «олку-солку» курсун киргизүүдөн, баалардын жогорулашынан көрүнүүдө.

*Сүрөт.*

**Кыргызстандагы инфляциянын динамикасы (% менен)**




**Инфляциянын баалардын өсүш темпи боюнча түрлөрү.**

*а. Нормалдуу инфляция* – инфляциянын жылына 3–3,5%тик темпинде;

*в. Жай инфляция* – инфляциянын жылына 10%ке чейинки темпинде;

*с. Таскактуу инфляция* – инфляциянын жылына 20–200%тик темпинде;

*d. Гиперинфляция* – 6 айдан ашуун созулган инфляциянын айына 50%тик темпинде. Гиперинфляциянын тушунда акчалардын наркы ушунчалык тез түшүп кеткендиктен, алар өзүлөрүнүн башкы функцияларын аткара албай калышат, бартер өсөт.

**Инфляциянын кесепеттери.**

а. Инфляция катталган киреше алгандарды (пенсионерлер, студенттер, пособие алуучулар ж. у. с.) салыкка бастырат. Киреше төмөндөп кетпеси үчүн, аны инфляциянын темпин эсепке алууга ылайыктуу

түзөтүп туруу зарыл. Инфляциядан жашоо наркына салыштырганда алда канчалык арбын кирешеге ээ болгондор утушат.

b. Күтүүсүздөн келген инфляция эгерде салымдар боюнча пайыздар, дивиденддер инфляциянын темпине үлгүрө албаса, накталай аманат ээлерин, катталган кирешеси менен финансы активдерин кармап турууларды жазалайт.


c. Инфляциядан, эгерде кредит боюнча пайыздарды тактоодо, инфляциянын темпин эсепке албаса, кредиторлор жапа чегишет. Бирок күтүүсүз инфляция кредиттердин эсебинен карыз алуучуларга пайда келтирет.

d. Инфляциядан, бааларды пландаштыруудагы кыйынчылыктардан, күтүүсүздүккө байланыштуу, өзгөчө узак мөөнөттүү инвестициялык долбоорлор, божомолдоодогу көбүрөөк тобокелдиктен улам ишкерлер да жапа чегишет.

e. Жалпысынан микроэкономикалык кырдаал начарлайт. Экономикалык өсүштүн басаңдашы келип чыгат. Инфляцияны токтотуу баасы өтө кымбат. Бул өндүрүштүн чөгүшү жана жумушсуздук. Коомдук кирешелердин деңгээли боюнча кескин катмарланышы пайда болот.

Өткөөл экономикада инфляциялык ийри сызык (спираль) дегенди эске алуу керек.

Кыска мөөнөттүү мезгилде жумушсуздук менен инфляциянын деңгээлинин ортосунда терс байланыш болот, аны *Филлипстин ийри сызыгы* сүрөттөйт. Филлипстин оригиналдуу жана инфляциялык ийри сызыгын айырмалашат. Филлипстин ийри сызыгы сүрөттө көрсөтүлгөн.




**Сүрөт.** Филлипстин ийри сызыгы

Өкмөт, жалпы чыгашаларды башкаруу менен, кыска мөөнөттүү мезгил үчүн жумушсуздуктун (U) жана инфляциянын (p) деңгээлдеринин белгилүү комбинациясын ийри сызыктан тандап ала алат, инфляцияны күтүү Филлипстин ийри сызыгын оң жакта жогору карай жылдырат.

Филлипстин ийри сызыгы төмөнкүдөй теңдеме менен сүрөттөлөт:

$$p + p_e + b\ (u\text{-}u^*) + e$$

мында:

p – инфляциянын деңгээли,

$p_e$ – күтүлүп жаткан инфляция,

(u-u*) – циклдик жумушсуздук,

b – бурч коэффициенти,

e – сунуштун катуу таасири.

**Инфляцияны өлчөө**. Инфляция, акчалардын монетардык теориясына ылайык, жүгүртүүдөгү акча массасынын ашып калышы менен өлчөнүүгө тийиш. Бирок, практикада, муну жасоо татаал. Ошондуктан, инфляцияны өлчөө баалардын өсүшүнүн теориясына, атап айтканда, баалардын индекстеринин негизги түрлөрүн аныктоого алып келет.

*Баалардын индекси* – бул жылдын баасынын базистик жылдын баасына карата катышы, б. а.:

$$I = (Pt/\ Pв)^*\ 100\%$$

Баалардын индекстеринин төмөнкүдөй негизги түрлөрүн ажыратышат:

- керектөө бааларынын индекси,
- дүң баалардын индекси,
- баалардын индекси – УДПнын ачык эмес дефлятору,
- экспорттук жана импорттук баалардын индекси.

Баалардын деңгээлинин өтө көп пайдаланылуучу көрсөткүчү *керектөө бааларынын индекси* болуп эсептелет – бул *t* жылында керектөө себетинин баасынын анын базистик жылдагы баасына карата катышы. Керектөө бааларынын индексин эсептеп чыгарууда бардык түпкү товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр эмес, типтүү үй чарбасы сатып алууга жетишкен «Керектөө себетине» кирген товарлар гана көңүлгө алынат. Буга негизги азык-түлүктөр, негизги азык-түлүк эмес товарлардын топтору (кийим, бут кийим, турмуш-тиричилик товарлары) жана негизги кызмат көрсөтүүлөр (медициналык, транспорттук кызмат көрсөтүүлөр, байланыш, эс алуу, маданият, өздүк гигиена) кирет. Мисалы, Кыргызстан боюнча бул индекс 1997-жылдын январь-ноябрында 113,2%ти, ал эми 1998-жылдын январь-ноябрында 113,5%ти түзгөн.

Дүң баалардын индекси фирмалар тарабынан сатылып алынган товарлардын типтүү топтому болуп эсептелет.

Дагы бир тактоо жасайлы. Товарлардын өзгөрүлгүс топтому үчүн эсептелген баалардын индекси Ласпейрестин индекси деген аталышты алган. Бирок ал өтө кымбат товарларды өтө арзан товарлар менен алмаштыруу мүмкүнчүлүгүн эсепке албайт, б.а. товардык структуранын мүмкүн болуучу өзгөрүлүшүн жеткире баалабагандык келип чыгат. Өзгөрүлүүчү топтом үчүн эсептелинүүчү, б.а. товардын өз ара алмашылып турушунун мүмкүнчүлүгүн эске алуучу индекс Паашенин индекси деп аталат. Бирок Паашенин индексинде ушул учурда болуп өткөн жыргалчылык деңгээлинин төмөндөшү чагылдырылбайт. Фишердин формуласы эки индекстин тең кемчиликтерин жоет. Сүрөттөлгөн индекстердин аналитикалык туюнтмасы төмөн жакта келтирилди.

Ласпейрестин формуласы боюнча баалардын өсүшүнүн индекси (CP):

$$I_l=(\Sigma P_t * Q_b)/(\Sigma P_b * Q_b)$$

Паашенин формуласы боюнча баалардын өсүшүнүн индекси (УДПнын ачык эмес дефлятору):

$$I_p=(\Sigma P_t * Q_t)/(\Sigma P_b * Q_t)$$

Фишердин формуласы боюнча баалардын өсүшүнүн индекси:

$$I_f=\Sigma I_i * I_p$$

$$I_f=\sqrt{[(\Sigma P_t * Q_b)/(\Sigma P_b * Q_b)] * [(\Sigma P_t * Q_t)/(\Sigma P_b * Q_t)]},$$

мында $P_t$ – t жылдын баасы,

$P_b$ – базистик жылдын баасы,

$Q_t$ – t жылында чыгарылган продукциянын көлөмү,

$Q_b$ – базистик жылда чыгарылган продукциянын көлөмү.

Эгерде CPI керектөө себетинин наркын гана эске алса, анда жалпысынан экономика боюнча кыйла толук көрсөткүчтү – *УДПнын дефляторун* – номиналдык УДПнын реалдуу УДПга карата катышын пайдалануу туурараак. Дефлятор керектөөчүлүк, инвестициялык товарлардын бардык түрлөрүн камтыйт. Ал, CPIге караганда кененирээк болсо да, ай сайын анын маалыматтарын чогултуп туруу өтө татаал. Ошондуктан көп өлкөлөрдө ар айлык статистикада CPIни пайдаланууну артык көрүшөт. Узак мөөнөттүү перспективада бул көрсөткүчтөр өз ара жакындашат.

Көп учурда бир катар макроэкономикалык көрсөткүчтөрдү эсептеп чыгарууда *инфляциянын темпи* деп аталган түшүнүк пайдаланылат. Ал учурдагы мезгилдин бааларынын индексинин жана мурдагы

мезгилдин бааларынын индексине карата өткөн мезгилдин бааларынын индексинин айырмасынын катышы катары аныкталат:

$$п+[I_t–I_{(t-1)}/ I_{(t-1)}]* 100\%$$

Көрсөткүчтүн жардамы менен инфляциянын темпин, мисалы, *Фишердин формуласы боюнча номиналдык проценттик ставка* менен *реалдуу проценттик ставканын* ортосундагы катышты аныктоого болот:

$$i = r + п$$

мында: $i$ – проценттик ставканын номиналдык мааниси,

$r$ – проценттик ставканын реалдуу мааниси.

Инфляциянын туруктуу темпи байкалган өлкө үчүн баалардын деңгээлин эки эселетүү үчүн зарыл жылдардын санын эсептеп чыгуу максатында *«70 чоңдугунун эрежесин»* пайдаланууга болот, ага ылайык, 70 санын инфляциянын ар жылкы деңгээлине бөлүштүрүү керек.

**Инфляциянын себептери**. Инфляциянын төмөнкүдөй негизги себептерин бөлүп көрсөтүүгө болот.

*а. Өндүрүштүк чыгымдардын көбөйүшү.* Сөз сырьего, аралык товарларга баалардын өсүшүнүн жогорулашы жөнүндө, эмгек өндүрүмдүүлүгүнө салыштырганда кызмат акынын озуу менен өсүшү жөнүндө, финансылык мүнөздөгү чыгымдар жөнүндө жүрүп жатат. Жогоруда саналган себептердин кайсынысынын болбосун жогорулашынын учурунда ишкер пайда алууну камсыз кылуу максатында бул жогорулоону продукциянын өзүнө турган наркына кошууга аракеттенет. Бирок, бул калган ишкерлер чыгымдардын ушундай жогорулашын байкап, ошондой эле жолго түшүшкөндө мүмкүн. Андай болбосо конкуренция (атаандаштык) бир ишкана жүзөгө ашырууга ниеттенген бааларды жогорулатуу үчүн кедерги болуп эсептелет. Чет өлкөлүк өндүрүштүн продукциясынын конкуренциясы ушундай эле роль ойнойт.

*в. Суроо-талаптын көптүгү.* Сунуш менен суроо-талаптын ортосунда айырма чыгышы мүмкүн. Суроо-талап өндүрүштүн көлөмүнөн ашып кеткен кездеги учурларды (мисалы, экспансионисттик кредиттик-акча же бюджеттик-салык саясатын жүргүзүүнүн натыйжасында), сатуучулар суроо-талапты төмөндөтүүгө же башка өндүрүүчүлөрдүн продукциясына суроо-талапты жүгүртүүгө жардам берүү тобокелдигисиз бааларды көбөйтө алышат. Чет өлкөлүк өндүрүштүн продукциясы тараптан конкуренциянын болушу жогорулатуудагы

жалгыз чектөө. Мындай конкуренция байкалбаган тармактарда (турак-жай фондусу, кызмат көрсөтүүлөр) баалардын жогорулашы олуттуу болушу мүмкүн.

*c. Монополиялык баа түзүү* монополиялык пайдалардын өсүшүнө жана пайдалардын инфляциясына алып келет.

Бул себептер Кейнс мектеби тарабынан байкалган. Инфляциянын таралышынын монетардык модели аны акча массасын түзүүнүн ашыкча болушунан издейт.

*d. Акча массасын түзүүдөгү ашыкчалык*

Акчалардын сандык теориясынын теңдемесине кайрылалы:

$$M^*V = P^*Y,$$

бул тендеменин темптик жазуусу төмөнкүдөй түрдө көрүнөт:

$$M, \% + V, \% = P, \% + Y, \%,$$

мында: M – акча массасы,

V – акчаларды жүгүртүү тездиги (ылдамдыгы),

P*Y – улуттун кирешесинин көрсөткүчү,

M, % – акча сунушунун өсүшү, % менен,

V, % – акча жүгүртүү ылдамдыгынын өсүшү, % менен,

P, %– баалардын өсүшү, % менен,


Y, % – өндүрүш көлөмүнүн өсүшү, % менен.

Сандык теориянын теңдемесинен мындай теңдемени камсыз кылуу үчүн акчалардын массасы товарларды чыгаруунун өсүшүнүн даражасындай көбөйүшү керек экендиги көрүнүп турат. Андай болбосо, артык баш акча эмиссиясы көбүрөөк суроо-талапка, «P» көрсөткүчүнүн өсүшүнө, б. а. инфляцияга алып келет (монетаристтер акчаларды жүгүртүү ылдамдыгы туруктуу деген көз карашты карманышат).

Жогоруда айтылгандардан улам, себептерге таянуу менен, инфляцияны төмөнкүдөй түрлөргө бөлүштүрүүгө болот.


**Инфляциянын түрлөрү (себептер боюнча).**

*a. Чыгымдардын инфляциясы* (сунуш инфляциясы) – чыгымдардын көлөмүнүн өсүшүнүн натыйжасында, мисалы, эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн өсүшү менен өлчөнгүс кызмат акынын катуу өсүп кетишинин эсебинен келип чыгат. Төмөн жакта келтирилген графиктерден көрүнүп тургандай, мындай жагымсыз катуу таасир баалардын өсүшүнө алып келет.





*Сүрөт.* Чыгымдардын инфляциясы

Сүрөттө сунуштун жагымсыз эстен тандыруусу жалпы суроо-талаптын көбөйүшүнө алып келе турган макроэкономикалык саясаттын чаралары менен коштолбогон кездеги экономиканын өнүгүшүнүн жолу көрсөтүлгөн. Мындай катуу таасир **стагфляцияга,** б. а. Р баалардын бир убакта жогорулашына жана өндүрүштүн көлөмүнүн төмөндөшүнө алып келет.




*Сүрөт.* Чыгымдар инфляциясы


Сүрөттө өкмөт же борбордук банк тараптан кеңейтүүчү макроэкономикалык саясат түрүндө жооп кайтарылган учурдагы сунуштун жагымсыз катуу таасиринин тушунда экономиканын өнүгүшүнүн жолу келтирилген. Мындай саясаттын баасы – өндүрүштүн көлөмүн сактап калуу гана эмес, узак перспективага жогорку баалардын да сакталып калышы.




*Сүрөт.* Суроо-талап инфляциясы

*в. Суроо-талап инфляциясы* – суроо-талаптын көбөйүшүнөн келип чыгат. Мында суроо-талаптын өсүшүнүн ылдамдыгы сунуштун өсүшүнүн ылдамдыгынан ашып кетет. График түрүндө суроо-талап инфляциясы сүрөттөрдө көрсөтүлдү.

*с. Күтүү инфляциясы*. Инфляцияны күтүү аны ыкчамдатууда эң чоң роль ойнойт, анткени күйкөлөктөнүү, белгисиздик, инфляциянын келечектеги өнүгүшү жөнүндөгү божомол баалардын өсүшүнө күчтүү таасир тийгизет.




*Сүрөт.* Суроо-талаптын узак мөөнөттүү мезгилдеги инфляциясы

## Инфляцияга каршы чаралар системасы

Экономикалык саясат боюнча алып караганда инфляцияны чечкиндүү чаралар менен жоюу же ага ыңгайлаштыруу керек. Ар кандай өлкөлөр бул маселени өз алдынча чечет, мындай чаралар менен кирешелердин индексациясы, баалардын өсүшүнө көзөмөл кылуу, эмгек акынын өсүшүн инфляциянын өсүшүнө жараша коюу, бааларды жана эмгек акыны кармап туруу, монополияга каршы чараларды күчөтүү жана бааларды чектөө, баалар менен эмгек акынын катышына көзөмөл кылуу ж. б. менен жолго салынат.

## Жыйынтыктоо

Экономиканы жандандырууда төмөнкү мыйзам ченемдүүлүктөрдү эске алууга тийишпиз.

Алар:

1. Суроо-талап, сунуш жана теңсалмактуулук мыйзамдары;
2. Эмгек рыногу, жумушсуздуктун негизги түрлөрү (фрикциялык, структуралык, циклдик, жабык жумушсуздуктар);
3. Жер рыногу жана анын функциялары:
   а. жер рыногунун мүнөздөмөсү;
   б. жер рыногун сегменттештирүү (жиктөө);
   в. жерди ижарага берүү-алуу;
   г. жердин наркы жана баасы.
4. Капиталдар рыногу, акча рыногу жана инфляция.

Мамлекет экономикалык өсүштүн жогорку факторлорун эске алып өзүнүн тейлөө функцияларын так аткарганда гана элдин турмушун жакшыртууга жетише алат.

*Суроолор*

1. Рыноктун аныктамасы кандай, кандай класстарга жана түрлөргө бөлүнөт?
2. Суроо-талаптын жана сунуштун чоңдугу деген эмне?
3. Суроо-талап жана сунуш мыйзамдары эмнени билдирет?
4. Жумушсуздук деген эмне жана анын кандай түрлөрү болот?
5. Кыргызстандын улуттук валютасы качан жүгүртүүгө чыгарылган? Ага эмнелер түрткү болгон?
6. Акча кандай функцияларды аткарат?
7. Инфляция деген эмне жана анын кандай түрлөрү болот?

*Тапшырма*

1. Берилген суроо-талаптын шкаласы боюнча суроо-талап ийри сызыгын түзгүлө.

Дүкөндө дептерге болгон суроо-талаптын шкаласы.

| Суроо-талаптын чоңдугу (ай ичинде) | Баасы (сом менен) |
|---|---|
| 300 | 1,5 |
| 250 | 2,0 |
| 200 | 2,5 |
| 150 | 3,0 |
| 100 | 3,5 |
| 50 | 4,0 |

2. Бышыктоо үчүн суроолор:

а. эгерде бир дептердин баасы 2 сом болсо, канча дептер сатылып алынат?

б. эгерде 200 дептер сатылган болсо, анда алар кайсыл баада сатылган?

3. Жалпы кирешени эсептегиле (жалпы киреше = баа × сан), эгерде бир дептердин баасы 3 сом болсо?

4. Берилген сунуштун шкаласы боюнча сунуштун ийри сызыгын түзгүлө.

Койго болгон сунуштун шкаласы

| Басы (сом менен) | Сунуштун чоңдугу (бир айга) |
|---|---|
| 1000 | 100 |
| 1500 | 250 |
| 2000 | 350 |
| 2500 | 400 |
| 3000 | 450 |
| 3500 | 500 |

*Бышыктоо үчүн суролор:*

а. сатууга коюлган койлордун саны 250 болсо, базарда койдун баасы кандай болот?

б. сатуучулар 1000 сом баасында канча койду сатууга сунуш кыла алат?

5. Жалпы кирешелерин эсептегиле (баа × сан):

а. эгерде ар бир айда 100 кой сатылса?

б. эгерде койдун баасы 2500 сомго барабар болсо?

6. Акыркы убакта эмгектин мүнөзү тез өзгөрүүдө, кыязы бул өзгөрүүлөрдүн кээ бирөөлөрү силердин райондогу жагдайга да таасир эткен болуш керек:

а. 20 жыл мурда кандай кесип жок эле?

б. 20 жыл мурдагыга салыштырганда алгачкы жолу иштей баштаган адамдардын даярдыгынын жана билиминин деңгээли азыр кандай болууга тийиш?

7. Азыркы күндө көптөгөндөр өлкөнү кыдырып иш издешүүдө:

а. жумушчу күчүнүн мындай кыймылынан өлкө кандай экономикалык пайда табат?

б. мындай иш издөөлөр айрым жекече чыгымдарга алып келет. Алар кандай?

**Терминдерди тандап алуу**

А тараптагы ар бир терминге Б тараптан ага ылайык келген аныктаманы тандап белгилеңиз.

**А тилкеси**

– суроо-талап
– суроо-талап чоңдугу
– суроо-талап баасы
– жекече суроо-талап
– рыноктук суроо-талап
– суроо-талап закону
– суроо-талап функциясы
– толуктагыч товарлар
– өз ара алмаштыргыч товарлар

**Б тилкеси**

а) Бирдей касиетке ээ болгон товарлар

б) Керектөөчүнүн буюмду же кызмат көрсөтүүнү белгилүү бир убакытта жана баада сатып алууну каалашы.

в) Сатып алуучу белгилүү баада сатып алууга макул болгон товардын саны

г) Керектөөчүнүн белгилүү товарга болгон өзгөчө суроо-талабы

д) Товардын баасы канчалык жогору болсо товардын саны аз болот, баа канчалык төмөн болсо, товардын саны көп болот.

ж) Суроо-талап чоңдугун аныктоочу факторлордон болгон көз карандылыгы.

з) Рыноктогу бардык товарларды сатып алуучулардын суроо-талабы
и) Бирге пайдалана турган товар

**Биринчи бөлүм боюнча жыйынтыктоо тест**

Тест 13 суроодон түзүлүп, 20 минутага эсептелген. Көрсөтмөнү көңүл коюп окуп чыгып, тапшырманы ирээти боюнча аткаргыла. Бир суроого көпкө кармалбагыла. Эгерде анын жообун билбесеңер кийинки суроого өткүлө. Ар бир суроого берилген варианттардын бири гана туура, аны карандаш менен айлана түрүндө белгилегиле, же атайын бланкага туура жообуна коюлган тамганы жазып көрсөткүлө.

**1. Адамдардын төмөндөгү иш-аракеттеринин кайсыларын «Экономикалык» деп атаса болот:**

а) Саякатчы булактан суу ичип, чаңкаганын кандырат;
б) Ата-энелер жаңы телевизор сатып алууну чечишти;
в) Сараң бай сандыктагы асыл буюмдарын кармалап отурат;
г) Кичинекей бала кумда ойноп отурат.

**2. Альтернативдүү нарк…**

а) кимдир бирөөнүн убактысынын пайдаланылышына тиешеси жок;
б) – бул, баадагы өзгөрүү;
в) бир нерсени сатып алууга жумшалган акчанын суммасы катары аныкталат;
г) – бул, кандайдыр бир чечимди кабыл алууда эң мыкты деген альтернативадан баш тартуу.

**3. Алмаштыргыч товарларды жубун бөлүп көрсөткүлө:**

а) автомобилдин покрышкасы жана бензин;
б) калем сап жана сыя;
в) жинсалар жана футболкалар;
г) май жана маргарин.

**4. Салттык экономикалык система учурунда (XIX кылымдын аягы, XX кылымдын башында) Кыргызстандын өнүгүүсү кандай мүнөздө болгон?**

а) экономиканын негизги тармактары көчмөн жана жарым көчмөн мал чарбасы менен дыйканчылык болгон.
б) өнөр жайы өнүккөн өлкө болгон.

**5. 1916-жылдын башында Кыргызстанда:**

а) 4, 5 млн кой, эчки, 1223 миң ири мүйүздүү мал, 362 миң жылкы, 63 миң чочко болгон.

б) 2, 5 млн кой, эчки, 519 миң ири мүйүздүү мал, 708 миң жылкы, 27 миң чочко болгон.

**6. Кыргыздар Кокон хандыгына төлөгөн салыктары:**

а) Түтүн башына 2 сом 75 тыйын, жайылган койдун туягынан 3 тыйын, жылкыдан – 30, төөдөн – 50 тыйын болгон.

б) Түтүндүк-зыякет, боз үйгө 1 кой, алал-зыякет 50 ири малдан – 1 баш; дыйкандардан – 3 кой.

в) Хараж – түшүмдүн 10%; чөп ооз, чыгым, союш, журтчулук, туяк пул.

**7. Совет бийлигинин Кыргызстандын экономикасына тийгизген таасири:**

а) Совет бийлиги орногондо, анын салык саясаты элдин наразычылыгын күчөткөн.

б) Бийлик 42 миң чарбаны отурукташтырып, аларга 2,5 млн га айдоо жана жайыт аянттарды бөлүштүрүп берген.

в) Совет бийлиги биринчи беш жылдык пландын негизинде 41 жаңы өнөр жай ишканасын бүтүрүп, экинчи беш жылдыкта өнөр жайдын үлүшүн 50,3%ке жеткирген.

г) (б) жана (в) пункттары.

**8. Согуш жылдарындагы (1941–1945-ж.ж.) Кыргызстандын өнүгүшүнүн өзгөчөлүгү:**

а) Кыргыздар согушка катышуудан баш тарткан.

б) Кыргызстандын аймагына Союздук өкмөттүн чечимине жараша 1941-жылы 28, 1942-жылы 38 ири өнөр жай ишканалары шашылыш көчүрүлгөн.

в) Кыргызстандын айыл чарбасынын дүң продукциясы 1941–1945-жылдардын ичинде 76%ке, анын ичинде мал чарба продукциясы 71%ке төмөндөгөн.

г) (б) жана (в) пункттары.

**9. Төмөндө көрсөтүлгөн көрүнүштөрдүн кайсыларына инфляция себепчи болушу мүмкүн?**

а) көпчүлүк товарлардын баасынын өсүшү;

б) узак мөөнөттүү инвестициялардын көбөйүшү;

в) номиналдуу эмгек акынын төмөндөшү;

г) орточо жашоо деңгээлинин төмөндөшү.

**10. Атандаштык ар кандай түрдө болушу мүмкүн, бирок эгер … болбосо, эч кандай атаандашуу болбойт.**

А) акча;

б) базарлар;

в) ресурстардын чектелүүлүгү;

г) бизнес.

11. Тең салмактуу базар баасы маанилүү, себеби …

а) тартыштыкты четтетет;

б) суроо-талап менен сунуш чоңдугун теңдештирет;

в) бул сатуучулар бир аз санда болсо дагы сатууга товарды сунуш кылуучу баа;

г) ал сатып алуучуларды базардан кетүүгө мажбурлайт.

**12. Иш менен толук камсыз кылуу… мезгилге таандык**

а) иш издегендердин бардыгы иш тапкан;

б) жумушсуздуктун деңгээли убактылуу (фрикциондук) жана структуралык жумушсуздуктан жогору болбогон;

в) жумушсуздуктун иш жүзүндөгү деңгээли циклдик жумушсуздуктун деңгээлине барабар;

г) бүткүл эмгек күчү иштеп жаткан.

**13. Баардык экономикалык системалардын алдында кандай маселе турат?**

а) экспорт менен импортту кантип балансто керек;

б) мамлекеттин бюджетин кантип балансто деген;

в) чектелген ресурстарды кантип эффективдүү пайдалануу деген;

г) өлкөнүн карыздарын азайтуу үчүн акчаны кантип үнөмдөө керек деген.

# IV ГЛАВА. МАКРОЭКОНОМИКАЛЫК ӨСҮШ МАСЕЛЕЛЕРИ

## § 1. Экономикалык өсүштүн факторлору жана типтери

Экономикалык өсүш бардык өлкөлөрдүн алдында турган башкы экономикалык проблема болуп саналат. Анын динамикасы боюнча улуттун экономикалык өнүгүүсү, калктын турмуш деңгээли жөнүндө жана өлкөдө ресурстардын чектелүү проблемасы кантип чечилип жатканын билүүгө болот. Ошондуктан аны өтө өнүккөн жана начар өнүккөн өлкөлөрдүн баарысынын окумуштуулары тең катар изилдеп келишет. Бул багыттагы илимий изилдөөлөрдүн маанилүүсү катары америка окумуштуусу К. Домар жана англичанин Р. Харроддун (Харрод-Домар моделин) моделин келтирсек болот. Алардын ишин улантуучулардын бири Р. Солоу. Анын неоклассикалык модели ички дүң продукциядагы сактоо каражаттарынын (жыйналган акчанын) үлүшүн экономикалык өсүштүн аныктоочу фактору катары негиздеген.

Кийинки окумуштуулар экономикалык өсүштүн моделине жаңы факторлорду киргизип, изилдөөнүн чөйрөсүн кеңейтүүгө аракеттенишкен. Биринчи мындай аракет адам капиталына (билим берүүгө, билимдүү жумушчу күчтөрүн даярдоого жумшалган салымдарга) байланыштуу факторлорду киргизип өсүш моделин кеңейтүүгө байланыштуу. Бул багытта биринчилерден болуп көңүл бурган Т. Шульц, андан кийин ал идеяны кеңири иштеп чыккан Э. Денисон болгон.

Экономикалык өсүш дайыма коомдук институттардагы, адамдардын жүрүш-турушундагы жана идеологиялардагы өзгөрүүлөр менен коштолот. Буга **«модернизация»** деп аталуучу жалпы урбанизация процесси, институционалдык комплекстеги жана акыл-ой мүдөөлөрүндөгү өзгөрүүлөр мисал боло алат.

Модернизация теориясы болсо өткөн XX кылымга тийиштүү. Бул багыттын баштоочуларынын бири катары Дж.М. Кейнсти атоого болот.

Кейнстин бул багыттагы негизги идеялары төмөнкүлөр:

1) Ал өндүрүштү жана товарларды сунуштоону кеңейтүүчү, жалпы суроо-талапты (жалпы сатып алуу жөндөмдүүлүгүн) ылдамдатуучу жана умтулдуруучу методдорду сунуштаган. Ошондуктан анын концепциясын натыйжалуу суроо-талап теориясы деп аташат.

2) Кейнстин теориясы инвестицияларга (капиталдык салымдарга) зор маани берет. Өндүрүштүн эң зор масштабы инвестициялардын (капиталдык салымдардын) көлөмүнө түздөн-түз көз каранды.

3) Анын теориясына ылайык, экономиканын өсүшүн нормалдуу камсыздоо үчүн мамлекеттин кийлигишүүсү өтө зарыл.

Экономикалык өсүштүн жаңы маселелерин теория жагынан тереңдетип изилдөө менен, практикалык керектүү сунуштарды **неоклассикалык синтез мектебинин** өкүлдөрү **Джон Хикс** жана **Пол Самуэлсондор** беришкен.

Неоклассикалык синтез мектебинин идеяларын жактоочулар рыноктун тейлөө мүмкүнчүлүгүн анчалык жогору баалашпайт. Алардын пикиринде, экономикалык катнаштар менен мамилелердин улам татаалдануу ченеминде, мамлекеттик тейлөөнүн методдорун сөзсүз жаңыртып жана активдүү пайдаланып туруу зарыл. Өзгөчө белгилей турган дагы бир багыт, ал Пол Самуэлсондун экономикалык өсүштү тездетүүнүн айрым жолдорун негиздегендигинде. Тактап айтсак алар: мамлекет менен жеке сектордогу илимий изилдөөлөрдү кеңири жайылтуу; билим берүү жана окутуу иштерин өнүктүрүү; жумуш менен камсыздоону жогорку деңгээлде кармоо; катуу фискалдык саясатты, акча-кредит экспансия саясаты менен тыгыз айкалыштыруу.

Экономикалык илимдин азыркы неоклассикалык багыты монетаризм жана **неолиберилизмдин** теориялары менен мүнөздөлүүдө, ошону менен катар, азыркы экономикалык теориянын дагы бир багыты катары – неоинституционализмди белгилеп кетсе болот. Неоинституционализм, экономикалык өсүштөгү техникалык факторлорду эбегейсиз көтөрмөлөөдөн баш тартып, адамга, анын социалдык маселелерине зор көңүл бурuusу менен айрымаланат. Ушуга байланыштуу жаңы экономикалык теориялар пайда болууда. Алар: менчик укугунун экономикалык теориясы (Р. Коуз), коомчулуктун тандоо теориясы (Дж. Бьюкенен), ж. б. Мына ушул көз караштардын негизинде, өнүккөн өлкөлөрдүн экономикалык саясаты капитализмдин социалдаштырылышына багыт алгандыгы жөнүндө кабар берип турат.

**Кыргыз Республикасынын экономикалык өсүш** маселелери да илимпоз экономисттер тарабынан изилденип келе жатат. Конкреттүү түрдө экономикалык өсүш жана анын камсыздоочу багыттары Шайлобек Мусакожоевдин «Кыргыз Республикасынын экономикасы» (Кыргыз Республикасынын финансы министрлиги, Илимий изилдөө экономика институту, Бишкек, 1997-жыл, көлөмү 11,6 басма табак, тиражы 200 экз. ) – аттуу эмгегинде жана Жаңылбүбү Чубурованын, экономика илимдеринин доктору – илимпоз даражасына татыган («Проблемы устойчивого экономического роста и развития промышленности в переходной экономике Кыргызской Республики», Бишкек, 2002 г. ) диссертациясында изилденген.

Биринчи эмгекте өлкөнүн экономикалык өсүшүнүн теориялык маселелери менен катар, индикативдик планынын тапшырмаларынын аткарылышынын жүрүшүнө байкоо жүргүзүлөт. Салыштырмалуу мезгилдеги (1991–1996-ж.ж.) экономикалык жагдайга баа берүү менен катар, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан жүргүзүлүп жаткан макроэкономикалык саясаттын багыттарын келечекте өркүндөтүү боюнча сунуштар да келтирилген.

Экинчи, диссертациялык иште экономикалык өсүштүн теориялык жана методологиялык багыттары каралган. Диссертациялык иш автордун Кыргыз Республикасынын өнөр жайынын өнүгүү маселелерине арналган изилдөөлөрүнүн (эмгектеринин) жыйынтыгы болуп саналат.

Мындан сырткары экономикалык өсүштүн айрым маселелери Кумсков В.И., Кудабаев З.И. тарабынан да изилденген.

Жыйынтыктап айтканда, азыркы учурда экономикалык өсүш – бул өлкөнүн өндүрүшүнүн көлөмүн жана өндүрүштүк мүмкүнчүлүктөрүн жылдан жылга туруктуу түрдө көбөйтүү дегенге жатат. Ал, эреже катары, улуттук дүң продукция (УДП) же ички дүң продукциянын (ИДП) өсүшү менен ченелет.

Экономика илими экономикалык өсүштүн үч **тибин**; экстенсивдүү, интенсивдүү жана аралаш типтерин бөлүп көрсөтөт.

**Экстенсивдүү өсүштө** – улуттук продуктуну, өндүрүш факторлорунун санын көбөйтүү негизинде өстүрүүгө болот б. а. пайдаланылып жаткан өндүрүш факторлорунун (ресурстарын) технологиялык натыйжалуулугун өзгөртпөй туруп эле алардын санын улам көбөйтө берүү: жаңы жумушчуларды жалдап, мурдагыдан эч айырмасы жок станоктор менен иштөөчү цехтерди куруу ж. б.

**Интенсивдүү өсүштө** – улуттук продуктуну, өндүрүш факторлорунун сапатын көтөрүү жана алдыңкы технологияны колдонуу негизинде өстүрүүгө болот б. а. пайдаланылуучу ресурстардын санын өзгөрбөгөн бойдон калтырып, технологиялык натыйжалуулукту жогорулатуу; жумушчуларды жакшыраак окутуп-үйрөтүү, алардын эмгегин туура уюштуруу; бир кыйла өндүрүмдүү машиналарды ишке киргизүү; сырье жана материалдарды үнөмдүү пайдалануу.

**Аралаш өсүштө** – экстенсивдүү жана интенсивдүү өсүш жолдору аралаш колдонулат.

Экономикалык өсүштү көптөгөн факторлор аныктайт, алардын манилүүсүн сунуш фактору, суроо-талап фактору жана бөлүштүрүү фактору түзөт.

**Сунуш факторлоруна** ресурстардын саны жана сапаты, эмгекке жөндөмдүү калктын саны жана кесиптик даражасы, негизги капиталдын болушу, өндүрүштөгү технологиянын деңгээли кирет.

**Суроо-талап факторлоруна** коомдо өндүрүлгөн продуктуга жалпы суроо-талапты өстүрүү жана ал аркылуу аны стимулдаштыруу кирет. Мисалы: калктын кирешеси (эмгек акысы), мамлекеттин фискалдык (салык) саясаты, калктын жеке акчаларын аманатка берүүгө болгон кызыгуусу.

**Ресурстарды бөлүштүрүү** экономикалык өсүштү камсыз кылуу үчүн мамлекеттик деңгээлде жакшы уюштурулууга тийиш.

Өсүш факторлоруна ылайык мамлекеттин экономикалык өсүш модели түзүлөт. Өлкөдө экономикалык өсүү темпи жогору болсо, анда жумушсуздук проблемасы болбойт. Экономикалык өсүү мамлекеттин калкка көп түрдүү акысыз же жеңилдетилген өлчөмдө акы төлөнүүчү тейлөө кызматтарын көрсөтүшүнө мүмкүнчүлүк берет, тескерисинче, экономикалык өсүү солгундап, салыктар аз жыйнала турган болсо, мамлекет социалдык программаларды кыскартууга аргасыз болуп, ал бул элдин жанына баткан өтө оор процесске айланат.

## § 2. Макроэкономикалык моделдер

Макроэкономиканы жогоруда бүткүл улуттук чарба жөнүндөгү илим деп аныктаганбыз. Ал жалпы улуттук деңгээлде, экономика канчалык тез өнүгүп жатат деген маселелерди окуп үйрөтөт. Макроэкономика өндүрүлгөн продуктулардын көлөмү кандай, биргелешкен киреше канча экендигин аныктайт. Ал ишке тартылуунун жогорула-

шы, товарлардын жана кызмат өтөөлөрдүн көбөйүшү сыяктуу маселелердин чечилишин изилдейт.

Келтирилген маселелерди үйрөнүүдө макроэкономикалык теория **моделдерди** пайдаланат. Ал моделдер макроэкономикалык жагдайды мүнөздөөчү. Биргелешкен (агрегатташкан) көрсөткүчтөрдүн арасындагы катнашты баяндоочу теңдемелер жана графиктер түрүндө берилет (агрегатташкан – «Aggregate» деген англис сөзүнөн алынып – суммардуу, баары – дегенди түшүндүрөт).


Макроэкономикалык моделдештирүүдө чоңдуктардын эки түрү колдонулат:

**Экзогендик** – бул чоңдуктар алдын ала берилет жана моделге киргизилет, моделдин чыгарган жыйынтыгынан көз каранды эмес.

**Эндогендик** – бул чоңдуктар моделдин ичинде түзүлөт, моделдин чыгарылыш мезгилинде түзүлөт.

Алардын иштеш схемасы төмөнкүдөй:

**Макроэкономикалык моделдердин иши**




Макроэкономикалык модель бир же бир нече экзогендик чоңдуктардын өзгөрүшү эндогендик өзгөрүлмөлүү чоңдуктардын түзүлүшүнө кандай таасир тийгизе тургандыгын көрсөтөт. Алсак, Нобель сыйлыгынын (1972-ж.) лауреаты Джон Хикстин моделдеринде салыктардын, мамлекеттик чыгымдардын өзгөрүшү, проценттик үстөктөрдүн жана улуттук дүң продуктунун өзгөрүшүнө алып келгендиги баяндалат.

Ал эми экономикалык өсүштүн моделдеринде, улуттук дүң продукт (УДП) – $Y_t$, илимий техникалык прогресс (ИТП) – $A_t$ эмгек өндүрүмдүүлүгү – $N_t$, капитал – $K_t$ менен байланышкан факторлордун кошундусунун өндүрүштүк функциясы катары чыгат:

$$Y_t = F(A_t \cdot N_t \cdot K_t)$$

Көптөгөн макроэкономикалык агрегаттар (процент үстөгү, агрегатташкан айлык. УДП, алмаштыруу курсу) номиналдык жана реалдык мааниге ээ.

Номиналдык агрегаттар азыркы жылдын баасы менен ченелет.

Реалдык чоңдуктар – инфляциянын темпине карата түзөтүү киргизилген номиналдык чоңдуктар.

Экономика ачык же жабык болушу мүмкүн.

Жабык экономика – эл аралык соодада катышпаган экономика.

Ачык экономика – эл аралык соодада катышкан экономика.

Экспорт – башка өлкөлөргө сатылган товарлардын жыйындысы. Импорт – башка өлкөлөрдө өндүрүлгөн товарларды сатып алууга кеткен, айрым адамдардын, фирмалардын жана өлкөнүн өкмөтүнүн чыгымдары.

Улуттук дүң продукт жана аны баалоо. Улуттук дүң продукт (УДП) бир өлкөнүн ички ресурстарын пайдалануу менен чыгарылган товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн рыноктук наркы. УДП ошол өлкөнүн жарандарынын менчигинде турган өндүрүш факторлору тарабынан жүргүзүлгөн продукция чыгаруунун наркын өлчөйт, алардын кайда, өлкөнүн ичинде же чет өлкөдө иштегендиги маанилүү эмес.

Улуттук дүң продуктудан айырмаланып, ички дүң продукт (ИДП) – кимдин менчигинде тургандыгына карабастан ошол экономика үчүн өндүрүштүн ички факторлору менен түзүлгөн продукциянын чыгарылышын баалайт. Экономикалардын көпчүлүгү үчүн УДП менен ИДПнын ортосундагы айырма анчалык эмес, анткени чет өлкөлөрдөн алынган кирешелер УДП карата арбын эмес, же алардын көлөмү ошол экономиканын ичинде чет өлкөлүктөр ала турган сумма менен салыштырмалуу балансылаштырылган.

Өткөөл экономикалуу өлкөлөрдүн азыркы практикасында өзүлөрүнүн жарандарынын чет өлкөдө чыгарган продуктусу жөнүндө статистикалык маалыматтарды жыйноо кыйын болгондугуна байланыштуу УДП караганда ИДП-ны өлчөө иш жүзүндө жеңилирээк.

УДП негизги макроэкономикалык көрсөткүч катары, үч метод менен эсептелиши мүмкүн:

а. түпкү пайдалануу методу (чыгымдар боюнча),

б. өндүрүштүк метод,

с. бөлүштүрүү методу (кирешелер боюнча).

УДПны чыгымдар боюнча эсептөө макроэкономикалык жүгүртүүнүн бардык экономикалык агенттеринин: үй чарбаларынын, фирмалардын, мамлекеттин жана товарларды ошол өлкөдөн экспорттоочу чет өлкөлүктөрдүн чыгымдары кошулат. УДП чыгымдар боюнча аналитикалык туюнтуу төмөнкүдөй түргө ээ:

$$УДП = C + I + G + X_n$$

мында: C – узак жана кыска мөөнөткө пайдаланылуучу товарларга, ошондой эле кызмат көрсөтүүлөргө үй чарбаларынын чыгымдарын камтыган жана турак-жай сатып алууга чыгымдарды чыгарып ташталган жекече керектөө чыгымдары;

I – имараттарды жана курулуштарды тургузууга, жабдууларды сатып алууга, товардык-материалдык запастарды түзүүгө, амортизацияга фирмалардын чыгымдарын, ошондой эле турак-жай сатып алууга үй чарбаларынын чыгымдарын камтыган дүң инвестициялар;

G – армияны, башкаруу аппаратын кармап турууга, экономиканын мамлекеттик секторунун кызматкерлерине кызмат акы төлөөгө жана ушу сыяктууларга мамлекеттик чыгымдар. Бардык мамлекеттик трансферттик төлөмдөр чыгарылып ташталат, анткени алар өндүрүштүн учурдагы көлөмүнүн көбөйүшүн чагылдырбайт жана кирешелерди кайра бөлүштүрүүнүн формасы болуп эсептелет;

$X_n$ – экспорт менен импорттун айырмасы катары эсептеле турган чет өлкөлөрдөгү товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн таза экспорту.

УДПны өндүрүштүк метод менен эсептөөдө аны түзүүгө ар бир фирма жана тармак тарабынан кошумчаланган нарк эске алынат. Мындай учурда УДПнын чоңдугу экономиканын бардык өндүрүштүк циклдери боюнча жыйнакталган кошумчаланган нарк болуп эсептелет. Кошумчаланган нарк – продукция чыгарууга сатылып алынган материалдардын наркын чыгарып таштагандан кийинки фирманын сатууларынын көлөмү.

Кош эсептөөдөн оолак болуу үчүн УДПны экономикада чыгарылган түпкү товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы катары аныкташат. Түпкү керектөө үчүн жыл бою сатылып алынган жана ара-чолодо керектөө максатында пайдаланылбагандар түпкү товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр болуп эсептелет.

**УДПны кирешелер боюнча эсептөө** – мындай ыкмада фактордук кирешелердин бардык түрлөрү (кызмат акы, рента, пайыздык ставка, пайда), ошондой эле амортизациялык чегерүүлөр жана бизнеске кыйыр салыктар кошулат.

**Акселератор** – (лат. *accelerare* – ылдамдаткыч) – экономикалык өнүгүүнү тездетүүнүн натыйжалуулугун өлчөө үчүн пайдалануучу көрсөткүч.

**Акселератордун модели.** Инвестициялар практикада УДПга да көз каранды болот. Бул көз карандылык эки себеп менен аныкталат:

а. УДП өскөн кезде пайда да өсөт, ал эми ири инвестициялар ишкердик пайдадан финансыланат;

в. Эгерде УДП аз болсо, өндүрүү да аз болот, жабдуулар токтоп турат, жаңы жабдууларды сатып алууга стимул болбойт.

$I = f(Y)$ көз карандылыгы акселератордун модели деп аталат.

Моделдин талдоо жасоочу түрү:

$I = h + a * Y$

мында: $h$ – пландуу инвестициялар, $I$ – инвестициялар, $a$ – бурч коэффициенти, $Y$ – реалдуу УДП.

## § 3. Улуттук эсептер системасынын негизги индикаторлорунун ортосундагы өз ара байланыш

**Улуттук эсеп** – бир жылда коомдук жалпы продукту менен улуттук кирешени алуу, бөлүштүрүү ж-а пайдаланышын көрсөтүүчү таблицалар системасы (бухгалтерия счету формасында). Көп өлкөлөрдө улуттук эсептин 1968-ж. Бириккен Улуттар Уюму кабыл алган стандарт системасы колдонулат.

а. **Улуттук эсептер** системасынын негизги көрсөткүчү УДП болуп эсептелет.

в. **Улуттук таза продуктуну** (УТП) УДПдан амортизациялык чегерүүлөрдү чыгарып таштоо менен алууга болот:

***УТП = УДП – амортизациялык чегерүүлөр.***

с. **Улуттук киреше**

Керектөөчүлөр товар сатып алышкан баалар менен фирмалардын сатуу бааларынын ортосунда айырма болот. Бул айырма бизнеске кыйыр салыктар болуп эсептелет. Бул кошумчаланган наркка салык, акциздик жыйымдар, импорттук пошлиналар, иштин монополиялык түрлөрүнө салыктар д. у. с.

Эгерде улуттук таза продуктудан (УТП) бизнеске таза кыйыр салыктарды чыгарып таштасак, улуттук киреше алынат. Бул өлкөнүн бардык тургундарынын жалпы кирешеси болуп эсептелген көрсөткүч.

Улуттук кирешени бир нече компоненттерге бөлүштүрүүгө болот. Киреше алуу ыкмасы бөлүштүрүүнүн критерийи болуп кызмат кылат. Ал төмөнкүдөй көрсөткүчтөрдөн турат:

• кызматкерлердин эмгегине акы төлөө, б. а. кызмат акы, сыйлыктар жана башкалар;

• менчик ээлеринин, б. а. майда соодагерлердин, фермерлердин, шериктештиктердин жана башкалардын кирешелери;

• козголгус мүлк ээлери алыша турган рента кирешелери;

• корпорациялардын эмгекке акы төлөөдөн жана кредит үчүн процентten кийин калган пайдасы;

• таза процент, бул алынган проценттердин суммасын плюс башка өлкөлөрдүн резиденттеринен проценттик кирешелердин суммасын чыгарып таштагандан кийинки ошол өлкөнүн бизнесинин төлөмдөр процентинин суммасы.

d. **Жеке киреше**

Жеке (персоналдык) кирешенин көрсөткүчү улуттук кирешеден төмөнкү көрсөткүчтөрдү чыгарып салуу жолу менен алынат:

• корпорациялардын бөлүштүрүлбөгөн пайдасы;

• таза процент;

• камсыздандыруу.

Андан тышкары, төмөнкү көрсөткүчтөр кошумчаланат:

• индивидуалдар үчүн өкмөттүк трансферттик төлөмдөр;

• дивиденттер;

• процентter түрүндө, анын ичинде мамлекеттик карыз боюнча процентter менен алынган жеке кирешелер.

e. **Колдо болгон жеке киреше**

Колдогу киреше жеке киреше менен жарандардан алынуучу киреше салыгынын суммасынын жана мамлекетке кээ бир салык эмес төлөмдөрдүн ортосундагы айырма катары эсептелинет.

Колдогу жеке киреше үй чарбалары тарабынан керектөөлөргө жана аманаттарга пайдаланылат.


**Улуттук таза продукт (УТП)** – У. д. п. -дан амортизациялык чегерүүлөрдү чыгарып таштоо менен алууга болот

Жыйынтыктасак, улуттук эсептердин системасы – көрсөткүчтөрү өлкөнүн кирешесинин, керектөөсүнүн, жыйноосунун жана капиталдык чыгымдарынын өлчөмдөрүн аныктоого багытталган өз ара байланыштагы балансылык таблицалардын жыйындысы.

## § 4. Жалпы сунуш жана жалпы суроо-талап

**ЖАЛПЫ СУНУШ** – чыгаруунун жалпы көлөмү менен экономикадагы баалардын деңгээлинин ортосундагы байланышты чагылдырат. Ошондой эле жалпы сунуш – бул баалардын ошол учурдагы деңгээлинде фирмалар жана үй чарбалары рынокко чыгарууга даяр жыргалчылыктар менен кызмат көрсөтүүлөрдүн жалпы саны экендигин айта кетүүгө болот. Фирмалардын чыгарышынын көлөмү, албетте, алардын товарларына жана кызмат көрсөтүүлөрүнө рынокто белгилене турган бааларга жараша болот. Макроэкономикадагы сунуш продуктунун баасы (P) менен болжолдонгон продуктунун (Y) санынын ортосундагы түз пропорционалдуу көз карандылыкты чагылдырат.

**Жалпы сунуш**




Сунуштун деңгээлине продукциянын баалары жана өндүрүш факторлоруна сарптоолор таасирин тийгизет.

Жалпы сунушту өз-өзүнчө кыска мөөнөттүү мезгилде жана узак мөөнөттүү мезгилде кароо керек. Бул өндүрүш факторлорунун санынын өзгөрүүлөрүнүн таасиринин зор мааниси менен түшүндүрүлөт.

Графиктерде жалпы сунуштун демейдегидей ар башкача, бир нече түрү көрсөтүлгөн. Ийри сызыктын үч участогун бөлүп көрсөтүүгө болот.


Горизонталь же Кейнс кесиндиси жалпы сунушту кыска мөөнөттүү мезгилде (SRAS) чагылдырат. Өзүнүн ысымы менен аталган бул участоктун горизонталдык мүнөзүнө Кейнс төмөнкүдөй түшүндүрмө берген. Ал чөгүү мезгилиндеги, б. а. өндүрүш факторлорунун кыйла запасы болгон кездеги экономиканы карап чыккан, ошондуктан кыска мөөнөттүү мезгилде жумушсуздардын кошумча санын жана өндүрүштүн башка факторлорун тартуунун эсебинен баалардын деңгээлин жогорулатуусуз эле реалдуу улуттук өндүрүштү көбөйтүү мүмкүн деген.

Жалпы сунуштун узак мөөнөттүү мезгилдеги ийри сызыгы – классикалык участок (LRAS) вертикалдуу түз сызык түрүнө ээ. Класситер жана классикалык мектептин өкүлдөрү экономикадагы узак мөөнөттүү мезгилде дайыма иш менен камсыз кылуунун табигый деңгээли болот жана бардык колдогу ресурстар пайдаланылат деп эсептешет. Б. а. узак мөөнөттүү мезгилде баалардын эч кандай өзгөрүүсү реалдуу улуттук өндүрүштүн өзгөрүүлөрүнө алып келе албайт, анткени өндүрүштүн бардык факторлору толугу менен пайдаланылат.

Графикте аралык участок бар, ал мында продукцияга баалардын деңгээли жана өндүрүштүн көлөмү бир убакта өсө тургандыгын айгинелейт. Бул тармактардын жана ишканалардын бардыгы эле колдо турган ресурстарды бүт бойдон тармактарда толук иштетүүгө жетише албай тургандыктары менен түшүндүрүлөт.

Биз баалардын деңгээлинин жана реалдуу улуттук өндүрүштүн көз карандылыгы катары жалпы сунуштун ийри сызыгын карап чыктык. Бирок жалпы сунушка продукцияга баалардын өзгөрүшүнө көз каранды болбогон башка факторлор да (баа эмес факторлор) таасир тийгизиши мүмкүн. Бул башка факторлор жалпы сунуштун ийри сызыгын оң жактан төмөн карай же сол жактан жогору карай жылдырат (сүрөт).

*Жалпы сунуштун ийри сызыгынын жылышына*
*баа эмес факторлордун таасири*




Таблицада жалпы сунуштун ийри сызыгын жылдыруучу баа эмес факторлор келтирилген:

а. Баалардын ресурстарга карата өзгөрүшү:

- жер;
- эмгек ресурстары;

• капитал;
• ишкердик жөндөмдүүлүктөр.
в. Өндүрүмдүүлүктөгү өзгөрүү.
с. Укук нормаларынын өзгөрүүлөрү:
• ишканалардан салыктар жана субсиядалар;
• мамлекеттик жөнгө салуу.


Жалпы сунуштагы ийри сызыктын жылышы түрүндөгү өзгөрүү экономикага олуттуу таасир көрсөтө алат. Сунуштун эстен тандыруусу (сүрөт) 1970-жылдарда дүйнөлүк нефть кризисинин убагында же 1991–1995-жылдарда Кыргызстанда болгондой, чыгаруунун кескин кыскарышына жана баалардын өсүшүнө алып келиши мүмкүн.

Жалпы сунушка, мисалы, факторлордун өндүрүмдүүлүгүнүн өсүшүнө багытталган экономикалык саясат, 1996–2000-жылдарда Кыргыз Республикасында болгондой, чыгаруунун көлөмүнүн жана экономикага инфляциялык кысымдын кыскарышына алып келүүгө жөндөмдүү.

**ЖАЛПЫ СУРОО-ТАЛАП ЖАНА ЖАЛПЫ СУНУШ.** Микроэкономикадагы сыяктуу эле суроо-талап менен сунуштун ийри сызыктары кээ бир рыноктордогу өзгөрүүлөрдүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн изилдөө үчүн башкы каражаттар болуп кандай эсептелсе, ошондой эле макроэкономикадагы жалпы суроо-талап менен сунуштун модели (AD-AS) – өндүрүш көлөмүнүн жана баалардын деңгээлинин, алардын өзгөрүүлөрүнүн себептеринин жана натыйжаларынын термелүүлөрүн изилдөө үчүн негиз болуучу каражат. Мамлекеттин экономикалык саясатынын ар кыл варианттарынын натыйжалары да AD-AS ийри сызыктарынын жардамы менен сүрөттөлүшү мүмкүн.

Жалпы суроо-талап – бул чыгаруунун суроо-талап коюлган жалпы көлөмү менен экономикадагы баалардын жалпы деңгээлинин ортосундагы байланыш (сүрөт).

**Жалпы суроо**



Жалпы суроо-талаптын ийри сызыгы бизге керектөөчүлөр (үй чарбалары, фирмалар, мамлекет, чет өлкөлүктөр) баалардын (P) ар бир мүмкүн болуучу деңгээлинде сатып алууга даяр товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн (Y) санын көрсөтөт. Баа жана баа эмес факторлорду (AD) бөлүп көрсөтүүгө болот. Баа факторлору кыймылды ийри сызык боюнча, баа эмес факторлор анын жылышуусун аныктайт.

**Баа факторлору.** Товарлардын бирдигине болгон суроо-талаптын ийри сызыгына таасир тийгизүүчү факторлор, жалпылыктарды кароодо мааниге ээ эмес экендигин белгилейбиз. Макродеңгээлде жалпы суроо-талап төмөндөгүдөй баа факторлору менен аныкталат:

• проценттик ставканын эффектиси, мунун мааниси бааларды көбөйтүүдө проценттик ставка да көбөйө тургандыгында, демек инвестициялык суроо-талаптын ийри сызыгына ылайык инвестициялардын чоңдугу азаят, андан төмөнкүдөй негизги макроэкономикалык окшоштук боюнча теңдеме келип чыгат:

$$Y = C+I+G+Xn$$

• башка бирдей шартта инвестициялардын азайышы УДПнын (Y) азайышына алып келет,

• байлык эффектиси же реалдуу кассалык калдыктардын эффектиси. Баалар өскөн учурда финансылык активдери болгон калк реалдуу жакырданат жана өзүнүн чыгымдарын азайтууга аргасыз болот,

• импорттук сатып алуулардын эффектиси. Бул эффектинин маанимаңызы бир өлкөдөгү баалардын өзгөрүшү чет өлкөлөрдөгү баалар өзгөрүлбөсө деле экспорттун көлөмүнүн өзгөрүүлөрүнө алып келе тургандыгында, ал өз кезегинде калктын өлкөнүн ичиндеги чыгымдарына таасирин тийгизет. Мисалга алсак, ата-мекендик товарларга баалар өскөндө, калк импорттук товарларды көбүрөөк сатып ала баштайт, бул, бир жагынан, экспорттун азайышына, экинчи жагынан, ата мекендик товарларды сатып алуулардын кыскарышына алып келет,

• жалпы суроо-талаптын ийри сызыгынын азайып бараткан эңкейишин акчалардын сандык теориясы аркылуу түшүндүрүүгө болот, ал төмөнкүдөй теңдеме менен туюнтулат:

$$M*V = P*Y,$$

мында: M – акчалардын саны,

V – акчаларды жүгүртүү тездиги,

P – баалардын деңгээли,


Y – өндүрүштүн реалдуу көлөмү.

Кыргызстанда жалпы суроо-талап ИДПга карата 1995-жылдагы 89, 7 проценттен 1996-жылдагы 81, 2 процентке чейин, 1997-жылдагы 80, 0 проценттен 2000-жылдагы 85, 0 процентке чейин азайды, бул, сөзсүз, өндүрүштүн өсүшүн басаңдатуучу терс фактор болуп эсептелет. Бул тенденцияны, атап айтканда кызмат акынын, пенсиялардын жана пособиелердин төлөнүшүнүн кармалышын жоюу жолу менен жеңип чыгуу зарыл.

M жана V – const учурунда, эгерде баалар өсүп баратса, анда теңдештикти сактап калуу үчүн Y азайтылууга тийиш, б. а. P жана Y тескери пропорционалдуу болууга тийиш.

**Баа эмес факторлор.** Баа эмес факторлор жалпы суроо-талаптын ийри сызыгын оңго же солго жылдырат. Бул факторлор P баалардын деңгээлинин өзгөрүшүнө көз каранды болбойт, бирок алардын таасири менен суроо-талаптын өзгөрүшү келип чыгат, ошондуктан AD ийри сызыгынын оңго же солго жылышы болот (сүрөттөр).

*Баа эмес факторлордун жалпы суроо-талаптын ийри сызыгынын жылышына таасири*




Жылыштын себептери кандай? Жалпы суроо-талапты негизги Макроэкономикалык Окшоштук аркылуу чагылдырууга болот:

$$Y = C+I+G+Xn$$

P – const учурунда төрт компоненттин кайсынысынын болбосун өзгөрүшү Yнын өзгөрүшүнө алып келет.

Жалпы суроо-талаптын баа эмес факторлоруна кененирээк токтололу.

а. Төмөнкүлөр өзгөрүлгөн кезде үй чарбаларынын (C) керектөө чыгымдарында өзгөрүү келип чыгат:

• керектөөчүлөрдүн жыргалчылыгы,

• керектөөчүлөрдүн күтүүсү,

• керектөөчүлөрдүн карызы,

• салыктар.

в. Төмөнкүлөр өзгөрүлгөн кезде инвестициялык чыгымдарда (I) өзгөрүү келип чыгат:

• проценттик ставкалар,

• инвестициялардан күтүлгөн пайдалар,

• ишканалардан салыктар,

• технологиялар,

• артык баш кубаттуулуктар.

c. Мамлекеттик чыгымдардагы (G) өзгөрүү.


d. Экспорттун (Xn) таза көлөмүнө чыгымдардагы өзгөрүү:

• чет өлкөлөрдөгү улуттук киреше,


• валюталык курстар.

Кыска мөөнөттүү мезгилде жалпы суроо-талаптын өсүшү баалардын деңгээлине таасирин тийгизбестен, чыгаруунун көбөйүшүнө жана иш менен камсыз кылуунун көбөйүшүнө алып келет (сүрөт).

*Кыска мөөнөттүү мезгилде суроо-талаптын эстен тандырышынын натыйжалары*




Мындай таасирди 1930-жылдардагы дүйнөлүк кризистин мезгилинде жалпы суроо-талапты стимулдаштыруунун мамлекеттик саясаты көрсөттү. Бирок, эгерде экономиканын абалы иш менен толук камсыз кылуу абалына жакын болсо, узак мөөнөттүү мезгилде жалпы суроо-талаптын өсүшү чыгаруунун көбөйбөй тургандыгын пайда кылат, анткени мүмкүнчүлүктөр чегине небак жеткен, бул баалардын деңгээлине таасирин тийгизет, б. а. инфляцияны пайда кылат (сүрөт).




*Узак мөөнөттүү мезгилде суроо-талаптын эстен тандырышынын натыйжалары*

## § 5. Керектөө аманат жана инвестициялык суроо-талап функциясы

Макроэкономика теориясы керектөө, аманат, инвестициялар функциясы сыяктуу көрсөткүчтөр менен иш жүргүзөт. Белгилүү болгондой, жеке колдогу киреше керектөөгө жана аманатка бөлүштүрүлөт.

Керектөө – товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу процесси. Бул өлкөнүн реалдуу сатып алуу жарамдуулугунун көрсөткүчү. Түпкү керектөөнү жана аралык керектөөнү айырмалашат.

Түпкү керектөө – товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр керектөө менен жок болгон кездеги түпкү пайдалануу процесси.

Аралык керектөө – өндүрүштүн башка стадиясынын эмгек куралы катары өндүрүштүн бир стадиясынын эмгек продуктусун пайдалануу.


Керектөө функциясы (С) талдоо жагынан төмөнкүдөй түрдөгү теңдеме менен сүрөттөлөт:

$$C = a + в \cdot Y,$$

мында: а – автономиялык керектөө (Y+0 учурунда),

в – керектөө функциясынын ийри сызыгынын жантайышы.

Керектөө функциясынын графика түрү сүрөттө көрсөтүлгөн.





Керектөө функциясы

**Аманат функциясы (S)** төмөнкүдөй теңдеме менен сүрөттөлөт:

$$S = a+(1-в) \cdot Y$$

Функциянын графика түрү сүрөттө көрсөтүлгөн.




*Аманат функциясы*

Жеке, мамлекеттик аманаттарды жана чет өлкөлүк сектордун аманаттарын айырмалап көрсөтүшөт. Бул көрсөткүчтөрдүн талдоо жагынан маанилери Улуттук Счеттор Системасында сүрөттөлөт.

**Аманатка жана керектөөгө карата экономиканын орточо жана чегине жеткен ынтаалуулугу.**

a. Керектөөгө карата орточо ынтаалуулук.

APC – бул жалпы кирешенин керектөөгө кеткен үлүшү, башкача айтканда:

APC = (C/Y)*100 процент.

в. Аманатка карата орточо ынтаалуулук. (APC).

Бул жалпы кирешенин аманатка кете турган үлүшү, башкача айтканда:

APS = (S/Y)*100 процент

APC+APS = 1

Киреше канчалык жогору болсо, аманатка ынтаалуулук ошончолук көбүрөөк болот.

c. Керектөөгө карата чегине жеткен ынтаалуулук (MPC).

MPC = ($\Delta$C/$\Delta$Y)*100 процент – керектөөдөгү өзгөрүүнүн өзгөрүшүнө алып келген кирешенин чоңдугундагы өзгөрүүгө карата катышы.

d. Аманатка карата чегине жеткен ынтаалуулук (MP).

MPS = ($\Delta$DS/$\Delta$Y)*100 процент

– кирешенин кайсы өсүшүнүн болбосун аманатка кете турган үлүшү же $\Delta$Стин аны пайда кылган $\Delta$Yга карата катышы.

**Инвестициялык суроо-талаптын функциясы**. Инвестициялар – капиталдын жеке сектору жана мамлекет тарабынан өлкөнүн ичинде жана чет өлкөлөрдө экономиканын ар кыл тармактарына берилүүчү узак мөөнөттүү салымдар жана баалуу кагаздар. Инвестициялар өндүрүш каражаттарын көбөйтүүгө, салымдарды, калктын акцияларды сатып алууга сарптоолорун көбөйтүүгө кеткен сарптоолордон куралат. Инвестициялар саясаты экономикалык циклдердин фазаларынын алмашылышында чагылдырылат.

Жалпы инвестицияларды жана таза инвестицияларды айырмалап көрсөтүшөт. Таза инвестициялар – бул жалпы инвестициялар менен амортизациянын ортосундагы айырма. Экономикалык өсүш таза инвестициялардын эсебинен гана мүмкүн болот. Ошондуктан саясаттын милдети – аны көбөйтүү. Өсүп бараткан экономика үчүн жалпы инвестициялар амортизациядан көбүрөөк. Статикалык экономика үчүн жалпы инвестициялар амортизацияга барабар. Ишкердик жигердүүлүгү төмөндөгөн экономика үчүн амортизациялык чегерүүлөр жалпы инвестициялардан ашып кетет.

Андан тышкары, продуктивдүү жана продуктивдүү эмес инвестициялар болот. Продуктивдүү инвестициялар – бул имараттарга, курулуштарга, жабдууларга капиталдык сарптоолор. Продуктивдүү эмес инвестициялар – бул финансылык инвестициялар (акцияларды сатып алуу).

Инвестицияларды аныктоочу факторлор инвестицияларга кеткен чыгымдардын натыйжасында ишкерлер алууну күтүп жатышкан таза пайданын күтүлгөн нормасы (бул инвестициялоонун түрткү берүүчү себеби) жана проценттин реалдуу ставкасы болуп эсептелет.

Инвестициялык суроо-талаптын функциясы проценттин ставкасы менен жалпы инвестициялардын деңгээлинин ортосундагы тескери көз карандылыкты чагылдырат:

$$I = e - d * R$$

мында: e – $R \rightarrow 0$ учурундагы инвестициялардын максималдуу мааниси,


d – инвестициялык суроо-талаптын функциясынын жантаюу бурчун аныктоочу коэффициент,

R – проценттин ставкасынын реалдуу чоңдугу.

Функциянын графикалык түрү сүрөттө көрсөтүлгөн.

Инвестициялар таза пайданын күтүлгөн нормасы көбүрөөк же проценттин ставкасынын реалдуу чоңдугуна барабар болгонго чейин пайдалуу.

*Инвестициялык суроо-талаптын функциясы*




**Инвестициялык суроо-талаптын ийри сызыгына процентин ставкасы менен байланышпаган факторлордун таасири**. Суроо-талаптын ийри сызыгынын инвестицияларга карата жылышы процентик ставка менен байланышпаган факторлордун эсебинен келип чыгышы мүмкүн.

Инвестициялардын кирешелүүлүгүн көбөйтүүчү (күтүлүп жаткан) жана ийри сызыкты оңго же солго жылдырып туруучу факторлорду карап чыгалы:

а. Жабдууларды сатып алууга, пайдаланууга кеткен чыгымдар

Чыгымдарда көбөйтүү учурунда нормативдик таза пайда (НТП) азаят, демек ийри сызыкты солго жылдырат.

в. Ишкерге салыктар

Салыктар көбөйгөн учурда нормативдик таза пайда азаят, бул ийри сызыктын солго жылышына алып келет.

с. Технологиялык өзгөрүүлөр

Алдыңкы технологиялык өзгөрүүлөр ийри сызыкты оңго ооштурат.

d. Колдогу негизги капитал – өндүрүштүк кубаттуулуктар.

Өндүрүштүк артыкбаш кубаттуулуктар эгерде негизги өндүрүштүк фондулар (НӨФ) менен жетиштүү жабдуулар болсо инвестициялардын ийри сызыгын солго жылдырат.

е. Күтүүлөр

Ишканалардын жетекчилеринин келечектеги пайданы күтүүгө карата оптимизми (үмүткөрдүгү) ийри сызыкты оңго, пессимизм (үмүткөрсүздүгү) – солго жылдырат. Күтүүлөр пайдага таасир тийгизүүчү факторлордун божомолдорунун (прогноздорунун) негизинде түзүлөт:

- саясий кырдаал,
- демографиялык жагдай,
- фонд биржасындагы шарттар ж. у. с.

**Инвестициялардын туруксуздугу.** Инвестициялар – жалпы чыгымдардагы өтө туруксуз компонент. Инвестициялардын жана УДПнын динамикасын талдап чыгуу менен, инвестициялар УДПга караганда кыйла көбүрөөк туруксуз. Бул төмөнкүдөй себептер менен аныкталат:

а. Кызматтын узак мөөнөттөрү.

Эскилиги жеткен жабдууларды:

• алмаштырууга, б. а. модернизациялаштырууга болот, бул инвестицияларды да көбөйтөт;

• оңдоп алып, дагы пайдалана берүүгө болот, бул жалпы инвестицияларды көбөйтпөйт .

в. Ири инновациялардын регулярдуу эместиги

Илимий-техникалык прогресс (ИТП) – инвестициялоонун башкы стимулу, бирок ири жаңылык киргизүүлөр дайыма боло бербейт. Ал эми мындай учур болсо инновациялар кескин өсөт, андан кийин турукташат.

с. Пайдалардын өзгөрүлмөлүүлүгү.

Ишкерлердин пайдасы – инвестициялар үчүн негизги булак. (Андан тышкары, тышкы карыз жана акцияларды чыгаруу инвестициялардын булактары болуп эсептелет). Пайданын өзгөрүлмөлүүлүгү инвестициялардын өзгөрүүлөрүнө алып келет.

d. Күтүүлөрдүн өзгөрүлмөлүүлүгү

Инвестицияларды жумшоо жөнүндө ишкерлердин ишенимине (үмүткөрдүгүнө, үмүткөрсүздүгүнө) төмөнкүлөр таасирин тийгизет:

• саясий окуялар, жаңы мыйзамдар;

• демографиялык факторлор (калктын өсүшү, рыноктогу суроо-талаптын көбөйүшү);

• фонд биржасындагы жагдай (мисалы, акциялардын курсунун жогорулашы келечектин үмүткөрдүк күтүүлөрүнүн өсүшүнө алып келет).

## Мультипликатор. Мультипликациялоо эффектиси.

Мультипликатор деп. (лат. *Multiplico* – көбөйтөм, чоңойтом) ылдамдатуучу, көбөйтүүчү, жогорулатуучу түзүлүштү айтабыз.


а. Мамлекеттик чыгымдардын мультипликатору

Макродеңгээлде мамлекеттик чыгымдардын (C, I, G, Xn) кайсынысы гана көбөйбөсүн, өндүрүштүн тең салмактуу мааниси мультипликациялоонун эффектисинин эсебинен демейдегиден бир топ көбүрөөк өсөт. Мисалы, мамлекеттик чыгымдар $\Delta G$ чоңдугуна өскөн болсо, пландаштырылган чыгымдардын ийри сызыгы ошол эле чоңдукка

жогору жылдырылат. Ал эми өндүрүштүн тең салмактуу көлөмү дагы ошол чоңдукка өсөт:

$$\Delta Y = \Delta G * Mg,$$

мында: Mg, – мамлекеттик чыгымдардын мультипликатору.




Мамлекеттик чыгымдардын мультипликаторунун чоңдугу теңдемелердин системасын чечүүнүн жыйынтыгында табылат:

Y = C+I +G (жабык экономика үчүн)

$$C = a + в * Y$$

мында: в = MPC

$$Y = [1/(1-в)] * (C+I+G)$$

мында: C + I + G – кирешенин чоңдугу Y дөн көз каранды эмес автономдуу чыгымдар.


Бул, $\mu = 1/(1–в)$ – автономдуу чыгымдардын кайсынысы болбосун бир бирдикке өсүшүнүн натыйжасында, кирешенин тең салмактуу деңгээли канчалык жогорулашын көрсөткөн мультипликатор.

Бул учурда, мамлекеттик чыгымдардын мультипликатору:

$$\mu g = \Delta Y / \Delta G = 1/(1–в)$$

в. Салык мультипликатору

Салыктардын (T) төмөндөшү да кирешелердин тең салмактуу деңгээлине жогоркудай эле мультипликативдүү таасирин тийгизет (сүрөт).



Эгерде салык $\Delta$Тга төмөндөсө, анда пландаштырылуучу чыгымдардын ийри сызыгы (МРС*$\Delta$Т)га карай жогору жылат, ал эми өндүрүштүн көлөмү $\Delta$Y = $\Delta$Т*в (1-в)га көбөйөт.

Мында µ Т = $\Delta$Y/$\Delta$Т = в/(1 – в) – салыктардын мультипликатору. Ал УДПны $\Delta$Yга көбөйтүш үчүн, салыктарды канчага азайтыш керек экендигин аныктайт.

## § 6. Экономикалык өсүштүн циклдери. Кыргызстандын өткөөл мезгилинин экономикасы

Экономикалык өсүш – макроэкономикалык өнүгүүнүн борбордук маселеси. Эмне үчүн кээ бир өлкөлөр жарды болсо, башкалары – бай? Эмне үчүн экономикалык жигердүүлүктүн жүрүшүндө ар бир өлкө гүлдөп өсүүнү гана эмес, ошондой эле өзүнүн өнүгүшүндөгү төмөндөөнү да башынан кечирет? Ушул суроолордун бардыгы экономикалык өсүш теориясында камтылган. Экономикалык өсүш өзүнүн кыймылында бир кылка эмес. Эгерде жалпысынан экономикалык өсүштүн тенденциясына көз чаптырсак, анда анын өнүгүшүндөгү циклдүүлүктү байкоого болот. Деңгээлдердин мезгилдүү өйдө-төмөндүгү реалдуу улуттук дүң продукциянын (УДПнын), жумушсуздуктун деңгээлинин, инфляциянын деңгээлинин, номиналдуу пайыздык ставканын, номиналдуу валюталык курстун, акчанын көлөмүнүн өсүшү же төмөндөшү менен мүнөздөлөт.


Ар бир цикл төмөнкүдөй төрт фазага ээ:

*1. Ишкердик жигердүүлүктүн туу чокусу;*

*2. Ишкердик жигердүүлүктүн төмөндөөсү;*

*3. Депрессия (дармансыздыгы);*

*4. Жандануу (ишкердик жигердүүлүктүн жогорулашы) (сүрөт).*




Экономикалык циклдин фазалары

Ишкердик жигердүүлүктүн **туу чокусунда** экономика дүркүрөп өсүүнү башынан өткөрөт, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүнүн жеткен чегинде иштейт. Ушул мезгилде – жумушсуздук азыраак, керектөөчүлүк, инвестициялык, мамлекеттик чыгымдар көбүрөөк болот, жалпы сунуш жалпы суроо-талапты жогорулатып жиберет.

КОШУМЧА ОКУУ

1926-жылы совет илимпозу Кондратьев Россия коомдук илим-изилдөө институтунун ассоциациясынын Экономика институтунда экономикалык циклдердин теориясы боюнча доклад жасаган. Анын эмгектерине кийинчерээк өлкөдө тыюу салынса да, Кондратьевдин иштеп чыгуулары «Экономикадагы узун толкундар» теориясынын негизи болуп, анын идеясын бүткүл дүйнөнүн окумуштуулары колдоп кетишкен. Мисалы, Нобель сыйлыгынын лауреаты (1971-ж.) Саймон Кузнец өсүш темпинин узак толкунун аныктап («Кузнецтин циклдери» деп аталган), аны 20 жылдык мөөнөт менен чектеген.

Кыргыз Республикасынын экономикалык өнүгүшүнүн динамикасы да экономиканын циклдүүлүгүн ырастайт. Алсак, республиканын өнөр жайы өзүнүн абалынын туу чокусуна 1987-жылы жеткен (сүрөт).





Сүрөт. Өнөр жай өндүрүшүнүн динамикасы

Бөлүп көрсөтүлгүн сызык өнөр жайындагы 1991-жылдан 1995-жылга чейинки узак төмөндөө тенденциясын мүнөздөйт. Бирок соңку 1996–2000-жылдарда өндүрүштүн көлөмүнүн турукташа баштаганын көрсөтөт. Өндүрүштүн депрессиялык абалы бара-бара жандануга өтөт жана андан кийин ишкердик жигердүүлүктүн жогорулашы күтүлөт.

Бүтүндөй бир катар себептер менен керектөөчүлөр жана ишкерлер өз керектөөсүнүн деңгээлин кыскарта баштаган кезде ишкердик жигердүүлүктүн **төмөндөшү** келип чыгат, бул өндүрүштүн кыскарышына, б. а. жалпы сунуштун кыскарышына жана жумушсуздуктун өсүшүнө алып келет. Экономикада жалпы суроо-талап жалпы сунуштан ашып кеткен кездеги абал келип чыгат. Акырында, экономика **деп-**

**рессия** (кризис) абалына дуушар болот, андан да бир катар себептер менен чыгат жана **жандануу,** көтөрүлүү фазасына өтөт, ал ишкердик жигердүүлүктүн туу чокусуна жетүү менен аяктайт.




**Сүрөт.** 1955–2010-жж. Кыргыз Республикасынын ИДПсынын динамикасы

Азыркы учурда Кыргызстандын экономикасы турукташтыруунун татаал мезгилин баштан кечирип жатат (сүрөт).

Сүрөттөн көрүнгөндөй акыркы жылдардын негизги жетишкендиги бул – экономикадагы туруксуз позициялардын тенденциясын токтотуп, экономикалык өсүштүн салыштырмалуу жогорку деңгээлине умтулуу. Бирок бул кыймылдар экономиканын туруктуулугуна жана тышкы карызды тейлөө менен жакырчылык деңгээлин кыскартууга байланышкан пландар үчүн жетишсиз болуп чыкты. Кыргызстанда 2002, 2005 жана 2010-жылдары экономиканы өнүктүрүүдө катаал проблемалар болгон. Алар: а) алтын казууда чоң авария, б) энергия секторунда өндүрүштүн төмөндөшү, в) айыл-чарбада аба-ырайынын туруксуздугу, г) өлкөдө болуп өткөн саясий туруксуздук.

Өлкөдөгү экономикалык өсүштүн негизин акыркы жылдары агрардык сектор жана тейлөө тармагы түзөт. Бирок алардын ишкердүүлүгүнөн түшкөн салыктар өтө эле чектелүү.

Айыл-чарбанын жер салыгынан түшкөн салыктар жалпы салыктык түшүүлөрдөн 2% түзөт. Ал эми климаттык фактор бул сектордо чоң тобокелдик коркунучун пайда кылат.

Тейлөө тармагы болсо тез өнүгүүдө (өсүү темпи 2004-ж. – 12,1% 2008-ж. – 9,6% түзгөн). Бул тармак жаңы инновациялык кызмат көрсөтүүлөрдүн, маалымат технологияларынын жана банктардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн эсебинен кеңейүүдө. Ага жараша туристтик

кызмат көрсөтүү тармагын өнүктүрүү кызыкчылыгы өсүүдө. Бирок бул сектордон салык алуу татаал маселе болуп турат. Азыркы учурда бул тармакта көмүскө ишкердик 70%ды түзөт анын кесепетинен бюджет салыктын үчтөн эки жыйымдарын жоготууда.

Экономиканын өнөр-жай сектору бюджетке түшкөн салык жыйымдарынын 50%ын түзөт, ИДПда өнөр жайдын үлүшү 13%га барабар. Бул сектордун төмөндөшү экономиканын туруктуу өнүгүүсүнө чоң тоскоолдук кылууда.

Инновациялык өндүрүштү жандандыруу жана продукцияны экспортко чыгаруу багытында иштер башталды. Мындай мисалдарды биз айыл-чарба продукциясын кайра иштетүү тармагында байкасак болот.

Эми макроэкономикалык көрсөткүчтөрдүн стабилдешүүсүн байкасак, акыркы 2006–2009-жылдардын ичинде ички дүң продукт орточо эсеп менен 5,6%ке, негизги капиталга инвестициялар 10,1%ке өскөн.

Кыргызстанда инновациялык ишканалардын үлүшү аз. Улуттук статистика комитетинин маалыматына караганда 2002-ж. 492 өнөр жай ишканаларынын 9, 1%, ал эми 2008-жылы 550 өнөр жай ишканаларынын 8, 4% гана инновациялык деп эсептелинген.

*Таблица*

**Инновациялык продукциянын жалпы өндүрүш көлөмүндөгү үлүшү (өнөр жай ишканалары, 2008-жыл)**


| Аталышы | Машина куруу | Жеңил өнөр жайы | Тамак-аш өнөр жайы | Курулуш материалдар өнөр жайы |
|---|---|---|---|---|
| Өндүрүлгөн инновациялык продукциянын көлөмү, млн сом. | 457,8 | 2,0 | 553,0 | 896,1 |
| Жалпы өндүрүш көлөмүндө инновациялык продукциянын үлүшү, % | 47,6 | 0,2 | 6,6 | 1,2 |

Өнөр жайдын ичинде анын тармактарынын инновациялык ишинин үлүшү бир топ айырмаланып турат (кара: таблица).

Бул айырмачылыктар Кыргызстандын региондорунда да байкалат. Өлкөнүн кээ бир региондорунда (Нарын, Талас) инновациялык ишканалар такыр эле жок (кара: сүрөт).

Мындай ахывалга карабастан инновациялар ишкерлердин киреше алуусунун негизги каражатына айланууда. Сөздүн тар маанисинде **инновация** бул – жаңылыктарды киргизүү, ал эми кеңири маанисинде – илим менен техниканын жетишкендиктерин, жаңы техноло-

гияларды экономикага киргизүү процесси. Азыркы шартта илимдин жана ишкердиктин мындай жетишкендиктери – жаңы (кошумча) пайданын булагы болуп калат.




**Сүрөт.** Региондор боюнча ишканалардын инновациялык ишинин үлүшү

Дүйнөнүн өнүккөн өлкөлөрүндө УДПнын өсүүсүнүн 85%ы технологиялык, маалыматтык жана квалификациялык жаңы киргизүүлөрдүн б. а. инновациянын эсебинен алынат.

Кыргыз Республикасынын экономикасын инновациялык түрдө өнүктүрүүгө бардык шарттар бар. Алар: илим, өндүрүш-техникалык кубат жана билим берүү системасы. Ошентип, Кыргызстан үчүн инновациялык экономика проблемалары салыштырмалуу жаңы багыт.

## Жыйынтыктоо

Экономикалык өсүштү камсыз кылуу ар бир өлкөнүн башкы милдети болуп саналат. Анын үч түрү бар: экстенсивдүү, интенсивдүү жана аралаш (реалдуу). Экономикалык өсүштү көптөгөн факторлор аныктайт, алардын маанилүүсүн сунуш фактору, суроо-талап фактору жана бөлүштүрүү фактору түзөт.

Өлкөнүн экономикалык өнүгүшүндө циклдүүлүктү байкоого болот, ар бир цикл төрт фазага ээ:

1. Ишкердик жигердүүлүктүн туу чокусу;
2. Ишкердик жигердүүлүктүн төмөндөөсү;
3. Депрессия;
4. Жандануу (ишкердик жигердүүлүктүн жогорулашы)

*Суроолор*

1. Экономикалык өсүштүн факторлору жана анын типтери кайсылар?
2. Экономикалык циклдин фазалары кайсылар жана алар эмнени көрсөтөт?

# V-ГЛАВА. МАКРОЭКОНОМИКАЛЫК САЯСАТТЫН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ

**Экономикалык саясат** – бул жалпысынан өкмөттүн экономикага карата жасаган иш-аракети. Анын максаты экономиканы турукташтыруу мүнөзүндө болот. Мисалы, өткөөл мезгилде буга төмөнкүлөр кирет:

*– төмөндөөнүн токтотулушун жана экономикалык өсүштүн зарыл темптерин сактоо;*

*– иш менен камсыз кылуунун кабыл алгылыктуу деңгээлин кармап туруу;*

*– инфляциянын төмөндөшүнө жана жоюлушуна, баалардын туруктаuшуусуна жетишүү.*

Бул максаттар өз ара байланыштуу жана экономикалык саясаттын маани-маңызын чагылдырат. Макроэкономикалык саясаттын беш башкы багыты баардык өнүккөн өлкөлөрдө жалпы кабылданган багыттар болуп эсептелет:

**1. Акча-кредит саясаты** – акча сунуштары, кредит ресурстары жана процenttик ставкалар жагынан Улуттук банк жүзөгө ашыра турган иш. Ал жалпы суроо-талапка жана жалпы сунушка өз таасирин тийгизет. Жыйырманчы кылымдын 70–80-жылдарында бул багыт монетардык саясат катары кыйла кеңири таанылды.

**2. Салык-бюджет саясаты** – салык салуу жана мамлекеттик чыгымдар жагынан өкмөт тарабынан ишке ашырыла турган иш. Кейнс мектебинин өкүлдөрү бул саясаттын таасири астында жалпы суроо-талап өзгөрүлөт, иш менен камсыз кылуунун жана инфляциянын деңгээлине да таасирин тийгизет деп эсептешет. Өзүн жыйырманчы кылымдын 70-жылдарында өзгөчө көрсөтө алган сунуш теориясынын өкүлдөрү мындай саясаттын жалпы сунушка да таасирин тийгизе тургандыгын далилдешкен.


**3. Инновациялык-инвестиция саясаты**. Экономикалык өсүштүн зарыл темптерин жана жогорку атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу мамлекеттин жигердүү инновациялык жана инвестициялык саясатын талап кылат.

**4. Мамлекеттин кирешелер жагынан саясаты** кызмат акыга жана бааларга контролдук кылуу катары ишке ашырылат.

**5. Мамлекеттин валюта курстары жана тышкы соода жагынан саясаты.** Бажы квоталарын, пошлиналарды, тарифтерди орнотуунун эсебинен товарлардын, ресурстардын, анын ичинде капиталдын ташылып келишине жана ташылып чыгарылышына контролдук кылуу саясаты болуп эсептелет.

## § 1. Акча-кредит саясаты

Акча-кредит саясатынын негиз салуучу максаты жалпысынан экономиканы турукташтыруу жана тең салмактуу өнүгүүсүн камсыз кылуу болуп эсептелет. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Улуттук Банкы жыл сайын биргелешкен акча-кредит саясатынын милдетин тактаган эки жактуу милдеттенмеге кол коюшат. Ал милдеттенмеде мамлекетибиздин белгилеген ИДПнын өсүш темпине ылайактуу, аны камсыздоо максатында, Улуттук Банк акча массасынын, инфляциянын өсүш темпин, баанын туруктуулугун, ошондой эле кредит ресурстарын жана проценттик ставкалардын керектүү деңгээлде каралышын белгилейт.



Эми, бул саясатка жоопкерчиликтүү орган – Борбордук банк деген эмне? Борбордук банк эмне үчүн керек жана ал кандай функцияларды аткарат? – деген суроолорго токтололу.

Борбордук банк – бул, мамлекеттин банк системасынын башкы звеносу болуп саналат. Ар кайсыл мамлекетте мындай банктар ар түрдүү аталат: улуттук, элдик, мамлекеттик, эмиссиондук, борбордук, резервдик (АКШнын Федералдык резервдик системасы, Англия Банкы, Түркмөнстан Борбордук банкы)…. Кыргызстандын Борбордук банкы болуп – Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы саналат (Улуттук Банк).

Тарыхий негизде алып карай турган болсок борбордук банктар, мамлекет тарабынан банкноттук эмиссиясынын өзгөчө укугуна ээ болгон коммерциялык банктардын негизинде келип чыккан. Эң алгачкы улуттук банк – шведдердин «Рикссбанкы» – 1668-жылы негизделген, ал эми 1694-жылы Англия Банкы түзүлгөн. Учурдагы маанидеги борбордук банктар XIX кылымда түптөлгөн. Банкноттордун эмиссиясынан тышкары, алар мамлекеттин казынасы, мамлекет менен коммерциялык банктардын ортосундагы ортомчу, мамлекеттик акча-кредит саясатын жүзөгө ашыруу милдеттерин аткара башташкан.

Борбордук эмиссиялык банкты түзүү капиталдын топтолушу жана борборлоштурулушу, бирдиктүү улуттук акча бирдиктерине өтүү менен шартталган.

Борбордук (улуттук) банктын иш-аракетин жөнгө салуучу негизги укуктук акт болуп, адаттагыдай эле, өлкөнүн борбордук банкы жөнүндөгү мыйзам кызмат кылат. Бул мыйзам тарабынан борбордук банктын ыйгарым укугу бекитилет, анын мамлекеттеги ээлеген орду, караштуулугу жана функциялары аныкталат.

Борбордук банктар банк системасындагы жөнгө салуучу звено болуп саналат, ошондуктан алардын иши акча жүгүртүлүшүн чыңдоо, улуттук валютанын туруктуулугун коргоо жана камсыз кылуу; өлкөнүн банк системасынын өнүгүшү жана турукталышы; эффективдүү жана үзгүлтүксүз эсептешүүлөрдү жүргүзүүнү камсыз кылуу менен байланыштуу.

Борбордук банктын алдына беш негизги милдет коюлат. Борбордук банк:

• өлкөнүн эмиссиондук борбору. Башкача айтканда, улуттук валютаны чыгарууга жана жүгүртүүгө киргизүүгө борбордук банк гана укуктуу;

• банктардын банкы. Ал операцияларды өлкөнүн банктары аркылуу жүзөгө ашырат. Алардын акча резервдерин сактайт, аларга акыркы инстанциянын кредити деп аталган кредиттерди берет; накталай эмес эсептешүүлөрдү жүргүзүүдө өлкөнүн башка банктарынын ортосунда ортомчу катары кызмат кылуу менен өлкөнүн башкы эсептешүү борбору болуп эсептелет;

• улуттук кредиттик системадагы стандартташтырылуунун деңгээлин жогорулатуу менен көзөмөлдүктү жүзөгө ашырат;

• өкмөттүн банкири. Өкмөт үчүн эсептешүү операцияларын жүзөгө ашырат, борбордук банкта ачылган өкмөттүн счетторундагы каражаттын сактыгын камсыз кылат;

• акча-кредит саясатын жүргүзүү менен Улуттук банк экономиканы жөнгө салуу органы болууга тийиш.

1991-жылы Кыргызстан эгемендүүлүк статусун алган. 1991-жылдын 27-июнунда «Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик банкы жөнүндөгү» Мыйзам менен Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик банкы түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, 1993-жылдын 5-майынан тартып Кыргыз Республикасынын Улуттук (Борбордук) банкы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (Улуттук банк) деп аталып калган.

Көз карандысыздык принциби – бул улуттук банктын укуктук статусунун өзөктүү – эң оболу бул, Улуттук банк мамлекеттик бийлик органдарынын структурасына кирбегендигинен жана акча эмиссиясынын, ошондой эле накталай акча жүгүртүлүшүн уюштуруунун ага гана тиешелүү укукка ээ болгон институту катары иш алып баруусунан көрүнөт.

Кыргыз Республикасынын банктык мыйзам актыларынын түптөлүшүнүн биринчи баскычы 1997-жылдын июль айында «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндөгү» Мыйзамдын жаңы редакциясын жана «Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк иши жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 26-мартындагы №63-мыйзамынын редакциясына ылайык кабыл алынышы жана колдонууга берилиши менен аяктаган.

Ар бир өлкө өз акча бирдигине ээ. Улуттук валюта – көзкарандысыз мамлекеттин атрибуттарынын бири. Мамлекет, кагаз жүзүндөгү банкноттор, казналык билеттер жана монеталар түрүндөгү өздүк акча бирдиктерин эркин чыгаруу укугуна ээ. Акча белгилерин жүгүртүүгө чыгарууну «эмиссия» деп атоо керек.

Кыргызстандын аймагында өздүк акча каражаттарынын пайда болушунун тарыхы байыркы заманга тиешелүү жана байыркы түрк каганатынын пайда болушу менен байланыштуу. VII–VIII кылымдардагы отурукташуу жана шаардык маданияттын өнүгүшүнүн негизинде Кыргызстанда өздүк акча каражаттарын чыгаруу зарылчылыгы келип чыккан.

«Сом» деген сөз дээрлик түрк тилдеринин көбүнө жана тажик тилинде «рубль» дегенди түшүндүрөт. Бул сөз түрк тилинен алынган жана «өзөктүү», «монолиттүү» деген мааниде колдонулган, кийинчерээк «бүтүндүн бир бөлүгү», «рубль» катары пайдаланыла баштаган. Рубль – Россия падышачылыгынын акча белгиси – Кокон хандыгынын акыркы жалдарында Кыргызстандын базарларында пайда боло баштаган.

Кыргызстандын совет доорундагы акча жүгүртүү тарыхы Россия жана бардык союздук республикалардын акча жүгүртүүсү менен окшош. Кыргызстан союздук республика катарында СССРдин курамына киргенден кийин, 1938-жылдын үлгүсүндөгү 1, 3 жана 5 сом наркындагы советтик акча белгилеринде биринчи жолу кыргыз тилиндеги «сом» деген жазуу пайда болгон. Кайсыл болбосун монеталар жана майда акчалар «тыйын» деп аталат. Кокон күмүш теңгеси, жез пулдар жана биринчи орус копейкалары жана гривналар да ушинтип аталчу.

Учурда тыйын майдалоо акча каражаты катары кызмат кылат. Кыргыз Республикасынын негизги акча бирдиги болуп – сом саналат. Сом – деген терминге башка альтернатива жок, ошондуктан бул сөз Кыргызстандын улуттук валютасынын акча бирдиги катары сакталууда.

1990-жылдары мурдагы союздук мамлекеттин жашоосунда олуттуу өзгөрүүлөр болуп өттү: СССРдин кыйрашы, союздук республикалардын суверендүү республикаларга айланышы, өнүгүүнүн демократиялык жолун тандоо, коомдук жашоонун бардык тармактарына таасирин тийгизген жана Кыргызстандын экономикасындагы бир кыйла өзгөрүүлөрдү алып келген.

Натыйжада көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги пайда болгон. Ага кирген мамлекеттердин алкагында валюта, салык, бажы ж. б. тараптагы бирдиктүү келишимдер болбогондуктан, алардын ар бири өзүнүн улуттук валютасын киргизүүгө мажбур болушкан.

Экономикалык реформаларды жана өз алдынча экономикалык саясатты өткөрүү Программасын жүзөгө ашыруу үчүн улуттук валютаны киргизүү зарылдыгы жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн сунушунун негизинде, Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин 1993-жылдын 3-майында №1182–XII «Улуттук валютаны киргизүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн сунушу тууралуу» токтому кабыл алынган.

Улуттук банктын маанилүү милдеттеринин бири – банкнотторго жана моneталарга муктаждыкты прогноздоо. Керектөөчүлөр, сатуучудан товарларды алууда аларга өз акчаларын төлөшөт. Мамлекеттик органдар өндүрүүчүлөрдөн жана сатуучулардан акчалай салыктарды жана жыйымдарды топтошот, алардан мамлекеттик органдардын кызматкерлерине, дарыгерлерге, мугалимдерге, студенттерге, пенсионерлерге, майыптарга төлөмдөр жүргүзүлөт. Ата-эне болсо балдарды багууга акча коротушат. Ушунун негизинде, акча жүгүртүлүшү деп аталган, акчанын көптөгөн каналдар аркылуу оор кыймылы жүрөт. Мындай ар түрдүүлүк шартында накталай жана накталай эмес акчаны (М2 акча агрегаты деп аталган) эске алуу менен канча акча каражаты жүгүртүүдө жүргөндүгү тууралуу так жооп берүү кыйын. Бирок, бул маселени макроэкономикалык окуя катары карай турган болсок, анда, жүгүртүүдөгү зарыл болгон акча массасын аныктоого көмөк көрсөткөн математикалык көз карандылыкты түзүүгө болот. Бул көз карандылык Ирвинг Фишердин алмашуусун барабардоо деген атты алган. Кайсыл болбосун акча бирдиги жыл ичинде V жүгүртүү жасай турган болсо, анда М тамгасы менен белгилеген, жүгүртүүдөгү талап кылынган акча массасы Д жалпы жылдык товардык массага караганда V эсеге кичине болуп чыгат. Башкача айтканда Д, М жана V чоңдуктары МөД/V же ДөМV катышы менен байланыштуу.

Бирок, башка жагынан алып карай турган болсок, Д – товар жүгүртүү PQга барабар. Сатуудан (товар жүгүртүүдөн) алынган акчалар сатып алууга кеткен акчаларга барабар болушу керек болсо, анда MV+PQ барабардыгын алабыз, бул жерде

М – жүгүртүүдөгү акча массасы;

V – Жүгүртүү ылдамдыгы, башкача айтканда акча бирдигинин бир жыл ичинде жүргүзгөн жүгүртүүсүнүн саны;

Q – Сатылган жана сатылып алынган товардын саны;

Р – товар бирдигинин наркы.

Алмашуу деңгээлинен, жүгүртүүдөгү акча массасы төмөнкү маанинин жардамы менен аныктала тургандыгын билүүгө болот:

$$M = \frac{PQ}{V}$$

Мунун негизинде, мамлекетте сатылып жаткан товарлардын жалпы санын жана наркын, ошондой эле акча жүгүртүүсүнүн ылдамдыгын билүү менен жүгүртүүдөгү зарыл болгон акчанын массасын аныктоо жеңил болот. Мисалы, эгерде өлкөдө бир жыл ичинде 100

млн товар бирдиги, бир бирдик үчүн 500 сом наркында сатылса (б. а., товар жүгүртүү 50, 0 млрд сомду түзөт), ал эми акчанын айлануусунун ылдамдыгы жылына 5 айланууну түзсө, анда Мди аныктоо жеңил:

$$M = \frac{100 \times 500}{5} = 10 \text{ млрд сом}$$

**Алмашууну барабардоо.** Эгерде сатылып жаткан товарлардын саны көбөйсө же товарларга баа өсө турган болсо жүгүртүүдөгү акча массасын көбөйтүү зарыл экендигин көрсөтүүдө, антпесе акча каражаттарынын тартыштыгы келип чыгат. Башка жагынан, алмаштырууну барабардоо, жүгүртүү ылдамдыгын жогорулатуу жолу менен жүгүртүүгө зарыл болгон акча массасын азайтуу мүмкүн экендигин көрсөтүүдө.


Мына ошондуктан, акчаны жүгүртүүгө чыгарууну пландаштыруу жана прогноздоо өлкөнүн экономикасынын ийкемдүү иштеп турушуна өтө керектүү иш аракет.









10
СОМ


10
СОМ




МАНАС ЭПОСУНА МИН ЖЫЛ
10
СОМ





**Кошумча окуу**

**Акча –** жалпы эквивалент милдетин аткарчу өзгөчө товар. Белгилүү тарыхый шартта (этапта) өзүнөн өзү бөлүнүп чыккан. Капитализмге чейинки формацияларда акчанын милдетин ар кыл товар (куну тери, эгин, мал) аткарган, бара-бара ал акча товарынын талабын толук канааттандырчу асыл металлга (алтын, күмүш) өткөн. Акчанын милдеттери: нарк чени; жүгүртүү каражаты; байлык; төлөм каражаты; дүйнөлүк акча. Акчанын нарк чени милдетин эң ыңгайлуу эсептелме акча катары аткарат, ага баа жана баа масштабы байланыштуу; жүгүртүү каражаты милдетин толук баалуу акча (алтын жана күмүш монета) жана аларды алмаштырчу – кем баа монета жана кагаз акча; байлык каражаты милдетин толук баалуу гана акча аткарат. Акчанын төлөм каражаты милдетин толук баалуу акча жана аларды алмаштырчу – кредит акча (вексель, банк билети); дүйнөлүк акчанын милдетин уютунду алтын, кредит акча (улуттун валюта курсу менен) жана эл аралык кредит каражаты (мис., «атайын карыздоо укугу») аткарат.

**Акча жүгүртүү** – жүгүртүү жана төлөм каражаты иретиндеги акчанын товарды алмаштырышы.

Реформалардын башкы мааниси мамлекеттин банк ишиндеги монополиясынан баш тартууда, жаңы эки деңгээлдеги банк системасын түзүүдө турат. Анын биринчи деңгээли Улуттук борбордук банк, экинчи деңгээлдегиси – коммерциялык банктар болот. Бул экөө тең салыштырмалуу түрдө өз алдыларынча жана бири-биринен башка турушат (милдеттерине жана функцияларына жараша). Бирок, ошол эле убакта алардын көп жалпылыгы бар жана бирдиктүү банк системасын түзүү менен, бири-бирине тыгыз байланышкан.

**Акча массасы** – убакыттын белгилүү өлчөмүндө жүгүртүүгө түшкөн акчанын саны. Базар мамилелери өнүккөн өлкөлөрдө акча массасынын курамын аныктоодо ар кандай ыкмаларды колдонуу кеңири таралган.

Улуттук банк акча массасын, кредиттерди жана проценттик ставкаларды негизинен өзүнүн балансылык отчетунун активдери менен пассивдеринин статьяларындагы өзгөрүүлөрдүн эсебинен, ошондой эле коммерциялык банктарды финансылоо учурунда алына турган проценттик ставкалар аркылуу көзөмөлдөйт. Мында банктын акча массасын түзүшүнүн механизмин түшүнүү эң маанилүү. Улуттук банк экономикадагы акчалардын санын банктарга бериле турган кредиттерди көбөйтүү жолу менен же чет өлкөлүк валюталарды сатып алуу жолу менен түздөн-түз көбөйтөт.

Экономиканын калыбында иштеп турушу үчүн акча-кредит саясаты эмнеликтен ушунчалык маанилүү? – Негизинен улуттук валютанын наркынын туруктуулугу жана кредиттердин наркы экономиканын чыныгы аспектилерине, атап айтканда: керектөө эволюциясына, инвестицияга, тышкы соодага, улуттук экономиканын активдүүлүгүнө жана калкты иш менен камсыз кылуунун деңгээлине ж. у. с. олуттуу таасир тийгизе тургандыгынан.

Жүгүртүүдөгү акчалардын жана берилип жаткан кредиттердин санын жөнгө салуу өзгөчө маанилүү. Анткени алар менен улуттук валютанын наркын (башкача айтканда баалардын орточо деңгээлин) кармап туруу функциясы тыгыз байланышкан.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясатын жүргүзүүсү

Кыргыз Республикасынын Конституциясы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана Улуттук банкы бирдиктүү акча-кредит жана валюта саясатын жүргүзүүнү камсыз кылыша тургандыгын белгилеген. Алар карама-каршы келбеген укуктардын чектеринде акча-кредит иштерин уюштурат жана жалпы саясатты жүзөгө ашырат. Улуттук банктын компетенциясына кирген маселелерди чечүүгө мамлекеттик бийлик органдарынын кийлигишүүсүнө жол берилбейт («Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» Мыйзамдын 6-статьясы). Улуттук банкты башкаруу органдарын түзүү тартибин жөнгө салуучу ушул жана башка нормалар. Улуттук банк мамлекеттик көз карандысыз органдардын бири. Ал так белгиленген милдеттерди жана максаттарды аткаруу үчүн түзүлгөн. Улуттук банктын иши өлкөдөгү акча көлөмүнүн санын, экономикага банк системасынан түшкөн кредит агымдарын жана проценттик ставкалардын (б. а. акчаларды пайдалануу наркынын) жалпы деңгээлин жөнгө салып турууга багытталган. Мына ушул милдеттер кандай аткарылып жаткандыгын карап көрөлүчү.

Төмөндө келтирилген маалыматтар акча массасындагы накта акчанын үлүшү жогору экендигин далилдеп турат (55,8 – 62,5%). Чет элдик валютадагы депозиттер да өтө жогорку деңгээлде. Улуттук валютадагы депозиттердин үлүшү жылдан-жылга азайууда.

*Таблица*

**Акча массасынын ички түзүлүшү**
**(% менен, Кыргыз Республикасы боюнча).**

| | 1998-ж. | 2000-ж. | 2002-ж. | 2008-ж. |
|---|---|---|---|---|
| Акча массасы (М2Х) – бардыгы | 100 | 100 | 100 | 100 |
| анын ичинде: | | | | |
| Банктардан тышкары накта акчалар | 57,6 | 55,8 | 62,5 | 60,6 |
| Талап боюнча төлөнүүчү депозиттер | 6,1 | 6,8 | 7,3 | 10,0 |
| Чет элдик валютадагы депозиттер | 23,9 | 28,3 | 24,5 | 24,1 |
| Улуттук валютадагы мөөнөттүү жана башка түрдөгү депозиттер | 12,4 | 9,1 | 5,7 | 5,3 |

Демек элдин банк системасына болгон ишеничи аз. Накта акчаны дипозитке тартып, экономиканы кредиттөө мүмкүнчүлүгү өлкөнүн

банктарында азырынча өтө төмөн. Акча массасынын көлөмү (М2Х) 2008-ж. 48 453 млн сомго жетип, 2005-ж. салыштырганда 2,2 эсе өскөн.

Сөзсүз, эгерде Улуттук банк акча массасынын сунушун кыскартууну кааласа, ал «акча базасын бузуп» (б.а. банктарга кредит берүүнү азайтып, баалуу кагаздарды жана чет өлкөлүк валюталарды ж.у. с. сатып) карама-каршы багытта иштейт.

Ушул учурда реалдуу колдо турган акча базасынын запасы калктын колунда (55-62%), жарым-жартылай банк резервдери болуп эсептелген банктардын колунда (45-38%) топтоштурулган. Белгилүү даражага чейин акча базасын калк менен банктардын ортосунда бөлүштүрүүгө коммерциялык банктардын өзүлөрү таасир тийгизишет. Аны үчүн проценттик ставкаларды өзгөртүшү керек. Ошондой эле проценттик ставкалардын жалпы деңгээлин өзгөртүүгө багытталган чаралар аркылуу Улуттук банктын өзү да таасир тийгизет.





Эгерде банкнотторду чыгаруу жана банктардын кредит бериши чексиз болгондо, жүгүртүүдөгү төлөм каражаттарынын ашкере саны баалардын улам өсүп бараткан деңгээлине (инфляцияга) алып келмек. Бул экономика үчүн олуттуу терс кесепет болмок. Акчалардын наркынын туруктуулугу экономиканын үзгүлтүксүз жана натыйжалуу иштешинин негизги шарты болуп эсептелет. Себеби, акча туруктуу болсо бүткүл улуттук шериктештик үчүн пайдалуу. Алмашуу операцияларын жүргүзүүнү жеңилдетет. Каражаттарды топтоштуруу жана инвестициялоо үчүн жагымдуу шарттар түзүлөт. Акчалардын сатып алуучулук жарамдуулугунун жоголушунун коркунучу кыскарат. Ки-

решелерди жана байлыктарды бөлүштүрүүдөгү инфляция жараткан күтүүсүз жана социалдык жактан адилетсиз чектөөлөрдү болтурбай калууга жетишилет. Кредит жана финансы базарлары бекемделет жана натыйжалуу иштөөгө мүмкүнчүлүк алат.

*Акча массасын Улуттук банк тараптан жөнгө салып туруунун негизги каражаттары төмөнкүлөр болуп эсептелет:*

• ачык базардагы б. а. казыналык кагаздардын экинчи жолку базарындагы операциялар;

• эсептөө (учеттук) ставка саясаты, б. а. коммерциялык банктардын Улуттук банкка карыздары боюнча процентти жөнгө салуу;

• резервдердин нормативин өзгөртүү.

Кээде Улуттук банк экинчи даражадагы каражаттардын төмөнкүдөй төрт түрүн колдонот:

а. «кеңеш берүүлөрдү» пайдалануу;

б. акцияларды сатып алууга кредитти чектөө;

в. бир нече жолу бөлүп төлөөгө, сатуулар кредитке жана керектөө кредитинин башка түрлөрүнө көзөмөлдүк кылуу;

г. үйлөрдү курууга күрөөлөрдүн шартына көзөмөлдүк кылуу.

Азыркы убакта Улуттук банк ачык базардагы операцияларды валютанын курсун тактоодо негизги каражат катары пайдаланат.

***Ачык базардагы операциялар (иш айлантмасы)***

Улуттук банк тарабынан жүргүзүлгөн ачык базардагы операциялардын максаты:

1. экинчи жолку базарда мамлекеттик баалуу кагаздарды сатып алуу жана сатуу аркылуу коммерциялык банктардын системасындагы өтүмдүүлүктүн деңгээлин жөнгө салуу;

2. финансылык туруктуулукту жана инфляциянын деңгээлинин төмөндөшүн камсыз кылуу.

Коммерциялык банктардын системасында түзүлгөн өтүмдүүлүктүн деңгээли улуттук банктын ачык рыноктогу операцияларынын мүнөзүн аныктайт. Алардын негизги милдети артык баш резервдерди банк системасынан алып коюуда турат. Ушул максатта улуттук банк мамлекеттик кыска мөөнөттүү казыналык облигацияларды (МКО) – өкмөттүн улуттук банкка карызынын бир бөлүгү башка түргө келтирилген баалуу кагаздарды сатууну пайдаланат. МКОну сатуу РЕПО – келишим менен, б. а. аларды кийин кайра сатып алуу шарты менен бүткөрөт. Бүтүмдөр 1 айдан 6 айга чейинки мөөнөткө түзүлөт.

Улуттук банк МКОну сатуу боюнча бүтүмдөрдү өзгөчө интенсивдүү (тездик менен) жасашы мүмкүн. Бул бүтүмдөрдү жүргүзүүнүн натыйжасында жүгүртүүдөгү акчалардын көлөмүнүн да, коммерциялык банктардын резервдеринин да өсүш тенденциясы токтотулуусу ыктымал. Ашкере өтүмдүүлүктүн деңгээли төмөндөйт. Ал эми инфляциядагы аз чоңдукту түзөт. Улуттук банктын ачык рыноктогу операцияларынын циклин өткөрүүнүн натыйжасы жүгүртүүдөгү акчалардын көлөмүнүн кыскарышы болуп эсептелет. Бул инфляциянын мезгилдик өсүшүнө жол бергендикти түшүндүрөт.

Ачык базардагы операциялар көпчүлүк учурда акча көлөмүн жөнгө салуу үчүн пайдаланылат. Бирок ал мындай жөнгө салып туруунун жалгыз эле каражаты дегенге болбойт.

### Эсеп-чоттук чен ставка (% коюуну эсепке алуу) саясаты

Биз буга чейин банктардын резервдерин көбөйтүүнүн негизги мүмкүнчүлүгү кошумча аманаттарды тартуу деп эсептеп келдик. Бирок, чындыгында, банктар республикалык резерв системасынан же башка банктардан карыз алуу жолу менен кошумча резервдерди түзө алышат.

Банктар өзүлөрүнүн резервдерин кыска мөөнөттүү ссудалар түрүндө башка банктарга бере турган базар, борборлошкон фондулардын базары катары белгилүү. Ссудалык проценттин ставкасы республикалык фондулар боюнча проценттин ставкасы деп аталат.

Андан тышкары, банктар «учеттук окно» («эсепке алуу терезеси») деп аталган нерсе аркылуу Улуттук банктан резервдерди карыз жолу менен ала алышат.

Банктар Улуттук банкка карыз алуу үчүн эки учурда кайрылышат:

1. депозиттердин күтүүсүздөн массалык алынышынын учурунда өзүлөрүнүн резервдерин тартипке келтирүү үчүн;

2. кошумча сезондук керектөөлөрдү канааттандыруу үчүн. Мындай учурда Улуттук банк узак мөөнөттүү кредит берүүнү өзгөчө шарттарда ишке ашырат.

Улуттук банктын **«учеттук окносу»** аркылуу алына турган ссудалык проценттик ставкасы (коюлушу) банктын учеттук ставкасы деп аталат.

**Эсептик чендин саясаты** – бул акчаларды сунуш кылуунун так тымызын иштелишинин экинчи куралы болуп саналат. Ошондуктан

ал Улуттук банктын ачык рыноктогу иши менен айкалыштыкта жүргүзүлөт.

Борбордук банк акчалардын сунушунун рестрикциялык саясатын жүргүзгөн кезде, ал казыналык баалуу кагаздарды ачык базарга сатат. Бул баалуу кагаздардын сунушунун базардагы көбөйүшүнө алып келет. Ал баалуу кагаздардын баасынын төмөндөшүнө жана кирешелүүлүктүн өсүшүнө түртөт. Анын натыйжасында баалуу кагаздарды үй чарбалары сатып ала башташат. Бирок, банктар да өтө кирешелүү баалуу кагаздарды сатып алууга кызыгышып, резервдердин дефицитине карабастан, кагаздарды сатуу мотивациясынан (умтулуусунан) ажырай башташат. Анткени, алар өз резервдерин Улуттук банктан же башка банктардан карыз алып толтура алышат. Борбордук банктын операцияларынын түздөн-түз таасиринин алдында турган банктар тараптан Республикалык резервдерге жогорулаган суроо-талап жасоосу, бул фондулар боюнча процентти көбөйтөт.

Ушундай жагдайда Улуттук банк республикалык фондулардын базарындагы баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү жана процenttери өйдө болгудай кылып, учеттук ставканы кескин жогорулатат. Резервдик фондулардын карыздары пайдасыз болуп калат. Ал турсун, карыз резервдери болгон банктар баалуу кагаздарды тезирээк сатышып, карыз фондуларын кайтара башташат. Анткени алар өтө кымбат карыздарга айланат. Учет ставкасынын мындай саясаты ачык базардагы операциялардын натыйжалуулугун жогорулатат. Учет ставкасынын деңгээлинин төмөндөшү болсо акча массасын кеңейтүү үчүн өбөлгөлөрдү түзүү менен, карыздардын эсебинен тартылган резервдердин көлөмүнүн өсүшүнө жардам берет.

Резервдик фондулардын карыздарынын кыска мөөнөттүүлүгү принциптүү мааниге ээ. Ал банктарды өтүмдүү баалуу кагаздарга – казыналык билеттерге кайрылуусуна умтултат. Бул акчалардын сунушунун өзгөрүү процессин олуттуу түрдө тездетет.

Ачык базардагы учет ставкасынын саясаты менен бекемделген операциялар Улуттук банкка «акча толкунунун» күчүн да, аны эки багытта таратуунун тездигин да жөнгө салып, акчалардын сунушун жетиштүү түрдө «салмактуулук» менен башкаруу мүмкүнчүлүгүн берет.

Кыргыз Республикасында Улуттук банктын (КРУБ) учет ставкасы экономикадагы акча ресурстарынын наркын аныктоодо багыттоо ролун ойнойт. Мисалы КРУБтун учет ставкасы катары анын аукциондо-

рунда калыптана турган 3 айлык мамлекеттик казыналык векселдер (МКВ) боюнча жөнөкөй проценттик ставка пайдаланылат. Буга чейин учет ставкасы КРУБтун кредиттик аукциондорунда калыптанып келген жана КРУБтун рефинансылоо ставкасы деп аталган. КРУБтун учет ставкасы катары дал 3 айлык МКВ боюнча проценттик ставканы пайдалануу жөнүндөгү чечимге таасирин тийгизген негизги фактор банктар аралык кредиттерге карата мөөнөттөрү жана проценттик ставкалары жагынан алардын өтө жакындыгы болду. Андан тышкары, ставкалар акча базарында кыска мөөнөттүү аспаптар боюнча суроо-талап менен сунуштун өзгөрүүлөрүнө, финансы базарынын өтүмдүүлүгүнө өтө «сезгичтигинин» фактысы эске алынды.

Учет ставкасынын термелүүлөрүн басаңдатуу жана, бир эле мезгилде, аны төмөндөтүү үчүн Улуттук банк Финансы министрлиги менен бирдикте акча-кредит саясатынын жогоруда көрсөтүлгөн жана мамлекеттик казыналык векселдердин эмиссиясынын көлөмүн өзгөртүү менен, чаралардын комплексин пайдаланат.

КРУБтун банк системасынын өтүмдүүлүгүнүн зарыл деңгээлин кармап туруу максатында төмөнкүлөрдү берүүнүн эсебинен коммерциялык банктардын кыска мөөнөттүү кредиттерге керектөөсүн канааттандырууга болот:

• ломбарддык кредитти;

• атайын кредитти (КРУБ соңку инстанциянын кредиторунун ролунда чыгат).

Ломбарддык (күрөөгө берилүүчү) кредит Улуттук банкка кыска мөөнөттүү (14 күнгө чейинки) маселелерди оперативдүү жөнгө салууга мүмкүнчүлүк берет. Ломбарддык кредит боюнча проценттик ставка Улуттук банктын учет ставкасынан жогору белгиленет.

### Резервдердин нормативдеринин өзгөрүүлөрү

Акча-кредит саясатынын бул куралы өтө одоно болуп эсептелет жана өтө сейрек, башка регуляторлордун иш-аракеттери жетишсиз болгон кезде колдонулат. Иш жүзүндө, резервдердин нормативинин өзгөрүшү жалпысынан бүткүл банк системасына таасирин тийгизет.

Бул жагынан АКШнын тажрыйбасы таалим болорлук. Эгерде Федералдык резервдер системасы (ФРС) кредитти тезирээк кыскартууну кааласа, ал резервдердин нормасын финансылык институттар үчүн

8ден 14 процентке чейинки чектерде бир нече проценттик пункттарга жогорулата алат. Эгерде кредитти дагы көбүрөөк кыскартууну каалаcа, ФРС ага резервдик талаптарды бул чектерден да жогору көтөрүү укугун берүү өтүнүчү менен Конгресске кайрылууга милдеттүү.

Кыргызстандын шартында КРУБ бул нормативди 20%ке чейин көтөрүп жатат. Бул учурда Жогорку кеңештин (ЖК) уруксаты болууга тийиш. КРУБ өзүнүн мындай иштерин закон өлчөмүнө келтирүүгө тийиш.

Дал талап кылынган резервдердин өсүшү кредиттин кыскарышына кандайча алып келет? Резервдердин талап кылынган 10%тик нормасында иш жүзүндө артыкбаш резервдерге ээ болбостон туруп, банктар депозиттерди 10:1 катышында арттырышат. КРУБ талап кылынган норманы 25%ке жогорулатты дейлик. Анда банктар өзүлөрүнүн ссудаларын, инвестицияларын жана депозиттерин кескин кыскартышат, анткени эми банк депозиттеринин резервдерге карата катышы 10:1 эмес, 8:1 гана болушу мүмкүн жана бардык депозиттерди кыскартууга аргасыз болот. Бул азаптуу кыскартуу дароо башталат. Себеби, КРУБ резервдик нормаларды 25%ке жогорулатуу жөнүндө чечим кабыл алары менен, ар бир банк өзүлөрүнүн резервдеринин жетишсиз экендигин айдан ачык көрөт. Ал өзүнүн облигацияларынын (баалуу кагаздар) бир бөлүгүн сатат жана ссуда боюнча акчалардын кайтарылып берилишин талап кылат. Облигацияларды сатып алуучулар өзүлөрүнүн мөөнөтсүз депозиттерин сарпташат. Ссудаларды кайтарып берише турган карыз алуучулар да ссудаларды төгүп берүү үчүн өзүлөрүнүн депозиттерин пайдаланышат. Бул процесс банктар өзүлөрүнүн депозиттерин алардын резервдеринен 10 эсеге ашып кетпестен, 8 эсеге аша турган деңгээлге чейин кыскартышкан кезде гана бүтөт.

Милдеттүү резервдердин нормасын өзгөртүү акчалардын сунушуна учурдагы көзөмөлдүктүн максаттары үчүн эч качан пайдаланылбаса да, КРУБ кээде бул норманы өзгөртүп келген. Мисалы, 1996–1997-жылдарда экономикалык кризистин мезгилинде, КРУБ милдеттүү резервдердин чоңдугуна карата өзүнүн талаптарын өзгөрткөн.

Ошол мезгилдеги кызмат акы жана социалдык төлөмдөр боюнча топтолуп калган карыздарды төгүп берүү боюнча бюджеттик төлөмдөрдү кескин көбөйтүүнүн натыйжасында пайда болгон ашкере акча массасын жарым-жартылай «тазалоо» максаттарында КРУБ 1996-жылдын 1-декабрынан тартып милдеттүү резервдердин нор-

мативин коммерциялык банктардын депозиттик базасынан 15%ке чейин, ал ами 1997-жылдын 1-январынан тартып 20%ке чейин жогорулаткан.

КРУБдун Башкармасынын токтомуна ылайык милдеттүү резервдерге карата талаптардын нормасы коммерциялык банктардын депозиттик базасынын чоңдугунан 20%ти түзөт. Уставдык капиталдан 0, 1% компенсациянын коэффициенти милдеттүү резервдерди сактабагандыгы үчүн коммерциялык банктар тарабынан төлөнүп берилет. Банк системасындагы депозиттердин көлөмдөрүнүн өзгөрүүлөрүнүн динамикасы түздөн-түз резервдик талаптардын чоңдугунун термелүүсүнө таасирин тийгизди.

Милдеттүү резервдерге карата талаптардын коюлушу коммерциялык банктардын зарыл деңгээлде иш аткарышынын даражасын алда канчалык өстүрдү.

## Кыргызстандагы баалуу кагаздар базары

Бул мамлекеттик, корпоративдик, туунду баалуу кагаздардын базарлары. 1990–2000-жылдардын ичинде 1403 акционердик коом тарабынан айланууга 1737,3 млн даана акциялар чыгарылган. Алардын жалпы суммасы 17,6 млрд сомго барабар болгон.

Мамлекеттик баалуу кагаздардын базары жыйнактуу жана так жөнгө салынып турат. Бирок, анын иштешинин механизмин түшүнүү үчүн, колдонулуп келе жаткан мезгилиндеги өнүгүү динамикасын карап чыгуу зарыл.

Бүгүнкү күндө мамлекеттик баалуу кагаздардын базары финансы базарынын өтө динамикалуу өнүгүп келаткан сегменттеринин бири. Ал 1993-жылдан баштап иштеди. Ошол жылдан бери мамлекеттик баалуу кагаздардын базарынын көлөмү абдан көбөйдү. Буга, бир жагынан, бюджеттин дефицитин финансылоонун инфляциялык эмес булактарын жана акча-кредит саясатынын каражаттарын өнүктүрүү боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын күч-аракеттери (атап айтканда, баалуу кагаздардын базарындагы операциялар) жардамдашты. Экинчи жагынан, мамлекеттик казыналык векселдерди алгачкы жайгаштыруу боюнча аукциондордо коммерциялык банктардын суроо-талабынын көбөйүшүнүн ачык көрүнгөн тенденциясы түрткүч болду. Инфляцияны төмөндөтүү шартында көрсөтүлгөн эки

фактор тең векселдер боюнча проценттик ставкалардын деңгээлин төмөндөтүү тенденциясын аныкташты.

Эгерде 1997-жылдын башталышында мамлекеттик казыналык векселдердин (МКВ) бардык түрлөрү боюнча орточо салмактуу кирешелүүлүк 57, 6%ти түзсө, аягында 28, 3%ке чейин төмөндөгөн. Ал эми 2004– жылы МКВ 12– айлык түрүндө 98%тен 8, 0%ке чейин төмөндөгөн. Бул агым бюджеттик чыгашаларды финансылоо үчүн калктын каражаттарын өтө кеңири тартуу максатында Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан көрүлүп жаткан чаралардын натыйжалуулугун жана өкмөттүн финансылык агенти катары Улуттук банктын ролунун жогорулагандыгын далилдеди.

## Мамлекеттин кредит саясаты

Өкмөттүн макроэкономикалык акча-кредит саясатынын маанилүү бир багыты кредит саясаты болуп эсептелет.

Мамлекеттин кредит саясатын жакшы түшүнүш үчүн, окуучулар төмөнкү аныктамаларды билүүлөрү зарыл. Алар:

***Кредит*** (лат. creditum – карыз) – акчаны же товарды карызга берүү (мөөнөтү келгенде кайтарып берүү шарты менен): мында эреже катары процент төлөнөт. Кредит – мамлекет тарабынан өлкөдөгү убактылуу бош акча каражатын мобилизациялоо жана процент алуу, мөөнөтү келгенде кайтарып берүү шарты менен аларды кеңири кайталанма өндүрүштү камсыз кылууга пландуу пайдалануу түрү. Түздөн-түз банк кредити катары ишке ашырылат. Кредиттин өзгөчө түрү – эл аралык кредит.

***Кредит билети*** – эмиссия банкы чыгарган жана кредит акчанын милдетин аткарган нарк белгиси. Кредит билетинин түшүнүгү – банк билети менен бирдей.

***Кредит блокадасы*** – кандайдыр бир мамлекеттин же эл аралык финансы уюмунун бир же бир топ өлкөгө кредит берүүдөн баш тартышы.

***Кредит келишими*** – кредитти алууда заемщик менен кредитордун ортосундагы түзүлгөн келишим. Кредит келишиминин жактары өкмөт, эл аралык уюмдар, банктардын тобу, өзүнчө кредиттик жана финансылоочу мекемелер, фирмалар менен ишканалар болуп саналат.

***Кредит кооперациясы*** – кредит муктаждыгын канааттандыруу максатында майда товар чыгаруучуларды бириктирет. Кредит кооперациясынын каражаты пай жана мүчөлүк төлөмдүн эсебинен гана

эмес, ссуда процентине банк кредитинен, мамлекеттик субсидиядан ж. б. жыйналат. Аткарган милдетине жараша ссудага, салык кооперацияларына жана камсыздандыруу коомдоруна бөлүнөт.

***Кредит реформасы*** – кредит системасын өзгөртүүгө багытталган мамлекеттик актылар жыйындысы.

***Кредит системасы*** – 1) бир өлкөдөгү кредит ыкмалары менен түрлөрүнүн жыйындысы 2) өлкөнүн кредит мекемелеринин (банк, камсыздандыруу кому, сактык касса, ломбард ж. б. ) жыйындысы.

***Кредитор*** (лат. Creditor – карыз берүүчү, ишенүүчү) – 1) милдеттенмедеги эки тараптан (дебитордон, карызкордон) кандайдыр иш-аракеттин аткарылышын талап кылууга укугу бар тарап 2) уюмдун балансында көрсөтүлгөн карызды төлөтүп алууга укуктуу граждa-нинди же укуктук жакты билдирүүчү бухгалтериялык эсеп термини.

***Кредитордук карыз*** – ишкана, уюм же мекеменин тийиштүү укуктук же жеке жакка төлөп берүүчү акча каражаты. Нормалдуу (мыйзамдуу) жана төлөө мөөнөтүнөн өтүп кеткен кредитордук карызга бөлүнөт.

Эми өлкөбүздө кредитке кандай салымдар жиберилип жаткандыгын карап өтөлү. Бул таблицадагы маалыматтардан экономикага киргизилген кредиттик салымдар жылдан-жылга өсүп бара жаткандыгын көрүп турабыз.

Кредиттердин көлөмүнүн мындай өсүшү, негизинен банк системасы тарабынан адамдардын аманаттарын ийгиликтүү топтоого байланыштуу болот.

Башка жагынан алганда, адамдардын аманат топтоо каалоосу (инвестицияларга жеткиликтүү акча топтоо) негизинен, *аманаттарды пайдалануудагы* проценттик ставкалардын деңгээли менен байланыштуу.

*Таблица*

**Кыргыз Республикасында экономикага киргизилген кредиттик салымдар**

| | 1998 ж. | 2000 ж. | 2003 ж. | 2008 ж. |
|---|---|---|---|---|
| Баардыгы (млн сом). | 1874,0 | 2480,8 | 6424,6 | 24363,5 |
| анын ичинде: | | | | |
| Бир жылга чейин | 1257,6 | 1973,7 | 4036,4 | 9747,6 |
| Жыйынтыкка % менен | 67,1 | 79,6 | 62,8 | 40,1 |
| Бир жылдан көп | 616,4 | 507,1 | 2388,2 | 14615,9 |
| Жыйынтыкка % менен | 32,9 | 20,4 | 37,2 | 59,9 |

«Социально-экономическое развитие Кыргызской Республики 1998–2003» годовая публикация. Бишкек-2005, 102-бет. «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени». 3/2009. 54–56-беттер.

Акырында, мамлекет бюджеттик дефицитти жабуу үчүн акча каражаттарын карыз алат. Ал, өзү чыгарган карыз документтери боюнча процент төлөп берүүгө милдеттүү. Бул проценттик төлөмдөрдүн суммасы бардык салык төлөөчүлөрдүн ортосунда бөлүштүрүлөт. Дал ошондуктан бүткүл коомдун кызыкчылыктары үчүн, өзгөчө мамлекеттик карыздын жалпы көлөмү өтө жогору болсо (азыр Кыргызстанда болгондогудай), мындай төлөмдөрдү эң төмөнкү деңгээлде сактап туруу зарылдыгы келип чыгат.

Өлкөбүздүн экономикасынын өнүгүшү жалаң эле өкмөттүн кредит алуусу менен чектелбейт. Ал тургай азыркы учурда ири фирмалардын дагы кредит алуусу экономиканын тез өнүгүшүнүн баардык маселелерин чече албайт. Элибиздин басымдуу көпчүлүгү жумушсуз болуп, жакырланып турган учурда экономиканы жандандыруу, элдин негизги массасын жакырчылыктан куткаруу үчүн **микрокредиттин** мааниси жогорулоодо.

Бул багытта Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы микрокаржылоо рыногун жөнгө салуу иштерин өзгөчө башкарууга алышы абзел.

### Валюта курстары жагынан турукташтыруу саясаты

Ириде бул бөлүмдүн негизги аныктамаларын баяндайлы.

**Валюта (итал. Valuta – нарк)** – өлкөнүн акча бирдиги, (кыргыз сому, АКШда доллар ж.б.) жана анын түрү (алтын, күмүш, кагаз); эл аралык эсептешүүдө колдонулуучу (чет элдик валюта) кагаз акча, монета, вексель, чек.

**Валюта саясаты** – бул валюта курстарынын системасын тандап алуу жана валюталык операциялар жүргүзүлө турган курсту аныктоо.

Валюталык курстардын тандалып алынган системасы жана тандалып алынган валюта курсу өлкөнүн экономикасына, анын туруктушуусуна ар тараптан көмөк болот. Чындыгында, өлкө жүргүзүп жаткан валюта саясаты ички базар бааларынын жалпы деңгээлине, тышкы жана ички базарларда сатылып жаткан товарларга улуттук валютадагы баалардын катышына таасирин тийгизет.

**Валюта курсу** – бул чет өлкөлүк валютанын бирдиктеринде же анын тескерисинче туюнтулган улуттук валютанын бирдигинин баасы. «Алмашуу валюта курсу» деген термин валюта базарларындагы суроо-талаптын жана сунуштун эсебинен түзүлө турган номиналдык алмашуу курсун белгилөө үчүн пайдаланылат. Ошол өлкөдө валюталык курстардын кайсы системасы пайдаланылып жаткандыгына жараша валюта базарларындагы суроо-талап менен сунуштун ортосундагы катышты өзгөртүү учурунда валюталык курс өзгөрүп кетиши мүмкүн.

**Кошумча окуу**

Микрокредит рыногун жөнгө салуу

Улуттук банк тарабынан лицензияны жана күбөлүктү берүүнү эсепке алуу, микрофинансылык мекемелердин ишин жөнгө салуунун куралы болуп саналат. Анын мыйзамдык базасы:

- «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндөгү» Мыйзамы;
- «Кыргыз Республикасындагы лицензиялоо жөнүндөгү» Мыйзамы;
- «Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк иши жөнүндөгү» Мыйзамы жана башкалар.

Микрокаржылоо секторун жөнгө салуунун негизги максаттары:

- Туруктуу финансылык системаны камсыздоо, аманатчылардын жана башка кредиторлордун таламдарын коргоо, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын сактоо;
- Анын шартында натыйжалуу микрофинансылык уюмдар өнүгүүгө жана көрсөтүлүп жаткан банктык кызматтардын чөйрөсүн кеңейтүүгө мүмкүндүк берген ыңгайлуу шарттарды түзүү;
- Микрофинансылык мекемелерди түзүүгө түрткү берүү жана иштеп турган мекемелердин иш көрсөткүчтөрүн жакшыртуу.

Микрокаржылоо секторунда жөнгө салуу боюнча өзүнүн функцияларын аткаруу үчүн Улуттук банк, пруденциалдык жана пруденциалдык эмес мүнөздөгү ченемдик – укуктук актыларды чыгарат жана анын микрофинансылык уюмдар тарабынан аткарылышына көзөмөлдүктү жүзөгө ашырат.

Адистештирилген финансы-кредиттик мекемелер:

- Кыргыз айыл-чарба финансы корпорациясы (КАФК)
- Кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясы (Финансы компаниясы)

***Адистештирилген финансы-кредиттик мекемелердин ишин жөнгө салган Улуттук банктын чечимдик-укуктук актылары***

➢КАФКга карата коммерциялык банктар үчүн колдонуудагы талаптар колдонулат;

➢Финансы компаниясына карата «Финансы компаниясынын кредиттик ишин жөнгө салган Убактылуу эреже» жана коммерциялык банктар үчүн колдонуудагы талаптар колдонулат.

Пруденциалдык эмес талаптар:

➢Лицензиялык талаптар

➢Жөнгө салуучу отчеттуулук

➢Финансылык отчеттуулук

➢Тышкы аудит

➢Жетекчиликтин квалификациясына карата талаптар

➢Отчеттуулукту жарыялоо

Пруденциалдык талаптар:

➢Капиталдын адекваттуулугу (жеткиликтүүлүгү)

➢Бир карыз алуучуга карата кредиттин чектүү өлчөмү (максималдуу тобокелдик)

***Кредиттик союздар Мыйзам чыгаруу базасы:***

➢Мыйзам тарабынан белгиленген тартипте ратификацияланган Эл аралык келишимдер;

➢Кыргыз Республикасынын «Кредиттик союздар жөнүндөгү» Мыйзамы.

***Кредиттик союздар тарабынан жүзөгө ашырылган операциялар:***

➢Катышуучуларга кредиттерди берүү;

➢Сактык пайларды кабыл алуу;

➢Финансы лизинги;

➢Депозиттерди кабыл алуу.

➢***Кредиттик союздардын ишин жөнгө салган Улуттук банктын ченемдик-укуктук актылары:*** Кредиттик союздарды лицензиялоо жөнүндөгү

➢Жобо;

➢Кыргыз Республикасында кредиттик союздардын ишин жөнгө салган Эрежелер;

➢«Кредиттик союздарга карата колдонулуучу эскертүү чаралары жана санкциялар жөнүндө» Жобо;

➢«Кредиттик союздарды тескөө боюнча убактылуу администрация тууралуу» Жобо;«Кредиттик союздарда кредиттерди классификациялоо жөнүндө» Жобо жана башкалар.

***Кредиттик союздарга карата колдонулуучу эскертүү чаралары*:**

➢Лицензиялык талаптар

➢Жөнгө салуучу отчеттуулук

➢Финансылык отчеттуулук

➢Тышкы аудит

➢Жетекчилердин квалификациясына карата талаптар

***Кредиттик союздарга карата колдонулуучу эскертүү чаралары:***

➢Капиталдын адекваттуулугу (жеткиликтүүлүгү)

➢Бир карыз алуучуга карата кредиттик талап (максималдуу тобокелдик)

➢Ликвиддүүлүк

➢Негизги каражатка инвестициянын максималдуу өлчөмү

➢Башка уюмдарга инвестициялардын максималдуу өлчөмү

➢Депозиттердин инвестициялык капиталга шайкеш келүүсү

➢Тышкы карыз алуулар

Микрофинансылык уюмдар Мыйзам чыгаруу базасы:

➢Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасындагы микрофинансылык уюмдар жөнүндөгү» Мыйзамы

***Микрофинансылык уюмдардын түрлөрү:***

➢Микрокредиттик компаниялар (МКК)

➢Микрокредиттик агенттиктер (МКА)

➢Микрофинансылык компаниялар (МФК)

Микрофинансылык уюмдар жүзөгө ашырган операциялар:

➢Микрокредиттерди берүү;

➢Финансы лизинги;

➢Депозиттерди тартуу (кошумча талаптарды аткарган МФКлар гана үчүн).

Микрофинансылык уюмдардын ишин жөнгө салган Улуттук банктын чечимдик-укуктук актылары:

➢Кыргыз Республикасынын аймагында микрофинансылык уюмдарды түзүү боюнча Убактылуу жобо;

➢Кыргыз Республикасынын аймагында микрокредиттик компанияларды жана микрокредиттик агенттиктерди түзүү боюнча Убактылуу жобо;

➢Кыргыз Республикасынын аймагында микрофинансылык уюмдардын ишин жөнгө салуунун Убактылуу эрежелери;

➢Кыргыз Республикасынын аймагында жеке адамдардан жана юридикалык жактардан аманаттарды тартууга укугу жок микрофинансылык уюмдардын активдерди классификациялоо тууралуу Убактылуу жобо;

➢«Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын лицензиясынын (күбөлүгүнүн) негизинде иш алып барган банктык эмес мекемелердин финансылык отчеттулугун түзүүсүнө жана маалыматтарды берүүсүнө карата талаптар жөнүндөгү» Жобо;

➢«Кыргыз Республикасынын микрофинансылык уюмдарда тышкы аудитин жүргүзүүгө карата минималдуу талаптар жөнүндөгү» Убактылуу жобо.

***Микрофинансылык уюмдарга карата колдонулуучу минималдуу талаптар:***

➢Эсепке алуу каттоосу;
➢Лицензиялык талаптар;
➢Жетекчиликтин квалификациясына карата талаптар;
➢Финансылык отчеттуулук;
➢Жөнгө салуучу отчеттуулук;
➢Тышкы аудит;
➢Отчеттуулукту жарыялоо (МФКлар гана үчүн).

Микрофинансылык уюмдарга карата колдонулуучу пруденциялдык талаптар (МФКлар гана үчүн).

➢Каптиалдын адекваттуулугу (жеткиликтүүлүгү)
➢Бир карыз алуучуга карата кредиттин максималдуу өлчөмү (максималдуу тобокелдик)
➢Ликвиддүүлүк
➢Башка уюмдарга инвестициялардын максималдуу өлчөмү
➢Депозиттердин таза активдерге карата катышы.

**Чыныгы алмашуу курсу** ($E_R$) – эки өлкөнүн товарларынын алмашылышы мүмкүн болгон катышы. Төмөн жактагы курстардын реалдуу ($E_R$) жана номиналдуу ($E_N$) алмашуусунун катышынын формуласынан көрүнүп тургандай, чыныгы алмашуу курсу эки өлкөдөгү товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн салыштырмалуу баасын аныктайт.

$$E_R = E_N \cdot P_1/P_2$$

мында: $P_1$ – ошол өлкөдө чыгарылган товардын улуттук валютадагы баасы,

$P_2$ – чет өлкөдө чыгарылган ошол эле товардын чет өлкөлүк валютадагы баасы.

Чыныгы курс канчалык жогору болсо, ата мекендик товарлар ошончолук кымбат. Ал эми таза экспорт (экспорт менен импорттун ортосундагы айырма) төмөн болот.

Өткөөл экономиканын өлкөлөрү өзүлөрүнүн экономикалык реформаларын жүргүзүүгө киришкен убактан бери алмашуу курсунун режимдеринин эң кеңири спектрин (аймагын) колдонуп келишти жана колдонушууда.

Валюта саясатынын негизги варианттарын кененирээк карап чыгалы.

*а. Кандайдыр бир валютага карата мамиле жасоо менен бекем курсту орнотуу.*

Катталган валюталык курстардын системасында улуттук валютанын курсун Улуттук банк бекитет. Мында, Улуттук банк чет өлкөлүк валютаны белгиленген курс боюнча сатууга жана сатып алууга өзүнө милдеттенме алат. Курстун эркин термелишинин чектерин белгилейт. Улуттук валютанын баасы ошол чекке жакындаган кездеги учурда Улуттук банк интервенция жүргүзөт. Ал улуттук валютаны чет өлкөлүк валютага алмашып сатып алат же анын тескерисинче жасайт.

Катталган валюталык курстарды колдоо үчүн төлөм балансынын пайда болгон дефицитин жабууга резервдер керек. Эгерде резервдер жетишсиз болсо, протекциялык соода чаралары же валюта көзөмөлдүгүн киргизүү зарыл. Бул вариант (үйүр алып жаткан валюта туруктуу болгон шартта) төмөнкүдөй артыкчылыктарды берет:

• валюталык термелүүлөр менен байланышкан белгисиздик факторлорунун таасири азаят:

• өлкөгө анын экономикасына инвестициялар түрүндөгү капиталдын агымы көбөйөт б. а. бул өлкөгө ишеним жогорулайт;

• эгерде валютага үйүр алуу жүрүп жаткан өлкө ошондой эле саясатты жүргүзсө, баалардын туруктуушуусуна жардам бере турган макроэкономикалык саясатты ишке ашыруу үчүн негиз пайда болот;

• бул өлкөлөрдүн ортосунда соода байланыштары камсыз кылынышы мүмкүн.

Бир валютага карата мамиле жасоо боюнча бекем валюта курсун пайдалануунун кемчилиги ички микроэкономикалык саясаттын белгиленген максаттарына карама-каршылыктын келип чыгышынын мүмкүнчүлүгү болуп эсептелет.

*в. Валюталардын себетине (корзинасына),* б. а. бир нече валюталардын (демейде өнүккөн өлкөлөрдүн) орточо салмактуу маанисине *карата курс орнотуу* төмөнкүдөй артыкчылыктарды берет:

***– өлкө анын бир нече соода өнөктөрүнүн валюталарына мамиле жасоо боюнча өзүнүн валюта курсунун алда канчалык термелүүлөрүнөн оолак болууга жөндөмдүү;***

***– валюта курсунун өзгөрүлүшүнөн келип чыккан баалардын туруксуздугун азайтат.***

Курамы өлкөлөрдүн импортундагы үлүштөр менен аныктала турган, аларга ошол валюта таандык болгон валюталар себетине мамиле жасоо боюнча валюта курсун орнотуу өлкөгө импорттук товарларга баанын кыйла термелүүлөрүнөн оолак болууга мүмкүнчүлүк берет.

*Бул ыкманын кемчиликтери төмөнкүлөр болуп эсептелет:*

***– өлкөнүн валютасынын келечектеги наркына тиешелүү алардын ишениминин төмөндөшүнөн улам, өзгөчө себеттин курамы жөнүндө ачыктык болбогон учурда, чет өлкөлүк инвесторлор үчүн мындай өлкөнүн кызыктыруусунун төмөндөшү;***

***– ушундай курсту киргизүүнүн техникалык кыйынчылыктарынын болушу.***

*г. Ийкемдүү валюта курсун орнотуу.*

Ийкемдүү валюта курстарынын учурунда алмашуу курсу валюта базарындагы тең салмактуу абал катары орнотулат. Кыргызстанда ушул жол колдонулат.

Өлкөгө товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн өсүшү чет өлкөлүк валютага суроо-талапты көбөйтүп, алар үчүн улуттук валютанын сунушун калыптандырат.

Өлкөдөн товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортун көбөйтүү чет өлкөлөрдө улуттук валютага суроо-талапты күчөтөт жана өлкөдө чет өлкөлүк валютанын сунушун калыптандырат.

Валюта базарында суроо-талап менен сунуштун катышынын өзгөрүшү валюта курсунун өзгөрүмүнө алып келет.

Курстун, б. а. чет өлкөлүк валютанын ата мекендик бирдиктердеги баасынын жогорулашы жергиликтүү валютага карата чет өлкөлүк валютанын кымбатташы деп аталат. Курстун төмөндөшү – баанын түшүшү.

Чет өлкөлүк валютанын кымбатташы же түшүшү төмөнкүдөй факторлордун эсебинен болот:

а) акча массасынын динамикасы.

Ошентип, акча сунушунун чет өлкөдө азайышы же акча сунушунун ошол өлкөдө жогорулашы чет өлкөлүк валютанын атамекендик бирдиктерде кымбатташына алып келет.

б) чыныгы УДПнын динамикасы.

Реалдуу УДПнын чет өлкөдө көбөйүшү же чыныгы УДПнын ошол өлкөдө азайышы да чет өлкөлүк валютанын кымбатташына алып барат.

в) базардагы проценттик ставкалардын деңгээли.

Проценттик ставкалардын өлкөдө төмөндөшү же проценттик ставкалардын чет өлкөдө көбөйүшү чет өлкөлүк валютанын кымбатташына жардам берет.

г) инфляциялык күтүүлөрдүн даражасы.

Өлкөдө инфляциялык күтүүлөрдүн даражасынын жогорулашы же алардын чет өлкөдө азайышы чет өлкөлүк валютанын баасынын өсүшүнө алып келет.

д) өлкөнүн соода балансынын өзгөрүшү.

Импорттун көбөйүшү же экспорттун азайышы өлкөнүн соода балансын төмөндөтөт жана чет өлкөлүк валютанын кымбатташына алып келет.

Тең салмактуу реалдуу валюталык курска фискал саясаты да таасирин тийгизет. Алсак, өлкөдөгү экспансионисттик салык – бюджет саясаты тең салмактуу чыныгы валюталык курстун жогорулашына алып келет. Чет өлкөдөгү ушундай эле саясат бул маанини төмөндөтөт.

Валюталык курстардын альтернативалык варианттарын пайдаланууну талдоо, өнөр жайы өнүккөн өлкөлөрдүн көпчүлүгү токтобогон же ийкемдүү валюталык курстардын системасын пайдаланууну артык эсептеше тургандыгын көрсөтөт. Кандайдыр бир валютага карата (АКШнын доллары, евро) мамиле жасоо боюнча бекем валюталык курсу болгон өлкөлөрдүн үлүшү төмөндөйт.

Көзөмөлдүккө алынуучу токтобой турган курс да болот. Бул өлкөнүн өкмөтү белгилеген, андан соң өкмөт тарабынан жарым-жартылай жөнгө салына турган курс. Ал көз карандысыз токтоп калбаган валюталарды көбүрөөк пайдалануу, негизинен тышкы базарларда атаандаштыкка жарактуулугун начарлатып салбас үчүн жана инфляциянын тездетилген тартиптеринен келип чыгат. Бирок, каттоо да, ийкемдүү валюталык курстар да иш менен толук камсыз болууну жана баалардын туруктуулугун камсыз кылуу үчүн жетиштүү артыкчылыкка ээ болбойт.

Токтолбогон же катталган алмашуу курсунун учурунда тигил же бул фискалдык же монетардык саясаттын натыйжалуулугу же натыйжасыздыгы өзүнчө маселе болуп эсептелет.

*Суроолор*

1. Мамлекеттин макроэкономикалык саясатынын канча багытын билесиңер?
2. Акча-кредит саясатынын жүрүшүнө жана өнүгүшүнө кайсыл орган жоопкерчиликтүү?
3. Акча массасы кантип аныкталат?
4. Кредит алуу жана андагы мамлекеттин саясаты кандай?
5. Валюта курстары жагынан турукташтыруу саясаты кантип жүргүзүлөт?

Кошумча окуу.

**Кошумча окуу**

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.***
***Карыз алуучу үчүн эскертме***

Учурда Республиканын банктык кызмат көрсөтүүлөрү рыногунда коммерциялык кредиттердин кеңири тармагы – керектөө, ипотекалык, жүгүртүү капиталы үчүн, ошондой эле, мисалы, финансылык лизинг (мүлктү сатып алууга узак мөөнөттүү каржылоо) сыяктуу каржылоонун жаңы кызматтары сунуш кылынууда. Көп сандаган банктардын жана финансы-кредиттик мекемелер тарабынан сунуш кылынган кредиттик продуктыларынын ар түрдүүлүгүнө карабастан, потенциялдуу карыз алуучулардын көпчүлүгү кредит алууда, айрыкча мурдатан мындай тажрыйбасы жок учурларда, ар кандай кыйынчылыктарды башынан кечирүүдө.

Банк менен бир кыйла ийгиликтүү иш алып баруу үчүн, Сизге төмөндөгү сунуш – көрсөтмөлөрдү пайдалануу сунуш кылынат:

Кредитти берүү шартына көңүл буруңуз.

Эгерде Сизге, пайыздык ставка жана кредитти берүү мөөнөттөрү боюнча бирдей шарттар сунуш кылынса, анда пайыздарды жана негизги сумманы төлөө мезгилдүүлүгүнө көңүл буруу зарыл. Мындай учурларда банктын эсептөөлөрүн өз алдынча карап чыкканыңыз дурус, ошондо Сиз кредиттин негизги суммасынын бөлүгүн тез-тезден төлөп туруу менен кредит Сиз үчүн, мүмкүн, кыйла арзанга турарын текшерип биле алабыз.

Эгерде пайыздык ставкасы жана кредитти төлөө мөөнөттөрү ар түрдүү кредиттер сунуш кылынса, анда башка бирдей шарттарда, узак мөөнөттөгү жана ири пайыздык ставкадагы кредит кымбат болуп калат. Көп учурларда кредиттин наркы керектөө мөөнөтүнүн өсүшүнө жараша өсөт. Бирок, орто мөөнөттүү кредиттерди алууда (3–5 жыл) убакыт факторун көңүлгө алууңуз зарыл, башкача айтканда убакыт канчалык узак болсо, Сиз төлөп жаткан акчанын реалдуу наркы ошончолук өзгөрөт. Мисалы, инфляция шарттарында бул нарк төмөндөйт.

Кредит боюнча мөөнөт – мөөнөтү менен төлөп туруу үчүн ылайыктуу вариантты тандоодо, Сиз кредиттөө убактысы аралыгында кредитти жана ал боюнча пайызды жарым-жартылай төлөө көлөмүнөн кем эмес өлчөмдөгү кирешени ала аласызбы, ошону караштырууңуз зарыл.

Ошентип, кредиттин бардык талаптары акча каражаттарын карыз алуунун ар бир вариантын анализдөөдө бирдей көңүл бурууну талап кылат. Жада калса, бир шартка кайдыгер мамиле кылуу Сиз үчүн жагымсыз финансылык жагдайларды алып келиши мүмкүн.

Кредиттик документтердин ичинен өзгөчө орун банктын кардар менен өз ара мамилесин жөнгө салган жана Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексине негизденген кредиттик келишимге ыйгарылат.

Укуктук документ катары кредиттик келишим тактыгы боюнча бир кыйла олуттуу талаптарга жооп берүүгө тийиш. Коммерциялык банктар

кредиттик келишимди түзүү боюнча бир кыйла тажрыйбага ээ болуп калышты.

Сиз, банкка бир катар документтерди (мисалы, ишкана банкка толук финансылык абалын мүнөздөгөн документти, ал эми жеке адам – иштеп турган жеринен учурда алган кирешесинин өлчөмү тууралуу справканы), ошондой эле башка финансылык институттардын алдында мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген милдеттенмелердин жоктугу тууралуу жана башка ушундай сыяктуу маалыматты берүүгө даяр болууга тийиишсиз.

Кредиттик келишимди түзүүдө банк жана карыз алуучу, кредиттин кайтарылбай калышын четтетүү үчүн кредит берилген жана төлөнө турган бардык шарттар (тараптардын укугу, милдети жана жоопкерчилиги, кредиттер боюнча пайыздарды төлөө шарттары жана тартиптери, кредиттик келишимге өзгөртүү киргизүү тартиби, анын аракеттенүү мөөнөтү, келишимдин шарттарын аткарбагандык үчүн айыптык санкциялар ж.б.) макулдашылат. Андан тышкары, мындай жагдай орун ала турган болсо, кардардын алдындагы мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген ссудалык карызды төлөп берүү шарттары жана тартиптери да макулдашылып алынууга тийиш. Сиз, карыз алуучуга берилген сумма мөөнөтүндө төлөнбөй калышын качык айгинелеп турган жагдайдан улам, кредитор келишим тарабынан карыз алуучуга кредитти толук же жарым-жартылай берүүдөн баш тартууга укуктуу экендигин так билүүңүз керек. Ошондой эле, Сиздин кредитти толук же жарым-жартылай алуудан баш тартууга укуктуу экендигиңиз да кредиттик келишимде камтылышы мүмкүн. Кредиттик келишим милдеттүү түрдө жазуу жүзүндө толтурулууга тийиш.

Тажрыйбада, кредитти төлөөнүн ар кандай түрлөрү орун алган, алар банк менен кардардын ортосундагы келишим менен аныкталат. Ошондуктан Сиз кредиттик келишимге кол койгонго чейин кредитти төлөөнүн бардык мүмкүн болгон шарттарын толуктап жана Сиз үчүн бир кыйла ыңгайлуу болгон графикти аныктап алууга укугуңуз бар экендигин эсиңизден чыгарбаңыз.

Банктын алдындагы карызды төлөп берүү үчүн карыз алуучунун акча каражаты түрүндөгү кирешени табуу мүмкүнчүлүгү жана жөндөмдүүлүгүнүн болуусу милдеттүү шарт болуп саналат. Бул, юридикалык жак үчүн – ишкананын продукциясын сатып өткөрүүдөн түшкөн киреше, же жеке адам үчүн – алган эмгек маянасы болушу мүмкүн. Ошондой эле, Сизден, алынып жаткан кредитке күрөөлүк камсыздоо талап кылынат, ал тиешелүү келишим менен далилденет. Кредиттердин айрым түрлөрү, мисалы микрокредиттер жана башка атайын кредиттер, буга кирбейт.

Төмөндөгүлөр күрөөлүк камсыздоо катары каралышы мүмкүн: жеке мүлк (кыймылсыз мүлк, транспорттук каражаттар), жабдуулар, товардык запастар, рыноктук баалуу кагаздар, банктагы депозиттер, юридикалык жактардын кепилдиктери. Адатта, берилген кредиттин суммасы күрөөнүн наркынын 70 пайызынан ашпайт. Муну, кредитти кайтарып бере албай

калган учурларда, күрөөгө коюлган мүлктү сатып өткөрүү жолу менен банк өз кредиттик тобокелдигин төмөндөтүүгө умтулуп жаткандыгы менен түшүндүрүүгө болот.

Эгерде Сиз өз мүмкүнчүлүктөрүңүзгө ашкере ишенип жана банктын алдындагы милдеттенмени аткара албай калган болсоңуз (эгерде бул келишимде камтылган болсо), анда банк:

➢Сизден кредитти жана ал боюнча пайыздарды мөөнөтүнөн төлөп берүүнү талап кылууга;

➢Колдонуудагы мыйзамдарга ылайык, Сиз күрөөгө койгон мүлктөн (күрөөнүн предметинен) өндүрүп алууга;

➢Күрөөнү сатып өткөрүүдөн келип түшкөн каражат жетишсиз болуп калган учурларда, банктын алдындагы Сиздин милдеттенмелериңиздин ордун толтуруу үчүн Сиздин башка мүлкүңүздөн өндүрүп алууга укуктуу.

Кредитти (негизги каражатты жана пайыздарды) төлөп берүү боюнча Сиз алган милдеттенмелер аткарылбай калган учурларда, Сиз негативдүү карыз алуучулар маалымат базасына катталып калышыңыз ыктымал жана келечекте кредиттик каражаттарды алуу мүмкүнчүлүгү Сиз үчүн кыйынчылыкка турарын билүүңүз абзел.

Сиз үчүн алгылыктуу болгон кредиттөөнү салыштырыңыз, талдоого алыңыз жана тандаңыз!

Көпчүлүк потенциялдык карыз алуучулар коммерциялык банктардын койгон талаптары өтө эле катаал жана аларды аткаруу мүмкүн эмес деген ишенич менен, Кыргыз Республикасында иш алып барышкан коммерциялык банктарга ишенимсиз карашат. Банктык институттар менен өз ара пайдалануу кызматташууга ишенимсиз кароо менен, Сиз абдан жаңылышасыз. Эгерде кредитти же аны төлөө варианттарын тандоодо, Сиздин жетишерлик квалификацияңыз болбосо, анда тажрыйбалуу консультанттардын кызматтарына кайрылып көрүңүз. Негизгиси – Сиз банк менен стратегиялык өнөктөштүктү издөө менен катар, өз керектөөлөрүңүз жана келечегиңиз менен ажырымсыз байланышта карап жаткандыгыңызды банкка билдирүүгө аракет жасаңыз. Өз мүмкүнчүлүгүңүзгө баа бериңиз жана туура чечим кабыл алыңыз.

## § 2. Салык-бюджет саясаты

Саясаттын бул багытын кээде фискал саясаты дешет.

**Фискал** (Fiskal) – казына дегенди билдирет. Фискал саясаты ушундан чыккан. Бул мамлекеттик кирешелер менен чыгашалардын саясаты.

Мамлекет экономикалык системанын натыйжалуу иштешине жардам берүүчү укуктук базаны жана коомдук кырдаалды камсыз кылуу, конкуренцияны коргоо милдеттерин чечет (булар Финансы министрлигине жүктөлгөн).



Ал үчүн мамлекеттин төмөнкүдөй функциялары зор мааниге ээ:

– кирешени жана байлыкты кайра бөлүштүрүү;

– улуттук продуктунун структурасын өзгөртүү максатында ресурстардын бөлүштүрүлүшүнө түзөтүү киргизүү;

– экономиканы турукташтыруу, б. а. базар коньюнктурасынын термелишинен пайда болгон иш менен камсыз кылуунун жана инфляциянын деңгээлине көзөмөлдүк кылуу, ошондой эле экономикалык өсүштү стимулдаштырууга өбөлгө түзүү.

«Бул функцияларды иш жүзүнө ашыруу үчүн мамлекет акчаларды кайдан алат?» – деген суроо келип чыгат. Акчалар үч булактан түшөт:

а. Салыктар.

б. Процент алып келүүчү казыналык милдеттенмелер түрүндөгү *карыздар.*

в. Өзүлөрүнүн кармап туруучуларына процент алып келбеген кагаз акчалардын жана тыйындардын эмиссиясы (чыгарылышы).

Мамлекет милдеттенмелерине жараша кыйла даражада салыктарга, карыздарга таяна өзүнүн чыгашаларын жана алынуучу салыктарын көбөйтө же азайта алат. Алардын салыштырмалуу салмагын да өзгөртүшү мүмкүн. Бул өзгөрүүлөр экономисттер атап жүрүшкөндөй «фискалдык саясаттын» бир бөлүгүн, б. а. салык салуу жана чыгашалар жагынан жалпы иш-чараларды, ошондой эле ушул чыгашаларды финансылоо ыкмаларын түзөт.

Мамлекеттик чыгашалардын саясаты өкмөт тараптан экономиканы жөнгө салуу жолдорунун бири болуп эсептелет.

Эгерде экономикалык система *тең салмактуулук* абалында турса, анда мамлекеттик сатып алуулардын көлөмүнүн кыскарышы өндүрүүчүлөрдө товардык-материалдык запастардын (калдыктардын) пландаштырылбаган көбөйүшүнө алып келет. Ушуга байланыштуу фирмалар же өндүрүштүн көлөмүн кыскартышат, же бааларды төмөндөтүшүп, же тигинисин да, мунусун да жасашат. Бул улуттук өндүрүштүн көлөмүнүн азайышына алып келет. Башка жагынан, эгерде өкмөт товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү, сатып алуулардын

көлөмүн көбөйтсө, запастардын пландаштырылбаган азайышы келип чыгат. Мындай жагдайда фирмалар же өндүрүштүн көлөмүн кеңейтишет, же бааларды көтөрүшөт. Ошентип, номиналдык да, реалдуу да туюнтмада улуттук өндүрүштүн өсүшү камсыз кылынат.

Демек, өкмөт жалпы суроо-талаптын өсүшүн стимулдаштыруу же кыскартуу менен улуттук продуктунун деңгээлин жөнгө сала алат.

Салыктар өкмөттүн колуна экономикага таасир тийгизүүчү экинчи аспап берет. Салык ставкаларынын (өлчөмүнүн) деңгээлин жогорулатуу учурунда үй чарбасынын карамагында кала турган чоңдук азаят. Бул керектөөнүн кыскарышына, демек жалпы суроо-талаптын азайышына алып келет. Ал товардык-материалдык запастардын пландаштырылбаган топтолушунун себеби болуп эсептелет. Фирмалардын ага жооп кайтарышы болсо жогору жакта сүрөттөлдү. Салык өлчөмүнүн төмөндөшү тескери таасир тийгизет. Болжолдуу түрдө, киргизүүнүн жана чыгаруунун фискалдык механизми ушундайча иштейт.

Өткөөл экономикада өкмөттүн эң маанилүү функциясы (аткаруучу иши) экономиканы турукташтырууда. Башкача айтканда, иш менен толук камсыз кылууну да, баалардын туруктуу деңгээлин да камсыз кылууда экономикалык өсүшкө жардамдашууда турат.

Фискалдык саясат ириде мамлекеттик бюджет аркылуу жүргүзүлөт. <u>Бюджет</u> (англ. budget – <u>капчык</u>) – 1) мамлекеттин кирешеси менен чыгымын белгилүү мөөнөткө бөлүштүрүп жазуу; закон менен бекитилет. 2) Мамлекеттин, мекеме же айрым адамдын болочок кирешеси менен чыгымынын болжолдуу эсеби.

**Мамлекеттик бюджет** – мамлекеттин борбордоштурулган акча фондун пайдалануу жана түзүүнүн негизги финансылык планы негизинен рыноктук эмес мүнөздөгү тейлөөлөрдү көрсөтүү аркылуу жана алынган кирешелерди, биринчи кезекте экономиканын башка секторлорунун салык салуу системасы аркылуу кайра бөлүштүрүү негизинде мамлекеттик башкаруу иштеринин аткарылышын камсыз кылат. Мамлекеттик бюджет республикалык жана жергиликтүү бюджетти бириктирет.

**Бюджеттик система** – экономикалык байланыштарга, мыйзамдуу нормаларга негизделген жана ага өз алдынча бөлүк болуп кошулуучу бюджеттердин (республикалык, жергиликтүү) жыйындысы. Бюджет системасынын сапаты өлкөнүн социалдык-экономикалык түзүлүшүнө, ал эми аны уюштуруу мамлекеттин формасына, административ-

дик түзүлүшүнө байланыштуу болот. Бюджет системасынын бирдиктүүлүгүн төмөндөгүлөр камсыздайт: бирдиктүү мыйзамдык базасы жана бюджет документинин формасы; бирдиктүү бюджет классификациясы (кирешелердин жана чыгымдардын милдеттүү түрдөгү топтоштурулушу); бюджеттердин жогоркусунан тартып төмөнкү деңгээлине чейинки зарыл статистикалык жана бюджеттик маалыматтарды берип тургандыгы жана бирдиктүү акча системасы. Бюджеттердин өз алдынчалыгы кирешенин менчик булактарынын болгондугу жана алардын пайдалануу багыттарын аныктоо укугу менен камсыз кылынат. Бюджеттердин бардык деңгээлдеринде балансталышы бюджеттик-финансы саясатынын зарыл шарты болуп саналат.

**Бюджет жылы** – мамлекеттик бюджетти түзүү, бекитүү жана аткарылышы закон менен белгиленген бир жылдык мөөнөт.

**Бюджет дефицити (тартыштыгы)** – мамлекеттик бюджет чыгымынын кирешеден ашып кетиши.

Бюджет кирешелердин келип түшүүсүн божомолдоп баалоонун негизинде жана аймактык экономикалык жана социалдык өнүгүшү боюнча иш-аракеттеги мыйзамга жана бекитилген мамлекеттик, регионалдык программаларга ылайык иш-чараларды финансылоого жумшалган бюджеттик бөлүнгөн акча каражаттарын керектөөлөргө негизделип калыптанат. Республика бюджети укук-демократиялык Кыргыз Республикасынын мыйзамы, ал эми жергиликтүү бюджет эл депутаттар Кеңештеринин чечимдери менен бекитилет.

*Таблица*

**Кыргыз Республикасынын 1994–2008-жылдардагы мамлекеттик бюджети**

| Көрсөткүчтөр | 1994-ж. | 2004-ж. | 2008-ж. |
|---|---|---|---|
| ***млн сом*** | | | |
| Кирешелер | 1896,1 | 18335,9 | 45 479,5 |
| Чыгымдар | 2817,7 | 18841,7 | 43 914,8 |
| Бюджеттин тартыштыгы (-), ашыктыгы | -921,6 | -505,8 | 1564,7 |
| ***ИДПга карата % менен*** | | | |
| Кирешелер | 15,8 | 19,5 | 24,5 |
| Чыгымдар | 23,4 | 20,0 | 23,7 |
| Бюджеттин тартыштыгы (-), ашыктыгы | -7,7 | -0,5 | 0,8 |

Кыргызстандын мамлекеттик бюджети жылдан жылга өсүүдө. 2008-жылы 1994-жылга салыштырганда анын кирешелери 23, 9 эсе көбөйгөн. Бюджеттин кирешелериндеги салыктардын көлөмү да өсүүдө. Ошого карабастан көп учурларда кирешелер боюнча пландын аткарылбай калышын белгилеп кетүүбүз зарыл. Мындай ахвалдын себеби чарба жүргүзүүчү субьектилердин өз кирешелерин салык төлөөдөн жашырып калышынын күчөөсүндө. Статистикалык маалыматтар боюнча, салыктардын 25–30%ти көмүскө жана официалдуу эмес экономиканын болушунан улам жыйналбай жатат.

Салыктардын бюджетке түшпөй жатышынын негизги себептеринен болуп дагы: өз ара төлөбөөлөр; алда канчалык сандагы өзүн актай албай жаткан ишканалардын болушу; калктын кирешесинин аздыгы.

Бюджеттин кирешелеринде байкаларлык ролду гранттар жана тышкы финансылоо ойнойт. Бардык тышкы булактардан алынган кирешелер, негизинен мурда алынган кредиттерди төгүп берүүгө жумшалат.

Бюджеттин чыгымдары да биз талдаган мезгилде өсүүдө (15,6 эсе). Каражаттардын басымдуу бөлүгү (мисалы, 2008-жылы – 38,6%) билим берүү жана социалдык чөйрөгө багытталган. Ушуга карабастан бул чыгымдар билим берүү тарабындагы талаптарды толугу менен канааттандыра албай келе жатат. Чектелген ресурстардын айынан тандоо маселеси дагы бир жолу өзүнө көңүл буруууда. Чыгымдардын багыттарынан башкарууга кетүүчү каражаттардын салыштырма салмагы өзгөчө көп экени баяндалат. Демек, билим берүү, илимди өнүктүрүүгө каражатты көбөйтүүнү, башкаруунун аппаратын кыскартып, чыгымын азайтуу менен чечсе болот деген ойду айтууга тийишпиз. *Силер да муну ойлонгула.* Балким башкача дагы бир жолун табаарсыңар.

«Башкаруу чыгымдарын азайтуу керек» – деген пикир, өнүккөн өлкөлөрдүн тажрыйбасынан да көрүнүп турат. Европалык өлкөлөрдө, мисалга келтирсек, башкаруу чыгымы бюджеттин 3–5%ин гана түзөт. Башкаруудагы чыгым эч кандай товар өндүрбөйт, ал чыгымдар «өндүрүмсүз чыгым» – деп аталат. Ошондуктан, үй чарбасында болобу, фирмада болобу же жалпы өлкөдө болобу ар дайым аны азыраак көлөмдө пландаштырып, бюджеттеги салыштырма салмагын кичирейтүүгө умтулушат.

Биз талдаган мезгилде Кыргызстанда бюджеттик чыгымдарды кыскартуу көбүрөөк өлчөмдө билим берүүгө, илимге, саламаттыкты сак-

тоого жана социалдык камсыз кылууга тиешелүү болду. Алсак, 1996-жылы алардын бюджеттин чыгымындагы салыштырма салмагы 55% болсо, 2004-жылы – 48,0%ти түзгөн. Ал эми мамлекеттик башкарууга кеткен чыгымдар ошол эле жылдары 10%тен 16,4%ке чейин өскөн.

Чет өлкөлөрдөн мурда алынган кредиттерди төгүп берүүнүн мөөнөтү келгендигине байланыштуу республиканын бюджетинен тышкы жана ички карызды башкарууга бир топ чыгымдар кетүүдө. Тыштан карыз алуу дагы эле уланууда. Ошентип бир жагынан республиканын экономикалык коопсуздугуна белгилүү коркунуч келип чыгууда.




Бюджеттин кирешелери менен чыгымдарынын айырмасы, анын тартыштыгы, биз талдаган мезгилде бир топ азайган (54,8%ке) жана 2004-жылы ИДПнын 0,5%ин түзгөн. Ал эми 2008-жыл бюджеттин 1564,7 млн. сомго ашыктыгы менен аяктаган. 1994-жылдан баштап бюджеттин тартыштыгы негизинен гранттардын, финансылоонун ички жана тышкы булактарынын эсебинен жабылып келатат. Ички булактарынын курамында Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кредиттери негизги орунду ээлейт. Фискалдык саясат Кыргызстанда бир топ ийгиликке жетишүүсү менен бирге, келечекте кыйла реформалоого муктаж. Эми анын стратегиясына токтотолу.

## Фискалдык кайра жаңылануунун стратегиясы

2001-жылдын 26-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны Кыргыз Республикасында салык саясатын өркүндөтүү Концепциясын кубаттаган. Анда ошол мезгилдеги Кыргыз Республикасынын салык саясатына, салык чөйрөсүндө жүргүзүлүп жаткан реформаларга баа берилип, салыкты администрациялоону өркүндөтүүнүн андан аркы жолдору, бардык чарба субъектилерине бирдей шарт түзүп берүү, бюджеттин киреше бөлүгүн көбөйтүү аныкталган.

Ошону менен бирге салык реформасынын андан аркы жакшырышына багытталган Өкмөттүн чечимдери 2006-жылдан баштап ишке киргизилген. Ага төмөндөгүлөр кирет:

1. Чарба субъектилеринин салык салуу базасын кеңейтүү менен салык боюнча түйшүктөрүн азайтуу максатында таза кирешеге салык 10% өлчөмүндө бекитилген.

2. Иштин чакан түрү менен эмгектенген субъектилерге жөнөкөйлөштүрүлгөн салык салуу системасын (патенттин негизинде же туруктуу бекитилген төлөөнү) киргизүү.

3. Салыкты администрациялоону жакшыртуу жана күчөтүү. Салык жана бажы органдарын башкарууну өркүндөтүү, кыйыр салыктарды эсепке алуунун бирдиктүү системасын түзүү.

4. Салык салуудагы диспропорцияларды жоюу жана экономика боюнча эмгектенген субъектилерге бирдей шарт түзүү.

5. Жагымдуу инвестициялык климатты, капитал рыногун жана ишкердүүлүктү өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү.

6. Экономиканын көмүскө секторун жарыкка чыгаруу (легализациялоо).

7. Чарба субъектилеринин карыздарын реструктуризациялоо.

8. Рынок мамилесине байланышпаган салыктарды (автомобиль жолдорун пайдалангандыгы үчүн салыкты, өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана аларды жок кылуу боюнча көтөрүлүүчү каражаттарды) бара-бара алып салуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндөгү сунуштарды кылдаттык менен анализдөө жана аларды сунуш кылуу, ушуга байланышкан чыгымдардын ордун толтуруу булактарын аныктоо.

9. Кенди пайдалануу боюнча салык салууну киргизүү (минералдык-сырье базаларын өнүктүрүү боюнча бөлүнгөн каражаттарды алып салуу менен).

10. Кыймылсыз мүлк салыгын эсептөө жана анын төлөнүшүн көзөмөлдөө механизмин оперативдүү түрдө киргизүү боюнча зарыл иш-чараларды даярдоо жана аны кабыл алуу (мүлктү баалоо иш-чараларын эске алуу менен).

11. Жоюлуу (банкрот болуу) учурунда субьекттерге салык салууну өркүндөтүү боюнча сунуш даярдоо жана аны ишке киргизүү.

12. Ишкердик субьектилерине салык салуунун жөнөкөйлөштүрүлгөн системасын өркүндөтүү. Ал үчүн:

- *«Ишкердик субьектилерине салык салуунун жөнөкөйлөштүрүлгөн системасы жөнүндөгү» Мыйзамдын аткарылышынын натыйжасын анализдөө жана анын «артыкчылыгын» арттыруу боюнча сунуш киргизүү;*
- *патенттин негизинде сөзсүз түрдө салык салынуучу иштин түрлөрүн кеңейтүү жана аны иштин кошумча түрлөрүнө таратуу (мисалы, шаарда микроавтобустар менен жүргүнчүлөрдү ташуу, кафе, бар жана коомдук тамактануунун дагы башка майда точкалары);*
- *патенттин негизинде салык салуунун учурдагы (ыктыярдуу) системасын өркүндөтүү боюнча сунуштарды анализдөө жана ишке киргизүү.*

13. Айрым категориядагы адамдарга кошумча нарк салыгы (КНС) боюнча берилген жеңилдиктерди алып салуу жөнүндө сунуш даярдоо жана аны ишке киргизүү.

14. Салык мыйзамын андан ары өркүндөтүү боюнча сунуштарды даярдоо жана аларды Жогорку Кеңешке сунуш кылуу. Бул сунуштардын максаты юридикалык жактардын жана жеке адамдардын кирешелеринин эсебин алууну бузгандыгы, мыйзамсыз жүгүртүүлөр жүргүзгөндүгү, карыздарды төлөбөгөндүгү, кирешелер боюнча органдардын мыйзамдуу талаптарын аткарбагандыгы үчүн жоопкерчилигин күчөтүү болуп саналат.

Фискалдык органдарда функциялык жана структуралык өзгөртүүлөрдү дагы жүргүзүү зарылчылыгы бар.

2005-жылга чейин Кыргыз Республикасында фискалдык реформанын Стратегиясын жүзөгө ашыруу максатында Өкмөттүк комиссия жана реформанын багыттары боюнча атайын жумушчу топтор түзүлгөн. Ал топторго Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин, салык, бажы жана Социалдык фонд органдарынын жана башка ведомстволордун өкүлдөрү киргизилген.

Фискалдык реформанын Стратегиясын ишке ашыруу үчүн юридикалык жактардын бирдиктүү каттоо базасын түзүү жана юридикалык жактарды (коммерциялык ишканаларды) «бир терезе» принциби боюнча каттоо механизмин киргизүү жүзөгө ашырылууда.

Юридикалык жактарды мамлекеттик каттоонун сунуш кылынып жаткан механизмин киргизүү төмөндөгү себептер боюнча зарыл.

Юридикалык жактарды мамлекеттик каттоонун азыркы кездеги системасы өтө татаал, бирин экинчиси кайталайт, зарыл процедуралар узакка созулат, көп чыгымдарды талап кылат. Мисалы, каттоонун азыркы системасы боюнча юридикалык жак адегенде Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин органдарынан мамлекеттик каттоодон өтүүгө милдеттүү, андан кийин статистика органдарынын каттоосунан, анан аймактык салык органдарынын каттоосунан, акырында Социалдык фондунун каттоосунан өтүш керек.

Сунуш кылынып жаткан механизм бир гана органдын – каттоосун көздөйт.

Мындай болгондо Минфиндин органдары (салык инспекциялары) статистика жана социалдык фонд органдарына юридикалык жак жөнүндөгү каттоо боюнча зарыл болгон маалыматтарды өз алдынча жиберишет.

Мындан тышкары, коммерциялык мекемелерди (алардын филиалдарын, өкүлчүлүктөрүн) каттоо функцияларын салык органдарына берүү салык жана бажы мыйзамдарын бузуучу чарба субьектилерин көзөмөлдөөнү күчөтөт, бул болсо жалган ишкерлер жана көмүскө бизнес фактылары менен эффективдүүрөөк күрөшүүгө мүмкүндүк берет.

## Эсеп-чот системасын реформалоо

Салыкты бирдиктүү администрациялоону, ири салык төлөөчүлөр тарабынан салык менен төлөмдөрдүн төлөнүшүн **эсепке** алууну жана көзөмөлдөөнү жүзөгө ашыруу максатында, ири салык төлөөчүлөр менен тышкы экономикалык иштин (ТЭИ) катышуучуларын көзөмөлдөө уюму түзүлгөн.

Анын милдети ири салык төлөөчүлөрдүн иштерин түздөн-түз көзөмөлдөө (салыктар боюнча айрым карточкалардын түзүлүп толтурулушун, бухгалтериялык жана салыктар боюнча отчетторду, декларацияларды жана расчетторду кабыл алуу жана анализдөө, салык

боюнча текшерүү жүргүзүү ж. б. ) кирет. Мындан тышкары ири салык төлөөчүлөр боюнча кыйыр салык учетунун бирдиктүү системасын киргизүү да өтө маанилүү.

Көзөмөлдөөнүн аталган механизмин киргизүү ири салык төлөөчүлөр тарабынан – ТЭИге дайыма катышуучулар тарабынан, кыйыр салыктардын *бирдиктүү учет системасын* жүргүзүүгө мүмкүндүк берет жана ири салык төлөөчүлөрдү салык боюнча администрациялоонун эффективдүүлүгүн жогорулатат. Салык боюнча бюджетке түшкөн каражаттардан 50%тен көбүрөөгү мына ушул ири салык төлөөчүлөрдөн түшөт.

Чарба субьектилеринин кирешелерин учетко алуу системасын, финансылык учеттун жана товар өндүрүүнүн дайыма жүрүп турушун реформалоо максатында, кошумча нарк салыгы (КНС) боюнча счет-фактураларды өтө жоопкерчиликтүү бланк катары киргизүүнүн Балтика боюндагы өлкөлөрдөгү (Латвия, Литва) мыкты натыйжа берген тажрыйбаларын эске алып (бул өлкөлөрдө КНСти төлөө боюнча көзөмөлдөөнүн аталган системасын киргизүү КНСтин бюджетке түшүшүн биринчи эле жылдары 50%ке көбөйтүүгө мүмкүндүк берген), Кыргыз Республикасынын бардык аймагында чарба субьектилери тарабынан КНС боюнча счет-фактураларды өтө жоопкерчиликтүү бланк катары сөзсүз түрдө колдонуу киргизилген.

Ошондой эле акциз маркаларынын жана счет-фактуралардын учетун алуу жана көзөмөлдөө дагы борборлоштурулган. Бул чаранын негизги максаты берилген счет-фактураларды учетко алуунун *бирдиктүү базасын түзүү* болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү счет-фактураларды даярдоо боюнча тендер өткөргөн. Ал счет-фактуралар азыр аймактык мамлекеттик салык инспекцияларына (МСИлерге) салык төлөөчүлөргө берүү үчүн жөнөтүлгөн. Бүгүнкү күндө республикадагы бардык аймактык салык кызматтары боюнча счет-фактуралар менен камсыз кылынган. Бардык региондордо компьютерлер бар, кызматкерлер менен счет-фактураларды колдонуу боюнча кеңешмелер өткөрүлүп турат.

Кошумча нарк салыгы КНС боюнча счет-фактуралардын учетун алуу жана көзөмөлдөө системаларын киргизүү ар кандай алдамчылык менен байланышкан КНС боюнча бюджеттин жоготууларын азайтууга мүмкүндүк берет. Мындай болгон кезде КНС боюнча счет-фак-

туралардын бланктары көмүскө экономиканы легализациялоо жана контрабанда менен күрөшүү үчүн натыйжалуу курал болуп эсептелет. Мындан тышкары, КНС боюнча счет-фактураларды киргизүү субьекттерди салык боюнча жана кайчылаш текшерген кезде салык инспекторлору тарабынан кыянат пайдалануу фактыларын азайтууга мүмкүндүк берет. Мына ушулардын бардыгы акырында салыктын – өзгөчө КНСтин, бюджетке түшүшүн көбөйтөт.

КНС боюнча счет-фактуралардын кыймылын учетко алуу жана товарлардын агымына көз салуу үчүн компьютердик техника алынып, алар облустук, райондук жана шаардык салык кызматтарына орнотулган.

КНС боюнча счет-фактуралардын кыймылын көзөмөлгө алууну жүзөгө ашыруу боюнча атайын Программалык камсыздоо иштелип чыккан.

Бул механизм КНСтин салык төлөөчүлөр тарабынан төлөнүшүн көзөмөлдөөнү күчөтүүгө мүмкүндүк берет, КНС боюнча жасалма счет-фактураларды колдонууну толук жок кылат. Булардын бардыгы субьекттердин жашыруун, көмүскө айлантууларын көзөмөлдөөнү күчөтүүгө мүмкүндүк берет.

## Улуттук мыйзамды өркүндөтүү багыттары жана фискалдык мыйзамды аткаруу кезинде администрациялоону өркүндөтүү жолдору

Кыргыз Республикасынын чарба субьектилеринин **тышкы экономикалык иштерин** күчөтүү үчүн жагымдуу шарт түзүү жана түз инвестицияларды өлкөнүн экономикасына тартуу максатында «Бажы процедураларын жөнөкөйлөштүрүү жана гармонизациялоо жөнүндөгү» жаңыланган Эл аралык Конвенциянын стандарттык эрежелеринин базасында Кыргыз Республикасынын Бажы кодексинин жаңы редакциясы иштелип чыкты.

Бажы кодексинин негизин өз алдынча баалоо, арасынан тандап алып текшерүү, чыгаргандан кийин текшерүү сыяктуу азыркы кездеги бажы процедураларын колдонуу жөнүндөгү жаңы эрежелер, ошондой эле бажылык документтерди жөнгө салууну, Кыргыз Республикасынын бажы чек арасы аркылуу өтүүчү товарлар менен транспорт каражаттарын көзөмөлдөөнү бир кыйла жеңилдетүүчү эрежелер түзөт.

Бажы кодексин иштеп чыгып даярдоодо анын эрежелерин төмөндөгүлөр менен айкалыштыруу маселелери каралгандыгын белгилей кетүү керек:

• *салык мыйзамына киргизилүүчү өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен, тагыраак айтканда бажы режимин колдонгон кезде салык салуу маселелери менен, товарлар жана транспорт каражаттары бажы чек арасынан өткөрүлгөн кезде салык төлөө маселелери, салык жана бажы төлөмдөрүн эсептөө тартиби, ашык төлөнгөн бажы төлөмдөрү менен салыктардын суммасын кайтарып берүү, салык мыйзамына ылайык келтирилген;*

• *техникалык жактан тартипке келтирүүнүн негизин түзгөн маселелер менен. Буга тышкы соода иштери жүргүзүлгөн кездеги Кыргыз Республикасынын кызыкчылыгын коргоо боюнча чаралар, лицензия берүү, квота, экспорттук көзөмөлдөө чараларынын системасы, Кыргыз Республикасынын бажы чек арасы аркылуу товар өткөрүлгөн кезде товардын коопсуздугу боюнча стандарттар менен талаптарга туура келүүнүн сөзсүз түрдөгү ырастоолору, дагы башка тыюу салуулар жана чектөөлөр кирет;*

• *лизинг боюнча мыйзам менен. Буга лизинг предметин түзгөн товарлар менен транспорт каражаттарын өткөрүү жана пайдалануу кирет.*

Салык төлөөчүлөрдүн финансылык-экономикалык абалын турукташтыруу жана колдоо, эсептелген салык, процент, финансылык жана айыптык санкциялар боюнча карыздарды эсептеп чыгарып салуу жолу менен бюджетке болгон карызынан толук кутулушун стимулдаштыруу үчүн Кыргыз Республикасынын «Эсептелген салык, процент, финансылык жана айыптык санкциялар боюнча карыздарды реструктуризациялоо жөнүндө» деген Мыйзам иштелип чыккан.

2003-жылдын 10-январында «Кыргыз Республикасынын Салык кодексине өзгөртүүлөр менен толуктоолор киргизүү жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын № 3-Мыйзамы кабыл алынып, анда импорттолгон дары-дармектерди КНСтен куткаруу каралган.

**Кыргыз Республикасынын Казыналыгын (КРК)** өркүндөтүү боюнча Республикада 1994-жылдан тартып казыналык иш жүргүзүлүп келе жатат. Ал эларалык валюта фондунун (ЭВФнын) талабы боюнча түзүлгөн инновациялык багыт болуп эсептелинет. Анын үстүнө өнүккөн өлкөлөрдүн дүйнөлүк тажрыйбасы да Финансы ми-

нистрлигинин ушул сыяктуу структуралык бөлүмүнүн зарыл экендигин көрсөттү, өткөөл мезгилдин ичинде Казыналыктын системасын өркүндөтүү боюнча эбегейсиз зор эмгек жасалды. Казыначылар тарабынан аткарылган иш мамлекеттик, жергиликтүү бюджет, бюджеттик мекемелер үчүн да, бюджетти алда канча натыйжалуу аткаруу үчүн да салыктык инспекцияларга абдан зарыл экендиги айдан ачык болуп калды. Ушундай эле Казыначылыктын региондук бөлүмдөрүнөн Борбордук казыналыкка, андан кийин Финансы министрлигинин өзүнө тизмек менен мамлекеттик бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгү боюнча күндөлүк маалыматтар агып келип турат.

Азыркы мезгилде Казыналык өз укугунун чектеринде мамлекеттик финансылык активдерди сатуудан, анын ичинде менчиктештирүү операцияларынан алынган каражаттарды бюджетке чегерүүнү да жүзөгө ашырат. Ошондой эле мамлекеттин финансылык активдерин башкарууга, анын ичинде ишканаларга берилген кредиттерге жана аларды тындырууга да жооп берет.

Казыналык Кыргыз Республикасынын консолидацияланган фондун түзөт. Укук боюнча мамлекетке таандык болгон улуттук жана чет өлкөлүк валюталардагы бардык кирешелүү түшүүлөр – салыктык эмес түшүүлөр, трансферттер, кредиттик фонддор жана мамлекеттик фонддор жана мамлекеттик кирешелердин ар кандай башка түрлөрү токтоосуз түрдө жана толугу менен Консолидацияланган фондго багытталат.

Казыналык республикалык бюджет жөнүндө мыйзамга жана кирешелерди ар кандай бюджеттердин ортосунда бөлүштүрүүнү жөнгө салган башка мыйзамдарга ылайык салыктык кирешелерди бөлүштүрүү үчүн жоопкерчилик тартат. Казыналык тарабынан мамлекеттик бюджеттин кирешелеринин түшүшүн жана Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын ар кандай деңгээлде бюджеттеринин ортосунда бөлүштүрүлүшүн эсепке алуу «Кыргыз Республикасында бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 11. 06. 1998-ж. №78-Мыйзамына, «Кыргыз Республикасынын негизги жоболору жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 28. 05. 1994-ж. №1553-XII мыйзамына ылайык жүзөгө ашырылат. Ошондой эле түшкөн кирешелер Казыналыктын бөлүмдөрү тарабынан Кыргыз Республикасынын салыктык жана бюджеттик мыйзамдарына ылайык

ар кандай деңгээлде бюджеттердин ортосунда тиешелүү финансылык жылга, өз алдынча башкаруу органдарынын токтомдоруна ылайык бөлүштүрүлөт.

Мамлекеттик бюджеттин кирешелерин аналитикалык эсепке алуу, салыктардын, жыйымдардын жана башка милдеттүү төлөмдөрүн, алардын түрлөрү боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги 2003-жылдын 1-январындагы №42-б буйругу менен бекитилген кирешелер менен операцияларды жүргүзүү боюнча убактылуу классификациялык структурага ылайык жүзөгө ашырылат.

Жогоруда келтирилген Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы менен 2002–2005-жылдарда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигин реформалоонун концепциясы бекитилген. Концепциянын негизги максаттарынын бири Казыналык тарабынан жүзөгө ашырылуучу функцияларды тартипке келтирүү аркылуу мамлекеттик финансыларды башкаруунун натыйжалуу системасын түзүү болуп саналат. Ушул багыттагы фискалдык реформанын стратегиялык милдеттери мыйзамдык базаны өркүндөтүү, салыктык, салыктык эмес төлөмдөрдү жана башка ресурстарды администрациялоонун, мамлекеттик бюджеттин бардык кирешелерин сапаттуу болжолдоону жана талдоону жакшыртуу жана күчөтүү болуп саналат.

Мына ошентип фискалдык саясат Кыргыз Республикасынын макроэкономикалык саясатынын эң башкы багыттарынын бири болуп калды.

## Мамлекеттик бюджеттин келечектеги божомолу

Төмөн жактагы маалыматтар 2035-жылга чейинки ресурстук болжолдоолорду белгилейт. Алар салык саясатындагы өзгөрүүлөр мезгилинде бюджеттин бул булагын кеңейтүү менен көлөмү өсө тургандыгын божомолдоону камтыйт. Андан тышкары, кезектеги ресурстардын жана өнүгүү бюджети менен жеке инвестициялардын салыштырма өзгөрүшүн мүнөздөйт. Келечекте экономиканын өсүшү негизинен жеке инвестицияларды көбөйтүүгө салмагын салат.

Ошентип, 2035-жылга мамлекеттик бюджеттин кирешелери ИДП-га процент менен 28,5% ке чейин өсүшү менен болжолдонот. Бирок, инфляциянын болжолдонуп жаткан деңгээлин көңүлгө алуу менен, келе турган жылдардын ичинде реалдуу кирешелердин деңгээлинде

айрым төмөндөө күтүлөт. Ошого карабастан, 2035-жылга карата мамлекеттик кирешелердин реалдуу өсүшү болжолдонууда.

Сырткы карыздардын деңгээлинин жогорулугу бюджеттин тартыштыгын акырындык менен кыскартууну мажбурлоодо. Мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 2000-жылы ИДПга карата – 8,9% түзгөн болсо, 2001-жылы ал көрсөткүч – 5,5%, 2004-жылы – 0,5% түзүп, 2008-жылы аны – 0,1 процентке чейин төмөндөтүүгө жетишилген. Бюджеттин тартыштыгын мындай кыскартуунун негизги максаты, жеке секторго өсүштүн финансылык эркиндигин көбүрөөк берип, алардын инвестициялык мүмкүнчүлүктөрүн төмөндөтпөй кармап калууда турат. Ошол эле учурда мамлекеттик колдоо көрсөтүүлөр көтөрүлөт. Бул мамлекеттин билим берүү, саламаттык сактоо жана социалдык жактан коргоо боюнча милдеттерин жигердүү аткарууга негиз болот.

*Таблица*

**Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин божомолу (ИДПга % менен)**

| | 1990-ж. отчет | 1995-ж. отчет | 2000-ж. отчет | 2008-ж. отчет | 2035-ж. божомол |
|---|---|---|---|---|---|
| Жалпы бюджеттик кирешелер | 35, 8 | 17, 0 | 16, 1 | 24, 5 | 28, 5 |
| ***анын ичинен:*** Салыктан түшүүлөр | 27, 5 | 15, 6 | 12, 3 | 19, 4. | 25, 9 |
| Жалпы бюджеттик чыгымдар | 40, 0 | 29, 6 | 25, 0 | 24, 6 | 27, 7 |
| Тартыштык (дефицит) | -4, 3 | -11, 5 | -8, 9 | 0, 8 | 0, 8 |

Бюджеттин тартыштыгын кыскартуу өкмөт тарабынан салыкты реформалоо, аны жыйноону жакшыртуу менен бюджеттин кирешелерин көбөйтүү жана негизсиз жеңилдиктерди жоюу, элдин жакыр катмарына социалдык жактан коргоону адрестүү жасоо, башкарууга кетүүчү чыгымдарды азайтуу менен бюджеттик чыгымдарды төмөндөтүү жолдору аркылуу жетишилмекчи.

Ошентип республикалык бюджеттин финансылык ресурстарынын негизги көлөмү кезектеги мамлекеттик чыгымдарга жумшалып, экономиканын өсүш милдеттери жеке менчик секторуна акырындык менен ыйгарылууга багыт алынды. Божомолдоо боюнча 2035-жылы жеке инвестициялардын көлөмү УДПнын 17,0%ин түзүүгө тийиш.

Ошол эле учурда кезектеги мамлекеттик бюджеттин салыштырма салмагы ИДПга 28,5 процент түзмөк. Мындай болжол терең ишенични азырынча туудура албайт, аны убакыт гана далилдей алат.

Мамлекеттин фискал саясатында келечекте дагы эле болсо салык маселеси чечүүчү ролду ойнойт.

Салык саясаты практикада натыйжалуу болушу үчүн Мыйзам талаптарын катуу тескөө керек экендигин белгилей кетүү зарыл. Эң жакшы деген саясат да эгерде салык төлөөчүлөр мыйзамды сакташпаса пайдасыз болот. Ушуга байланыштуу мыйзам бузуучулар үчүн тиешелүү санкцияларды колдонууну камсыз кылуу керек. Демек, жакшы администрациялык мыйзамга, убактылуу төлөй алышпаган салык төлөөчүлөр үчүн кийинчерээк төлөө системасына; төлөөгө күчү жетпеген же төлөөнү каалабагандардын товарларын конфискациялап алууга жана аларды аукциондордо сатууга (бааларды чектөөлөрсүз); начар ишканаларды жана уюмдарды банкрот деп жарыялоого жана жоюуга; салык төлөбөгөндөргө жана мыйзам бузгандарга бийликтер тараптан өз убагында чара көрүшүнө жетишүү зарылдыгы бар.

Эркинен ажыратууну кошкондо, паракор чиновниктерге карата оперативдүү чаралар жана чоң санкциялар колдонулууга тийиш.

Ошондой эле салык төлөөчүнүн жогорку билимдүүлүгү зарыл. Алар өзүлөрүнүн милдеттенмелери жөнүндө билүүгө жана иши ошолор менен болуп жаткан салык инспекциялары жөнүндө жетиштүү маалымат алууга тийиш. Салыктарга окутуу мектеп отургучунан баштап, салыктарды алардын натыйжасында коомдун жыргалчылыгы артышы үчүн төлөө зарылдыгына басым жасалууга тийиш. Буга жетишүү үчүн салык төлөөчүлөр коомдогу өкүм сүргөн коррупцияны эмес, жыргалчылыкты көрүүлөрү тийиш. Бул узак жана татаал процесс, бирок ал зарыл. Салык салуу системасындагы өзгөчө тез өзгөрүүлөр өндүрүшчүлөр менен ишкерлердин ишин бузат, ошондуктан, Өкмөт өзүнүн негизги саясатын мүмкүн болушунча туруктуу негизде түзүшү эң маанилүү. Алгачкы убакта, айталы, 2–3 жылга продукцияны (товарлар, жумуш, кызмат көрсөтүүлөр) сатып өткөрүүдөн түшкөн пайдага салына турган бирдиктүү ишкердик салыкты киргизүү жөнүндө ишкерлердин өзүлөрүнүн сунуштарын карап чыгууга кайрылууга мүмкүн болор эле. Мындай мамиленин бир катар анык практикалык артыкчылыктары бар, алар – эсептеп чыгаруунун жөнөкөйлүгү, кирешелерди жашырып калуу мүмкүнчүлүктөрүнүн азайышы. Андан соң, салык

кызматтарынын натыйжалуулугу жогорулаган кезде, аудитордук фирмалардын жеткиликтүү тармагы түзүлөт, ишкерлердин цивилизациялуулугунун жана экономикалык сабаттуулугунун деңгээли өсөт, салыктарды жыйноонун көп каналдуу системасына кайрадан кайрылуу, албетте, өтө ийкемдүү жана так болот. Бир сөз менен айтканда, биздин салык саясатыбыз кечиктирбестен өркүндөтүүгө муктаж, бизге ийкемдүү, дифференциацияланган салык саясаты керек. Аны соңку жылдардагы салык салуу практикасын кылдат талдап чыгуу жана эсепке алуу менен так илимий негизде иштеп чыгуу зарыл.

Ошондой эле КМШ өлкөлөрү менен бажы процедураларын жөнөкөйлөштүрүү максатка ылайыктуу. Бажы союзун түзүү бул жагынан эң маанилүү кадамдардын бири болуп эсептелет. Бажы саясаты ишкерлердин иштиктүү жигердүүлүгүн жогорулатууга көмөктөшүүгө тийиш.

Салык саясаты – бул туруктуу өнүгүүнү талап кылган ишкерлер да, өндүрүүчүлөр үчүн да, ошол салык структурасынын ичинде өз ишин натыйжалуу пландаштыра алгыдай шарт түзүүчү саясат.

## § 3. Инновациялык-инвестиция саясаты

Бул саясаттын негизги максаты экономиканы жаңыртуу аркылуу өнүктүрүү боюнча инвестициялык кырдаалды жакшыртуунун негизги принциптерин жана багыттарын түзүү болуп эсептелет.

Азыркы шартта инвестициялык саясат инновациясыз же илимий негизде жаңыртуусуз жүргүзүлүшү экономикалык өнүгүүнүн талабына толук жооп бере албайт.

Демек, инновациялык иштин максаттарын жана милдеттерин карай кетүүбүз керек.

Мамлекеттик инновациялык саясат – бул мамлекет тарабынан ишке ашырылуучу инновациялык ишкердикти өнүктүрүүгө багытталган уюштуруучулук, экономикалык жана укуктук иш чаралардын комплекси менен байланышкан мамлекеттин макроэкономикалык саясатынын бир бөлүгү.

Инновация деген сөз дүйнөдөгү ар түрдүү элдин тилдеринде негизинен бирдей эле айтылат. Мисалы, немис тилинде «Innovationen», англис тилинде «Innovation», француз тилинде «Innovations» деп жазылат.

Ошондуктан биздин кыргыз тилинде деле «Инновация» деп жазганыбыз туура болот.

Инновация негизинен жаңылыктардын орун алышын, жаңы же жаңыртылган технологияларды, продукциялардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн жаңы түрлөрүн баяндайт.

Экономикалык өнүгүштө ал жаңылыктар жаңы кылымда акыл-ойдун, ойлоп табуунун эсебинен болуусу зарыл. Себеби табигый байлыктар азайып же түгөнүп бара жатат.

Жаңы кылым, ошентип экономиканын инновациялык жол менен өнүгүүсү аркылуу айрымаланат.

Бул багыт биздин өлкөдө жаңыдан жанданып жатканы менен дүйнө жүзүндө мурунку кылымдын орто ченинде эле өнүгө баштаган. Европа өлкөлөрү, Америка бул багытты атайын мыйзам чыгарып турмушка ашыра келишкен. Мисалы, Европа биримдигинин чөйрөсүндө 1968-жылы атайын Генералдык директорат, ал эми 1975-жылы Европалык фонд түзүлөт, 1982-жылы Америка кошмо штаттарынын Конгресси инновациялык ишмердикти мамлекеттик колдоо боюнча атайын мыйзам кабыл алат. Ошентип биз жарым кылым кечигип, бул багытты колго алып жатабыз.

Бүгүнкү күндө инновацияга таянып товарынын сапатын дүйнөлүк деңгээлге жеткирген ишкерлер өлкөбүздө аз. 2008-жылы жүргүзүлгөн изилдөөдө 567 өнөр жай мекемелеринин ичинен 8, 4% гана активдүү инновациялык иш жүргүзүшкөн.

Демек, экономикабызды бүгүнкү талапка ылайыктуу өнүктүрүү үчүн *Кыргыз Республикасынын улуттук инновациялык системасын* уюштуруу жана өркүндөтүү ишин мамлекеттик саясат катары турмушка ашырууга тийишпиз.

Мамлекеттик инновациялык саясаттын максаты омоктуу экономикалык өсүүнү камсыз кылуу болуп эсептелет. Аны үчүн, инновациялык продукцияны өндүрүштүн технологиялык деңгээли менен атаандаштыкка *жарамдуулугун жогорулатуунун* эсебинен ички жана тышкы рынокко чыгаруу үчүн шарт түзүү керек.

**Инновация** – 1) илимий-техникалык процесстин жетишкендигинин натыйжасында, жаңы техникалык жана технологиялык муундарын камсыз кылууда экономикага жаңыдан киргизилген процесс – салым каражаты; 2) адамдардын турмушунда (ишинде) жаңы экономикалык жана социалдык шартты жаратуу максатында интеллектуалдык продукцияны түзүү жана пайдалануу; 3) (жаңыларды киргизүү) рынокто сатылуучу жаңы же өркүндөтүлгөн продуктуну, технологиялык процессти, практикалык ишмердүүлүктө пайдаланылуучу уюштуруу – техникалык иш-чараларды жүзөгө ашыруу боюнча ишмердүүлүктүн эң акыркы жыйынтыгы.

**Инновациялык өнүгүүнүн стратегиясы**. Илим сыйымдуу технологияларды өздөштүрүү, инновациялык продукцияны өндүрүүнүн жана экспорттоонун көлөмүн жогорулатуу зарылчылыгы инновациялык ишмердүүлүктү өнүктүрүүнүн стратегияларын аныктайт:

1. ***«Күчөтүү» стратегиясы жеке өзүнүн илимий-техникалык жана өндүрүштүк-технологиялык күч кубатын пайдаланууга негизделет. Илимий жыйынтыктарды жана өндүрүштүк күч-кубатты өнөр жайында пайдаланууда жогорку деңгээлдеги технологиялар өздөштүрүлөт, ички жана тышкы рыноктордо жаңы, атаандаштыкка жарамдуу продукцияны чыгаруу акырындап күчөтүлөт;***

2. ***«Сырттыкын өздөштүрүү» стратегиясы өз өлкөсүнүн инновациялык күч-кубатын пайдаланып, өнүккөн индустриялык өлкөлөрдө өндүрүп чыгарылуучу илим сыйымдуу продукцияны чыгарууну өздөштүрүү болуп саналат. Андан ары бардык инновациялык цикл боюнча инновациялык продукцияны түзүүдөн тартып рынокто сатууга чейинки жумуштарды өз алдынча жүргүзүүгө жөндөмдүү илимий-техникалык жана өнөр жай потенциалын бир эле учурда өнүктүрүү менен продукцияны өндүрүү күчөтүлөт;***

3. ***«Өткөрүп алуу» стратегиясы болгон чет өлкөлүк илимий-техникалык ж-а өндүрүштүк-технологиялык потенциалды чет өлкөлүк тике инвестицияларды тартуу жолу менен, жаңы муундагы продукция өндүрүүнү өздөштүрүү үчүн жогорку натыйжалуу жаңы технологияларга лицензия сатып алуу жолу менен өлкөнүн экономикасында пайдалануу болуп саналат.***

Мамлекеттин жана ишкерлердин секторлорун туура айкалыштыруу стратегияларды натыйжалуу пайдаланууга, инновациялык иш-

мердүүлүктү күчөтүүгө, атаандаштыкка жарамдуу илим сыйымдуу продукция чыгаруунун көлөмүн көбөйтүүгө мүмкүндүк берет.

Өндүрүштүн атаандаштыкка жарамдуулугун жогорулатуу көз карашынан алганда тармактардын инновациялык жана технологиялык жактан өсүүсүнүн кыйла орчундуу артыкчылыктуу багыттары болуп: ресурстарды сарамжалдуу сактоо, жогорку даражада кайрадан иштетилген продукциянын үлүшүн көбөйтүү, технологияларды жаңыртуунун керектүү динамикасын камсыз кылуу, автоматташтыруу, технологияны жана продукцияны сертификациялоо, экологиялуулук саналат.

Мамлекеттик инновациялык саясаттын стратегияларында мамлекеттик маанидеги жогорку натыйжалуу жана өзүн тез актоочу, эң орчундуу инновациялык долбоорлор артыкчылыктуу болушу керек. Аларды жүзөгө ашырууга мамлекет тобокелчиликтин бир бөлүгүн өзүнө алып, жеке инвестор менен үлүштүк башталышта катышышы зарыл.

Инновациялык кырдаалды жакшыртуу жана инновациялык ишмердүүлүктү күчөтүү максатында инновациялык долбоорлордун рыногун калыптандыруу, баалуу корпоративдик кагаздардын экинчи рыногун өнүктүрүүгө өбөлгө түзүү, чет өлкөлүк инвесторлордун карасанатай атаандаштыгына каршы аракеттенүү керек.

Экономиканы инновациялык жол менен эң жаңы илимий-техникалык иштеп чыгуулар жана жогорку технологияларды пайдалануунун натыйжасында өнүктүрүүнүн негизги булагы, мамлекеттик бюджет жана бюджеттен тышкары булактарды топтоштуруучу каражаттар болуп саналат. Бул каражаттар биринчи иретте максаттуу программаларды жүзөгө ашыруунун натыйжалуулугун жогорулатууга, программанын милдеттерин комплекстүү чечүүнү камсыздоого, илимий изилдөө, тажрыйба – конструктордук жумуштарды аткарууга зарпталышы керек.

Ата мекендик өндүрүштү инновациялык өнүктүрүүнү жүзөгө ашыруунун максаттуу программаларын калыптандыруу, система түзүүчү бир катар *принциптердин* негизинде ишке ашырылышы зарыл. Алардын ичинен мамлекеттик деңгээлде эң маанилүүлөрү:

– максаттуу программаларды түзүүнүн негизи болуп саналган *долбоорлорду* аны өнөр жайында жүзөгө ашыруудан максималдуу суммардык экономикалык кайтарып алуу максатында коммерциялык жана бюджеттик натыйжалуулуктун талаптары боюнча *сынактык тандоо;*

– максаттуу программаларды калыптандыруу этабында программалык иш чараларды аныктоодогу ийгиликтүүлүк (аны жүзөгө ашырууда финансылоонун обьектисин *тандоо, долбоорлорду илимий-техникалык, экономикалык, өндүрүштүк жана экологиялык талаптар боюнча баалоонун* негизинде ишке ашырылат);

– мамлекеттин, жекече бизнестин, коммерциялык эмес жана коомдук уюмдардын экономикалык кызыкчылыктар менен *өз ара* милдеттенмелерди *айкалыштырууга* негизденип, ийгиликтүү кызматташуусу үчүн программанын чегинде *шарт түзүү* болуп саналат.

Инновациялык саясат төмөнкү принциптерге байланыштуу ишке ашырылат:

– экономикага финансылык жана материалдык ресурстардын түшүшүн камсыз кылуучу инновациялык ишмердүүлүктүн социалдык орчундуулугун таануу жолу менен;

– инновациялык ишмердүүлүктүн артыкчылыктуу багыттарын, экономиканын кызыкчылыгында аткарылуучу инновациялык программалар менен долбоорлорду калыптандыруунун механизмдерин тандоонун негизинде;

– билим берүүнү, илимий-техникалык, инновациялык жана инвестициялык ишмердүүлүктү өндүрүш менен биргелешип комплекстүү аракеттенүүсүн камсыз кылуунун негизинде;

– инновациялык ишмердүүлүккө бөлүнүүчү ресурстарды өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн артыкчылыктуу багыттарына топтоштуруу жолу менен;

– инновациялык ишмердүүлүккө салык кредит жана башка жеңилдиктердин системасы аркылуу өбөлгө түзүүнүн негизинде;

– инновациялык ишмердүүлүктү күчөтүү үчүн мамлекеттик башкаруу органдары менен коомдук уюмдардын күч-аракетин бirimдештирүүнүн негизинде ишке ашырылууга тийиш.

Аталган принциптердин негизинде түзүлгөн мамлекеттик максаттуу программалардын алкагында «илимий-изилдөөлөр, тажрыйба–конструктордук иштеп чыгуулар – технологиялар – өнөр жай өндүрүшү – рынокто сатуу» инновациялык цикли жана анын үзгүлтүксүздүгү камсыз болот.

Өлкөнүн инновациялык саясатынын негизги *багыттары* бар. Алар:

– өлкө үчүн продукция менен технологиялардын түп тамырынан бери жаңы түрлөрүн чыгарууну өздөштүрүүнүн, ошондой эле ушу-

нун негизинде аларды сатууну кеңейтүүнүн эсебинен омоктуу социалдык-экономикалык өнүгүүгө акырындап өтүүсүн камсыз кылуу багыты;

– өндүрүштү ресурсту сарамжалдуу чыгымдоочу технологияга, экологиялык жактан таза продуктуларды өндүрүүгө багыттоо боюнча иш-чаралардын системасын түзүү жана аны жүзөгө ашыруу багыты;

– өндүргүч күчтөрдү тынымсыз өнүктүрүүнү камсыз кылуучу жана илимий-техникалык, инновациялык ишмердүүлүктү өнүктүрүүнү талап кылган көйгөй маселелерди аныктоо жана чечүү багыты;

– инновациялык программалар менен долбоорлорду сынактарды, тендерлерди жана аларды жүзөгө ашыруунун башка түрлөрүн өткөрүү жолу менен тандап алуу багыты;

– инновациялык ишмердүүлүктү башкаруунун натыйжалуу системасын калыптандыруу багыты;

– инновациялык инфраструктураны өнүктүрүү жана өндүрүш чөйрөсүнө инвестиция тартуу үчүн жагымдуу чөйрөнү калыптандыруу багыты;

– илимий-техникалык комплексте чакан жана орто фирмалардын тармагын кеңейтүү багыты;

– илимий-техникалык жана инновациялык саясаттын принциптери жана аны ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө жалпы калкты маалымат менен камсыз кылуу багыты болуп саналат.

Ошентип, максаттуу мамлекеттик программаларды, ошондой эле инновациялык долбоорлорду айкалыштыруу, жогорку технологиялуу өндүрүштүн потенциялын пайдалануунун негизинде, ички жана тышкы рынокту атаандаштыкка жарамдуу продукция менен толтурууга шарт түзөт.

Кыргызстандын шартында инновациялык ишмердүүлүк менен байланышкан экономиканын артыкчылыктуу тармактары катары төмөндөгүлөрдү эсептесек болот.

**Байланыш жана маалымдоо тармагында:**

– Кыргыз Республикасынын бирдиктүү маалымат мейкиндигин түзүү, калктын глобалдуу маалымат мейкиндигине кеңири чыгуусун камсыз кылуу;

– маалымат ресурстарын, маалымат, билим базаларын жана маалымат инфраструктурасын өнүктүрүү;

– маалымат-коммуникациялык технологияларды (МКТ) пайдалануу аркылуу, ачык жана натыйжалуу мамлекеттик башкаруу;

– мамлекеттик органдардын МКТны пайдаланып, калкка маалыматтык кызмат көрсөтүүсү;

– өнөр жайдын жогорку технологиялуу тармактарында жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө жаңы жумушчу орундарын түзүү, маалыматтык продукт чыгаруунун жана сатуунун көлөмүн жогорулатуу, маалыматтык продуктуну жана ата мекендик өндүрүштүн кызмат көрсөтүүлөрүн өнүктүрүү, алардын атаандаштыкка жарамдуулугун жана дүйнөлүк маалымат рыногуна чыгуусун жогорулатуу;

– маалыматтык жана коммуникациялык кеңири кызмат көрсөтүүлөрдүн эсебинен мектепке чейинки, мектептеги, жогорку жана кесиптик билим берүү, саламаттык сактоо жана социалдык камсыздоо системаларынын натыйжалуулугун жогорулатуу, үй-бүлөөлөрдү массалык компьютерлештирүүнү өнүктүрүү;

– маалымат чөйрөсүнүн обьектилеринин маалыматтык коопсуздугун камсыз кылуу;

– экономиканын жеке секторун маалыматтоо процессине активдүү катышууга тартуу жана ата мекендик ишкерлик структураларга, биринчи кезекте чакан жана орто бизнеске ишмердүүлүктүн багыттарын эркин тандоо мүмкүндүктөрүн түзүү.

**Транспорт коплексинде** – техникалык жана технологиялык жаңы чечимдерди пайдалануу менен ата мекендик, ошондой эле чет өлкөлүк өндүрүштө чыгарылган транспорт каражаттары менен инфраструктуралык жабдууларды аны менен кошо **отундун алтернативдүү түрү** менен иштеген транспорт каражаттарын жана жаңы принциптерде жүргөн, экологиялык жактан таза, жогорку ылдамдыктагы кургак жер үчүн транспорт каражаттарын жаңыртуу, аларды андан ары пайдалануу жана өнүктүрүү, транспорт инфраструктурасын жакшыртып өзгөртүү, автомобиль жолдору менен темир жолдордун азыркы түйүндөрүн өркүндөтүү, алардын сапатын жана ишенимдүүлүгүн жогорулатуу, жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча технологияларды иштеп чыгуу, транспортту спутниктик навигация системаларын пайдалануу менен башкаруу, интермоделдик ташууларды жана логикалык системаларды өнүктүрүү, жаңы транспорттук жолдорду долбоорлоо, аларды ишке киргизүү жана дүйнөлүк океанга чыгуу.

Транспорт тармагындагы инновациялык саясатты ишке ашыруу төмөндөгүлөрдү жүзөгө ашырууга мүмкүнчүлүк берет:

1. Батыш Европа, Борбордук жана Түштүк-Чыгыш Азия өлкөлөрүнүн ортосундагы транзиттик жүктөрдүн ыкчам өтүшүн камсыз кылуучу эл аралык транспорт түйүндөрүн түзүүдө жана өнүктүрүүдө жаңы технологиялык чечимдерди өздөштүрүүгө;

2. Кыргызстандын атаандаштыкка жарамдуу азыркы транспорт комплексин калыптандырууну, аны евразиялык жана дүйнөлүк транспорт түйүнүнө интеграциялаштырууга;

3. жүргүнчүлөр менен жүктөрдү ташуунун азыркы талаптарына жана жогорку өнүккөн өлкөлөрдүн көрсөткүчтөрүнө жооп берген коопсуздуктун жана натыйжалуулуктун деңгээлине жетүүгө;

4. транспорттук кыйроолордо өлгөндөрдүн санын жана транспорт каражаттарынын кыйроосунан, жүктүн азайышынан болуучу материалдык зыяндарды азайтууга;

5. ташуу процессинин рентабелдүүлүгүн 20–30% ке жогорулатууга.

**Отун-энергетика комплексинде (жалпысы боюнча)** – минералдык чийки заттын стратегиялык жана жетишсиз түрлөрүнүн запастарын издөөнүн жана мониторингинин азыркы жолдорун иштеп чыгуу жана өздөштүрүү, аларды жер алдынан казып алуунун (алып чыгуунун), кайрадан иштетүүнүн деңгээлин жогорулатуу, ташуунун эң ишенимдүү жана экологиялык жактан коопсуз системаларын түзүү;

– энергияны сарамжалдуу пайдаланууга өбөлгө түзүү, гидроэнергетиканы ыкчам өнүктүрүү, өндүрүштүк жана коммуникалдык – тиричилик процесстерин кеңири электрлештирүү, ташылып келүүчү энергия ресурстарынын үлүшүн азайтуу менен отун-энергетика балансын структуралык жактан өзгөртүп түзүү;

– энергия ресурстарын экономикалык жактан негиздүү экспорттоодон валюта түшүрүүнү көбөйтүү;

– отун-энергетика комплексине чет өлкөлүк жана ата мекендик инвестицияларды тартуу;

– отун-энергетика ресурстарынын региондук оптималдуу балансын калыптандыруу;

– Борбордук Азия регионунда ар бир өлкөнүн кызыкчылыктарын эске алып жана алардын өз ара пайдалуу кызматташуусу үчүн энергиянын булактарынын теңдүү рыногун түзүү, ушунун негизинде Ев-

ропанын энергетикалык хартиясынын негизги жоболорунун базасында көп тараптуу макулдашууларды түзүү;

– реалдуу сектордо жана социалдык чөйрөдө энергиянын сыйымдуулугунун жогорку деңгээлин төмөндөтүү;

– жабдууларды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана энергия ресурстарын өндүрүү жана пайдалануу чөйрөсүндө милдеттүү түрдө сертификациялоо жана стандартташтыруу.

Энергияны өндүрүүдө, берүүдө (ташууда), бөлүштүрүүдө жана пайдаланууда аны сарамжалдуу сарптоонун механизмдерин жүзөгө ашыруу, анын ичинде:

**Мунайгаз комплексинде** – геофизикалык жана геологиялык чалгындоо жумуштарды аткаруунун натыйжалуулугун эң жаңы технологияларды жана илимий иштеп чыгууларды пайдалануу менен приборлук камсыздоону жаңыртуунун эсебинен, мунайды алуунун көлөмүн (запасы кыйындык менен алынуучу мунай кендеринен жана калган запасын суу баскан жерлерден) эң жаңы технологияларды, мунайды алууну интенсификациялоонун жолдорун колдонуунун, кенди жантык жана горизанталдык түтүктөр менен 5 км жана андан көп км га чейинки тереңдикке бургулоонун эсебинен жогорулатуу; ташуунун эң ишенимдүү, экологиялык жактан коопсуз, энергетикалык сыйымдуулугу төмөн системаларын түзүү; экологиянын жана экономиканын жаңы талаптарына жооп берген мотор отунун, максаттуу химиялык продуктуларды алуу менен газды, газ конденсатын жана чийки мунайды алууну тереңдетүү.

**Мунайды кайрадан иштетүү өнөр жайында** – азыркы болгон өндүрүштү көмүрдүү суутек чийки затын тереңдиктен алуу үчүн технологиялык жоготууларды азайтууга өндүрүштүк кубаттуулуктарды жогорулатууга, импорттолуп келүүчү продукцияны алмаштыруучу продукциянын ассортиментин (жогорку октан бензини, авиация бензини, суюлтулган газ, отун газы, техникалык жана мотор майлары, асфальт, битум ж. б. ) кеңейтүүгө мүмкүндүк бере тургандай жакшыртып жаңыртуунун, жаңы муундагы катализаторлорду түзүүнүн, кошундулары бар кычкылтекти пайдалануунун, экологиялык коопсуздукту жогорлатуунун жана энергия сыйымдуулукту төмөндөтүүнүн комплекстүү программасы керек.

**Көмүр өнөр жайында** – көмүр продукциясынын керектөөчүлүк сапаттарын жакшыртуу жана чийки затты терең кайра иштетүүнүн

жаңы системаларын түзүү, көмүрлөрдү ылгоо жана брикеттөө, унаасыз технологияда көмүр чыккан жерлерди иштетүүнүн ачык жолунун натыйжалуулугун жакшыртуу, жер астындагы иштердин натыйжалуулугун жана коопсуздугун жогорулатуу, жаңы автоматташкан комплекстерди жана атайын микропроцессордук көзөмөлдөөчү тармактарды пайдалануу. Көмүр казып алуунун өсүшү бир эле мезгилде технологиянын өзүнүн айрым процесстерин чыңдоо менен өтө үнөмдүү, коопсуз жана экологиялык алгылыктуу иштетүүнүн ачык жолунун эсебинен ишке ашырылат.

Ачык жол менен иштетүүгө эң келечектүү Каракечүү күрөң көмүр чыккан жери болуп саналат. Бул көмүр чыккан жерди өнөр жайлык өздөштүрүүгө байланыштуу аны менен тыгыз байланышкан эки долбоорду комплекстүү кароо керек:

а) Бишкек шаарынын жылуулук электро борборунун (ЖЭБинин) иштеп жаткан казандарын Каракечүү кен чыккан жеринин көмүрүнө ылайыктап реконструкциялоо;

б) 185 км узундуктагы Балыкчы-Каракечүү темир жолун куруу.

**Электр энергетикасында** – электр энергиясын алыс ташуунун системаларынын натыйжалуулугун жогорулатуу, чакан жана салттуу эмес энергетиканы өнүктүрүү. Гидроэнергетикадагы негизги багыттар: энергетикалык көйгөйлөрдү мамлекеттик жөнгө салууда башка өлкөлөрдүн тажрыйбасын изилдөө жана аларды өздөштүрүү, электроэнергетикалык тармактын ишканаларын реконструкциялоо жана техникалык кайра жабдууну өздөштүрүү менен инвестицияларды пайдалануу, энергия берүүчү жана бөлүштүрүүчү тармактарды өнүктүрүү, атаандаштык чөйрөнү түзүүгө багытталган рынок механизмдеринин иштөөсү үчүн шарттарды камсыздоо.

Республиканын инвестициялык кырдаалын жакшыртууга көмөк көрсөтүүчү ченемдик-укуктук актылардын жаңыларын иштеп чыгуу жана колдонуудагыларын эл аралык стандарттарга ылайыкташтыруу, алардын кызыкчылыктарын кемитпестен өндүрүштүн, энергия берүүнүн жана бөлүштүрүүнүн бардык катышуучуларына, ошондой эле энергия керектөөчүлөргө таасирдүү укуктук коргоону камсыздайт.

**Тоо-кен металлургиялык комплексте** – өндүрүштүн бардык баскычтарында максималдуу ресурс жана энергия үнөмдөөнү камсыз кылуучу өндүрүштүн өтмө технологиялык циклдерин түзүү, металл продукциясынын сортунун тизмесин кеңейтүү жана сапатын жакшыр-

туу. Дүйнөлүк деңгээлдеги технологияларды өздөштүрүү, биздин өлкө үчүн жыйынтыгында отун-энергетикалык ресурстардын салыштырма чыгымдары: кен иштетүүчү өнөр жайында 5–7%ке, металлургиялык комплексте 14–15% ке, өндүрүш чыгымдары (жалпысынан металлургия боюнча) 10–15% ке кыскарат. Ишканалардын технологиялык базасын чыңдоодо алар иштеген райондордо айлана-чөйрөнүн абалы жакшырат, ал эми атмосферага зыяндуу чыгаруулар 2–2,5 эсе кыскарат. 2015-жылга дээрлик бардык ишканаларда азыркы мезгилде колдонулуп жаткан экологиялык нормалар жана нормативдер ишке ашат.

Алтындын чачыранды, майда жана орто кени чыккан жерлерин иштетүүнү, мурда колдонулган кен чыккан жерлердеги жана жаңы жерлердеги коргошун жана цинк калдыктарын жеткире иштеп чыгарууну өзүнчө кен издөө жолу менен ишке ашырууга болот. Кен чыккан жерлердеги кен издөө иштеринин өнүгүшүнө байланыштуу төмөнкүлөрдү иштеп чыгуу жана өндүрүшкө киргизүү сунушталат:

а) түздөн-түз кен чыккан жерлерде кен массаларын кошундулардан тазалоо үчүн машиналарды, механиканы, вибромашиналарды, б. а. чакан габариттүү жабдууну өндүрүшкө киргизүү;

б) ар кандай сульфиддери бар кварц–карбонаттык, кварц-кальциттик курамдарын кен чогулган жалпы массасынан коргошун кенин алуунун (тазалоонун) технологиясын иштеп чыгуу;

в) шаймандардын жана стандардын сүрүлүүчү беттерин калыбына келтирүүнүн технологиясын өндүрүшкө киргизүү.

Ошону менен катар, дагы төмөндөгү иш-чараларды атап кетсек болот: Чакан кени көп жерлерди, чакан ишканалардын иштетүүсүн; кычкылданган жана мышьягы бар кендерди кайра иштетүүнү кароо; иштетилүүчү блоктордун жакын жериндеги кендин кошумча ресурстарын табуу; иштетилип жаткан кендин тике жанында жана жакын жайгашкан чет-жакаларында келечектүү издөөдө – чалгындоо иштерин өткөрүү; жаратылыш чөйрөсүн бузууну алдын ала баалоо жана пайдалуу кен байлыктардын кен чыккан жерлердин өнөр жайлык өздөштүрүү жыйынтыгында пайда болгон зыяндарды калыбына келтирүүнүн негизги жолдорун аныктоо менен минералдык – чийки зат ресурстарын пайдалануу; түзүмдүк кайта өзгөртүүнү жүргүзүү.

**Машина куруу комплексинде** – биринчи кезекте ресурстарды жана энергияны үнөмдөөчү технологияларды камсыз кылуу керек. Баасы жана сапаты боюнча атаандаштыкка жарамдуу машина чыга-

руу, өндүрүштү технологиялык кайра жабдуу жана автоматташтыруу – бул тармакта азыркы инновациялык багыттардын бири болуп саналат.

Республикадагы машина куруу комплексин (радиоэлектрондук жана электротехникалык тармактар) өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыты өзүнүн материалдык – чийки заттык ресурстарынын базасында жарым өткөргүч материалдарды колдонуу менен буюмдарды чыгаруу болуп саналат.

Жарым өткөргүч материалдарды жана буюмдарды түзүүнүн негизги багыты болуп төмөнкүлөр эсептелет:

1. Жарым өткөргүч материалдар (чийки зат сектору):

• татаал кристаллдуу кремний, эритүү жана ысытуу үчүн кварц идиштерин чыгаруу жана башкалар;

• жалгыз кристаллдуу кремнийди чыгаруу (Кыргыз химиялык металлургия заводу – КХМЗ).

2. Жарым өткөргүч материалдардан:

• микроэлектроника үчүн буюмдар:

а) жалгыз кристаллдуу кремнийден жылмаланган жана жылтыратылган пластиналар;

б) интегралдык схемалар жана башкалар.

• электротехника үчүн буюмдар:

• өндүрүш үчүн дайындалган жалгыз кристаллдуу кремнийдин пластиналары:

а) турмуш-тиричилик радиоэлектрондук аппаратурасынын өзүнчө энергия алуусунун күн батареялары;

б) күч берүүчү өзгөртүүчүлөр, күч берүүчү вентилдери (өтмөлөрдү).

3. Радио жана электротехника буюмдары: телевизорлор, радио, видео магнитофондор, компьютерлер, сааттар, күндүн жана токтун күч өзгөртүүчүлөрү жана башкалар.

**Жеңил өнөр жайында** – чийки зат ресурстарын (жүн, пахта, булгаары жана мех чийки затын) натыйжалуу пайдаланууну камсыздоочу технологияларды түзүү; баасы жана сапаты боюнча атаандаштыкка жарамдуу материалдарды жана буюмдарды (кездемелерди, табигый жана жасалма терилерди, кийимдерди, бут кийимдерди, булгаары – галантериялык жана мех буюмдарын) чыгаруу; технологиялык процесстердин автоматташкан башкаруу системасын жана атаандаштыкка жарамдуу продукциянын долбоорлорунун жана дизайнынын автоматташкан ыкмаларын кеңири өздөштүрүү.

**Агроөнөр жай комплексинде** – агрардык илимди өнүктүрүүнүн жана өндүрүштө илимий жетишкендиктерди пайдалануунун артыкчылыктуу багыттары төмөнкүлөр болот:

• бул комплексте инновациялык-консультациялык борборлорду уюштуруу;

• агроэкосистемаларды пайдалануу;

• айлана-чөйрөнүн жагымсыз кырдаалдарына туруктуу, жаңы, пайдалуу сапаттары бар өсүмдүктөрдү жаратуу;

• чарбалык баалуу сапаттары бар маданий өсүмдүктөрдүн жаңы сортторун, кыйыштырылган түрлөрүн, малдын жакшы тукумдарын жаратуунун селекциялык технологияларын иштеп чыгуу;

• өсүмдүктөр менен жаныбарларды коргоонун биологиялык каражаттарын кеңири таратуу;

• атаандаштыкка жарамдуу, балдар тамак-ашын чыгарууну көбөйтүү; экологиялык коопсуз биотехникалык ыкмаларды иштеп чыгуу;

• тамак-аш азыктарынын сапатын көзөмөлдөөнүн жаңы ыкмаларын түзүү;

• биологиялык активдүү кошумчаларды иштеп чыгуу;

• азык-түлүктү сактоонун жана ташуунун жаңы технологияларын иштеп чыгуу жана өздөштүрүү.

**Чакан бизнес чөйрөсүндө** – бизнес-инкубаторлор, технопарктар аркылуу иш-чараларын уюштуруу, аларга көмөк көрсөтүү, чакан ишканалардын инновациялык ишмердүүлүгүн күчөтүүгө мүмкүнчүлүк берет, инновациялык продукциянын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмдөрүнүн туруктуу өсүш темпин камсыздайт, ал жыйынтыгында ата мекендик инновациялык продукцияны чыгарууну көбөйтүүгө таасир тийгизет.

Инновациялык процесстердин өнүгүшү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү – бул барыдан мурда мамлекеттик органдар көрчү камкордук. Инновациялык ишмердик тармагында мамлекеттик күчтүү саясатсыз ата мекендик өндүрүштөрдүн атаандаштыкка татыктуулугун жогорулатууда кескин өзгөрүүлөргө жетишүү эч бир мүмкүн эмес. Жана бул жобо КМШ менен Кыргызстандын шарттарында гана адилеттүү дегендик эмес. Дүйнөлүк тажрыйба ишенимдүү тастыктагандай, азыркы учурда илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын рынок товарына айландыруу өкмөттүн эң биринчи милдети болуп эсептелет. Мындай ыкма коммерциялаштыруу деп аталат. Анда инновациялык процесс-

тин бардык катышуучулары (окумуштуулар, ишкерлер, өндүрүшчүлөр жана инвесторлор) экономикалык жактан бирдей кызыкдар, б. а. инновацияларды пайдалануу менен коммерциялык ийгиликтерге тез жетишүүдө жогорку мотивацияга ээ болушат.

Азыркы мезгилде бул кырдаалды түшүндүрүүчү бир катар маанилүү себептер да бар.

Биринчиден, жаратылыш байлыктарынын тартыштыгы улам артып бараткада материалдуу эмес ресурстарды, интеллектуалдуу ишмердиктин натыйжаларын өздөштүрүү экономикалык эң курч проблема болуп калууда.

Экинчиден, интеллектуалдык менчиктин объектилери мүлктөрдүн да объектилери болуп, аларды ээлик катары пайдаланып, тейлеп гана тим болбостон, материалдык эмес активдер катары жана коммерциялык жашыруун сырдын («ноу-хау») объектилери катары уставдык капиталда, ишкананын чарбалык ишмердигинде да колдонууга болот (туура баалап, эсепке кабыл кылганда).

Үчүнчүдөн, интеллектуалдык менчик эл аралык соода-сатыктардын объектиси болуп калууда жана акырында атаандаштык курчуган жана глобализацияланган азыркы шарттардагы экономикада технологиялардын коммерцияланышынын механизимдерин өздөштүрүүдөгү ийгиликтердин дал өзү инновациялык активдүү өлкөлөрдөгү калктын турмушунун кыйла жакшырышын камсыз кылууда. Анын ачык мисалы – АКШ, анда мамлекеттик саясаттын шарапаты менен технологияларды коммерциялоодо лидерликке жетишилген.

Инновациялык өнүгүү өлкөнүн илимий-техникалык потенциялы менен үзгүлтүксүз байланышкан. Экономика өнүгүүсүнүн инновациялык жолуна өтүп жаткан шарттарда илимий ишмерлерди коммерциялоо процессин координациялоо жана стимулдаштыруу боюнча мамлекеттин ролу жогорулоодо.

Бүгүнкү күнү өлкөнүн илимий потенциялын Кыргыз Республикасынын университеттериндеги, тармактык министрликтердеги илимий изилдөө институттары, изилдөө борборлору, ошондой эле улуттук компаниялардын карамагындагы изилдөө институттары түзөт.

Илимий-техникалык потенциалдын абалы, биринчи иретте, илимди каржылоонун деңгээли, анын материалдык-техникалык абалы, алынган натыйжаларынын эффективдүүлүгү менен аныкталат. Соңку жылдагы илимди мамлекеттик каржылоонун деңгээли Кыргызстан-

да төмөн бойдон калууда. Төмөндө илимди бюджеттен каржылоонун жылдар боюнча маалыматтары берилди.

*Таблица*

**Кыргызстандын республикалык бюджетинин каражатынан илимдин каржыланышы, 1990-2008 жылдары (ИДПга проценттик көрсөткүчтө)**

| 1990-ж. | 1991-ж. | 1996-ж. | 2000-ж. | 2001-ж. | 2002-ж. | 2003-ж. | 2008-ж. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 0,7 | 0,33 | 0,3 | 0,21 | 0,21 | 0,17 | 0,17 | 0,12 |

Демек, 1990-жыл менен 2008-жылдын аралыгында илимди бюджеттен каржылоо 5, 8 эсеге азайып кеткен.

Белгилей кетүүчү нерсе, материалдык базаларынын начарлыгына карабай, Кыргызстандын окумуштуулары өнөр жайынын, айыл чарбасынын ж.б. көптөгөн экономиканын тармактары үчүн конкреттүү технологиялык иштелмелерди иштеп чыгышууда.

Кыргызстандын өнөр жай тармагында 2004-жылы 4,8 млрд сомго барабар инновациялык продукция чыгарылган, ал бул тармактагы жалпы өндүрүштүн 15,8 процентин түзгөн. Ал эми 2008-жылы ошол эле мекемелер өндүрүштүн жалпы көлөмүн 1,8 эсе өстүргөнүнө карабастан, инновациялык продукциянын көлөмүн 2,3 эсеге аз өндүрүшкөн.

*Таблица*


**Кыргыз республикасынын өнөр жайындагы инновациялык продукциянын көлөмү. 2004–2008-ж. ж. (миң сом)**

| № | Көрсөткүчтөр | 2004-ж. | 2008-ж. |
|---|---|---|---|
| 1 | Негизги ишмердиги боюнча өндүрүлгөн товарлардын жөнөтүлгөнү (акциз жана кошумча наркка салыкты эсепке албаганда). | 31. 554. 004 | 56. 644. 255 |
| | ***анын ичинде:*** | | |
| 2 | Инновациялык продукция (миң сом)<br>(в % менен жалпы көлөмүнө) | 4. 822. 855<br>15,8 | 2. 039. 192<br>3,6 |
| 3 | Инновациялык продукциянын акыркы үч жылдын ичинде жаңыдан өздөштүрүлгөнү (миң сом). | 4. 624. 228 | 1. 752. 378 |
| 4 | Инновациялык продукциянын акыркы үч жылдын ичинде жакшыртылганы (миң сом). | 197. 705 | 285. 396 |

Иштин мындай жагдайы инновациялык продукцияларды чыгарууну өстүрүү максатында Кыргызстанда мамлекеттик тейлөө иши канааттандырарлык болбой жаткандыгын мүнөздөйт. Айрыкча технологиялык инвестициялар өнөр жай тармагында начар жүргүзүлүүдө.

Мисалы, 2008-жылы инновациялык ишмердикке жумшалган 716,0 млн. сом инвестициянын бар болгону 0,7% гана жаңы технологияларды сатып алып өндүрүшкө киргизүүгө сарпталган. Азырынча өтө эле аз чыгым жумшалган инновациянын багыттары төмөнкүлөр: жаңы продукцияларды иштеп чыгууну изилдөө (2,2%); патенттерди, ойлоп табууларды, пайдалуу моделдерди колдонуу укугун сатып алуу (0,4%); программалык каражаттарды сатып алуу (0,3%); инновацияга байланыштуу кадрларды окутуу жана даярдоо (0,04%); маркетингдик изилдөөлөр (0,02%).

Технологиялык инновацияларды каржылоонун булактарын талдасак (сүрөт), каражаттардын басымдуу бөлүгүн фирмалардын өз каражаттары түзүүдө. Азырынча мамлекеттик бюджет гана абдан начар катышууда.




Улуттук инновациялык саясаттын милдеттерин чечүүдө төмөнкү чараларга өзгөчө көңүл буруу керек:

– өнөр жайында чийки заттарды кайра иштетүүчү тармактарда инновациялык ишмердүүлүктү артыкчылыктуу өнүктүрүү;

– керектөө рыногунда ата мекендик өндүрүүчүлөрдү сырттан ташып келинүүчү товарлардан протекциялык коргоо.

Инновациялык өнүгүүнүн негизги милдеттерин чечүү үчүн Кыргызстандын экономикасынын төмөнкү артыкча жактарын пайдаланууга тийишпиз:

1) Жаратылыш ресурстары, өнүккөн минерал-чийки зат базасы жана транспорт инфраструктурасы.

2) Илимий потенциалы, интеллектуалдык ресурсу, жогорку квалификациялуу илимий кадрлары.

3) Ички рынокто, ошондой эле өнүгүп келе жаткан бир катар өлкөлөрдүн рынокторунда сатууга жарактуу массалык, салыштырмалуу арзан продукцияны чыгаруу боюнча өндүрүштүк кубаттуулуктун резерви да пайдаланылышы зарыл.

Кыргызстандын экономикасын турукташтыруу, кийин аны көтөрүү, ал түгүл андагы олуттуу структуралык кайра түзүүлөр, узак депрессия абалына каршылык көрсөтүүнү камсыз кылуу инвестиция процессин жандандыруусуз мүмкүн эмес. Ошону менен бирге республикада инвестиция ишинин укуктук чөйрөсүн түзө турган рынок экономикасына шайкеш келүүчү жаңы мыйзамбазасы кабыл алынса да, азырынча бул процесс аралаш экономикалык системанын талаптарына жооп бербейт, мамлекеттин экономикалык саясатынын өзгөчө көңүл бура турган чөйрөсү боло элек.

Ошондуктан, инвестиция деген эмне, өкмөт бул тарапта кандай саясат жүргүзүүсү керек? – деген суроолорго токтололу.

**Инвестиция (нем. Investition, лат. investio – кийинтем)** – өлкө ичинде ж-а чет өлкөдө экономиканын тармактарына узак мөөнөткө капитал сарптоо. Финансылай инвестиция (баалуу кагаз сатып алуу) жана накталай инвестиция (курулушка, айыл чарбага, өнөр жайга ж.б. капитал жумшоо) болот. Инвестициялар – бул каралып жаткан мезгилде инвестициялык товарларды чыгарууга жумшала турган өлкөнүн улуттук кирешесинин же чыгашасынын бир бөлүгү. Дүң инвестициялар – ордун бастыруу чыгымдары ж-а өндүрүштүк маанидеги жаңы товарлар. Таза инвестициялар – алмаштырууну талап кылган эскирген фондулардын ордун бастырууга зарыл болгон сандан ашып кеткен өндүрүштүк маанидеги товарлардын бир бөлүгү.

Мамлекеттик эсептөө, финансы эмес активдерге инвестицияларды, финансы инвестицияларын жана тике чет өлкөлүк инвестициялардын маалыматын камтыйт.

Булар чарба же башка иш аракеттер тармагындагы акчалай жана башка материалдык салымдар (максаттуу салымдар, пайлар, акциялар жана башка баалуу кагаздар, технологиялар, машиналар, жабдуулар, лицензиялар, анын ичинде товардык эмес белгилер, кредиттер, башка мүлк же мүлктүк укуктар). Ошондой эле чет өлкөлүк мамлекеттердин, юридикалык жактардын жана жарандардын интеллектуалдык менчик укугун бериши да эсепке алынат.

*Таблица*

**Финансылык эмес активдерге инвестициялар**[1]

| | 2002-ж. | | 2003-ж. | | 2008-ж. | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | млн сом | процент менен | млн сом | процент менен | млн сом | процент менен |
| Финансылык эмес активдердин инвестициялары – бардыгы | 10964,0 | 100 | 11252,5 | 100 | 38151,4 | 100 |
| ***анын ичинде:*** | | | | | | |
| Негизги капиталдын инвестициялары | 10081,2 | 92,0 | 10252,8 | 91,1 | 33735,6 | 88,4 |
| Негизги каражаттардын капиталдык ремонту | 702,6 | 6,4 | 782,8 | 7,0 | 2465,6 | 6,4 |
| Материалдык эмес активдердин нвестициялары | 180,1 | 1,6 | 192,7 | 1,7 | 1495,2 | 3,9 |
| Өндүрүлбөгөн материалдык активдердин инвестициялары | 0,1 | 0,0 | 24,2 | 0,2 | 455,0 | 1,3 |

Финансылык эмес активге инвестициялар төмөнкү көрсөткүчтөрдү камтыйт: негизги капиталдын инвестицияларын (капиталдык салымдар), капиталдык ремонттун чыгымдарын, жер участокторун жана жаратылышты пайдалануу объектилерин сатып алууга кеткен инвестицияларды, материалдык эмес активдердин инвестицияларын (илимий изилдөө жана тажрыйбалык конструктордук иштеп чыгуулар, материалдык жүгүртүү каражаттарынын запастарын толуктоочу инвестициялар ж. б.). Капитал түзүүчү инвестициялардын структурасын жана көлөмүн мүнөздөөчү көрсөткүчтөр системасындагы башкы орунду негизги капиталдын инвестициялары ээлейт, алар негизги капиталды алууга, түзүүгө жана өндүрүүгө (жаңы курулуш, реконструкция, кеңейтүү жана иштеп жаткан өнөр жай, айыл чарба, транспорт, соода жана башка ишканаларды техникалык жактан кайра жабдууга, имараттарды, курулуштарды, машиналарды, жабдууларды сатып алууга, турак жай жана маданий-тиричилик курулуштарын ж.б. чыгымдарына) кеткен бардык чыгымдардын жыйындысын билдирет.

Негизги капиталдын инвестицияларына курулуш иштеринин чыгымдарынын бардык түрлөрү кирет: курулуштун сметаларында каралган монтажды талап кылуучу жана талап кылбоочу, жабдууларды алуу жана монтаждоо чыгымдары; курулуштун сметаларына киргизилген, чарбалык инвентарларды жана өндүрүштүк транспортту алуу чыгымдары; курулуштун сметаларына киргизилбеген, машина жана

[1] Улуттук статистика комитети, Кыргызстан цифраларда 2005, 111 бет; Кыргызстан цифраларда 2009, 111 бет.

жабдууларды алуу чыгымдары; башка капиталдык иштердин жана керектөөлөрдүн чыгымдары.

Негизги фонддордун капиталдык ремонту – жабдууларды, машиналарды, траспорт каражаттарын, имараттар менен курулмаларды оңдоого кеткен чыгымдар.

Материалдык эмес активдерге инвестициялар – бул патенттерди, лицензияларды, жер участокторун, табигый пайдалануу объектилерин колдонуу укуктарын, автордук укуктарды, соода маркаларын, товардык белгилерди, программалык продуктуларды сатып алууга кеткен чыгымдар.

Кыргыз Республикасындагы 2002–2008-жылдардагы финансылык эмес активдерге (анын ичинде негизги фонддордун капиталдык ремонту, материалдык эмес активдерге) инвестициялардын мүнөздөмөсү жогорку таблицада келтирилди.

Финансы салымдары – финансы активиндеги инвестициялар. Булар көбүнчө акча, материалдык жана башка облигациянын банктык салымдарындагы (депозиттериндеги) баалуулуктар, кредиттик салымдар, акцияларга жана башка баалуу кагаздарга салымдар, өлкөнүн аймагында жайгашкандардай эле, анын чегинен тышкары жерлердеги башка юридикалык жактардын уставдык капиталы, ошондой эле башка ишканалар менен уюмдарга берилген кредиттерден турат. Кыргызстандагы 2003–2004-жылдардагы финансылык активдерге инвестициялардын көлөмү төмөнкү таблицада берилди.

*Таблица*

**Финансылык активдерге инвестициялар**
**Экономика ишканаларынын финансылык салымдары[1]**

| | 2003-ж. | | 2004-ж. | |
|---|---|---|---|---|
| | млн сом | процент менен | млн сом | процент менен |
| Бардыгы | 657,7 | 100 | 6560,1 | 100 |
| ***анын ичинде:*** | | | | |
| Узак мөөнөттүү | 320,5 | 48,7 | 5991,1 | 91,3 |
| Кыска мөөнөттүү | 337,2 | 51,3 | 569,0 | 8,7 |

Чет өлкөлүк тике инвестициялар бир өлкөнүн физикалык жана юридикалык жактары (тике инвесторлор) башка өлкөнүн (чет өлкөлүк инвестициялары бар ишканалардын) чарбалык бирдигин башкарууга катышуу максатында ишке ашыруучу инвестицияларды чагылдырат. Тике инвестиция катары тике инвестордун ишкананын капиталында

[1] Улуттук статистика комитети, Кыргызстан цифраларда 2005, 115-бет.

катышуу формасында капитал киргизүүлөрү гана эмес, тике инвестор менен тике инвестицияланууучу ишкананын ортосундагы инвестициялардын башка бардык формасы катары классификацияланат. Тике инвестициялар акционердик капиталга (карыз милдеттенмелери операцияларына) бөлүнөт.

Акционердик капитал – ишканалардын салынган анык каражаттары, туунду ишканалардын бардык акциялары жана башка капиталдын салымдары (тике инвестордун машина менен жабдууларды бериши).

Финансылык лизинг – узак мөөнөттүү ижаранын түрү, анда лизинг берүүчү лизинг алуучуга аныкталган акысына лизинг буюму катары мүлктү убактылуу ээ болууга жана пайдаланууга, аныкталган мөөнөткө жана аныкталган шартка өткөрүп берет.

Кайра инвестицияланган пайда – бөлүштүрүлбөстөн, инвестицияларды көбөйтүүгө жумшалган тике инвестордун ишкананын пайдасындагы үлүшү.

Башка капиталдар чет өлкөлүк тике инвестиция формасында кредиттерди, займдарды (анын ичинде дебитордук жана кредитордук карыздарды) берүү боюнча операцияларды камтыйт, алардын тике инвестор менен тике инвестицияланууучу ишкананын ортосунда орду бар.

Кыргыз Республикасына 2002–2008-жылдардагы чет өлкөлүк тике инвестициялардын көлөмү жана структурасы төмөнкү таблицада келтирилди.

*Таблица*

**Тике чет өлкөлүк инвестициялар[1]**

**Тике чет өлкөлүк инвестицияларынын түшүүнүн структурасы**

| | АКШнын млн. доллары | | | Жыйынтыкка процент менен | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2002-ж. | 2003-ж. | 2008-ж. | 2002-ж. | 2003-ж. | 2008-ж. |
| Бардык тике инвестициялар | 115, 7 | 147, 0 | 653, 2 | 100 | 100 | 100 |
| ***анын ичинде:*** | | | | | | |
| Акционердик капитал | 26, 2 | 23, 4 | 40, 7 | 22, 6 | 16, 0 | 6, 2 |
| Финансылык лизинг | - | 3, 7 | 7, 4 | - | 2, 5 | 1, 1 |
| Кайра инвестицияланган киреше | 9, 0 | 21, 8 | 54, 1 | 7, 8 | 14, 8 | 8, 3 |
| Башка капитал | 80, 5 | 98, 1 | 551, 0 | 69, 6 | 66, 7 | 84, 4 |
| ***анын ичинде:*** | | | | | | |
| Ишканалардын чет өлкөлүк кошумча ээликтеринен алынган кредиттер | 29, 6 | 35, 5 | 443, 2 | 25, 6 | 24, 1 | 67, 9 |
| Соода кредиттери | 50, 9 | 62, 6 | 107, 8 | 44, 0 | 42, 6 | 16, 5 |

[1] Кеткен агым эсепке алынбаганда. Улуттук статистика комитети, Кыргызстан цифраларда 2005, 116 бет. ; Кыргызстан цифраларда 2009, 119 бет.

Республикада түзүлгөн экономикалык шарттар инвестициялык процесстердин өзүнөн-өзү жанданып кетиши үчүн азырынча реалдуу өбөлгөлөрдү түзө албайт. Ошондуктан мамлекет тараптан түздөн-түз жөнгө салууну караган инвестициялык жигердүүлүктү турукташтырылуунун, инвестициялоонун финансылык булактарын мобилизациялоонун милдети азырынча актуалдуу бойдон кала бермекчи.

Инвестициялык жигердүүлүктү күчөтүү үчүн төмөнкүдөй чараларды жүргүзүү керек:

• Соода-арачылык жана спекулянттык чөйрөлөрдөн капиталдын материалдык өндүрүш жана кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүнө оошуп келишинин процессин мамлекеттик колдоону камсыз кылуу. Бул үчүн кыска мөөнөттүү кредиттерге кайрадан финансылоо ставкаларын жогорулатуу жана узак мөөнөттүү кредиттердин ставкаларын азайтуу; инвестициялык долбоорлорду финансылоого мамлекеттик гарантиялар институтун өнүктүрүү; бюджеттик ресурстардын бир бөлүгүн мамлекеттик эмес, жеке инвесторлор менен бирдикте өндүрүштүк долбоорлорду финансылоо үчүн пайдалануу зарыл.

• Калктын аманаттарын инвестициялоонун өсүшүнө багыттоо зарыл. Ал үчүн салымдардын гарантияланышынын даражасын жогорулатуу керек; бул салымдарды мамлекеттик камсыздандыруу системасына киргизүү максатка ылайыктуу.

• Тездик менен амортизациялоо методун тандап алууну структуралык саясат менен айкалыштыруу зарыл. Бул метод жогорку технологиялык өндүрүштөргө гана эмес, артыкчылыктуулардын курамына кирген бардык тармактар менен өндүрүштөргө да жайылтылууга тийиш.

## § 4. Мамлекеттин социалдык жана улуттук киреше саясаты

Мамлекеттин кирешелер саясаты, мамлекеттик каражаттарды калктын бардык топторуна жана катмарларына социалдык кепилдиктерди камсыз кылууга багытталгыдай чыгымдоодогу артыкчылыктарды белгилөөгө багытталууга тийиш. Мындай шартта бул саясаттын мүнөзүнө жана багытына болжолдуу факторлордун (демографиялык, экономикалык, социалдык ж. б.) жыйындысы таасирин тийгизет. Алардын арасынан аныктоочулардын бири демографиялык фактор болуп эсептелет.

*Демографиялык кырдаал*

Соңку жылдарда республикадагы демографиялык кырдаал жалпысынан республика, областтар, айрым этностук топтор ж. у. с. боюнча төрөлгөндөр менен өлгөндөрдүн көрсөткүчтөрүнүн начарлап кеткендигинен, калктын жалпы өсүшүнүн төмөндөшүнөн улам жагымсыз кырдаал катары бааланууда. Соңку он, он беш жылда болуп өткөн процесстердин натыйжасында калктын социалдык структурасы кескин өзгөрүлдү, терс көрүнүшкө ээ болуу менен, рыноктук кайра түзүүлөрдүн өнүгүшүнүн экинчи этабында калктын катмарланышы өзгөчө күчөдү.

Алсак, эгерде реформалоонун башталгыч этабында жарды калктын салыштырмалуу салмагы үчтүн бирин түзсө, ал экинчи этапта эки эсеге артты, андан тышкары, өтө жарды адамдардын категориясы пайда болуп, анын салыштырмалуу салмагы калктын жалпы санынын 20%ине жетти. Калктын көбүрөөк камсыз болушкан топторунун кирешелери калктын азыраак камсыз болушкан топторунун кирешелеринен 10–12 эсеге ашат, мында республикадагы коомдун коомдук-саясий абалын турукташтыруучу орто тап түзүлгөн жок.

Социалдык үй-бүлөлүк планда көп балалуу үй-бүлөдөн орто жана аз балалуу үй-бүлөлөргө бара-бара өтүү байкалууда, өзгөчө эркектердин арасында никелешкендердин курагы жогорулап баратат, тун жана кийинки баланын ортосундагы аралык арбыды. Аялдардын арасында 40 жаштан кийинки курактагы төрөт азайып кетти. Эки балалуу үй-бүлөлөрдүн үлүшү бара-бара көбөйүүдө.

Реформалардын жылдарында калктын санынын динамикасы биринчи жолу төмөндөп (39,4 миң адамга), андан соң алгачкы деңгээлге чейин акырындык менен өскөн. Тышкы жана республика аралык миграция менен шартталган кескин чөгүү 1991–1993-жылдар менен мүнөздөлөт. Калктын республиканын чегинен чыгып кетүү миграциясын басаңдатуу боюнча чаралардын комплексин колдонууну караган Президенттин 1994-жылдын 14-июнундагы «Кыргыз Республикасында миграция процессин жөнгө салуу боюнча чаралар жөнүндө» Указынын өз убагында чыгышынын аркасында терс тенденцияны токтотууга жетишилди.

Калктын табигый жана механикалык кыймылындагы көрсөтүлгөн өзгөрүүлөрдүн натыйжасында республиканын тургундарынын жалпы саны көбөйүп, бул Кыргыз Республикасында демографиялык кырдаалдын бара-бара калыбына келип жаткандыгын далилдейт. 2009-жылы калктын саны 5418, 3 миң адамга барабар болду.

*Таблица*


**Кыргыз Республикасынын калкынын туруктуу санынын динамикасы (миң адам)**

| | 1991-ж. | 1995-ж. | 2005-ж. | 2009-ж. |
|---|---|---|---|---|
| Калктын саны | 4389,5 | 4450,7 | 5092,8 | 5418,3 |
| Абсолюттук өсүш | 62,3 | 61,7 | 55,5 | 142,2 |
| Өсүш темпи, % | 1,4 | 1,4 | 0,9 | 2,7 |

Азыркы убакта Кыргызстандын калкы өзүнүн адам ресурстарынын эсебинен көбөйүүдө, калктын жыл сайын өсүш темпи жылына 1,0% деңгээлинде турат. 1991-жылга чейин орточо жылдык өсүш жылына 2,8%ти түзгөн, ошондо республика калктын жогорку өсүштөгү (жылына 2,3–3,4%) тобунда турган. Соңку жылдарда темптин төмөндөшү жана калктын өсүштүн орточо темпиндеги тобуна оошу (0,9–1,4) узакка созулган кризистик мезгилдин жана жаңы демографиялык жүрүм-турумдун, б. а. айрым топтордун түзүлгөн жагдайларга ыңгайлашып кетишинин эсебинен болду.


Кыргызстандагы табигый кыймыл бир катар олуттуу өзгөрүүлөрдү башынан өткөрдү. Демографиялык кырдаалды изилдөөдө төрөлгөндөрдүн саны 1991-жылы ар бир 1000 адамга 29 баланы түзсө, 2008-жылы 24кө чейин азайган. Калктын көбөйүшүнүн деңгээлине калкты төрөттү чектөөгө кайрылууга мажбурлап жаткан факторлордун (экономикалык, социалдык, экологиялык) жыйындысы таасирин тийгизип жатат.

**Калктын табигый кыймылынын динамикасы (ар бир 1000 адамга)**



Республиканын калкы алда канчалык көбөйүүнүн демографиялык мүмкүнчүлүктөрүн али түгөтө элек, анткени репродуктивдик потенциал али да зор.

**Жашоонун орточо узактыгынын динамикасы, жаш**




Демографиялык процесстердин абалын жана себептерин талдоо, социалдык-экономикалык кризистин кесепеттерин азайтуу максатында, республиканын өкмөтүнүн демография саясатын иштеп чыгышынын жана турмушка ашырышынын зарылдыгын ырастайт. Атап айтканда, төмөнкүлөрдүн аткарылышы зарыл:

- *демографиялык саясаттын артыкчылыктарын аныктоого багытталган чаралардын системасын иштеп чыгуу. Кыргызстандын калкынын полиэтностук курамынын шартында бул артыкчылыктар ар түрдүү этностук топтордун демографиялык өзгөчөлүктөрүн эске алууну камсыз кылуу боюнча чараларды камтууга тийиш;*
- *Кыргызстандын дүйнөлүк шериктештикке кошулушун жеңилдете турган укук базасын өркүндөтүү;*
- *калктын республиканын ичинде көчүп-конушунун процессин мамлекеттик деңгээлде жөнгө салуу.*

**Калктын турмуш деңгээли.** Турмуш деңгээли Кыргызстанда аралаш экономика системасын түзүүнүн жүрүшүндө келип чыккан эң татаал проблемалардын кеңири комплексин камтыйт.

Калктын турмуш деңгээлинин реалдуу социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү өткөөл мезгилде төмөндөдү.

Калктын турмуш деңгээлин жалпылаштыруучу индикаторлордун бири, салыктарды жана милдеттүү төлөмдөрдү чыгарып таштагандан кийинки, калктын акча кирешелерин камтыган колдо турган реалдуу акча кирешелеринин көрсөткүчү болуп эсептелет.

Бүткүл кризис мезгилин карап чыгуу учурунда 1991-жылды база кылып алып, реалдуу колдо болгон кирешелер 1992-жылы – 60%ке, 1994-жылы – 21%ке, ал эми 1996-жылы – 1,8%ке алда канчалык көбүрөөк төмөндөгөндүгүн белгилей кетүүгө болот. Жалпысынан калктын 1992–1996-жылдардагы реалдуу кирешелери дээрлик 1,5 эсеге төмөндөдү. Бул индикатордун реформалардын жылдарында биринчи жолу 6,3%ке өсүшү 1997-жылы байкалды, бул белгилүү даражада экономиканын 1996–1997-жылдардагы туруктанышы менен байланыштуу. Кийинки жылдарда анын өсүш темпи 1998-ж. – 11,8%, 2000-ж. – 8,3%., 2001-ж. – 12,6%, 2008-ж. – 8,8% түзгөн.

Калктын кирешелеринин ичинен *кызмат акысынын* үлүшү төмөндөшүнө (1991-жылдагы 55,2%тен 2007-жылдагы 32,7%ке чейин) карабастан, ал мурдагыдай эле көпчүлүгүнүн жашоосунун негизги булагы болуп кала берүүдө. Калктын номиналдык акча кирешелеринин структурасында социалдык трансферттердин үлүшү 2 эсеге – (1992-жылдагы 27,2%тен 2007-жылдагы 13,1%ке чейин) төмөндөдү. Менчик иштен жана ишкердиктен кирешелер ылдам темп менен – көрсөтүлгөн мезгилде 12%тен 52,6%ке чейин өстү.

Республиканын калкынын турмуш деңгээлинин колдонулуп жаткан социалдык стандарты биринчи кезекте эмгекке акы төлөөнүн минималдуу өлчөмү, ага байланышкан бюджет чөйрөсүндөгү кызматкерлердин эмгегине акы төлөө боюнча Бирдиктүү тарифтик сетка, ошондой эле минималдуу пенсия болуп эсептелет. Андан тышкары, минималдуу кызмат акы (МКА) башка социалдык төлөмдөрдүн да чоңдугун аныктайт.

Экономиканы башкаруудан ажыроо жана күч алып бараткан инфляция, эгерде 1991-жылы республиканын орточо пенсиясы минималдуу керектөө бюджетинин (МКБ) 194%ин түзсө, 2002-жылы 49%ти, 2008-жылы – 46% түзгөндүгүнө алып келди. Ал эми дүйнөлүк практикада пенсиянын орточо өлчөмүнүн 70%тик МКБнын «босогосуна» чейин төмөндөшүнө жол берилбейт.

Азыркы убакта минималдуу кызмат акы эң маанилүү социалдык төлөмдөрдүн жана пособиелердин өлчөмүн жөнгө салуучу социалдык стандарттын милдетин аткарбай калгандыктан, бул милдеттерди турмушка ашыруу үчүн жаңы социалдык стандарт – керектөөнүн гарантияланган минималдуу деңгээлинин эсептешүү көрсөткүчү кир-

гизилди. Анын негизинде мамлекеттик пособиелердин өлчөмдөрү аныкталууга тийиш. Бул түшүнүк биринчи жолу КР 1998-жылдын 5-мартындагы «Мамлекеттик социалдык пособиелер жөнүндө» Мыйзамында пайда болду жана жакырчылыктын жеткен чегин билдирет. 1998-жылдын 1-майынан тартып керектөөнүн гарантияланган минималдуу деңгээлинин эсептешүү көрсөткүчү 100 сом өлчөмүндө аныктаса, 2007-жылдан баштап 340 сом көлөмүндө белгиленди.

Кризистин шартында мамлекет социалдык артыкчылыктарды так аныктоого тийиш жана бул багыттар боюнча (саламаттык сактоону реформалоо, билим берүүнү, социалдык камсыздандырууну, пенсия менен камсыз кылууну өнүктүрүү) иштелип чыккан программалардын негизинде өзүнүн стратегиясынын турмушка ашырылышын камсыз кылат.

Калктын турмуш деңгээлинин өзгөрүшүндөгү тенденцияларды минималдуу кызмат акынын (МКАнын) минималдуу керектөө бюджетине (МКБга) карата катышы чагылдырат. Талдоого алынган мезгилдеги бул параметрлердин ортосундагы катыш динамикасы сүрөттө көрсөтүлдү.

**МКАнын МКБга карата катышы**




МКА менен МКБнын ортосундагы катнаш 2008-жылы 8,6%ти түздү, бул кабыл алынган босого маанисинен (12%) бир топ төмөн.

Турмуш деңгээлинин көрсөткүчү катары Бүткүл дүйнөлүк банк калктын кирешелерин эмес, чыгашаларын пайдаланууга артыкчылык берип, муну кирешелер жөнүндөгү маалыматтар көп учурда төмөндөтүлүп көрсөтүлө тургандыгы менен түшүндүрөт. Анткени рынок шартында кирешелердин жеке жана расмий эмес булактардан байкаларлык өсүшү болот. Алсак, калктын турмуш деңгээлин 1996-жылдын

жазында жана күзүндө Кыргыз Республикасынын улуттук статистика комитети тарабынан «Жакырчылык мониторинги» жүргүзүлгөн. Изилдөөнүн натыйжасын талдап чыкканда, жакырчылыктын деңгээлин кирешелер боюнча эсептеп чыккан учурда үй чарбаларынын 76, 1%и же калктын 82, 3%и жакырчылыктын чегинен төмөн турган болуп чыкты. Ал эми эсептеп чыгуулар чыгашалар боюнча жасалган кезде, бул көрсөткүчтөр тиешелүү тартипте 62, 1 жана 70, 7%ке чейин төмөндөдү.

*Таблица*

**Ар кыл эсептөө жолдору менен чыгарылган жакырдык проценти**

| | Үй чарбасы | Калк |
|---|---|---|
| Кирешелер боюнча эсептөө | 76, 1 | 82, 3 |
| Чыгашалар боюнча эсептөө | 62, 1 | 70, 7 |

Жакырчылыктын чеги адам жашоо тиричилиги үчүн керектей турган калориялардын минимумунун учурунда ар бир адамга жалпы бир айлык чыгашалардын деңгээли катары аныкталган. Андан тышкары, өтө жакырчылыктын көрсөткүчү да эсептелет. Ал тамак-аш азыктарына гана ар бир адамдын чыгашаларынын деңгээли катары аныкталат. Өтө жакырдыктын чеги өзгөчө калктын көпчүлүк бөлүгү жарды болуп эсептелген кезде зарыл. Анткени мында социалдык колдоого өтө муктаж болгон калктын өтө тар чөйрөсү аныкталат. Жакырдыктын бул чегин пайдалануу калктын эң аялуу катмарларын даректүү колдоо боюнча тиешелүү чечимдерди иштеп чыгууда жана кабыл алууда жардам көрсөтө алат. Эң жарды калкты аныктоо үчүн зарыл болгон өтө жакырдыктын чеги айына 221 сомду түздү жана бул категорияга үй чарбаларынын 18, 2%и же калктын 20%ке жакыны камтылды.

**Жакырчылыктын региондор боюнча таралышы.** Жакырчылыктын саны өлкөнүн бардык региондорунда көбөйдү. Жакырчылыкка жогорку изилдөө боюнча Талас, Жалал-Абад жана Ош областтары көбүрөөк дуушар болушту, буларда жарды үй чарбаларынын тиешелүү тартипте 81%и, 80%и жана 79%и турган.

Жакыр эмес калктын көбүрөөк проценти Бишкекте (74%) жана Чүй областынын айыл жерлеринде (46, 8%) жашайт.

Шаар жерлериндеги, Нарын жана Талас областтарындагы жарды калктын үлүшү өтө жогору болсо да, жакырчылык проблемасы шаар жерлерине караганда, айыл жеринде өтө актуалдуу.

Эң жарды калктын эң жогорку проценти Ысык-Көл областынын шаар жерлеринде болсо, ошол эле убакта Ош областында эң жарды калктын эң жогорку проценти – айыл жерлеринде.

*Таблица*

**Жакырчылыктын региондор боюнча таралышы (1996-жылкы изилдөө боюнча, % менен)**

| Региондор | Жакыр эместер | Жакырлар |
|---|---|---|
| Республика | 37, 9 | 62, 1 |
| Шаар жерлери | 58, 6 | 41, 4 |
| Айыл жерлери | 25, 1 | 74, 9 |
| Бишкек шаары | 73, 9 | 26, 1 |
| Ыссык-Көл областы | 36, 7 | 63, 3 |
| Жалал-Абат областы | 19, 7 | 80, 3 |
| Нарын областы | 26, 1 | 73, 9 |
| Ош областы | 20, 6 | 79, 4 |
| Талас областы | 19, 2 | 80, 8 |
| Чүй областы | 46, 8 | 53, 2 |

**Жакырчылыктын, кирешенин башкы булактарына жараша таралышы.** Үй чарбаларын жардыларга жана эң жардыларга классификациялоо да үй башчыларынын кирешелеринин негизги булагына жараша болот. Эгерде кирешенин булагы айыл чарба азык-түлүктөрүн сатуу менен байланышкан учурда, жакырчылыктын деңгээли өтө жогору (71,9%). Андан ары жакырчылыктын деңгээли боюнча өзүлөрүнүн керектөөлөрү үчүн азык чыгаруу менен иш жүргүзүшкөн үй чарбалары (70,7%) кетет. Андан соңку орунда социалдык жардам алышкан жана ошонун эсебинен жашашкан үй чарбаларынын тобу (67,4%). Жакырчылыктын эң аз проценти – жекече иш жүргүзүшкөндөрдүн арасында (мында жардылар – 6,5%).

**Иш менен камсыз кылуу.** «Иш менен камсыз кылуу» маселеси боюнча эмгек рыногунун кээ бир негизги мүнөздөмөлөрү изилденди. Эркектердин эмгек рыногуна катышуусунун даражасы бардык областтар боюнча, айыл жеринде да, шаар жеринде да бирдей жогору, бирок бул процент айыл жеринде жогоруураак. Алардын эмгек рыногуна катышуусунун эң жогорку проценти Бишкек шаарында, Чүй жана Жалал-Абад областтарында.

Иш менен камсыз болгон калктын арасынан эркектердин арасындагы жумушчулардын жана аялдардын арасындагы кызматчылардын проценти эң көп. Жумушчулар негизинен айыл чарбасынын, өнөр жайынын чөйрөсүндө жана кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө иштейт.

Кызматчылардын көпчүлүгү (59,2%) тейлөө чөйрөсүндө эмгектенет. Эркектердин да, аялдардын да эң чоң процентин мамлекеттик ишканаларда эмгектенгендер көрсөтүштү.

Жумушсуздуктун эң көп деңгээли Талас жана Жалал-Абад областтарында белгиленди.

Эркектердин арасындагы жумушсуздардын проценти айылдык жерлерге караганда, шаар жерлеринде жогору (тиешелүү тартипте 15,7% жана 13,0%).

Жумушсуздукка калктын бардык жыныс-курактагы топтору камтылган, бирок ага кыйла даражада жаштар да дуушар болууда. 16–25 жаш курактык топтогу жумушсуздуктун деңгээли эң жогору (18,9%).

Ошондой эле билим берүүнүн деңгээли менен жумушсуздуктун ортосунда өз ара байланыш бар.

Аялдардын арасында жумушсуздуктун деңгээли башталгыч билими болгондордо гана эң жогору, билим деңгээли жогорулаган сайын алардын арасындагы жумушсуздук да төмөндөйт. Эркектердин арасында жумушсуздуктун деңгээли «бүткөн орто жана башка» билими болгондордо эң жогору. Аялдардын арасында да, эркектердин арасында да, жумушсуздуктун деңгээли жогорку билими болгондордуку төмөнүрөөк.

Өз кезегинде жумушсуздар жумушсуздуктун узактыгы боюнча бөлүнүшөт.

Жумушсуздардын көпчүлүк бөлүгү (71,9%) 12 жана андан ашуун айлар бою иштебейт. Жумушсуздардын экинчи эң чоң тобу (14,3%) жакындан бери эле (3 ай жана андан азыраак) иштебей калгандар. Бул аялдар үчүн да, эркектер үчүн да бирдей эле. Бирок, 35–55 жана 56–60 жаш курак топторунда жумушсуздуктун узактыгы 16–25 жана 26–36 жаш курак тобундагылардыкынан жогору. Жумушсуздуктун эң жогорку узактыгы Нарын жана Жалал-Абад областтарында.

Улуттук изилдөөнүн маалыматтары жумушсуздардын саны жөнүндөгү гана маалыматты сунуш кылбастан, ошондой эле жумушсуздар иш издөөдө пайдаланышкан методдорду аныктоого жардам берди.

Жумуш издөө үчүн адамдар ар кыл методдорго кайрылышат. Жумушсуздар кыйла көбүрөөк жумуш издегенде уюмдар менен ишканаларга жеке кайрылышат. Жалпысынан республика боюнча жумушсуздардын 84,3%и ушул методду пайдаланышат. Жумушсуздардын иш издешинин кыйла кеңири таралган экинчи методу «үй-бүлөлүк

байланыштар» (48,0%) болуп эсептелет. Жумушсуздардын азыраак проценти (2%) ишти массалык маалымат каражаттары аркылуу издешет. Жумушсуз аялдар эмгекке орноштуруу кызматын эркектерге караганда кыйла көбүрөөк пайдаланышат. Изилдөөнүн маалыматтары боюнча, жумушсуздардын 24,5%и гана иш менен камсыз кылуу борборлорунда катталган. Катталган жумушсуздардын арасында аялдар көбүрөөк процентти (34, 1%) түзүшөт. Эркектерде бул көрсөткүч 18,8%ке барабар.

Изилдөөдө жумушу жок жарандар жумушсуздар катары катталышпагандыгынын себептери табылды.

Биринчиден, 16–25 жана 26–35 жаш курак тобундагыларда респонденттердин көпчүлүк бөлүгү бул суроого ал туурасында эч нерсе билбейбиз деп жооп кайтарышкан (тиешелүү тартипте 45,2% жана 29,5%). Экинчиден, улуу курактагы респонденттер бул суроого жооп катары пособиелердин эң аз суммасына шылтоо кылышты.

**Ден соолук.** 1996-жылдын күзгү изилдөөсүндө респонденттердин өзүлөрүнүн ден соолугу жөнүндөгү пикир изилденди. Жалпысынан изилдөөгө алынган калк өз ден соолугун оң баалайт. Республика боюнча бардык подгруппалар үчүн респонденттердин 80%и алардын ден соолугу «эң жакшы» же «канааттандырарлык» деп жооп беришти. Эң жарды респонденттер, таң каларлыгы, алардын ден соолугу башка топтогулардыкынан алда канчалык «эң жакшы» деп жооп кайтарышты. Мындай учурда физиологиялык факторлор роль ойной алышпаса да, ден соолуктун жакшы абалы мындайчасынан жашоо тирчилиги менен байланышкан факторлордун комбинациясы менен шартталышы мүмкүн: эң жардылар натуралдык азыктарды көбүрөөк, майлуу тамактарды азыраак, алкоголь менен тамекини азыраак пайдаланышып, кара күч эмгеги менен көбүрөөк аракеттенишет. Бул кыйла даражада кирешенин station азды менен байланышкан.

Докладда тандоо жолу менен жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжасында алынган маалыматтар келтирилип, талдоого алынса да, алар Кыргыз Республикасынын калкынын турмушунун учурдагы экономикалык жана социалдык шарттарынын толук көрүнүшүн калыс чагылдырат. Түзүлгөн жагдайда калктын социалдык диференциясынын күчөшү улантылган кезде жардылардын жана эң жарды үй чарбаларынын саны да көбөйөт. Мамлекеттин негизги милдети калктын социалдык жактан аялуу топторуна жардам көрсөтүү болуп эсептелет.

Калкты социалдык жактан колдоонун мындай системасы зарыл, ал социалдык жактан корголбогон жана чындыгында мамлекеттин колдоосуна муктаж адамдарга ачык-айкын жардам көрсөтө алар эле.

Иш менен камсыз кылуу кызматынын органдарына бардык маселелер боюнча 1430 миң адам, анын ичинен эмгекке орноштурууга байланыштуу – 81 миң адам, консультация алууга – 62 миң адам кайрылган. Эгерде толук эмес жумуш күнүндө иштегендерди, ошондой эле өз күчтөрү менен ишти жигердүү издеп жүрүшкөн жарандарды эске алсак, толук же жарым-жартылай жумушсуздардын саны бери болгондо эле 160 миң адамга же жумушчу күчүнүн 9дан ашуун процентине жетип барышы мүмкүн. Бул республиканын экономикалык коопсуздугуна (экономикалык жактан жигердүү калкка карата 7%тик босого маанисине) коркунуч болуп эсептелет.

Калктын турмуш деңгээлин жакшыртуу жана жакырчылыкты жоюу үчүн кыска мөөнөттүү мезгилде төмөнкүдөй чаралар зарыл:

• *кызмат акынын, пенсиялардын жана бюджеттик сектордогу кызматкерлердин эмгегине акы төлөөнүн минималдуу өлчөмдөрүн жогорулатып, алардын МКБнын деңгээлине чейин жакындаштыруу;*

• *начар камсыз болгон үй-бүлөлөргө берилүүчү мамлекеттик пособиелердин системасын өркүндөтүү жана каражаттарды бөлүштүрүүнү өтө муктаждарга топтоштуруу. Социалдык жактан даректүү коргоонун деңгээлин жогорулатуу;*

• *мамлекеттик иш менен камсыз кылуу кызматтары, жергиликтүү бийлик органдары жана жумуш берүүчүлөр акы төлөнүүчү коомдук иштерди уюштурууну кеңири жайылтуулары керек;*

• *салык салуу системасы аркылуу кирешени адилеттүү бөлүштүрүү жана калктын аз кирешелүү топторуна салык оорчулугун басаңдатуу;*

• *чакан жана орто ишкердикти түзүүнү, инвестицияларды тартуу, кредиттерди берүү жана финансылык кредиттик кызматтарды көрсөтүү жолу менен, ошондой эле салык механизмдери аркылуу калктын иш менен өзүн-өзү камсыз кылышын стимулдаштыруу;*

• *баалардын өзгөрүшүнө жана жашоо минимумунун көбөйүшүнө ылайык эмгекке акы төлөөнүн гарантияланган минимумун (же ставкасын) аныктоо;*

• *калкка кызмат акынын жана социалдык трансферттердин бардык түрлөрүнүн өз убагында төлөнбөгөндүгү менен байланыштуу компенсациялык төлөмдөрдү камсыз кылуу;*

*• жогорку жана эң жогорку кирешелүү жарандарга эң катуу прогрессивдүү салык салууну киргизүү;*

*• калкты социалдык жактан коргоо боюнча Кыргызстанда кабыл алынган мыйзамдардын, нормативдик актылардын жана өкмөттүк документтердин турмушка жарактуулугун камсыз кылуу;*

*• калктын жарды категорияларын (пенсионерлерди, майыптарды, студенттерди, көп балалуу үй-бүлөлөрдү ж. у. с. ) алда канчалык толук камсыз кылуу максатында кирешелердин бардык түрүн индексациялоону үзгүлтүксүз өткөрүп туруу.*

Кыргыз Республикасын 2020-жылга чейин өнүктүрүүнүн инновациялык модернизациялоо стратегиясы калктын жашоо деңгээлин жогорулатуу, жакырчылыкты азайтуу жана социалдык коргоону күчөтүү боюнча жаңы чараларды белгилеген. Калктын басымдуу бөлүгүнүн турмуш деңгээли төмөн, калктын 35%тен ашыгы жакыр, кирешелердин дифференцияланышы өсүп жатат. Калктын орчундуу бөлүгүнүн турмуш шарты, биринчи кезекте жакырлардыкы жана айрыкча айылдыктардыкы канааттанарлык эмес. Шаарлардын жана айылдардын көптөгөн тургундарында таза сууга жетпегендик проблемасы бар.

Жумушсуздуктун масштабы орчундуу. Ушундай шарттарда мамлекетке өзүн-өзү камсыздай албагандарга социалдык колдоо көрсөтүү жоопкерчилиги жүктөлүүдө. Өлкөдө граждандарга даректүү социалдык коргоо көрсөтүү системасы түзүлүп жатат, пенсияларды жана жумушсуздук боюнча пособиелерди чектөөдө камсыздандыруу принциптерине өтүү башталды, эмгек рыногунда активдүү саясат жүргүзүү программалары ишке ашырылууда. Ошону менен бирге социалдык саясатта чоң проблемалар бар.

**Жакырчылыкты азайтуу.**

Кыргызстандын калкынын 35%тен ашыгы жакырчылыктын чегинен төмөн турат деп белгилебедикпи. Бул өлкөнүн айрыкча курч проблемаларынын бири. Жакырчылык социалдык жана саясий стабилдүүлүктү бузуучу фактор болуп баратат. Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасында Жакырчылыкты азайтуунун стратегиясы да иштелип чыкты, ал болсо 2020-жылдарга чейин ишке ашырылмакчы. Натыйжада анын деңгээли 26%ке чейин төмөндөтүлмөкчү.

## § 5. Республикадагы экономикалык реформанын негизги багыттары

2009-жылы «Кыргыз Республикасынын 2020-жылга чейин экономикалык өнүгүүнүн инновациялык модернизациялоо стратегиясы» иштелип чыккан. Анын негизги максаты – экономиканын арымдуу өнүгүшүн камсыз кылуу. Мында, алгачкы жылдар экономика андан ары өсүш үчүн өзүндөгү күчтөрдү, мүмкүнчүлүктөрдү жана стимулдарды кайрадан жаратууга жумшалат. Демек, биринчи жылдар өндүрүштүн чөгүшүнүн токтолушунун, өндүрүштүн артыкчылыктуу тармактарынын жана фирмалардын модернизациялоо аркылуу жанданышы, өсүшү менен экономиканын реалдуу секторунун өткөөл деңгээлиндеги биротоло комплекстүү турукташуусунун жылдары болмокчу. Андан аркы жылдарда өндүрүштүн изден тайбастан өсүшү, жүгүртүү каражаттарын толтуруу, фирмалардын инвестициялык мүмкүнчүлүктөрүн көбөйтүү, продукцияны сатып өткөрүү ишинде илгерилөө жүрөт. Ошентип, Кыргыз Республикасынын социалдык экономикалык өнүгүшүнүн, инновациялык модернизациялоо стратегиясынын милдеттери – тиешелүү инфраструктураларды жана өбөлгөлөрдү түзүү жолу менен республиканын өндүрүшүнүн жана бүткүл экономикалык турмушунун өркүндөшүн камсыз кылуу.

Демек, келечектеги мезгил экономиканын өсүү нугуна түшүшү, өндүрүп чыгаруу процессинин бардык каражаттары менен механизмдери толук даражада иштеши менен белгиленүүгө тийиш.

Ошентип, өндүрүш арзан, сапаттуу жана атаандаштыкка жарактуу продукцияны рынокко улам көбүрөөк көлөмдөрдө чыгарат. Демек, бул мезгилдин милдети инновациялык негизде экономиканын бардык табигый өндүрүп чыгаруучу процесстерин иштетүүдө турат.

Келечекте реалдуу секторду өркүндөтүүнүн жалпы стратегиясында төмөнкүлөр республиканын экономикасынын артыкчылыктуу тармактары деп аныкталды:

• отун-энергетика комплекси;

• айыл чарбасы жана тамак-аш өнөр жайы;

• жеңил өнөр жайы (текстиль жана тигүү өндүрүшү, мех жана булгары өндүрүшү, элдик-көркөм кол өнөрчүлүк);

• тоо-кен өнөр жай комплекси;

• өнөр жайынын электротехникалык жана радиоэлектрондук тармагы.

Мында эң маанилүү роль социалдык багыттагы аралаш экономиканы түзүүгө, элдин турмуш деңгээлин жогорулатууга ыйгарылат.

Көрсөтүлгөн максаттарды жана милдеттерди жүзөгө ашыруунун жолдору төмөнкүлөр:

1. Республика башынан өткөрүп жаткан өткөөл мезгилдин өзгөчө кыйынчылыктарынан жана татаалдыктарынан улам мамлекеттин ролу өтө маанилүү болуп эсептелет. Өкмөт, өндүрүштүк-чарбалык, экономикалык жана финансылык министрликтер менен ведомстволор аркылуу өндүрүштүк-чарбалык ишти кайрадан жаратуунун башкы түйшүгүн алууга, фирмаларга жана ишкерлерге ыңгайлуу шарт түзүүгө, алардын олку-солкулардан өнөлүшүнө жардамдашууга жана өндүрүш менен экономиканын башка бардык чөйрөлөрүнө ишкердик жигердүүлүктү жайылтууга тийиш.

2. Ата мекендик өндүрүшчүлөрдү, үй чарбаларын эң оболу, өзүнүн ички рыногуна багыт алдыруу керек. Бул рынок энергетиканы, айыл чарбасын, тамак-аш жана жеңил өнөр жайын, андан соң курулушту, машина жасоону, транспортту, сооданы жана реалдуу сектордун башка тармактарын жандандыруу жана көтөрүү үчүн локомотив катары кызмат өтөөгө тийиш. Тамак-аш азык-түлүктөрүнө жана эң кеңири керектөөчү товарларга туруктуу суроо-талап болгон учурда, бул рыноктогу иш өндүрүшкө бир жолку ири инвестицияларсыз, анын тез жүгүртүлүшүндө салыштырмалуу бир азыраак капитал менен бүткөрүлө тургандыгын эске алуу керек.

Импорттук товарларды ички рыноктон сүрүп чыгаруу үчүн эч кандай мажбурлоочу чараларды жана ашкере бажы пошлиналарын киргизүүнүн кереги жок. Өзүлөрүнүн жакшы сапаттагы жана кыйла арзан азык-түлүктөрү менен товарларын рынокко көбүрөөк чыгарышы үчүн ата мекендик өндүрүшчүлөргө жардамдашуу гана керек.

3. Тоо кендерин казып алуу өнөр жайынын, түстүү металлургиянын жана машина жасоонун ишканаларында зор кубаттуулуктарды мүмкүн болушунча тезирээк иштетүү, он миңдеген адамдарды иш менен камсыз кылуу керек. Ушул максатта баалуу кагаздардын алгачкы жана экинчи рынокторун жандандыруу жана ушул фирмалардын менчигинин бир бөлүгүн жана капиталдардын аларга акциялардын ири пакеттерин сатуу жолу менен башка өлкөлөрдүн (Россиянын, Казакстандын, Өзбекстандын жана башкалардын) финансылык-өнөр жай корпорацияларына чечкиндүүлүк менен өткөрүп берүү зарыл.

Ушунун аркасында негизинен тышкы берип туруучуларга жана тышкы керектөөчүлөргө багыт алган республиканын ири ишканалары сырье, материалдар, жабдуулар, продукцияны сатып өткөрүү рыноктору, инвестициялар менен камсыз кылуу боюнча өз абалын олуттуу жеңилдете алышат.

4. Инвестициялардын мааниси зор. Экономиканы жандандыруу жана көтөрүү үчүн мамлекет капиталдык салымдарын экономикага жумшоону жана багыттоону катуу көзөмөлдүккө алышы жана координациялап турушу зарыл. Фирмалар менен ишканалардын ички топтоолору, үй чарбаларынын жана калктын аманаттары, чет өлкөлүк түз инвестициялар жана кредиттер реалдуу секторго, ички жана тышкы рынокторго жакшы жана керектүү товарлар менен кызмат көрсөтүүлөрдү тез берише ала турган фирмаларды өнүктүрүүгө багытталышы маанилүү.

5. Өндүрүшкө жумшоо үчүн зарыл жүгүртүү каражаттарын жана капиталдык салымдарды түзүүгө карата, фирмалардын жана үй чарбаларынын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү максатында, банктардын кредиттерине проценттик ставкаларды төмөндөтүүгө жана салыктын оорчулугун басаңдатууга багытталган чараларды ишке ашыруу керек. Өндүрүшчүлөргө кредит үчүн акы төлөө ставкасы эң төмөнкү процентте, ал эми салыктардын жалпы чоңдугу баланстык пайданын ондон бири чектеринде болгудай жасоо керек.

6. Республиканын өкмөтүнүн эң маанилүү камкордуктарынын бири фирмалар менен акционердик коомдордун, компаниялардын, корпорациялардын, банктардын жана башка өндүрүштүк, чарбалык, финансылык жана башка экономикалык уюмдардын жетекчи кызматтарына жөндөмдүү, иштин көзүн тааныган жана таланттуу ишкерлерди тандоо, даярдоо жана жайгаштыруу болууга тийиш. Мында, биринчи кезекте, анык ишкерлер натыйжалуу өнүгүүнүн жолу менен жылдырууга тийиш.

7. Өкмөт, ишин толугу менен же жарым-жартылай токтотуп коюшкан фирмаларды оңдоого, кайра уюштурууга жана жоюуга өзгөчө көңүл бурушу керек. Алардын ишин стимулдаштыруу боюнча жалпы экономикалык методдор, тажрыйба көрсөткөндөй, оң натыйжаларды бербей жатат. Ар бир ишкана үчүн өзгөчө шарттар жана факторлор мүнөздүү. Ошондуктан ушундай ар бир фирма боюнча бизнес-план даярдап, анда төмөнкүлөрдү кароо зарыл:

1) Эркин товардык рыноктorgo чыгуу мүмкүнчүлүгүнө экономикалык баа берүү:

а) товарларды алардын атаандаштыкка жарактуулугун эсепке алуу менен сатып өткөрүү боюнча;

б) сырьелорду жана материалдарды сатып алуу боюнча.

2) Фирманын (иштеп жаткан жана 2–3 жылга болжолдонгон) финансылык абалына баа берүү.

3) Фирманын жаңы шарттагы иштин талаптарына шайкеш келишин изилдөө:

а) кадр менен камсыз болушун;

б) өндүрүштүн инновациялык технологияны өздөштүрүшүн;

в) жүгүртүү каражаттары менен камсыз болушун;

г) продукциянын сапаты жана наркы (чыгымдары) боюнча атаандаштыкка жарактуулугун.

Фирманы экономикалык жактан оңдоо мүмкүнчүлүгүнө оң баа берүүдө төмөнкүдөй маселелерди чечүү зарыл:

• өз ара эсептешүүлөр жүргүзүлгөндөн кийин анын карыздарын төлөөнү болжол менен 5 жылга токтотуп туруу;

• социалдык чөйрөнүн объектилерин жергиликтүү өзүн-өзү башкаруунун муниципалдык органдарынын балансына өткөрүп берүү;

• пайдага салык салуунун жеңилдик ставкалары же төлөөдөн 2–3 жылга толугу менен бошотуу; жүгүртүү каражаттарына жеңилдик кредит берүү, жаңы, өтө өркүндөтүлгөн технологияларга жана жабдууларга инвестициялар тартууга жардамдашуу.

4) Министрликтин же мамадминистрациянын деңгээлинде, бизнес-пландын ишке ашырылышын оперативдүү контролдоо.

5) Бул талаптарга ылайык келбеген фирмалар банкрот деп жарыяланууга, кайра уюштурулууга жана жоюлууга тийиш.

Реалдуу секторду жогорулатуунун негизинде, иш менен камсыз кылууну кеңейтүүнү жана жумушсуздукту кыскартууну, калктын иштеп табууларын жана кирешелерин, ата мекендик ишкерлер жана фирмалар чыгарышкан азык-түлүктөргө жана товарларга төлөөгө жарактуу суроо-талаптын өсүшүн көбөйтүүнү камсыз кылуу керек. Бул мамлекеттин кирешелер жагындагы саясатын турмушка ийгиликтүү ашырууга мүмкүндүк берет. Жалпы суроо-талаптын өсүшү, өз кезегинде, республиканын реалдуу секторун жана бүткүл экономикасын өнүктүрүүнүн түрткүсү жана стимулу болуп кызмат аткарат.

*Инвестициялык саясатты реформалоонун багыттары.*

Экономикалык өсүштү модернизациялоо жана социалдык жактан өнүктүрүүнү каржылоодо, басым мамлекеттик инвестициядан тике инвестицияларга которулууга тийиш. Чет өлкөлүк тике инвестицияларга өзгөчө маани берилет, анткени алар экономикага жаңы капиталды, башкаруу технологиясын жана практикасын алып келип, чет өлкөлөрдө жаңы рынокторду ачат. Инвестицияларды тартуу үчүн жагымдуу инвестициялык шарт түзүү керек. Мындай шарт макроэкономикалык туруктуулукту камсыздоону, менчик укугун реалдуу коргоочу мыйзамдардын ачык-айкын жана натыйжалуу иштешин, ыгы жок мамлекеттик кийлигишүүнү азайтууну, коррупцияны жоюуну, финансы системасынын туруктуулугун, инвесторлорго артыкчылыктарды берүүнү, чет өлкөлүк жана ички инвесторлор үчүн бирдей эрежени, экономиканын ачык-айкындыгын камсыздоону талап кылат. Чет өлкөлүк тике инвестицияларды тартууга жеке сектордун инвестициялык мүмкүндүктөрүн тыкан иштеп чыгуу, ишкерлерге зарыл маалыматтарды, консалтингдик жана башка кызматтарды көрсөтүү да өбөлгө болот.

Кыргызстанга жардам көрсөтүүчү донор өлкөлөр жана эл аралык финансы уюмдары менен бирдикте дайыма иштелип чыгуучу орточо мөөнөттүү стратегиясынын чектеринде тышкы жардамды координациялоо жана аны натыйжалуу пайдалануу күчөтүлөт. Кыргызстан бул документтерди иштеп чыгууда келечек үчүн баяндалган максаттар менен приоритеттерди программалык негизде колдоону чечкиндүү ишке ашырат.

Ошол эле мезгилде мамлекет өлкөнү өнүктүрүү үчүн кыскартылган мамлекеттик инвестициялардын ордун толтуруу максатында зарыл керектөө жеке инвестицияларды тартууга жигердүүлүк менен ыңгайлуу шарттарды түзөт.

Инвестициялардын азыркы талапка жооп берерлик натыйжалуулугун камсыз кылуу биринчи иретте мамлекеттин инновациялык саясатын жүзөгө ашырууга байланыштуу. Ошондуктан, анын механизмдерин карап өтөлү.

**Мамлекеттик инновациялык саясатты жүзөгө ашыруунун механизмдери**. Мамлекеттик инновациялык саясат башкаруунун, жөнгө салуунун жана көмөк көрсөтүүнүн төмөнкү мамлекеттик механизмдерин пайдалануу менен жүргүзүлөт.

*Биринчиси*, инновациялык ишмердүүлүктү ресурс менен камсыздоону жана *экинчиси*, улуттук инновациялык системанын (УИС) жүзгө ашыруу механизмдери үчүн шарт түзүү.

**Инновациялык ишмердүүлүктү ресурс менен камсыздоо.**

Мамлекеттик инновациялык саясат төмөнкүлөрдү камтыган инновациялык ишмердүүлүктү ресурс менен камсыздоого тике же кыйыр түрдө кызмат кылат:

а) *кадр менен камсыздоону.* Ал төмөнкүлөрдөн турат:

*– жогорку билим берүү системасынан;*

*– финансылык жана технологиялык менеджерлердин, техникалык адистер менен мамлекеттик кызматкерлердин тренингинин жана алардын адистигин үзгүлтүксүз жогорулатуу системасынан;*

*– квалификациялуу адистердин натыйжасыз иштеген тармактардан келечектүү тармактарга өтүшүнө көмөк берүүчү жумушчу күчүнүн кыймылдуулугун камсыз кылуучу системаларды ишканалардын базасында түзүүдөн турат;*

б) *мамлекеттик менчикти* (кыймылсыз мүлктү, жабдууларды жана интеллектуалдык менчик объектилерине укукту) өнөр жайынын кайра иштетүүчү тармактарын натыйжалуу өнүктүрүүнү камсыз кылуучу жаңы структураларга өткөрүп берүүнү;

в) илим-изилдөө жана тажрыйба-конструктордук жумуштарды, аны менен кошо эл аралык программаларды финансылоого мамлекеттин катышуусун;

г) билимдерди жана технологияларды инновациялык технологиялык ишмердүүлүктүн субьектилеринин арасында жайылтууга көмөк берүүчү азыркы маалымат инфраструктурасын түзүүнү;

д) инновациялык ишмердүүлүктүн маанилүүлүгүн жана келечектүүлүгүн бардык жалпыга маалымдоо каражаттарында пропагандалоону.

Билим берүү чөйрөсүндөгү механизмдер:

*– билим берүүчү жана маалыматтык-телекоммуникациялык жаңы технологияларды кеңири пайдалануу, окуу процессин илимий-усулдук камсыздоону өркүндөтүү, инновациялык ишмердүүлүк тармагындагы педагогикалык кадрларды даярдоонун жана алардын адистигин жогорулатуунун сапатын жакшыртуу;*

*– уюмдардын инновациялык активдүүлүгүн жогорулатууну камсыз кылуучу инновациялык ишмердүүлүк тармагындагы кадрларды*

*даярдоо жана кайрадан даярдоо, илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын коммерциялаштыруу;*

*– жогорку окуу жайларынын, кесиптик кошумча билим берүүчү мекемелердин базасында инновациялык ишмердүүлүк үчүн менеджерлерди даярдоо системасын өнүктүрүү;*

*– билим берүү системасындагы окумуштуулардын илим сыйымдуу технологияларды түзүүгө, анын ичинде кош арналыштагы технологияларды, инновациялык продукцияларды түзүүгө жана өндүрүштүн атаандаштыкка жарамдуулугун жогорулатууга катышуусу.*

Инновациялык продукцияны экспорттоо чөйрөсүндөгү механизмдер:

*– өнөр жайдын иштеп чыгуучу продукциясын – машиналарды, жабдууларды, жогорку технологиялуу жана илим сыйымдуу буюмдарды, кызмат көрсөтүүлөрдү экспортко багыттоо;*

*– мамлекет тарабынан экспортко багытталган долбоорлорду, илим сыйымдуу жана жогорку технологиялык продукция чыгарууну өздөштүрүүнүн программаларын колдоо;*

*– экспорттук өндүрүштү өнүктүрүү үчүн жабдууларды, чийки заттарды, материалдарды, Кыргызстанда чыгарылбаган комплектөөчү жана запастык тетиктерди сатып алууларды колдоо;*

*– Кыргызстандык өндүрүшчүлөрдүн чет өлкөлүктөр чыгарган алардыкына окшош продукциясына карата атаандаштыкка жарамдуу жогорку технологиялуу продукциясын экспорттоону тарифтик жана тарифтик эмес жөнгө салуунун эсебинен тез экспорттоо үчүн шарт түзүү.*

**Бажы механизмдери,** ата мекендик өндүрүшчүлөрдү коргоого багытталган импортту, бажылык жөнгө салуунун ийкемдүү системасынын иштеп турушун камсыз кылышы зарыл.

Жыйынтыктап айтсак, индустриясы өнүккөн өлкөлөрдүн көпчүлүгү үчүн, чарбада алдыңкы илимий-техникалык жетишкендиктердин негизинде инновациялык технологияларды кеңири өздөштүрүү, экономикалык өсүшкө жетүүнүн жана калктын жашоо-турмушун жогорулатуунун негизги багыты болуп саналат.

Биздин мамлекеттин финансылык ресурстарынын чектелгендиги, инновациялык программаларга жана долбоорлорго негизги артыкчылык берүүнү шарттайт. Аларды ийгиликтүү ишке ашыруу жумушчу орундарынын санынын, жумуш менен камсыз болуу деңгээлинин

өсүшү жана өндүрүштүн атаандаштыкка жарамдуулугун жогорулатуу менен коштолуучу өнөр жай, айыл чарба ж. б. тармактардын тез жакшыруусун камсыздоого мүмкүндүк берет.

• Экономиканы жана социалдык чөйрөнү ар тараптуу модернизациялоо ИДПнын өсүү темпин 2010-жылы 102,6%ке, 2015-жылы 105,4%ке жана 2020-жылга 104,7%ке көтөрүүгө мүмкүндүк берет. Болжолдоонун сценарийинин чегинде өлкөнүн калкынын саны 2020-жылы 6,13 млн. адамга чейин өсүшү күтүлүүдө. Анын үстүнө, жогорку темп менен өнүгүү өнөр жайында, курулушта жана тейлөө чөйрөсүндө болот. Айыл чарбада 3–4%тик бир калыптагы орточо деңгээлдеги темпи менен өсүү каралган. Булардын бардыгы инновациянын негизинде өлкөнүн экономикасында олуттуу структуралык өзгөрүүлөрдү көздөйт. ИДПнын структурасында өнөр жайдын үлүшү 20%ке, тейлөө чөйрөсү – 45%, курулуш – 5%ке чейин көтөрүлсө, ал эми айыл чарбасы, абдан төмөн индустриализацияланган тармак катары, 25%ке чейин төмөндөйт. Ушундай болжолдоо ийгиликтүү ишке ашса, Кыргызстан орточо деңгээлдеги кирешелүү өлкөлөрдүн катарына кошулууга мүмкүндүк алып, калктын ар бир санына ИДПнын көлөмү 2010-жылы 1086,4 АКШ долл., 2015-жылы 2035,4 долл. жана 2020-жылы 3386,1 АКШ долл. түзөт (Дүйнөлүк Банктын аныктоосу боюнча орточо деңгээлдеги кирешелүү өлкөлөргө 3030 АКШ долл. жогору өндүргөн өлкөлөр кирет).

## § 6. Тышкы экономикалык саясат

**Республиканын тышкы экономикалык саясаты** – салыктар, субсидиялар жана импорт менен экспортко түз чектөөлөр аркылуу экономикага таасирин тийгизе турган мамлекеттик саясат. Тышкы экономикалык саясат мамлекеттин жалпы экономика боюнча саясатына тыгыз байланыштуу болот. Демек, ал мамлекеттин ички саясатына дагы айкалыш келүүгө тийиш жана өлкөнүн кеңири өнүгүүсүнө тышкы керектүү экономикалык шарттарды түзүүгө милдетүү.

**Тышкы соода** – бир өлкөнүн башка өлкөлөр менен соода жүргүзүүсү, товарды алып келүү (импорт) жана сыртка чыгаруудан (экспорт) турат. Тышкы сооданын негизин эмгектин эл аралык бөлүштүрүлүшү түзөт. Азыркы мезгилде тышкы рынок үчүн монополиялардын айыгышкан күрөшү, соода экспанциясы, өнүгүп жаткан өлкөлөр

менен соода жүргүзүүдө эквивалентсиз алмашуу мүнөздүү. 2000-ж. Кыргызстанда *тышкы соода жүгүртүүсү* (экспорт жана импорттун суммасы) 1,05 ал эми 2008-ж. 5,71 млрд долларды түзгөн. Тышкы сооданын негизги принциптери – өлкөлөрдүн тең укуктуулугу жана эки тарапка тең пайдалуулугу.



Өлкөнүн тышкы соода боюнча негизги көрсөткүчтөрү, төмөнкүлөр.

**Экспорт** – өз өндүрүштөрдөн чыккан товарлардын өлкөдөн чыгарылып кетүүлөрү, ошондой эле товарлардын реэкспорту.

Товарлардын экспортунун эсепке алынышы ФОБ баалары же экспорттоочу өлкөнүн франко-чек арасы боюнча жүргүзүлөт, башкача айтканда товарлардын баалары анын наркына же экспорттоочу өлкөнүн чек арага чейинки жеткирип берүү чыгымдарына киргизилет.

**Импорт** – товарлардын чет өлкөдөн алынып келиниши.

Товарлардын импортун эсепке алуу СИФ баасы же импорттоочу өлкөнүн франко-чек арасы боюнча жүргүзүлөт, башкача айтканда товарлардын баасына аны камсыздандыруу жана импорттоочу өлкөнүн чек арасына чейин жеткирүү боюнча наркы жана чыгымдары киргизилет.

**Тышкы соода жүгүртүүсү** – экспорттун жана импорттун суммасы.

**Соода балансынын сальдосу** – экспорт менен импорттун ортосундагы айырма. Оң сальдо – экспорттун импорттон ашышы, терс сальдо («кемитүү» белгиси коюлат) – импорттун экспорттон ашышы.

Биздин республика үчүн тышкы экономикалык саясат азыркы учурда зор мааниге ээ. Мунун себептери: 1) тышкы сооданын жогорку натыйжалуулугу, анын кайтаруу мөөнөтүнүн тездиги; 2) сырткы соода иштеринин өнүгүшү жана кеңири өсүшү республиканын экономикасына сырткы дүйнөнүн жаңы экономикалык мамилелерине тез

аралашып кетүүгө чоң көмөк болот; 3) тышкы соодадан түшкөн салыктар өлкөнүн бюджетинин кирешесин олуттуу толуктайт.

Тышкы соода саясатын либералдаштыруу боюнча биздин өлкөбүз белгилүү ийгиликтерге жетишти. Бул экономиканын ачыктыгын далилдей турган көрсөткүч.

*Таблица*

**Кыргыз Республикасындагы экспорт жана импорттун ИДПга катнашынын динамикасы (процент менен)**

| | 1992-ж. | 1994-ж. | 1997-ж. | 2000-ж. | 2008-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| Экспорт | 35,6 | 30,8 | 34,3 | 38,7 | 32,4 |
| Импорт | 47,6 | 28,4 | 40,0 | 42,6 | 80,4 |
| Орто эсеп менен тышкы соода жүгүртүүсү | 41,6 | 29,6 | 37,2 | 40,6 | 56,4 |

Жогорку маалыматтарды талдоодо эки мезгилди бөлүп көрсөтүүгө болот. Биринчиси, 1992–1994-жылдардагы экономиканын ачыктык деңгээлинин төмөндөшү (41,6%тен 29,6%ке чейин). Экинчиси, 1995–2008-жылдарда экономиканын ачыктык деңгээлинин жогорулашы (31,3%тен 56,4%ке чейин).

Республикада экспорттун эң маанилүү жана тез өсүп бараткан товары – алтын. Экспорттун чийки-зат багыты сакталып калууда. Өнөр жай товарларынын жана жарым фабрикаттардын бир азыраагын гана экспорттоого жетишилди.

Импорттун структурасында да өзгөрүүлөр болду. Республика машиналарды, механизмдерди, жаңы технологияларды сатып алууга көбүрөөк таламдаш болсо да, керектөө товарларынын импортунун өсүшүнүн агымы байкалууда.

Республиканын 1990–2008-жылдардагы соода балансы тышкы соода операцияларынын белгилүү балансылашпагандыгын көрсөтөт. Соода балансынын сальдосу оң болгон кездеги 1994-ж. жана 2001-жылды кошпогондо, импорттун экспорттон ашып кетүү тенденциясы байкалууда. Терс сальдо 2000-жылга салыштырганда АКШнын 49,6 миллион долларынан 2008-ж. 2430,2 миллион долларына чейин өсүп кеткен.

*Таблица*

**Кыргыз Республикасынын тышкы соодасы (АКШнын млн. долл.)**

| | 2000-ж. | 2001-ж. | 2002-ж. | 2008-ж. |
|---|---|---|---|---|
| Тышкы соода жүгүртүүсү | 1058,6 | 943,3 | 1072,2 | 5714,6 |
| экспорт | 504,5 | 476,1 | 485,5 | 1642,2 |
| импорт | 554,1 | 467,2 | 586,7 | 4072,4 |
| Соода балансынын калдыгы | -49,6 | 8,9 | -101,2 | -2430,2 |
| экспорттун импортко катнашы, % | 91,0 | 101,9 | 82,7 | 40,3 |
| *анын ичинде:* | | | | |
| КМШдан тышкаркы өлкөлөр | | | | |
| экспорт | 297,1 | 307,6 | 316,8 | 861,1 |
| импорт | 255,6 | 210,2 | 264,2 | 1885,5 |
| Соода балансынын калдыгы | 41,5 | 97,4 | 52,6 | -1024,4 |
| импорттун экспорттон жабылыш коэффициенти | 116,2 | 146,3 | 119,9 | 45,7 |
| **КМШ өлкөлөрү** | | | | |
| экспорт | 207,4 | 168,5 | 168,7 | 781,1 |
| импорт | 298,5 | 257,0 | 322,5 | 2186,9 |
| Соода балансынын калдыгы | -91,1 | -88,5 | -153,8 | -1405,8 |
| импорттун экспорттон жабылыш коэффициенти | 69,5 | 65,6 | 52,3 | 35,7 |

Экспорттун негизги статьялары болуп кымбат баалуу металлдар, тамеки жана пахта буласы, кездеме буюмдары, даяр тамак-аш азыктары. Ал эми импортто – даяр тамак-аш азыктары, кездеме буюмдары, жабдуулар жана механизмдер калууда.

Мурдагыдай эле, кыйла валюталык каражаттар республикада деле чыгарууга боло турган керектөө товарларын сатып алууга кетет.

*Таблица*

**Эл аралык стандарттуу соода классификациясынын бөлүмдөрү боюнча экспорттун түзүлүшү**

| | 2001-ж. | | 2008-ж. | |
|---|---|---|---|---|
| | АКШнын млн доллары | Жыйынтыкка % м-н | АКШнын млн доллары | Жыйынтыкка % м-н |
| Экспорт – бардыгы | 476,1 | 100 | 1642,2 | 100 |
| Тамак-аш азыктары жана тирүү малдар | 19,2 | 4,0 | 158,4 | 9,6 |
| Суусундуктар жана тамеки | 28,1 | 5,9 | 19,8 | 1,2 |
| Азык-түлүк эмес сырье, отундан башка | 46,1 | 9,7 | 75,8 | 4,6 |
| Минералдык отун, майлоочу майлар жана ушул өңдүү материалдар | 54,4 | 11,5 | 420,1 | 25,6 |
| Мал жана өсүмдүк майлары, тоң майлар жана мөмөлөр | 0,2 | 0, 0 | 0,2 | 0,0 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Химиялык заттар жана башка категорияларга киргизилбеген ушул өңдүү продукциялар | 18,1 | 3,8 | 131,8 | 8,0 |
| Негизинен материалдын түрлөрү боюнча классификацияланган өнөр жай товарлары | 19,5 | 4,1 | 142,2 | 8,7 |
| Машиналар жана транспорт жабдуулар | 55,5 | 11,7 | 94,4 | 5,7 |
| Башка даяр буюмдар | 10,1 | 2,1 | 135,9 | 8,3 |
| Башка категорияларга киргизилбеген товарлар жана операциялар | 224,5 | 47,2 | 463,5 | 28,2 |

Тышкы соода байланыштарынын абалы бир катар кечиктирилгис милдеттерди, эң оболу, экспорттук потенциалды өнүктүрүүнү, кыргыз товарларынын дүйнөлүк базарлардагы атаандаштыкка жарактуулугун жогорулатууну, экспорттун жана импорттун рационалдуу структурасын түзүүнү, чет өлкөлүк инвестицияларды өз ара пайдалуу шарттарда тартууну, республиканын экономикалык коопсуздугун камсыз кылууну талап кылат.

Ошону менен бирге, экспорттун структурасын түп-тамырынан кайра куруу кыйла убакытты жана олуттуу сарптоолорду талап кыла тургандыгын эске албай коюуга болбойт. Демек, чийки-зат товарлары мындан ары да экспорттун негизги статьялары болуп кала бериши мүмкүн.

Анын натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн экспорттолуучу материалдарды иштетип чыгуунун, ташылып чыгарыла турган чийки-заттын сапатын жакшыртуунун, аларды ташууларды рационалдаштыруунун даражасын жогорулатуу зарыл.

Финансы каражаттарынын чектелүүлүгүн же жоктугунун шартында экспортко көмөктөшүү керек. Биринчи кезекте, соода-саясат мүнөзүндөгү чаралар менен, ошондой эле Бүткүл дүйнөлүк Соода Уюмунун нормаларына жана эрежелерине ылайыктап иш жүргүзгөн жакшы.

Экспорттогу түзүлгөн абалга байланыштуу ата мекендик буюмдарды чет өлкөлүк базарларга жеткирүү максаттарында ички жана тышкы базарларды изилдөөнү жана чарба жүргүзүүчү субьектилерди соода ишин ийгиликтүү жүргүзүү үчүн зарыл маалыматтар менен консультативдик камсыз кылууну алда канчалык жандандыруу алдыда турат.

Ата мекендик товарларды өткөрүү үчүн соода өкүлчүлүктөрүн, дистрибьютордук тармактарды кеңейтүү боюнча ачык-айкын чараларды көрүү зарыл.

Импорттук саясат жагынан эл чарбасын жогорку техникалык деңгээлде модернизациялоо үчүн азыркы технологияларды жана жабдууларды сатып алуу маанилүү милдет бойдон калууда. Бул өзгөчө Кыргызстанда негизги каражаттары өтө эскирип кеткен (түздөн-түз ички базарда иштешкен) жеңил жана тамак-аш өнөр жайына тиешелүү.

Тышкы экономикалык ишмердиктин дагы бир маанилүү көрсөткүчү *төлөө балансы.* Ал атайын бир убакыттын ичинде алынган өлкөнүн дүйнөнүн башка өлкөлөрү менен жүргүзгөн тышкы экономикалык операцияларынын суммаланган маалыматтарынын системага салынган түрдөгү статистикалык отчетун билдирет.

Төлөө балансында эсепке алынган операциялардын негизги иргелген категорияларына учурда жүргүзүлүп жаткан операцияларынын эсептери, ошондой эле капитал жана финансылык каражаттар менен жүргүзүлгөн операциялардын эсептери киргизилет.

*Таблица*

**Эл аралык стандарттуу соода классификациясынын бөлүмдөрү боюнча импорттун түзүлүшү**

| | 2001-ж. | | 2008-ж. | |
|---|---|---|---|---|
| | АКШнын млн доллары | Жыйынтыкка % м-н | АКШнын млн доллары | Жыйынтыкка % м-н |
| Импорт – бардыгы | 467,2 | 100 | 4072,4 | 100 |
| Тамак-аш азыктары жана тирүү малдар | 35,7 | 7,7 | 400,9 | 9,8 |
| Суусундуктар жана тамеки | 18,7 | 4,0 | 94,4 | 2,3 |
| Азык-түлүк эмес сырье, отундан башка | 16,8 | 3,6 | 88,3 | 2,2 |
| Минералдык отун, майлоочу майлар жана ушул өңдүү материалдар | 121,0 | 25,9 | 1197,7 | 29,4 |
| Мал жана өсүмдүк майлары, тоң майлар жана мөмөлөр | 3,1 | 0,7 | 37,7 | 0,9 |
| Химиялык заттар жана башка категорияларга киргизилбеген ушул өңдүү продукциялар | 75,1 | 16,1 | 328,3 | 8,1 |
| Негизинен материалдын түрлөрү боюнча классификацияланган өнөр жай товарлары | 71,1 | 15,2 | 513,5 | 12,6 |
| Машиналар жана транспорт жабдуулар | 89,2 | 19,1 | 1083,6 | 26,6 |
| Башка даяр буюмдар | 36,2 | 7,8 | 319,6 | 7,8 |
| Башка категорияларга киргизилбеген товарлар жана операциялар | 0,0 | 0,0 | 8,3 | 0,2 |

Кезектеги операциялардын эсебинде товарлар менен кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортунун жана импортунун көрсөткүчтөрү, чет өлкөлөрдөн алынган жана чет өлкөлөргө төлөнгөн кирешелер, чет өлкөлөргө кезектеги трансферттер жана чет өлкөлөрдөн алынган трансферттер берилет.

Капитал жана финансы каражаттары менен операциялардын эсебинде капиталдык трансферттер жана өндүрүштүк эмес, финансылык эмес активдер менен жүргүзүлгөн операциялар берилген.

Финансылык эмес резиденттердин резидент эместерге карата финансылык талаптары жана резиденттердин резидент эместерге карата милдеттенмелери менен жүргүзүлгөн бүт операцияларды камтыйт. Финансылык эсеп боюнча алынган терс сальдо резиденттердин чет өлкөлүк активдеринин анык өсүшүн же операциялардын натыйжасында алардын чет өлкөлүк пассивдеринин төмөндөшүн көрсөтөт. Оң сальдо резиденттердин чет өлкөлүк активдеринин анык төмөндөшүн же чет өлкөлүк пассивдердин өсүшүн билдирет.

*Таблица*

**Кыргыз Республикасынын төлөө балансы [1]**
**(АКШнын миллион доллары)**

| | 2000-ж. | 2001-ж. | 2002-ж. | 2003-ж. | 2008-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| Күндөлүк операциялардын эсеби | -77,5 | -24,1 | -49,4 | -80,6 | -541,6 |
| Капитал операцияларынын жана финансы операцияларынын эсеби | 58,7 | 7,4 | 80,0 | -19,6 | -22,1 |
| Каталар жана калтырып кетүүлөр | 3,0 | 20,0 | -1,5 | 108,3 | 648,2 |
| Жалпы баланс | -15,8 | 3,3 | 29,1 | 8,1 | 84,6 |
| Каржылоо | 15,8 | -3,3 | -29,1 | -8,1 | -84,6 |
| Анын ичинен: | | | | | |
| КРУБдун резервдери | -21,2 | -16,3 | -43,8 | 50,8 | -121,3 |
| ЭВФнын кредиттери | 7,3 | -2,1 | -6,0 | -0,9 | 17,9 |

Тышкы экономикалык активдүү саясат жүргүзүү жалпы экономика боюнча маанилүү приоритет болуп эсептелет жана Кыргызстандын Дүйнөлүк соода уюмуна (ДСУга), региондук союздарга, эки тараптуу макулдашууларга катышуусунун артыкчылыктарын болушунча пайдаланууну, мурдатан келаткан соодалык өнөктөр менен

[1] Улуттук статистика комитети. Кыргызстан цифраларда, 2005, 221–222-беттер. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени, 1/2009, 100-101-беттер.

кызматташууну кеңейтүүнү, ошондой эле ата мекендик продукцияны жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатуу үчүн жаңы рынокторду издөөнү көздөйт.

Экономиканын структурасынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен эл керектөөчү товарларды импорттоонун ордун алмаштырууга, өлкөнүн салыштырмалуу артыкчылыктарын жана продукциянын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн, энергетиканын экспорттук потенциалын, агроөнөр жай комплексинин тармактарынын жана тейлөө чөйрөсүн өнүктүрүүгө биринчи кезекте көңүл бурулат. Тышкы соода жана тышкы экономикалык кызматташтык тармагында экспортту көбөйтүү жана ата мекендик ишканалардын атаандашууга жөндөмдүүлүгүн колдоого көмөктөшүү милдети чечилет, бул соода балансынын тартыштыгын азайтууга мүмкүндүк берет. Бул милдеттерди толук чечүүдө ДСУга мүчө болуунун жана региондук кызматташтык потенциалынын артыкчылыктары толук колдонулат. Чет өлкөлөр менен экономикалык кызматташуунун натыйжалуулугун арттыруу үчүн эки тараптуу жана көп тараптуу макулдашуулар түзүлөт, алар чек ара аркылуу товарлардын, финансы жана эмгек ресурстарынын эркин өтүшүн камсыз кылат. Өкмөт мамлекеттер аралык мамилелерде таламдарды коргоо, маалыматтык жана юридикалык жардам берүү, лицензиялоо, экспортчулар үчүн салык стимулдарын ишке ашыруу, лицензиялоо боюнча талаптарды азайтуу аркылуу Кыргызстандын ишканаларынын товарлары менен кызмат көрсөтүүлөрүнүн чет өлкөлөрдүн рынокторунда эркин өтүшүнө көмөк көрсөтөт. Импорттук жөнгө салуу жагынан **инновациялык** товарларды алып келүүнү колдоого жана ички рынокто атаандаштыкты камсыз кылууга басым жасалат.

Өлкөнүн ата мекендик ишканаларынын жана салык системасынын натыйжалуу иштеши бажы кызматтарынын ишин тез арада жана түп тамырынан жакшыртуусуз мүмкүн болбойт. Анын техникалык, нормативдик, уюштуруу жана кадрлык базасы чыңдалып, бул контрабанданы, баңги заттарды мыйзамсыз жүгүртүүнү азайтууга, ата мекемдик товар өндүрүүчүлөрдү коргоого жана мамлекеттик бюджеттин кирешелерин орчундуу көбөйтүүгө мүмкүндүк берет.

## Жыйынтыктоо

Кыргызстан аралаш (конвергенттик) экономикалык системаны курууда, рынок системанын үч эркиндигин (эркин ишкердикти, эркин бааны жана эркин атаандаштыкты) мамлекеттик жөнгө салып турууnun принциби менен толуктады. Ал мамлекеттин макроэкономикалык саясатынын беш багыты менен аныкталды. Алар: акча-кредит, салык-бюджет, инновациялык-инвестиция, элдин кирешелери жана тышкы экономикалык саясаттары.

Макроэкономикалык саясаттын негизги багыттарын өздөштүрүүдө Кыргызстан бир кыйла ийгиликтерге жетишти. Ошону менен катар экономиканы өстүрүү, жумушсуздук менен жакырчылыкты жоюу боюнча али чечиле элек көп маселелер бар. Алардын чечилиши экономиканын реалдуу (чыныгы буюм чыгаруучу) секторунун жогорку ылдамдыкта иштешине тыгыз байланыштуу.

*Суроолор:*

1. Макроэкономикалык саясаттын башкы багыттары кайсылар?
2. Фискалдык саясаттын маани-маңызы эмнеде?
3. Бюджет, бюджеттик система, бюджеттин тартыштыгы.
4. Фискалдык реформанын стратегиясы.
5. Фискалдык органдардын функциясы.
6. Республиканын монетардык (акча-кредит) саясатынын мааниси.
7. Акча жана анын милдеттери.
8. Валюта курстарын турукташтыруу саясаты.
9. Валюта саясатынын негизги багыттары.
10. Республиканын инновациялык-инвестиция саясаты.
11. Республиканын тышкы экономикалык саясаты.
12. Элдик киреше саясатынын факторлору.
13. Калкты иш менен камсыз кылуу.

# VI ГЛАВА. ДҮЙНӨЛҮК ЭКОНОМИКА

## § 1. Дүйнөлүк рынок

Дүйнөлүк рынок – бул баардык дүйнөдөгү улуттук экономикалардын жыйындысын түзгөн, глобалдуу экономикалык организм. Ал өлкөлөрдүн өз ара көз карандылыгын жана өз ара катнаштарын камтыган Эл аралык мамилелердин негизинде өнүгөт.

Эл аралык экономикалык мамилелер – товарларды жана кызмат өтөөлөрдү өндүрүү, бөлүштүрүү, алмаштыруу жана сарптоо боюнча өлкөлөрдүн арасындагы, айрым Эл аралык корпорациялар, мекемелер жана уюмдар арасындагы экономикалык байланыштар менен аныкталат.

Дүйнөлүк чарбанын өзгөчө мүнөздөмөсү төмөнкүдөй болот:

• эл аралык товар алмашуу глобалдык чөйрөдө жүргүзүлөт;

• эмгектин эл аралык бөлүштүрүлүшү – өндүрүштүн эл аралык адистештирилиши жана кооперацияланышы боюнча тереңделип өнүгөт;

• өндүрүш факторлорунун, капиталдын, жумушчу күчүнүн, технологиялардын жана маалыматтын эл аралык кыймылы жогорку деңгээлдеги тездикте жүрөт;

• өндүрүш жана капитал интернационалдаштырылат;

• ачык түрдөгү улуттук экономикалар пайда болуп өнүгө баштайт жана тышкы экономикалык байланыштар либералдаштырылат;

• өзгөчөлүктүү эл аралык финансылык чөйрө түзүлөт;

• маалыматташтыруу жана маалыматтык технологиялар дүйнөлүк чарбанын өнүгүшүнүн маанилүү багыты болуп калат;

• дүйнөлүк масштабда күндөлүк экономикалык жана валюта-финансылык иштерди тейлөөгө умтулуу пайда болот.

Дүйнөлүк рынокто өткөн XX кылымда өндүрүштүн жалпы көлөмү, экономикалык өсүштү ошол мезгилде камсыздап келген улуттук жана дүйнөлүк финансылык системалар, албан-албан өзгөрүүлөргө дуушар болду. Илимий-техникалык прогресс, инновациялык ишкердик товарлар менен кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмүн зор өсүшкө алып келди. Алар адамзаттын жашоо деңгээлин, жер жүзүндөгү калктын мурунку кылымдарда болуп көрбөгөндөй сан жагынан өсүшүнө карабастан, бир топ жогорулашын камсыз кылды. Өндүрүштүн өсүшү

улуттук экономикалардын өз ара адистештирилишин тереңдетүү, рыноктордун маанисин жогорулатуу менен коштолду.

1900–2000-жылдарда дүйнөлүк ИДП туруктуу баада 19 эсе өскөн, б.а. жылдын өсүү темпи орточо эсеп менен 3%ке барабар болгон. Ошол эле жүз жылдын ичинде калктын саны 1,6 млрд адамдан 6,3 миллиардга чейин же 4 эсеге көбөйгөн. Өндүрүштүн өсүшү элдин өсүшүнөн артыкча озгондугу тарыхый баалоодо зор бурулуш. XVII-кылымдагы өнөр жай революциясынан баштап 250 жылдын ичиндеги жетишилген ийгиликтер, эми адамзаттын зээнин кейитип келген «Мальтустун кылтагынан» бошотту десек туура болот (Мальтустун реакциячыл теориясы боюнча калктын өсүшү өндүрүштүн өсүшүнөн дайыма озуп турат, ошого байланыштуу элдин жашоосу такай кысымчылык болуп, жетишсиздик менен коштолот).

ИДПны ар бир адамга орточо эсеп менен алгандагы көлөмү XX кылымда дүйнө боюнча 5 эсеге жакын өскөн. Мындай зор өзгөрүүнүн негизги себеби болуп техникалык прогресстин, инновациялык иш-кердиктин дүйнөлүк экономикага тийгизген таасири эсептелет. Мында өзгөчө белгилей турган тармактар: химия, биохимия, абада учуу, синтетикалык материалдар, ядролук энергия, электроника, маркетинг жана башкаруудагы инновациялык ыкмалар болуп эсептелет [6].

Жогоруда келтирилген дүйнөлүк өндүрүштүн жана калктын кылым ичиндеги жалпы көрсөткүчтөрү өлкөлөр жана материктер арасындагы теңсиздикти жашыргансып турат. Тереңирээк талдоо жүргүзгөндө дүйнөдөгү элдин бай бөлүгү (1/4) ИДПны ар бир адамга орто эсеп менен алганда жүз жылда 6 эсеге көбөйтө алса, жарды бөлүгү (1/4) 3 эсеге эле көбөйтө алган. Мындай ахывал айрыкча Африка (Сахарадан түштүккө кеткен) өлкөлөрүнө мүнөздүү. Жалпысынан XX кылымдын ичинде өлкөлөр арасындагы айырмачылык жогорулап кеткен. Теңсиздик өлчөмү болгон – Джини коэффициенти [0дөн – (толук теңдеме) 1ге (толук теңсиздик) чейин өзгөрөт] 1900–2000-жылдар ичинде 0,40 тан 0,48 ге чейин көтөрүлүп даана мүнөздөп турат [6; 4-бет].

Ошону менен катар XX кылымдын экинчи жарымында Азия өлкөлөрү накта «рекорд коюучу» катары белгиленди. Алардын ИДПсы ушунчалык тез жогорулап, дүйнөлүк ИПДнын ичиндеги салыштырма салмагы эки эсе өсүп кетти.

Дүйнөлүк экономикада айрым системалардын арасындагы өзгөчөлүк өсүүгө таасирин анчалык деле тийгизбегендей сезилет. Мисалы,

XX кылымдын экинчи жарымында мурунку социалисттик системадагы өлкөлөр ИДПсын 6, 1 эсе көбөйтө алса, рынок экономикасындагы өлкөлөр 5,8 эсе көбөйткөн. Натыйжада мурунку социалисттик өлкөлөр өз үлүшүн дүйнөлүк ИДПда 15,3 төн 15,9 процентке чейин жогорулатса, рынок системасындагы өлкөлөр 84,7 ден 84,1 процентке чейин төмөндөтүшкөн [7; 225-бет].

## § 2. Эл аралык соода

Адам өзү үчүн керектүүнүн баарын өзү жалгыз өндүрө албагандай эле, өлкө дагы, а түгүл ал жаратылыш жана адам ресурстар жагынан эң эле бай болсо да, жалгыздап жашап кете албайт. Албетте, кээ бир өлкөлөр башка өлкөлөргө ишенбей, аларга кымындай да көз каранды болгусу келбегендиктен өз күчүнө гана таянып жашоого аракеттенет (мисалы, азыр түндүк Корея жана Куба ушундай иштеп жатат, ал эми мурун Советтер Союзу да ушуга окшош жолду туткан). Бирок мындай саясат экономикалык жактан эч пайдасыз. Анткени ар кайсы өлкөдө климат, пайдалуу кен байлыктарынын запасы, кызматчылардын кесиптик, адистик өзгөчөлүктөрү өтө ар түрдүү болот эмеспи. Ошондуктан өлкөлөрдүн ортосунда эмгектин өз ара бөлүнүшүн жөнгө салуу пайдалуу экени даана эле көрүнүп турат. Мындайда ар бир өлкө өзүндө эмне жакшы өндүрүлө турган болсо, адистешип, эмне жетишпесе башкалардан алмаштырып алат.

Эл аралык же тышкы соода мына ушундайча пайда болот. Андагы башкы орунду өнөр жай товарлары, баарынан мурда машиналар жана жабдуулар ээлейт. Мурун айтылгандай эле, өлкө тышка алып чыгуучу товарлар жана тейлөө анын экспорту, ал эми тыштан ташып келгени – импорту деп аталат. (Тейлөө кызматын да экспорттоого жана импорттоого болоруна таң калбай эле коюңуз. Мисалы, Кыргызстандагы автомашиналар башка өлкөлөрдүн товарларын бизге, Россияга эле эмес, үчүнчү бир өлкөлөргө да ташып жеткирүү, тейлөө кызматын аткарат. Бул тейлөөнү экспорттоонун типтүү бир түрү. Аны пайдаланган өлкөлөр алардын тейлөөсүн импорттойт). Экспорт менен импорттун ортосундагы айырма мурунку темаларда айтылгандай, **тышкы соода сальдосу** деп аталат. Эгер өлкө тышка көбүрөөк ташып чыгып, азыраак ташып келсе, анда анын тышкы соода сальдосу дурус же активдүү деп эсептелет. Ал эми тескерисинче, импорт экспорттон чоңдук кылса, анда сальдо терс же пассивдүү деп аталат.

Экспортту арбындатууда дайыма экспортточу фирмалар жана анда иштеген кызматчылар утушка ээ болот. Алар сырттан ташып келинүүчү товарлардын конкурент жөндөмдүүлүгүн начарлатуу үчүн алардын кошумчаларына турган импорттук бажы салыгы (тариф) белгилөөнү, же белгиленгенин жогорулатууну, же болбосо кайсы бир товарларды ташып келүүгө чек коюуну – **импорттук квоталарды** бекитүүнү талап кылышат (мисалы, жыл сайын өлкөгө 50 миңден ашпаган телевизорду сырттан ташып келүүгө уруксат берилет). Мындай иш чаралар **протекционисттик** («калкалоочу») тышкы саясат деп аталат. Бул адатта бир кыйла начар сапаттагы же кымбат баадагы товар сатып алууга аргасыз болгон ата мекендик керектөөчүлөргө зыяндуу экенине карабай ата мекендик өнөр жайды колдоого алуу, жумуш орундарын сактап калуу үчүн жасалат.

Импорттук бажы салыктары импорттук товарларды өндүрүш чыгымдарынан да арзан сатууга, б. а. демпингге каршы колдонулганы эң эле туура болот. (Мындай убактылуу көрүнүш адатта айрым өндүрүшчүлөр башка өлкөлөрдөгү конкуренттерин сүрүп чыгаруу үчүн андагы рынокко эптеп кирип алууга аракеттенген учурларда кездешет).

Протекционисттик саясатка каршы эркин саясаты – бажы салыктарын, квоталарды жана башка чектөөлөрдү азайтуу жана алып салуу саясаты жүргүзүлөт. Эркин сооданы жактоочулар эл аралык сооданын өнүгүшүн, биз бул главада эле сөз кылгандай, өз артыкчылыктарын пайдаланган баардык өлкөлөрдүн экономикасынын эффективдүүлүгүн жогорулата турган рыноктун эркин күчтөрү (суроо-талап, сунуштоо, конкуренция) аныктап турууга тийиш деп эсептешет.

Бул мамлекеттердин ортосунда тышкы соода жана башка экономикалык саясат жүргүзүүдө, айрыкча алардын экономикасы өз ара тыгыз байланышкан шарттарда, белгилүү даражада макулдашкандык менен иш аракет жасоо зарыл экени айгинеленип турат. Мындай байланыштар географиялык бир региондо жайгашкан мамлекеттердин ортосунда өзгөчө күчтүү келет. Ошондуктан алардын ортосунда кээде экономикалык интеграция (бирикме) пайда болот. Алсак, Батыш Европанын өнүккөн өлкөлөрүнүн көпчүлүгү 1993-жылга чейин Европалык шериктештиктер (алардын ичинен эң маанилүүсү Европалык экономикалык шериктештик – ЕЭШ же «Жалпы рынок») деп аталып келген Европалык Союзга киришет.

Шериктештик түзүүнүн алгачкы максаты бажы союзун түзүү – шериктештикке кирген өлкөлөрдүн ортосунда жүргүзгөн соодадагы

бажы салыктарын жана квоталарды алып салуу болгон. Бул максат ЕЭШте 1968-жылы эле ишке ашкан эле. Андан тышкары макроэкономикалык эң маанилүү иш-чараларын макулдаштыруу жана башка өлкөлөргө карата бирдиктүү соода саясатын жүргүзүү жөнүндө да келишимге жетишилген эле.

Регионалдык экономикалык интеграция өзүнчө турган топтордун, жааттардын ичиндеги эркин конкуренцияга жана өз ара кызматташтыкка шарт түзүп, ал эми бул жааттардын ортосундагы протекционизмди жана атаандаштыкты жаратат. Бирок дүйнөнүн баардык өлкөлөрүнүн жалпы кызыкчылыктары да бар. Бул кызыкчылыктарды Эларалык экономикалык уюмдар коргоп турат. Өтө зор рольду Эл аралык валюта фондусу (ЭВФ) жана Дүйнөлүк банк (ДБ) да ойнойт. ЭВФ валюта рыногундагы иштерге көз салат, валюта курстарын стабилдештирүү үчүн иш чараларды жүргүзөт, анткени алардын өтө кескин түрдөгү циклдердин болушу дүйнөлүк экономиканын ырааттуу иштешине тоскоол болот. ЭВФ валютасы оор кыйынчылыктарга түшкөн өлкөлөрдүн өкмөттөрүнө кредит бөлөт, аларга өз валюталарын кандайча турукташтыруу керек экендиги жөнүндө кеңеш берет.

Дүйнөлүк банк жаңы ишканаларды куруу, инфраструктураны (транспортту, байланышты) жакшыртуу, жумушчуларды кесиптик даярдыктан өткөрүү, билим берүүнү жакшы жолго коюу боюнча узак мөөнөттүк жардам берет. Дүйнөлүк банк өкмөттөргө да, жеке менчик фирмаларга да кредит берип турат. ЭВФтин жана дүйнөлүк банктын кредиттери өтө катаал шарттар менен берилет: карыз алган өлкөлөрдөн ушул уюмдардын эксперттери сунуш кылган экономикалык саясатты – бюджет тартыштыгын кыскартууну, инфляцияга каршы күрөшүүнү, менчиктештирүүнү (мамлекеттик менчиктин жеке адамдарга өткөрүп берилишин) жана рынок экономикасын чыңдоого багытталган башка иш-чараларды жүргүзүү талап кылынат. Мунун башкы себеби акчасы ЭВФ менен Дүйнөлүк банктын капиталынын негизги бөлүгүн түзүп турган Батыштын өнүккөн өлкөлөрүнүн (мисалы, Дүйнөлүк банктын кредиттеринин 75 пайызы төрт өлкөнүн: АКШнын, Япониянын, Германиянын жана Швецариянын, салымдарынын эсебинен берилет) башка өлкөлөрдүн баарын «өздөрүнө окшош» болушун каалагандыгында. Сунуштарды туура аткарып, экономикалык туруктуу абалга жетише алган өлкөлөр, кредиторлорго карызын пайызы менен кошо төлөп берип, өз өлкөсүнүн эркин саясатын сактап

кала алышат. Мисалы, Россия менен Казахстан дал ушундай саясатты ишке ашыра алышты десек болот.

Жабык экономика – бул эл аралык соодага катышпаган экономика.

Ачык экономика – бул эл аралык соодага катышкан экономика.

Кыргызстандын экономикасы – ачык экономика. Ал Дүйнөлүк соода уюмуна (ДСУга) мүчө, демек өз экономикасын толук кандуу өстүрүүгө, эл аралык соодага ачыктыгы менен экономикасын өнүктүрүүгө жакшы шарттары бар.

## § 3. Дүйнөлүк валюта системасы

Улуттук валюта системасы – бул акча мамилесин уюштуруунун формасы. Ал жалаң гана өлкөнүн ички акча айлануусун камтыбастан, анын эл аралык эсептешүү чөйрөсүн дагы тейлейт. Улуттук валюта системаларынын негизинде, эл аралык экономикалык мамилелердин өнүгүүсүнүн ченеминде дүйнөлүк валюта системасы пайда болот. Эл аралык эсептешүү – бул мамлекеттер арасындагы, ошондой эле ар кайсы өлкөдө жайланышкан фирмалар, уюмдар жана адамдардын ортосундагы эсептешүү болуп эсептелет.

Кандай гана акча бирдиги болбосун, ал валюта деп аталат. Мисалы, сом биздин Кыргыз Республикасынын улуттук валютасы. Ал ар кандай эл аралык экономикалык мамилелерге жана эсептешүүлөргө кирише баштаганда өзгөчө дагы бир катар милдеттерге ээ болот.

Валютага суроо-талап жана сунуштар эл аралык алмашуулардын негизинде калыптанып, ар бир өлкөнүн төлөө балансында чагылдырылат. Баардык валюталарды шарттуу түрдө үч топко бөлүштүрүүгө болот:

- эркин алмашымдуу;
- жарым-жартылай алмашымдуу;
- алмашымсыз.

**ВАЛЮТА АЛМАШЫМДУУЛУГУ** – бир өлкөнүн валютасын башка өлкөнүн валютасына айырбаштоо мүмкүнчүлүгү. 1950-жылдардын аягы – 60-жылдардын башында капиталисттик өлкөлөрдүн валютасы паритет б-ча алтынга алмашылган. 1980-жылдардын башында АКШ доллары, Канада доллары, ГФР маркасы, Англия фунт стерлинги, Франция франкы, Швеция кронасы ж. б. эркин алмашылган. Кыргызстанда 1993-ж. баштап, сом башка валюталарга эркин алмаштырылат. Буга керектүү уюм – валюта биржасы. Ал чет элдик

валюталардын, акчалардын акча базарындагы баасы м-н сатуу жана сатып алуу келишимдерин уюштуруучу мекеме.

**ВАЛЮТАДАН ТҮШКӨН АКЧА** – тышкы рыноктогу сатылган товарлардан жана аткарылган кызматтан түшкөн валюта формасындагы акча.

**ВАЛЮТА ЗОНАЛАРЫ** – 2-дүйнөлүк согуш убагында жана андан кийин валюта блогунун базасында пайда болгон рыногу өнүккөн мамлекеттердин тобу. Валюта зонасында валюта саясаты м-н тышкы эсеп-кысап системасы биргелеш жолго салынат. Негизги валюта зоналары – стерлинг, доллар, франк зонасы.

**ВАЛЮТА РЫНОГУ** – чет элдик валюта, вексель, акча котормо жана аккредитив сатып алуу, сатуу, алмаштыруу иштери жүргүзүлүүчү улуттук жана эл аралык банк, ошондой эле биржа. Эл аралык эсептешүү алар аркылуу жүзөгө ашырылат.

**ВАЛЮТТУК АУКЦИОН** – суроолор жана сунуштардын негизинде (эркин алмашуу курсу) келишим баа аркалуу чет элдик валюталарды улуттук акчаларга сатуу жана сатып алуу ыкмалары. Валюттук аукциондо сатуучулар болуп өзүнүн эсебинде валютасы бар ишканалар ж-а уюмдар, ошондой эле банктык мекемелер саналат.

**ВАЛЮТАНЫ ЖӨНГӨ САЛУУ** – чет элдик эсептешүүнү, валюта, алтын операциясын мамлекет тарабынан иретке салуу тартиби. Өнүккөн ж-а өнүгүп жаткан өлкөлөрдө тышкы соода, капитал жүгүртүү, кредит, туризмде ж. б. иште колдонулат. Мамлекет алтын ж-а валюта м-н эсептешүүгө чек коет (айрым өлкөлөр 1-дүйнөлүк согуш мезгилинде эл аралык эсептешүүдө валютанын түшүшү м-н төлөмдү балансташтыруу үчүн киргизген).

**ВАЛЮТАНЫ КОНВЕРСИЯЛОО** – бардык операциялардын түрлөрү б-ча бардык физикалык ж-а юридикалык адамдардын категориялары улуттук валюталарды ж-а эл аралык төлөнүүчү каражаттарды эркин алмаштыруудагы акча бирдиги.

**ВАЛЮТА МОНОПОЛИЯСЫ** – чет элдик валютаны, алтынды соода-сатыкта, эсептешүүдө колдонуу жагынан мамл-тин айрыкча укуктуулугу. Тышкы соода монополиясына байланыштуу.

**ВАЛЮТА КРИЗИСИ** – акча-кредит системасынын узакка такай бузулушу, өлкөлөрдүн ички акча жүгүртүү чөйрөсүн ж-а эл аралык эсеп-кысабын камтыйт. Алтын стандарты алып ташталып, кагаз акча жүгүртүлүп, инфляция орун алат.

**ВАЛЮТАЛЫК КЫЛМЫШ** – валюталык операциялар ж-дөгү эрежени бузуу, валюталык баалуу буюмдар же баалуу кагаздар м-н алып сатарлык кылуу.

**ВАЛЮТА ИНТЕРВЕНЦИЯСЫ** – улуттук же чет өлкө валютасынын баасын жогорулатуу (төмөндөтүү) максатында чет өлкө валютасын же алтынды көп сатуу (сатып алуу) жолу м-н валюта рыногундагы эсептешүүгө мамлекеттин кийлигишүүсү.

**ВАЛЮТТУК ӨЗ ЧЫГЫМЫН ӨЗҮ ӨТӨЙ АЛУУЧУЛУК** – валюта чыгымын өзүнүн эсебиндеги менчик валютанын кирешеси м-н ордуна коюуудагы ишканалар м-н уюмдардын тышкы экономикалык иш аракеттеринин негизги чарбалык эсептик принциптери.

**ВАЛЮТТУК КОТИРОВКА** – азыркы мыйзамдардын нормаларына ылайык ж-а кырдаалдагы практиканын негизинде чет элдик валютанын курсун орнотуу.

Жогоруда келтирилген дүйнөлүк валюта системасынын түшүнүктөрү ар бир өлкөнүн төлөм балансында чагылдырылат. Эгерде андагы соода балансы начарлап кетсе (б.а. терс сальдо көбөйүп кеткенде), анда мамлекет чет өлкөлөрдө көбүрөөк акча жумшап, ал жактан азыраак акча алган болуп чыгат. Мындай шартта чет өлкөлүк валютага суроо-талап өсүп кетет. Ал улуттук валютанын курсун төмөндөтө баштайт. Тескерисинче төлөм балансында оң сальдо (калдык) байкалса улуттук валютанын курсу көтөрүлө баштайт.

Дүйнөлүк валюта системасы экономикалык өнүгүүгө абдан сезимталдык мамиле жасайт. Ошондуктан анын оң жана терс өзгөрүүлөрүнө ар бир мамлекеттин өкмөттөрү өтө олуттуу көңүл буруу менен илимий негизделген, чечкиндүү чараларды кабыл алуусу абзел.

## § 4. Көзкарандысыз мамлекеттердин шериктештиги менен кызматташтык

Советтер союзу кыйрагандан кийин ага кирген республикалар өз алдынча, эгемендүү мамлекетке айланып, саясий экономикалык, маданий жактан келип чыккан маселелерди өз бетинче чечип жатышат. Кыргызстан азыр мына ушундай эгемендүү мамлекеттин бири болуп эсептелет. Өзүнүн өнүгүү жолунда экономикалык жактан олуттуу маселелер келип чыгат, алардын айрымдары чечилсе, көпчүлүгү тиешелүү, туура чечим кабыл алууну талап кылууда. Мына ушундай

маанилүү маселелердин бири катары Кыргызстандын тышкы экономикалык саясаты, мамилеси, байланышы болуп эсептелет.

Азыр Кыргызстандын тышкы экономикалык байланышы негизинен эки багытта калыптанып, натыйжалуу өнүгүп жатат. Мунун биринчи багыты КМШ (Көзкарандысыз Мамлекеттердин Шериктештиги) өлкөлөрүн, экинчи багыты болсо экономикасы жакшы өнүккөн АКШ, Япония, Кытай, Улуу Британия, Германия сыяктуу мамлекеттерди камтыйт. Ушундай жагдайды эске алуу менен биздин пикирибиз боюнча жогорудагы белгиленген Эларалык деңгээлдеги эки багытты тең колдон келишинче өнүктүрүү, ар биринин экономикалык жактан пайдалуу, терс, оош-кыйыш жактарын толук эске алуу өтө зарыл. Анткени, Кыргызстандан чыгарылган өнөр жай товарларынын жана айыл чарба продуктуларынын басымдуу бөлүгү экономикасы мыкты өнүккөн өлкөлөрдүн калыптанган базар алкагындагы айыгышкан атаандаштыкка али туруштук бере албайт. Бул мамлекеттер азырынча өздөрүнө керектүү стратегиялык маанидеги сырьелорду алууга көбүрөөк ынтызар. Ошондуктан биздин пикирибиз боюнча товарларды, айрыкча айыл чарба тармактарында өндүрүлүүчү сырьелорду, аларды кайра иштетүүдөн чыгарылган продукция түрлөрүн КМШ өлкөлөрүнө экспорттоону күчөтүү стратегиялык жактан туура экендигинде күмөн жок. Ал эми бул КМШ өлкөлөрүнүн ичинен тышкы экономикалык байланышты эң алдыда Россия Федерациясы, Казакстан жана Өзбекстан менен күчөтүү зарыл.

КМШ өлкөлөрү менен товар жүгүртүү 2004-ж. АКШнын 857,6 млн доллары өлчөмүндө түзүлдү, бул мурунку жылдын деңгээлинен 40,2 процентке жогору, ал эми анын республикадагы тышкы соода жүгүртүүсүндөгү үлүшү 51,7 процентти түздү. Продукция АКШнын 275,5 млн долларына экспорттолду (2003-ж. – 201,4 млн) жана товарлар АКШнын 582,1 млн долларына сатылып алынды (2003-ж. – 410,5 млн). Соода балансынын сальдосу терс 306,6 млн доллар өлчөмүндө аныкталды (2003-ж. – 209,1).

Тажикстан менен – 19,7 млн доллар өлчөмүндө, Түркмөнстан – 2,7 млн, Азербайжан – 1,4 млн, Армения менен – 0,8 млн доллар өлчөмүндөгү оң соода балансы түзүлдү. КМШнын калган өлдкөлөрү менен сальдо терс түзүлдү, анын эң чоң өлчөмүндө Россия (155,9 млн доллар), Казакстан (115,6 млн), Өзбекстан (37,2 млн) жана Украина менен түзүлдү (19 млн доллар).

*Таблица*

**Кыргыз Республикасынын КМШ өлкөлөрү боюнча тышкы соодасы (АКШнын миң доллары)**[1]

| | Экспорт | | | Импорт | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2002-ж. | 2003-ж. | 2004-ж. | 2002-ж. | 2003-ж. | 2004-ж. |
| Азербайжан | 5555,3 | 2048,0 | 1770,3 | 2374,4 | 353,1 | 389,8 |
| Армения | 56,8 | 1,8 | 856,6 | 447,5 | 5,7 | 17,9 |
| Беларусь | 1338,5 | 1505,2 | 1972,3 | 5065,2 | 5888,7 | 4211,0 |
| Грузия | 139,0 | 337,7 | 401,6 | 109,8 | 490,2 | 440,4 |
| Казакстан | 36826,2 | 57133,4 | 87311,0 | 123902,5 | 170929,2 | 202904,5 |
| Молдова | 98,5 | 463,0 | 462,9 | 704,7 | 1447,6 | 1600,1 |
| Россия | 80035,8 | 97016,9 | 137729,5 | 116705,1 | 176128,2 | 293662,8 |
| Тажикстан | 10193,9 | 18855,9 | 22073,1 | 3483,2 | 3068,7 | 2371,2 |
| Түркмөнстан | 2404,3 | 2342,2 | 4038,2 | 1731,8 | 397,8 | 1372,2 |
| Өзбекстан | 27835,8 | 16258,9 | 14690,8 | 60144,0 | 39214,9 | 51881,2 |
| Украина | 4268,5 | 5418,4 | 4244,5 | 7842,2 | 12564,0 | 23287,2 |

Шериктештик өлкөлөрүнө жөнөтүлгөн экспорттун негизги товарлары болуп пахта буласы (КМШ өлкөлөрүнө жөнөтүлгөн экспорттун жалпы көлөмүнүн 10,8 проценти), айнек (9,1 проценти), кийимдин нерселери жана кийимге тиешелүү буюмдар (8,1 проценти), кант жана электр энергиясы (7,9 проценттен), электр ысыткыч лампалары (6,9 проценти), сүт жана сүт азыктары (3,8 проценти), тамеки (3,6 проценти), цемент (3,4 проценти), шифер (3,2 проценти) эсептелди.

2003-ж. салыштырганда канттын экспорттук көлөмү – 3,1 эсе же 40,9 миң тоннага, алкоголсуз таттууланган суусундуктардын – 10,5 эсе же 11 млн. литрге, электр энергиясы – 2 эсе же 1665,3 млн кВт саатка, цементтин – 43,7 процентке же 107,1 миң тоннага, айнектин – 1,8 процентке же 0, 2 млн чарчы метрге, кийимдин нерселери жана кийимге тиешелүү буюмдардын экспорттук көлөмү 1,7 эсе же 9,3 млн долларга өстү. Муну менен бирге тамекинин экспортунун көлөмү 2003-жылдагы 13,6 миң тоннадан 2004-ж. 8,2 миң тоннага чейин, сүт жана сүт азыктарынын – 20,2 ден 18 миң тоннага чейин, жасалма текстиль материалдарынан токулган кездеменин – 7,4төн 5,9 млн чарчы метрге чейин кыскарды.

Шериктештик өлкөлөрүнүн импорттук түшүүлөрүнө 34 процентин – мунайзат жана мунайзат продуктылары, 5,6 процентин – жаратылыш газы, 3,2 процентин – органикалык эмес химиялык заттар, 2,8

[1] Улуттук статистика комитети, Кыргызстан цифраларда, Бишкек 2005, 228-бет.

процентин – таш көмүр, 2,4 процентин – кант, 2,3 процентин – дөңгөлөктөр, 2 процентин – пиво жана кагаз жана андан жасалган буюмдар, 1,9 процентин – буудай, 1,8 процентин – темир чыбык, канаткалар жана темир бурчтар, 1,7 процентин – дары дармектер жана кара металл прокаты ээледи.

Буудай унун натуралай түрдө сатып алуу – 2,8 эсе же 8 миң тоннага, пивону – 1,5 эсе же 7,5 млн литрге, темир чыбык, канаткалар жана темир буурчактарды – 1,7 эсе же 8,1 миң тоннага, жыгачты – 30,4 процентке же 4 миң куб метрге, өсүмдүк майын – 39,6 процентке же 2,3 миң тоннага, канты – 36,3 процентке же 12,2 миң тоннага, мунайзат жана мунайзат продуктылары – 24,4 процентке же 123,5 миң тоннага, жаратылыш газын – 9,2 процентке же 65 млн. куб метрге, дары-дармектерди сатып алуу 27,8 процентке же 2,2 млн долларга жогорулады. Ошол эле учурда эт жана эт азыктары, буудай, сигарета жана сигаралар, таш көмүрдүн импорту кыскарды.

Шоколад, пиво, жыгач материалдары, мунайзат продуктылары, дары-дармектер, самын, жуугуч жана жылмалагыч препараттар, дөңгөлөк, кагаз, картон жана андан жасалган бумдардын негизги алып келүүчүлөрү болуп Россия эсептелет; таш көмүр, автомобиль бензини, керосин, дизель майы, мазут, буудай, кант, сигареталары – Казакстан; жаратылыш газын – Өзбекстан болуп эсептелет.

*Таблица*

**Кыргыз Республикасынын Евразия Экономикалык Коомчулуктун өлкөлөрү (ЕврАзЭС) менен тышкы соода жүгүртүүсү 2004-ж.**

| | Бардыгы млн доллар | 2003-ж. карата процент менен | **Беларусь** млн доллар | 2003-ж. карата процент менен | **Казахстан** млн доллар | 2003-ж. карата процент менен | **Россия** млн доллар | 2003-ж. карата процент менен | **Тажикстан** млн доллар | 2003-ж. карата процент менен |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Тышкы соода жүгүртүү | 752,2 | 141,8 | 6,2 | 83,6 | 290,2 | 127,3 | 431,4 | 157,9 | 24,5 | 111,5 |
| Экспорт | 249,1 | 142,7 | 2,0 | 131,0 | 87,3 | 152,8 | 137,7 | 142,0 | 22,1 | 117,1 |
| Импорт | 503,1 | 141,3 | 4,2 | 71,5 | 202,9 | 118,7 | 293,7 | 166, 7 | 2,4 | 77,3 |

ЕврАзЭСке кирген өлкөлөрдүн экспорттук жөнөтүүлөрү 2004-ж. экспорттун жалпы көлөмүнүн – 34, 7 процентин, импорт – республикага келген бардык импорттук түшүүлөрдүн 53, 5 процентин түздү.

**КМШ өлкөлөрүндөгү тышкы соода**

2004-ж. Шериктештик өлкөлөрүнүн тышкы соодасынын оң тенденциясы байкалды. 2003-ж. тийиштүү мезгилине салыштырганда КМШ өлкөлөрүндөй эле, дүйнөнүн башка өлкөлөрү менен да Шериктештик өлкөлөрүнүн экспорттук-импорттук операциялары көбөйдү.

2004-ж. ичинде Шериктештик өлкөлөрү боюнча товарлар менен өз ара соода дүйнөнүн башка өлкөлөрү менен болгон экспорттук-импорттук операцияларына караганда жогорку темп менен өстү. Январь-мартта КМШ өлкөлөрү менен тышкы соода операцияларынын өсүү темпи дүйнөнүн башка өлкөлөрү менен болгон соодасынын көрсөткүчүнөн орточо эсеп менен 11 проценттик пунктка ашты, январь-июнда – 14, январь-сентябрда – 8 жана январь-ноябрда – 5 проценттик пунктка өстү. Мындай тенденция, Армения, Казакстан, Молдовадан башка, Шериктештиктин бардык өлкөлөрүндө белгиленди.

Орточо эсеп менен КМШ өлкөлөрү боюнча караштырылып жаткан мезгилде тышкы соода операцияларынын жалпы көлөмүнүн 64 проценти – экспортко жана 36 проценти импортко туура келди. Шериктештик өлкөлөрү бонча экспорттун нарктык көлөмүнүн импортко болгон салыштырмалуулугу орточо эсеп менен 178 процентти түздү (2003-ж. январь-ноябрда – 174 процентти түзгөн). Экспорттук операцияларынын импорттон өсүшү Казакстан, Россия жана Украинада байкалды.

Россия, Украина, Казакстан жана Беларуста соода операцияларынын негизги көлөмү сакталууда.

Шериктештиктин көпчүлүк өлкөлөрүнүн тышкы соодасынын географиялык структурасында соода агымдарынын артыкчылыктуу багыты болуп дүйнөнүн башка өлкөлөрү менен соода жүргүзүүсү эсептелет. Орточо эсеп менен бул өлкөлөрдүн үлүшү КМШ өлкөлөрү боюнча тышкы соода операцияларынын жалпы көлөмүнүн 73 процентин түздү.

КМШ өлкөлөрү үчүн артыктуу өнөгү болуп баштагыдай эле Россия эсептелет, анын экспортунда отун-энергетикалык ресурстары басымдуулук кылат. Беларусь, Казакстан, Кыргызстан, Молдова менен Украинага жөнөтүлгөн ушул товарлар Россиянын экспортунда 24 проценттен 60 процентке чейин өзгөрүлүп турду.

Шериктештиктин бардык өлкөлөрүндө дүйнөнүн башка өлкөлөрү менен экспорттук-импорттук операцияларынын нарктык көлөмү

өстү; Беларусь, Казакстан, Кыргызстан, Молдова, Россия жана Украинанын экспорту бул өлкөлөрдүн импортуна караганда жогорку темп менен өстү.

**Валюталардын курсу.**

Шериктештик өлкөлөрүнүн валюта рыногундагы абал салыштырмалуу түрдө өзүнүн туруктуулугу менен айырмаланат. Көпчүлүк өлкөлөрдө улуттук валюталардын АКШ долларына карата болгон катнашында туруктуу көрүнүштөрү байкалды. Европанын бирдиктүү валютасынын курсу да бардык Шериктештик өлкөлөрүндө жогорку деңгээлге жетти. Россия рубли менен улуттук валюталардын салыштырмалуулугунда бир аз термелүүлөр байкалат.

2004-ж. декабрынын аягында 2003-ж. тийиштүү күнүнө салыштырганда АКШ долларынын улуттук валюталарга карата курсу төмөндөдү: Азербайжанда – 0,4 процентке, Арменияда – 14,2, Грузияда – 16,5, Казахстанда – 9,9, Кыргызстан, Молдова менен Россияда – 5,8 процентке, Украинада – 0,5 процентке арзандады; Беларуста ал – 0,6 процентке, Тажикистанда – 2,7, Өзбекстанда – 0,8 процентке кымбаттады. Түркмөнстанда АКШ долларынын курсу жыл бою өзгөрүлгөн жок.

Каралып жаткан мезгилде Шериктештиктин көпчүлүк өлкөлөрүндө евронун улуттук валюталарга болгон курсу өстү: Азербайжанда – 8,6 процентке, Беларуста – 9,7, Грузияда – 5,4, Кыргызстанда – 2,5, Молдова – 2,6, Россияда – 2,7, Тажикстанда – 11,4, Түркмөнстанда – 8,1, Өзбекстанда – 17,4, Украинада – 8,3 процентке жогорулады; Армения менен Казахстанда, турушуна жараша, ал 5,8 жана 1,7 процентке төмөндөдү.

**Калктын акчалай кирешелери жана чыгымдары.**

Азербайжанда калктын акчалай кирешелери 2004-ж. январь-сентябрында 2003-ж. тийиштүү мезгилине салыштырганда – 20,2 процентке, акчалай чыгымдары – 16,4 процентке, Тажикстанда, турушуна жараша, 35,5 процентке жана 27,3 процентке өстү; Арменияда калктын акчалай чыгымдарынын өсүүсү акчалай кирешелеринин өсүүсүнөн жогору болуп, 19,4 процентти түздү, (кирешелеринин өсүшү 16 процент болгон), Кыргызстанда, турушуна жараша, 27,1 процентти жана 24,1 процент, Россияда – 23,7 процентти жана 22,1 процент болгон.

Эсептелип чыгарылган номиналдык эмгек акы 2004-ж. орточо эсеп менен алдын-ала маалыматтар боюнча Азербайжанда – 483 миң

манатты, Арменияда – 42 миң драмды, Беларуста – 350 миң Беларусь рублин, Казакстанда – 28, 2 миң теңгени, Кыргызстанда – 2203 сомду, Молдовада – 1104 лейин, Россияда – 6828 рублин, Тажикстанда – 64 сомонини, Украинада – 590 гривнаны түздү. Мында эмгек акы боюнча карыздар (байкоо жүргүзүлүп жаткан тармактар боюнча) Россияда (карызы бар ишканалар боюнча) эмгек акынын бир айлык фондунан 1, 8 эсе ашты; Кыргызстанда ал бир айлык фондунун 43 процентин түздү; Молдовада – 22 процентин; Тажикстанда – 56 процентин түзгөн. Чегерилген, бирок жумушчуларга төлөнө элек акчалай суммасы Шериктештик боюнча эмгек акынын өлчөмү туурасында көрсөтүлгөн маалыматтарды баалоо боюнча 10 процентке төмөндөтүп турат.

Азербайжанда чегерилген орточо айлык, номиналдык эмгек акы 2004-ж. мурунку жылга салыштырганда – 26 процентке, Армения менен Россияда – 23 процентке, Беларуста – 38, Казакстанда – 22, Кыргызстанда – 16, Молдовада – 24, Тажикстанда – 44, Украинада 28 процентке өстү.

## § 5. Эларалык экономикалык интеграция.

Терендетилген туруктуу өз ара байланыштарды өнүктүрүүнүн жана улуттук чарбалардын ортосундагы эмгектин бөлүштүрүлүшүнүн негизинде *өлкөлөрдүн чарбалык жана саясий биригиши – эларалык экономикалык интеграция* деп аталат. Ал өлкөлөрдүн экономикалары ар түрдүү деңгээлде жана ар түрдүү формада өз ара аракеттене беришет.

*Интеграция* (экономикалык мааниде) – бул өндүрүштүн эларалык биригүүсүнүн бийиктигинин чокусу. Анын негизинде өлкөлөрдүн ортосунда өтө тыгыз экономикалык байланыш пайда болот.

*Интеграциянын түрлөрү:*

• микродеңгээлде – ар кайсы өлкөлөрдүн фирмалары өздөрүнчө чарбалык түз байланышка чыккандагысы;

• мамлекеттер аралык деңгээлде – ар кайсы мамлекеттин аракеттери кандайдыр бир жалпы максатка жетишүүгө багытталгандагысы;

• улуттук деңгээлден өйдө көтөрүлгөндө – өз ыктыяры менен, катышуучу өлкөлөрдүн, аларды бириктирип, багыт берип турган күчкө (союзга) айрым саясий-экономикалык функцияларын өткөрүп бергендегиси.

Интеграциянын натыйжасында:

• бирдиктүү экономикалык *саясат* пайда болот (макулдашылган соода саясаты, экономиканы жөнгө салууну бирдиктештирүү, үчүнчү өлкөлөргө карата бирдей чара колдонуу, тышкы экономикалык чараларды макулдашуулар пайда болот);

• катышкан өлкөлөр үчүн жалпы *валюта* түзүлөт;

• улуттук деңгээлден жогору турган, бирдиктүү тейлөө органдары уюштурулат.

Ийгиликтүү интеграциялоонун айкын мисалдарынын бири катары Европалык союзду (ЕС) келтирсек болот. Ал 1993-жылдан баштап он беш өлкөнүн интеграциялуу бирикмеси (ага Германия, Франция, Италия, Бельгия, Нидерландар, Люксембург, Англия, Дания, Ирландия, Греция, Испания, Португалия, Австрия, Финляндия, Швеция кошулган). Кийинки жылдарда ЕСке мурун социалисттик лагердеги айрым өлкөлөр да кошулуп кетишти. Мисалы, аларга Латвия, Литва, Эстония, Польша, Чехия, Румыния, Болгария, Словакия ж. б. кирет.

ЕСтин калкынын саны 373 млн адам. Жалпы дүң продукциясы жана тышкы соодасынын көлөмү боюнча ал АКШны же Японияны өзүнчө алганда артка калтырат.

Азыркы мезгилде ЕСтин өлкөлөрү үчүн бирдиктүү тейлөө органы – **Европарламент** уюштурулган, жалпы валюта **«евро»** түзүлгөн жана бирдиктүү граждандык бекитилген. Дүйнөлүк рынокто ЕС өлкөлөрү өздөрүнө пайдалуу тышкы соода саясатын активдүү мүнөздө жүргүзүүдө.

Азыркы дүйнөлүк экономикада *трансулуттук корпорациялар (ТУК) жана өнөржай-финансы топтору* (ӨТФ) интеграциялоо боюнча башкы ролду ойноодо.

ТУКтар тигил же бул өлкөлөрдүн эларалык экономикалык байланыштарынын тагдырын чечип койгондой деңгээлге жетишти. Мисалы, Гвинея өлкөсүнүн өкмөтү Франциянын өкмөтү менен өз ара сүйлөшүүлөрдү жүргүзбөй эле койсо болот. Себеби, Франциянын тамак-аш боюнча эң ири компаниясы «Данон» Гвинеянын айыл чарба өндүрүшчүлөрү менен эң тыгыз ишмердик байланышты өздөрүнчө эле түзүп алышкан.

Россияда Газпром, «ЛУКойл», ОНЭКСИМбанк сыяктуу ТУКтар бар.

Мына ошентип ТУКтар менен ӨТФлар эң кубаттуу экономикалык жана саясий уюмдарга айланып бара жатышат. Алар активдүү тышкы экономикалык саясатты жүргүзүүгө жөндөмдүү болуп калышты.

## Жыйынтыктоо

Дүйнөлүк экономика – бул баардык дүйнөдөгү улуттук экономикалардын жыйындысы. Ал өлкөлөрдүн өз ара катнаштарын камтыган эл аралык мамилелердин негизинде өнүгөт. Өткөн, XX кылым дүйнөлүк ички дүң продукциянын өзгөчө ылдам өсүшү менен айырмаланды. Өткөн кылым адамзаттын зээнин кейиткен «Мальтустун реакциячыл кылтагынан» бошотту десек туура болот. Дүйнөлүк экономиканын, дүйнөлүк рыноктун өсүшү, эл аралык сооданын, экономикалык интеграциянын ийгиликтерине байланыштуу. Азыркы дүйнөлүк экономикада трансулуттук корпорациялар (ТУК) жана өнөр жай – финансы топтору (ӨТФ) интеграциялоо боюнча башкы ролду ойноодо.

*Суроолор:*
1. Дүйнөлүк рыноктун пайда болушу.
2. Эларалык сооданын мааниси.
3. Импорттук квоталар жөнүндө түшүнүк.
4. Өкмөттүн протекционистик саясаты.
5. Эл аралык финансы уюмдарынын мааниси.
6. Дүйнөлүк валюта системасы.
7. Көзкарандысыз мамлекеттердин шериктештиги менен кызматташтык.
8. Эл аралык экономикалык интеграциянын аныктамасы.
9. Интеграциянын түрлөрү.
10. Трансулуттук корпорациялар жана өнөр жай – финансы топтору.

